www.bizdin.kg

Жаңы Ала-Тоо

2012, 6 (38)

АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ
кыргыз жана орус тилдеринде

Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ

РЕДАКЦИЯЛЫК ЖАМААТ:

Айдарбек САРМАНБЕТОВ – башкы редактордун орун басары
Алым ТОКТОМУШЕВ – редактор
Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА – корректор
Рахим ТӨЛӨБЕКОВ – дизайнер
Нурлан КЫДЫКОВ – дизайнер
Альбина КАСЫМОВА – оператор

РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:

720031, Бишкек шаары, М. Горький к. – 1. Тел: 53-08-84. E-mail: Jany.alatoo@gmail.com

Күбөлүк: № 1510

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.
Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

БАРДЫК ПОЧТА ТҮЙҮНДӨРҮНДӨ «ЖАҢЫ АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫНА 2012-ЖЫЛ ҮЧҮН ЖАЗЫЛУУ ЖҮРҮП ЖАТАТ.

Жазылуу индекси – 77324

3 айга – 240 сом

6 айга – 480 сом (редакциялык баа)

«ЖАҢЫ АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫН 1-САНЫНАН БАШТАП ОКУЙМ ДЕГЕН ОКУРМАНДАР РЕДАКЦИЯДАН АЛЫШСА БОЛОТ.

Терүүгө 10.05.2012-ж. берилди. Басууга 28.06.2012-ж. кол коюлду. Форматы 70x100 1/16.
Көлөмү 14 б.т. Заказ № 897. Нускасы 2000.

www.bizdin.kg

Бул санда

Элмира АЖЫКАНОВА
Салима 3

Майрамкан АБЫЛКАСЫМОВА
Ырлар 19

Жаныбек РАЙ
Дейди 26

Касиет БЕКНАЗАРОВА
Ырлар 34

Ишенбек ЖУНУШЕВ
Ачылбаган сыр 39

Монголдордун купуя тарыхы 45

Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВ
Күн автопортретин бүтө элек 65

Казыбек МАМБЕТЕМИН уулу
Казалдар 91

Дүйшөн КЕРИМОВ
Ажайып күндүн алдында 97

Франц КАФКА
Өкүм 114

Бакытбек БАЙМЫРЗАЕВ
Нурмолдо Наркул уулу 127

Курманбек АБАКИРОВ
XXI кылымдын мифтери... 160

Наргиза КАРАСАРТОВА
Стихи 182

Игорь ИГНАТЕНКО
Собирание туриков 186

Лайли ҮКҮБАЕВА
Адам. Мезгил. Тагдыр 202

Баарын билгим келет 211

Бозум АЛЫШБАЕВ
Табышмактар 215

Абдылда КАРАСАРТОВ
Балдар адабияты 216

Адабият жаңылыктары 222

Мукабанын биринчи бетинде
Кыргыз Эл акыны **Майрамкан АБЫЛКАСЫМОВА**, 75 жашта.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький к. 1. Телефону: 53-08-89; Факс: 53-08-91.

www.bizdin.kg

Элмира АЖЫКАНОВА

1966-жылы Талас районундагы Кум-Арык айылында төрөлгөн. 1984-жылы Таластагы Иоганн-Нездорф орто мектебин бүтүргөн. 1991-жылы КМУнун кыргыз филологиясы факультетин аяктаган. 1993-жылдан тартып, КТРдин радиоуктуруулар бөлүмүнүн адабий-драмалык редакциясында эмгектенип келет.

КТРдин, Кыргызпатенттин, КРнын маданияты жана маалымат министрлигинин бир нече сыйлыктарына арзыган. КТРдин отличниги төш белгиси менен сыйланган. Республикалык «Калемгер» адабий клубунун сынактарынын эки жолку жеңүүчүсү.

«Көгүш гүлдөр» аттуу ырлар жана аңгемелер жыйнагы жарык көргөн.

Проза

САЛИМА

(Аңгеме)

Ачык күрөң түстөгү чолок пальточон, башына кызыл шарфын тыкыйта салынып алган орто бойлуу, арыкчырай жаш аял колуна желим баштык кармап, күүгүмдө тепкичтер менен өйдө көтөрүлүп, төртүнчү кабатка чыгып баратты. Баштыгында бир бөлкө наны, бешалты жумурткасы, дагы майда-чүйдөсү бар. Бу тепкичтердин жарыгын күйгүзүп, оңдоп коёюн деген эч ким жок. Жашагандардын баарысы эле эртели-кеч караңгыда сыйпалап келишип, өз эшигин таап, бир бөлмө үйлөрүнө кирип-кирип кетишет да, ошону менен дым болушат. Алиги аял караңгыда тепкичтерди аярлай басып, төртүнчү кабаттагы өз эшигинин тушуна келип, чөнтөгүнөн ачкычын сыйпалап таап, каалгасын ачты. Босогосун аттаары менен жарыгын чырк эткизип күйгүзүп, эшигин кайра шарт бекитип алды.

Бул үйдө ал жалгыз жашайт. Башта курбу кыздары менен чогуу турчу ушул бөлмөдө. Баарысы кийим тиккен фабрикада иштешчү. Окууга тапшырабыз деп элеттен келишип, өтө албай калган кыздардын көбү кайра айылга кеткиси келбей ушул фабрикага үйрөнчүк болуп жумушка орношуп калар эле. Анан аларды тигүүчүлүккө байлап койгонсуп эч

www.bizdin.kg

жакка кетпей, ал тургай көбү күйөөгө да чыкпай, таңдан кечке күркүрөп-шаркыраган машинелердин, дөбө-дөбө болуп үйүлгөн кездемелердин арасында баш көтөрбөй иштей беришчү. Күн артынан күндөр зуулдап өтүп, айлар жылга кантип алмашып жатканын элес да алышчу эмес. Жумушчу кыздарга сөзсүз жатакана берилчү. Мына, алиги аялдын үйү – анын жумушчу кезиндеги жатаканасы эле. Заман оодарылып, чоң-чоң ишканалардын иши токтоп, менчикке өтүп, баштагы бир калыпта өтүп жаткан жай турмуш эми күн сайын, саат сайын өзгөрүп жатты. Фабриканын иши солгундап, айлык акы кечиктирилип, жумушчуларды кыскартуу башталды. Баалар кымбаттап, акчанын күчү кете баштады. Мындай болоору эч кимдин оюна келген эмес. Акыры жумуш таптакыр токтоп, кыз-келиндердин көбү башка иш издешип, базарга чыгышып, айрымдары бош олтуруп калышты. Анан алар турган жатакана менчикке чыгарылып, жашап жаткандарга сатылат экен дешти. Акыры ошондой болду. Баасы арзан эле бычылды. Эми бир бөлмө болсо да алардын өз менчиктери болуп калды. Ошондо алиги аялдын жанындагы курбу кыздары туш-тушка кетип калышып, өзү жалгыз ээлик кылып калган ушул бөлмөгө. Ошондон бери мында жалгыз жашайт.

Аялдын аты – Салима. Жашы отуздан ооду. Ал өзүнүн жаштыгын, өткөн жылдарын эстегиси келбейт, анын баарын акылынан өткөргөндөн качат. Эмнени эстейт? Кайсы жакшы күндөрүн ойлойт? Кайрадан жүрөгүн оорутуп, өкүткө батуунун эмне кереги бар? Ошондо эле тагдыры өзгөрүп кетмек беле?

Салима сырт кийимдерин чечип, халатын кийип, чоң жоолугун ийинине жаап эски диванына кыйшайды. Эми адатындай бөлмөнүн бурчун көпкө тиктеп, телмирип жата берет. Уктап деле кетпейт. Же туруп бир иш менен алаксыбайт. Оо, бир кыйлага жатат. Өткөндү эстеп кереги жок дейт да кайра баары бир эстей берет. Анын өзөктү өрттөгөн өкүнүчү бар.

* * *

Салима жаш, баёо, ишенчээк эле. Окууга өтпөй калганда фабрикага үйрөнчүк болуп кирип, үч кыз бир бөлмөдө чогуу жашап калышты. Чарчаганды билбеген, балалыгы кала элек жаш, шайыр кыздар. Жаздын бир жакшы күнүндө Салима Жаныш аттуу жигит менен автобуста келатып таанышты. Жигит аны жатаканасына чейин узатып келди. Жаныш шыпылдаган кичи пейил, куудул чалыш, кишинин ичи-коюнуна кирип кеткен ийкемдүү неме экен. Андай жигиттер жаш кыздарга бат эле жагат эмеспи. Салиманын татынакай экенин, көргөндө эле жагып калганын, азыр да анын жанынан кеткиси келбей жатканын айтып алиги жигит жатакананын кире беришинде кызды бир топко кетирбей турду.

www.bizdin.kg

Жакшы сөз кимге жакпасын. Кайсыл ургаачы эркектин жылуу сөзүн уккусу келбесин. Ошентип алар акырындап ынак болуп кетишти. Салима эми Жанышсыз өзүнүн жашоосун элестете албай калды. Күткөнү, ойлогону эле Жаныш. Анын айткандарынын, чечимдеринин, сунуштарынын баарысын туура деп эсептейт Салима. Жигит андан жети-сегиз жаш чамасында улуу.

– Күркүрөгөн күз келгенде үйлөнөбүз, айылдагы ата-энемдин алдына барып чоң той өткөрөбүз, – деди бир күнү Жаныш.

Ошентип, ысык сүйүүнүн илебине мас болуп, көзү алачакмактанган жаш кыз Жанышка өзүнө ишенгендей ишенди. Бакыттын кучагында балкып жүрүп бир күндөрдө кош бойлуу болуп калды. Буга ал бир чети кабатыр болсо, экинчи чети кубанычта болду. Жанында Жаныш турганда Салимага сарсанаа болуштун кереги жок эле. Кыздын боюнда бар экенин укканда Жаныш бир азга үндөбөй туруп анан баары жайында болорун айтты. Ошентип алар болжошкон күз да жакындап келатты. Жаныш айылга барып ата-энесине бир аз кол кабыш кылып кайра келээрин айтып, Салима менен коштошуп кетти. Бир аптадан кийин келмек. Кечиккенден кечикти. Салима жол карап, саат санап күттү. Бир ай өттү, эки ай өттү. Күз аяктап кыш келе турган болду. Бирок Жаныш кайрылып келген жок. Дайынын да билдирген жок. Көрсө, анын ошондо эле үй-бүлөсү, эки баласы бар экенин аны тааныгандар Салимага кийин-кийин айтышты. Кыздын кош бойлуу экени элге билинип, фабрикадагы кыз-келиндер күбүр-шыбыр сөздөрдү айта башташты. Өзү менен бир цехте иштешкен энесиндей курактагы аялдар бар эле. Ошолордун бири Күлүмкан эже экөөнүн цехтеги жумуш орундары жанаша болчу. Анын үстүнө Салима алгачкы алты айда Күлүмкан эжеге үйрөнчүк болуп бекитилген.Тикмечиликтин эң жөнөкөй эрежелеринен тартып, иштин ар кандай жагдайларына чейин айтып үйрөткөн. Эми минтип жаш кыздын алданып калып, чүнчүп жүргөнүн сезген Күлүмкан бир күнү Салиманы четке чакырып алып сүйлөштү. Болору болуптур, эми боюңдан алдырба деди. Кийинкиңди ойло, күйөөгө чыгып дагы балалуу болушуң керек, сен жашсың, турмушуң али алдыда. Балаңды аман-эсен төрө да, багып алчуларга берип кой. Балага зар болгондор бөпөлөп өстүрүп алышат деди. Мындай кеп-кеңештерден кийин Салима бир аз жеңилдей түштү. Кандайдыр эл алдында бети да ачылгансып калды. Бирөөлөргө берип кой деген кеңешин да эп көрүп, көңүлү бир аз тына түштү. Антпесе баласын кайда алып барып, кайда багат? Ата-энесине эмне деп жооп берет? Күлүмкан эженин кеңеши менен врачтын каттоосуна туруп, мыйзам боюнча фабрикадан болочок энелерге төлөнчү тиешелүү акчасын да алды. Күлүмкан эженин: «Эл айтып-айтып кала берет. Жаш кезде ким гана жаңылбаган» деген сөзү кызды кадимкидей сооротуп, чыйралтып койду.

www.bizdin.kg

Ал ай-күнүнө жетип уул төрөдү. Чогуу жашаган курбу кыздары төрөт үйүнөн жатаканага чыгарып келишти. Күлүмкан эжеси баланы бере турган жерди да дайындап койгон экен.

– Үч-төрт күнү өзүң эмиз, – деди ал. – Бала ууз сүткө кансын. Энесине аздыр-көптүр ыраазы болсун. Анан алып барып беребиз, эми өзүңдү ошого көндүр. Алар бөпөлөп багып ала турган колунда бар адамдар. Ата-энең билбеген бойдон калсын. Анын үстүнө замандын түрү бул болсо, балаң тургай өз жаныңды багыш оңой эмес. Балалуу аялдын эрге тийиши да кыйын болот.

Ошентип үч күндөн кийин жаш төрөгөн Салима баласын көтөрүп алиги аял экөө күүгүм талаш шаардын батыш тарабындагы темир жол вокзалына жакын жерге келип, таксиден түшүп калышты. Бир аз жогору басып анан Кызыл-Аскер көчөсүнө кайрылышты. Аңгыча караңгы да кирип кетти. Көчөнү бойлоп бир топ жерге чейин жөө барышты. Бир убакта Күлүмкан үн катты:

– Сен эми ушул жерге токтой тур, мен байкап келейин, – деп алдыга басып кетти. Салиманын көзү караңгылап, жүрөгү дүкүлдөп, таман алдындагы жер аста чайпалып жаткандай болду. Баласын бооруна кысып алып шарт бурулуп качып жөнөгүсү келди. Жылуу оролгон төшөгүнүн ичинде наристе анда-санда кыбырап энесинин жүрөгүн ого бетер козгоп жатты. Салиманын көзүнөн аккан ысык жаш тыпылдап баласынын жуурканына тамып кетти. Ымыркайынын бетин ачып жылуу илебин жыттап-жыттап алды. Бооруна басты. Эмчеги чымырап ийип баратты. Көкүрөгү сууланып кетти. Наристе да кыбырап, башын буруп, орогучуна оозун тийгизип, эмчек издей баштады. Салима жолдун четиндеги арыктын кырына олтура калып, баласына эмчек салды. Сүтү диркиреп кетти. Экинчи эмчегин алаканы менен басып турду. Курсагы ача түшкөн наристе чопулдатып эмип кирди. Бышылдап, энтигип, энесин акыркы жолу эмип жатканын сезгендей ууртунан агыза жанталашып соруп жатты.

– Эмип ал, күчүгүм. Эме гой. Энеңди кечир, балам. Атың да коюлган жок. Мейли, өздөрү коюшсун. Сен эми башкалардын баласы болосуң. Кечир мени балам, – деп Салима ый аралаш үзүл-кесил шыбырап жатты. Курсагы тоё түшкөн ымыркай оозун бүлк-бүлк эттирип уктап калды. Энеси эмчегин акырын тартып алып, наристенин жүзүн коомай жаап койду. Аңгыча Күлүмкан жетип келди.

– Салима, жүрү. Үйлөрүндө окшойт. Бара берели, – деди шаша сүйлөп. Эки аял үн катышпай дагы бир топ жерге басышты. Заңгырата салынган эки кабат чоң үйдүн жанына келип токтошту. Терезелери күйүп туруптур. Айланасы бийик дубал менен тосмолонгон, жашыл кооз дарбазалуу үй экен. Аял эки жакты тегерете карады. Эч ким көрүнгөн жок. Салиманын колунан баланы ала коюп, дарбазанын түбүнө аярлай жаткырды да, сол тарабындагы коңгуроону сөөмөйү менен удаа-удаа басты. Бир убакта

www.bizdin.kg

босогонун жарыгы күйүп, үйдүн эшиги ачылып, эркек кишинин кобуранган үнү угулду. Аял кеттик дегендей ишаарат кылды. Экөө келген жолу менен шыпылдап жөнөп кетишти. Салима артынан бирөө кууп келаткандай жүрөгү лакылдап, мас кишидей дендароо болуп, акыл-эсин жыйнай албай бара жатты.

– Эже, тигилер баланы көрбөй калбайбы? – энтигип, шыбырап сурады Салима.

– Көрөт ботом. Сыртка чыгып карайт да, – ишенимдүү айтты аял.

– Дарбазанын сыртын караар бекен?

– Кам санаба. Карайт дебедимби!?

Ал эми тигил үйдөгүлөр ушул күндү күтүп жатышкан. Ушул күнү, ушул саатта эшигинин алдына эркек бала таштап кетишерин билишет эле. Балага коё турган ысымын даярдап, ороо-чулгоо алып, жата турган бөлмөсүн ыңгайлап, сүтүн бышырып, сыртка кулак салып элендеп сак турушкан. Коңгуроо удаа-удаа басылганда аялы селт этип чоочуп, күйөөсүнө чык дегендей ишарат кылып, эки колун көкүрөгүнө кайчылаштыра басып туруп калган.

Бул үйдө жашаган Райкүл менен Мырзабектин баш кошкондоруна он жылдан ашты. Бири-бирине төп келишкен, бирин бири сүйгөн жубайлар. Райкүл өз ишине, турмушуна тыкан, айтчу сөздү бетке айткан чапчаң мүнөзү бар, чынчыл, калыс аял. Көздөгөнүнө жетмейинче жаны тынбайт, аракетчил. Ар бир ишти аягына чыгара жасайт. Башкалардын да ошондой болуусун талап кылып турат. Мырзабектин мүнөзү тескерисинче токтоо, чечим чыгарууга шашылбайт. Көп иштерди унчукпай жүрүп бүтүрөт. Бирок экөө бири-бирине абдан ишенишет. Бирин бири толуктап турушат. Университетте чогуу окушкан. Башта экөө эки мекемеде эсепчи болуп иштешчү. Маяналары чеке жылытпагандыктан, анын үстүнө жакында кыскартуу болот экен деген имиштерден улам алар жумуштарын таштап, өздөрүнчө дүкөн ачып, бара-бара аны кеңейтип соода борборуна айлантышып, күндүр-түндүр иштеп, айтор, жасаган иштери үзүрлүү болуп, жакшы үй сатып алып, жашоо-тиричилигин мыктылашты. Көптөрдүн акыл-оюна буй түшүрүп кирип келген эсеп-чоттуу замандын катаал талабына ылайык иш кылышты. Бирок тагдырдын бир айыбы балалуу болушпады. Кудайдын буйругу ушундай окшойт – бүгүн алардын үйүнө бала келди. Баркырап ыйлаган наристе алардын үйүндөгү мелтиреген тынчтыкты бузуп, Райкүлгө түйшүктүү кубаныч алып келди. Кермесине баланын бир карыш көйнөктөрү, кызыл-тазыл жалаяктары жайылып, айтор, алардын үйүнө чоң жаңылык кирди. Баланын атын Бектур коюшту. Жакын адамдарын үйүнө чакырышып, чакан бешик той да өткөрүштү. Эне сүтүн толук эмбей калганы эле болбосо Райкүл ымыркайды колунан келишинче бөпөлөп багып жатты. Бала күн санап тороло берди.

www.bizdin.kg

* * *

Салима эмчегинин сүтү тартылгандан кийин жумушуна кайрадан чыкты. Бул учурда тигүүчүлөрдүн саны азайып, цехтер бири-бирине кошулуп, кыскарып, жумушчулар бир эле мөөнөттө иштөөгө өтүшкөн экен. Өзбекстандан келчү кездемелер келбей жатканын, жакында фабриканын иши токтоорун, андан көрө азыртадан башка жумуш издөө керектегин күнүгө сөз кылышат тигүүчү аялдар. Салима ага деле сарсанаа болбоду. Анын ою ар күнү баласында эле. Ишке алаксып, унутасың дешкен чогуу жашаган кыздары. Бирок ал унута албай жүрөт. Үч ай болду, беш ай болду деп ичинде санап жүрөт. Бөлмөсүндө ымыркайдын жука топусу менен эт көйнөгү кала берген экен. Ошону аярлап бүктөп, кичинекей баштыкка салып чемоданынын түбүнө катып алган. Кээде кыздар жок кезде алып чыгып жыттап-жыттап, кайра салып коёт. Ымыркай наристенин энени магдыратып жыргаткан жагымдуу жыты. Мындай жыт эч жакта жок. Аны кайра-кайра жыттап алса көңүлү бир аз тынгансып калат.

Күндөрдүн биринде ал иштеген цехте жумуш токтоду. Ал тургай акыркы маяналарын төлөп бергенге да фабриканын күчү жетпей калды. Банкрот болду дешти. Мындай сөздү мурда ким угуптур. Көрсө, бул иши бүттү дегени тура. Элеңдеген жаш кыздар мындай абалда кимге, эмнеге ишенерин билишпейт. Шаар жеринде ким менен кимдин иши бар.

Салима кыздар менен нан жасаган ишканага камыр жууругуч болуп иштей баштады. Иш кыйла оор экен. Дүкөндөгү нандар ушундай күн-түн дебеген чоң түйшүк менен жасаларын буга чейин ойлобоптур. Маянасы деле анчейин. Бирок убактылуу иштеп турса болчудай. Анын баласына болгон сагынычы камыр менен кошо жуурулуп, калыптарга кошо салынып, нан менен кошо бышып, бүт шаарга тарап жатты. Көчөдөн бала көтөргөн аялдарды көрсө бурулуп карап өтөт. Менин балам эмеспи деген ой келе калат. Дүкөндөн, базардан наристелердин тыпыйган батинкелерин көргөндө жүрөгү эзилип, эмчеги чымырап ийигенсип кетет. Колуна алып кармалап көрүп кайра ордуна коюп коёт. Менин балам да ушундай батинке кийип калды го деп ойлойт. Атын ким коюшту экен? Жок дегенде ошону билбедим деп өкүнөт. Атын билсе эле издеп таап алчудай сезилет.

Ошентип жыл айланды. Ишкананын кожоюндары кыздарды убакыт-саатка өлчөбөй иштетип, кээде маянасын кемитип берип, каалабасаңар кете бергиле дегенчелик мамиле жасагандыктан Салима башка жумуш караштыра баштады. Гезиттерге чыккан жарнактардан иш издеди. Эмне деген гана жумуштар жок. Короо шыпыргыч, дүкөн жуугуч, кагаз кескич, таразачы, бала баккыч, үй кызматчы. Маяналарын сураштырса бири да чеке жылытпайт. Бирок баары бир иштеш керек. Күн санап акчанын күчү кетип, жашоо кымбаттап баратты. Базар экономикасына баратабыз деп

www.bizdin.kg

жатышты элдер. Ал эмне деген нерсе экенин Салима анчейин түшүнө албады. Эми ал окуйм деген оюн унутту. Ага эми кайдагы окуу? Аны окута турган айылдагы ата-энесинин деле чамасы чакталуу. Салимадан башка деле үй толо балдары бар. Атасы өгөй. Өздөрү башта үч бир тууган эле, апасы азыркы өгөй атасын үстүнө кийирип алган. Андан бешти төрөдү. Ошентип алар сегиз бир тууган. Аларга да азыр жашоо оңой болуп жаткан жери жок. Колхоз жоюлганы алар да азыр ишсиз. Үлүшкө бөлүп берген жерин иштетүүгө өгөй атасынын чамасы келбей, өзү башка бирөөлөргө жалданып иштеп жүрөт. Ошон үчүн Салима өз жанын өзү гана багышы керек. Эркектен көңүлү сууп калган жаны алардан өзүн окчун кармайт. Алардын баарысы коркунучтуу, алдамчы болуп көрүнөт.

Ошентип ал «Работа» деген гезитти барактап жумуш издей баштады. «Үй кызматчысы керек» деген кулактандырууга чалса, оолжуп орусча аралаштырып сүйлөгөн аял Салиманын ким экенин ийне-жибине чейин териштирип сурады да, бизге жогорку билимдүү аял керек деп телефонду шарт коюп таштады. Салима кемсине түштү. Кайра кийинки кулактандырууга көз жүгүрттү. «Таразачы керек» деген номерге чалды. Сураса момпосуйларды таразалап өлчөп, баштыктарга салып желимдейт экен. Ар күнү таңкы жетиден кечки жетиге чейин деди. А айлык маянасы болбогон акча экен. Дагы бир кулактандырууга чалды. «Бала баккыч керек. Маянасы жакшы». Маянасы жакшы дегени жага түштү. Ага да чала баштады. Мында да телефонду аял киши алды. Жарыя боюнча чалып жатканын билдирди.

– Бир жаштагы баланы эртең мененки сегизден кечки алтыга чейин багуу керек. Дагы башка шарттарды келгенде сүйлөшөлү, – деди ийкемдүү сүйлөгөн аялдын үнү.

– Эже, а мен сизге кантип жолугушум керек?

– Үйгө кел. Бүгүн саат бешке чейин келип калсаң болот.

Аял үйүнүн дарегин айтып берди. Салима илгиртпей жазып алды. Батыш көчөсү – 141. Саат бештен кечикпей баруу керек. Ооба, шаардын батыш тарабында. Ал 38-автобус менен барып, айтылган аялдамадан түшүп калды да, даректи сураштырды. Чоң жолдон буруу жакта экен. Бара жатып ал баягыны эстеди. Ушул тарап болчу. Ооба, ал тургай ушул көчө менен келишпеди беле. Алдынан чыккандардан Батыш көчөсүн, 141-үйдү дагы сураштырды. Бир аз басып солго бурулат экен. Мына дал ошол жер. Ал тургай ушу ченге олтуруп баласын эмизбеди беле. Анан тээтигил бурулуштан солго бурулушкан. Алакандай кагазга жазылган чөнтөгүндөгү даректи дагы бир карап алып, сол тарапка бурулду. Катар үйлөрдүн номурларын карап олтуруп 14-үйгө жакындады. Дал ошол! Баягы эки кабаттуу, жашыл дарбазалуу үйдүн так маңдайына келди. Жүрөгү дүкүлдөп, коркконун же кубанганын билбей дендароо боло түштү. Муну бирөө атайын жасап, сыртынан баамдап, сынап тургандай

www.bizdin.kg

Салима эленде̕п, артка кетенчиктеди. Демек, ал өз баласын бакканы келе жаткан турбайбы. Бир жаштагы бала дебеди беле. Ооба, ал жакында бирге чыкпадыбы. Эмне кылыш керек? Саатына карады. Бешке жакындап калыптыр. Демек, кириш керек. Бирок аны алиги аял таанып-билип койчудай сезимде турду Салима. А чындыгында алар бирин бири көрүшкөн эмес да. Жок, кайдан таанымак эле... Салима акыры коңгуроону басты. Дарбаза ачылып, жашы отуздан ашып калган арыкчырай, сулууча аял чыга келди.

– Саламатсызбы, эже? – Салима күнөөлүүдөй акырын учурашты.

– Саламат. Реклама менен келдиңби? – Райкүл да анын үстү-башына сынай карады.

– Ооба.

– Жүрү үйгө кир, сүйлөшөлү.

Райкүл Салиманы ээрчитип ичкери кириштн. Үйдүн ичи жыпжылуу, уядай жагымдуу экен. Ашканасы жактан куурулуп жаткан тамактын жыты бур деди. Салиманын ою балада болуп, эки жагын каранып, аны көзү менен аста издей баштады. Анан кайра байкап койбосун деген ой менен кайдыгер болуп туруп калды. Жок, баланын үнү угулбайт. Уктап жаткан го. Аңгыча Райкүл аны ашканага чакырды. Экөө бир топко сүйлөшүштү. Бир-эки чыныдан чай ичишти. Салима тигинин бардык шартына көнүп олтурду. Айнып кетпесе экен деп ичинен кабатырланды. Акыры сөз бекиди. Баланы үч-төрт күн чогуу багышып, эгер Салимага көнсө, Райкүл ишке чыкмак болду. Эртеңден баштап Салима бул жумушка келе берет. Коштошуп чыгып баратып да аркы бөлмөлөр тарапка кулак салды. Баланын үнү угулган жок.

– Эже, балаңыз уктап жатабы? – деп чыдабай сурап жиберди.

– Ооба, жаңы эле кириптким. Кирингенден кийин магдырап көпкө уктайт өзү. Эртең келсең таанышасың, сага көндүрөбүз.

– Рахмат. Жакшы калыңыз, эже.

Райкүл Салиманы узатып чыгып, дарбазасын жаап ичкери кирип кетти. Салима шаша басып чоң жолду көздөй кетип баратты. Кайда, эмнеге шашып баратканын өзү да баамдабай энтигип, ылдам-ылдам баса берди. Эртең кайра эртерээк уулуна келүү үчүн алдастап шашып баратканда̕й сыягы. Бир чети жүрөксүп, кооптонуп баратты. Өзүнчө күбүрөнүп сүйлөнүп да баратты:

– Каралдым, уулум, мен сени таптым... Эми сени багам... Жан-дилим менен багам, күчүгүм... мени таанытбайсың го... Менден чочуркайсың го... Ка-ап, атыңды да сурабай калыптырмын. Мейли эртең таанышабыз. Эртең... эртең уулум...

Ошентип Салима жатаканасына кантип жеткенин билбей калды. Улам бир буюмун кармалап, эмне кылганы жатканын өзү баамдабай бир топко убаралана берди. Ошол үйдүн босогосун аттап, баламды көрөм

www.bizdin.kg

деген ой үч уктаса түшүнө кирген эмес эле. Акыры жуунуп-таранып, кийим-кечелерин иреттеп уулуна барууга даярдана баштады. Эми ал уулу үчүн алиги сулууча аялдын оту менен кирип, күлү менен чыгууга даяр болуп турду. Бала гана бакпастан бүт үй тирилигин жасап берүүгө макул. Анын баарын баласы үчүн жасайт, уулунун гана жанында болсо болгону.

❊ ❊ ❊

Кечинде жумуштан келген Мырзабекти уулун көтөрүп Райкүл тосуп алды. Бала сырттан кирген атасын көздөй эки колун жайып талпынды. Ал күнүгө ушинтет. Мырзабек кечкисин бала менен бала болуп ойнойт. Коляскасына салып таза абага чыгып келишет. Диванга чалкасынан жатып алып курсагына мингизип ойнотот. Тиги бөлмөдөн бул бөлмөгө тай-тайлап бастырат. Ошон үчүн ал атасы эшиктен киргенде талпынып, аны көздөй канатын жайып обдулуп жөнөйт.

Райкүл күйөөсүнө чай даярдап жатып, Салима жөнүндө айтты:

– Мырза, бүгүн да бир кыз келиптир. Сүйлөштүм. Жашы жыйырмада экен. Эртең келе бер дедим.

– Шар эле келе бер дегениң кандай? Байкап көрүш керек да. Бала бага алабы, жокпу, – Мырзабек аялын жактырбай тиктеди.

– Мен деле байкайын деп үч-төрт күн чогуу багалы, көрөлү дедим. Кантип эле үй-жайды, баланы чоочун бирөөгө таштап коюп ишке кетип калайын?

– А маянасын сүйлөштүңбү?

– Баса жок, ал өзү да сураган жок.

– Кызык го... Айлыгын сурабаган ал кандай неме экен?

– Жаш неме сурагандан тартынган го. Мен дагы айтпаптырмын, – Райкүл ичинен ушуну ойлонуп калды. Чын эле Салима маянасы жөнүндө сураган эмес. Ал маянаны эстеген да эмес.

Мурда соода борборун Райкүл өзү башкарчу. Соодага, эсепке тыкан болгондуктан иштери майнаптуу болуп, тапкан кирешелери жакшы эле. Кийин бала менен үйдө олтуруп калганда жалданма сатуучуларды алышкан. Бирок эмнегедир эле өтүмдүүлүк азайып, киреше мурдагыдай болбой калды. Анын себептерин изилдеп да биле албай коюшту. Кыскасы, Райкүл ишке өзү чыкпаса болбой турган. Мырзабек экөө ушуну кеңешип, Бектурду бала баккыч жалдап бактырмак болушканы ошол. Бала бакчага деле берели деп ойлошкон. Бирок убагында алып барып, кайра кечикпей алып туруу керек экен. Андан көрө жылуу үйдө бала баккычка бактырган жакшы эмеспи. Суукта жолдо эртели-кеч алып жүрүп бала ооруп да калышы мүмкүн.

www.bizdin.kg

Ошентип, Салима эртең менен так сегизде алиги үйдүн босогосун кайрадан аттады. Колуна баласын көтөргөн Райкүл ашкана тараптан чыга келди.

– А келдиңби? Кир, кире бер.

Салима болтойгон сүйкүмдүү баладан көзүн тарта албай туруп калды. Эсине шак эле Жаныш келди. Ага окшош экен. Көзү, кашы, мурду Жанышты эстетти.

– Кел мага, келегой, – деп Салима сыр бербей эки колу менен баланы өзүнө чакырды. Бала аны чоочуркай карап туруп, артына шарт бурулуп энесинин моюнун бекем кучактап алды. Анан кайра акырын Салиманы тиктеди. Райкүл баласынын кылыгына жыргап жылмайды.

– Бул сенин эжекең, эми сени багат. А сен качпагын, балам, – деп уулун бооруна кысып-кысып эркелетип алды.

– Эже, аты ким?

– А аты Бектур. Беку деп эркелетебиз. Жакында бирге чыкты. Эми басат Кудай буюрса... Тушоосун кесебиз, ээ, Беку?

Анан алар баланын бөлмөсүнө кириштиТосмолуу жыгач керебетине олтургузуп, оюнчуктарын берди.

– Сен эми ойнотуп тур. Курсагын тойгуздум. Ашканамды жыйнап алайын, колум бошобой жатты эле, – деп Райкүл чыгып кетти. Салима баланы чочутуп албайын деп аста мамиле кыла баштады. Башындагы топусун оңдоп кийгизди. Оюнчуктарын алдына жакын жылдырды. Бала оюнчук күчүгүн кармаган бойдон Салиманы чочуркап тиктей берди. Артына бурулуп энесин издегендей болду.

– Келе гой. Бектур? Көтөрөйүнбү? – ал баланы өзүнө чакырды. Аны көтөрүп алып бооруна кысып жыттагысы келди. Бирок баланын чочуркап турганын көрүп колуна алганга батынбады. Бала керебеттин бурчунда жаткан кичинекей сары топту алам дегендей колун сунду. Салима топту баланы көздөй тоголотту. Бала эки колдоп өйдө көтөрүп кайра бурчка ыргытты. Салима кайра тоголотту. Бала кайра дагы ыргытты. Ошентип экөө ойной баштады. Күчүк менен ойношту. Оюнчук паровозду керебеттин кыры менен айдашты. Маймыл, коён, мамалактын баарысын бурчка тизип жыйнашты. Бала Салимадан эми чочуркабай ойной баштады.

– Келе гой, Бектур, мен сени көтөрөм, – деп чакырып көрдү эле бала колун сунуп обдулду. Салима аны бооруна тартып көтөрүп алды. Бөлмөнүн ичинде ары-бери басып, дубалдын боорундагы сүрөттөрдү сөөмөйү менен көрсөтүп ойнотуп жатты. Бала да Салиманы туурап кичинекей сөөмөйү менен сүрөттөрдү сайгылады. Ошентип алар бат эле бири-бирине жакындай түшүштү. Кантсе да экөөнүн ортосунда жаратылышынан жакындык бар да. Балким, бала ошону сезип жаткандыр. Эне менен баланын ортосун кандай болсо да бириктирип турган табияттан бүткөн бир улуу күч, улуу туюм бар эмеспи.

www.bizdin.kg

Салима баланы бооруна кысып ууртунан, моюнунан жыттады. Топусун чечип үкүнүн тыбытындай жумшак, суюк чачынан кайра-кайра искеди. Бооруна кайра-кайра кысты. Өз баласын колуна алып эркелетип олтурганына ишене албай, көкүрөгү ысып, кубанычы менен өкүнүчү аралашып, уулуна болгон сагынычы ашып-ташып, ачуу ыза алкымына келип, дилинде баласынан кечирим сурап жатты. Бала да ушуну сезгенсип Салиманын көкүрөгүнө башын коюп, бышылдап тынч олтурду. Акырын караса көзү коюуланып, кирпиктери ылдый тартылып уйкусу келип калыптыр. Салима аны термелтип, коомай таптап олтуруп уктатты. Керебетине аярлай жаткырып, үстүн кичинекей мамык жуурканы менен жылуулап жаап койду. Магдырап уктап жаткан наристени бир топко карап турду да, «уйкудагы баланы тиктебейт» деген апасынын сөзүн эстеди. Бул түшүбү же өңүбү ? Же бирөөлөр атайын ушундай шарт түзүп жатабы – ушуга акылы жетпеген Салима дендароо болуп олтура берди. Баласына кайнаса каны кошулбаган кайдагы бир аял ээлик кылып, эне болуп олтурганына, өз баласына өзүнүн чыпалактын учундай акысы, укугу жоктугуна ичи ачышып жатты. Бир убакта бөлмөгө Райкүл башбакты.

– Уктап калдыбы? – деди акырын шыбырап.

– Ооба, уктады, – деп Салима уурулугун карматып койгондой ордунан шак тура калды. Райкүл баланы кымтылап, жуурканын оңдоп-түздөдү.

– Жүрү анда чай ичели. Мен да идиш-аяктарымды иреттеп алдым.

Экөө ашканага кирип чайга олтурушту. Чай үстүндө дагы эле бала жөнүндө сүйлөшүштү.

– Өзү анчейин деле чырлуу эмес, жоош эле. Курсагы ток, көтөнү кургак болсо кишини кыйнабайт, – деди Райкүл. Салима сөзгө аралаша албай кысынып олтурду.

Ошентип Райкүл Салимага эки-үч күндүн ичинде баланын буламыгын, тамак-ашын бышырганды, кийим-кечесин кайда жууп, кайда койгонду үйрөттү. Ашкананын шартын түшүндүрдү. Кыскасы, дагы эки күндөн кийин Райкүл жумушка чыгып, Салима баланы өзү бакмай болду. Бала да ага кадимкидей көнүп калды.

Салима көп балалуу үйдө чоңоюп-өскөндүктөн үй оокатына жакын эле. Бөбөктөрүн бакканга апасына чоң жардамчы болчу. Ошондуктан ага бул үйдөгү кызматы эч деле оорчулук алып келген жок. Анын үстүнө өз баласын баккан да оор болчу беле энеге. Кожоюндар эртеден-кечке жумуштарында. Райкүл үйгө телефон чалып, баланы улам сурап турду. Салима болсо баланы да багып, ара-чолодо үй жумуштарын да жасай берди. Ал бара-бара бул үй-бүлөгө аралашып, көнүп кетти. Кээде кожоюндар жумуштан кийин да кармалып же конокко барып кеч келе турган болсо жатаканасына барбай ушул үйдө эле кала берет. Салиманын чын дилден жасаган кызматына Райкүл да ичинен ыраазы болуп, ага өз синдисиндей мамиле жасап жүрөт. Бектур Салимага абдан эле көнүп алды. Этегине

www.bizdin.kg

жабышып карыш жылдырбайт. Кечинде кийинип кеткени жатса ээрчип ыйлайт. Райкүл алдап-соолап араң алып калат. Эртең менен кирип келсе талпынып жөнөйт. Үйдө ишенимдүү адам бар үчүн тигилер да иштерине көңүлү ток кетишет. Башка жумушка кетип калбасын деп алар Салимага маянасын дурус төлөшөт. Бектур эми шыдыр эле басып калды. Тили да булдурап чыгып келатат. Кылыктары сонун. Күнүгө бир жорукту үйрөнөт. Эркелегенди да билип алды. Салиманын жүрөгү эзилип кетет. Кечинде ата-энесине анын күндүзгү жоруктарын айтып берет. Бирок бир гана чындыкты – мен баланын өз энесимин дегенди айтпайт. Аны эч качан айта да албайт. Ушул чындыктан өзү коркот. Айтса эмне болорун элестеткенден коркот. А кокус өздөрү билип калсачы деп ойлогондо чоң санаага түшүп кетет. Чындык акыры билинип калбагай эле деген түпөйүл ой аны дайыма тымызын кыйнап турат. А кокус бул үй-бүлөдөн кетүүгө туура келсе баласынан дагы бир жолу ажырайбы? Ошондо кантет? Акыры бир күнү буларга бала баккыч зарыл болбой калганда кетиш керек да. Анан өмүр бою эле булар менен чогуу жашай бермек беле? Мына ушундай ойлор Салиманы түпөйүлгө салып турат.

Ошентип арадан эки жыл өттү. Бектур үчкө чыкты. Мырзабек уулун сүннөткө олтургузуп, жоро-жолдош, тууган-туушкандарын чакырып той өткөрмөк болду. Оо, бул тойго бир топ даярдык көрүштү. Акыры белгиленген күнү конок бөлмөгө чоң дасторкон жайылып, Райкүлдүн буту-бутуна тийбей чуркап, Салима да чоң жардам берип жүрдү. Баласына той берип жатышса кантип жардам бербейт.

Эшиктин алдына улам бир машине келип токтоп, коноктор каадасы менен каалгый басышып үйгө кирип, кожоюндар менен ысык учурашып, тоюңар тойго улансын дешип шаан-шөкөт башталды. Салима конок үйгө чай ташып, Райкүлдүн айтканын шыпылдап аткарып, ара-чолодо үстүнкү кабатка чуркап чыгып, Бектурду да карап жаны тынбай жатты. Сырттан дагы коноктор киришти. Ашканадан чыга калган Салима аларга эшик ачты. Карыган кемпирди жөлөп-таяп киргизип келаткан аялды көрө калып, Салима дал болуп туруп калды. Ал баягы-баягы фабрикада бирге иштешкен, баласын ушул үйдүн босогосуна таштаткан Күлүмкан эле. Аны ошол боюнча кайра көргөн эмес. Мына эми арадан үч жыл өтүп, ал экөө ушул үйдүн босогосунан жолугушуп калышты. Бирин бири тиктеген бойдон экөө тең күтүлбөгөн ыңгайсыз абалда турушту.

– Саламатсызбы, Күлүмкан эже, келиңиз... – деди Салима озунуп учурашып. Күлүмкан да шашкалактай түштү.

– Аа, сен Салимасыңбы? – деди ишене албай.

– Ооба.

– Ботом, сен кайдан бул жерде жүрөсүң? – ал таң калганын жашыра албай туруп калды. Салима күтүлбөгөн окуяга эмне дээрин билбей, оозуна кеп келбей далдырады. Тиги аял кантсе да көптү көргөн кыраакылыгы

www.bizdin.kg

бар эмеспи, башкаларга сыр бербей конок бөлмөгө кемпирди колтуктап кирип кетти. Салиманын жүрөгүнө бүлүк түштү. Тулку-боюна муздак суу куюлуп кеткендей болду. Мындайды күткөн эмес. Күлүмкан эжеге дал ушул үйдөн жолугам деген ой үч уктаса түшүнө кирген эмес. Көрсө, бул аял кожоюндарга тууган турбайбы. Райкүлдүн төркүндөрүнөн экен. Ошону эми түшүндү. Ушул ой мурда башына таптакыр келбептир. Эми эмне болот, кандай күн болот? Кантип эле тигил эже Райкүлгө Салима жөнүндө айтпай койсун? Анда Райкүл кантер экен? Бул жагын элестетүү кыйын. Эмне эле безилдеп кеңеш айтып, баланы бөпөлөп багып алчу адамдарды издеп, кыздын эртеңкисине кам көрүп жүрөт десе... көрсө, өзүнүн жакын адамдарынын камын ойлоп жүргөн тура...

Той өз каадасы менен өтүп жатты. Конок бөлмөдөгү меймандардын шаңдуу күлкүлөрү, кээде шатырата кол чабышкандары, ырдагандары угулуп жатты. Салиманын ою быт-чыт. Ашканадагы идиш-аяк менен алек. Конок бөлмөгө кирүүгө жүрөгү даабай, Райкүл менен Мырзабекти тик карай албай өзүнчө эле күнөөкөр. Анан бир ой келди. Ушундан көрө чындыкты өзүм эле айтып берсем, балким, жеңил болор? Күлүмкан эжеден мурда өзүм айтсамбы? Билбейм... Анда эмнеге ушуга чейин айткан жоксуң дешсечи? Ушундай ойлордон Салиманын башы салмактанып, көздөрүнүн тегереги ысып чыкты. Райкүл конок бөлмөдөн улам чыга калып эмне айтса, унчукпай баарын жасап жатты.

Ошентип, түн жарымында той аяктап, коноктор тарай башташты. Босогодон чыгып баратышып да Бектурга ак тилектерин айтышып, ата-энесине убай көрсөткөн уул болсун дешти. Мырзабек менен Райкүл аларга кайра-кайра ыраазылык билдиришип, жакшы тилектерге жетине албай кубанышып, улам бир коноктун чапанын кийгизип, устукан салган баштыктарын колдоруна карматып узатып жатышты.

Тойдун эртеси да болду. Үй ичи баары жыйналып, орду-ордуна коюлуп, эртеси кожоюндар жумуштарына кетишти. Алардын көз караштарынын өзгөргөнү Салимага байкалбады. Баары баштагыдай эле. Эч нерсе билбегендей. Ал тургай көңүлдөрү куунак. Балким, Күлүмкан эже эч нерсе айтпагандыр. Баса, ошондой сөздү той үстүндө айтмак беле? Ооба, айтпаганы чын. Бирок баары бир айтат. Керек болсо телефон чалып эле айтып коёт.Ушундай нерсе аял кишинин ичине кантип батсын? Анын үстүнө жакын туугандары болсо, башта өзү аралашкан иш болсо...

Арадан бир аптадай убакыт өттү. Бир күнү ишинен эртерээк келген Райкүл үйүнө кеткени камданып жаткан Салимага кайрылды:

– Салима, мен ушу кезде аябай чарчап жүрөм. Он чакты күн эс алып албасам баспай калдым. Мырзабек да эс ал деп жатат.

– Бир жакка барып эс аласызбы? – Салима бүшүркөп сурады.

– Жо-ок, кайдан. Эртеңден баштап үйдө эле болом. Баланы өзүм карайын. Сен да чарчадың, эс алып ал.

www.bizdin.kg

– Мейли, мейли.

– Он чакты күндөн кийин өзүм чалам сага, макулбу?

– Макул. Анда эртең келбей эле коёюнбу?

– Ооба, ошент.

Райкүл илинип турган сумкасын колуна алып сыдырып ачты да, булгары капчыгын сууруп чыкты.

– Маянаңды алдын-ала төлөп коёюн. Антпесе үйдө олтурганда акча керек болот сага.

– Жок, эже, толук иштегенден кийин эле алайын.

– Кой, ала бер. Кыз кишиге акча дайыма керек да.

Райкүл Салимага бир айлык маянадан кыйла көп акча сунду.

– Эже, бул көп го...

– Көп эмес, ала бер. Сен деле көп иштедиң.

Салима кетүүгө камынды. Райкүл менен коштошуп, уктап жаткан Бекуну эңкейип коомай жыттады. Жүрөгү түпөйүлдөнүп бир нерсени сезип жатты. Ошентип кош айтышып үйдөн чыгып кетти.

Салима он чакты күндөн бери үйдө бош. Соңку күндөрү телефондон коңгуроо күтө баштады. Эмнегедир Райкүл чалбай жатты. Ооба, ал өзүм чалам деген. А мүмкүн дагы бир аз эс ала турайын деп жатса керек. Арадан дагы бир аптадай убакыт өттү. Дале чалган жок. Эми Салима телефондун туткасын колго алып өзү чалды. Түтүлдөгөн тынымсыз үндөн башка эч жооп болбоду. Кайра-кайра чалды. Кайра эле ошол добуш. Бул эмнеси? Баса, чарчадым дебеди беле. Балким, телефонду да сууруп салгандыр. Ушундай ой менен ал өзүн сооротуп жүрдү. Арадан бир айга жакын мезгил өттү. Салима уулун сагына баштады. Жумшак чачынан, ууртунан жыттагысы келди. Бооруна кысып ойноткусу келди. Таттуу тилин уккусу келди. Анан бир күнү эмнеси болсо да барып билип келейин деп чечти.

Баягы тааныш дарбазанын алдына келип, коңгуроону басты. Эшиктин алдында күрсүйгөн дөбөт байланып туруптур. Ал арсылдап үрө баштады. Бул кайдагы ит? Жаңы алып келишкен го, – деп ойлоду Салима. Коңгуроону дагы басты. Ит ажылдап күчөп үрдү. Бир маалда үйдүн эшиги ачылып, улгайып калган чоочун аял дарбазаны көздөй чайпала басып келе жатты.

– Сага ким керек? – деди улуту өзбек же уйгур кебетеленген кымбат баалуу халатчан кара каштуу толмоч аял.

– Райкүл эже жокпу? – Салима таңыркай сурады.

– Алар көчүп кетишкен, кызым. Бул үйдү биз сатып алдык.

– Качан? Кайда? – Салима уккан кулагына ишенбей дал болуп калды.

– Кайда көчкөнүн билбейт экенбиз. Анысын бизге айтышкан жок.

Аял чоочун неме менен көп сүйлөшкүсү келбей, дарбазасын жаап алууга камданып турду.

– Демек, сиз билбейт экенсиз да...

– Биле албайм, кызым.

www.bizdin.kg

– Мейлиңиз. Кечирип коюңуз.

– Болуптур. Бара гой, – аял дарбазасын шарт жаап, ичинен бекитип, ары басып кетти. Салима турган ордунда дендароо болуп тура берди. Аны бирөө чокуга чапкандай болду. Ушундай болот деп ойлобоптур. Көрсө, Күлүмкан эже айткан тура. Ошон үчүн Салиманы бошоткон тура. Өзүм чалам дегенинде, маянасын алдын-ала көбүрөөк төлөгөнүндө кеп бар тура. Акыры баланы алып минтип көчө качышкан тура. Эмне үчүн ушинтти экен? Мени талашат дедиби же уурдап кетет дедиби? Айтор, издерин жашырыптыр. Чындык баары бир билинет тура.

Салима жолдо ыйлап баратты. Бектурду эстеп жүрөгү чарт-чарт тилинип, өзүн кайда батырарын билбей, ушул дүйнөдөн кечип кеткиси келип, өз башын өзү муштап баратты. Баласын эми кайдан издейт, кайдан табат? Тапканда да аны эми Салимага ким ээ кылат? Ушундан көрө баягы таштаган бойдон көрбөй койгондо эмне. Эмдигиче унутуп деле калбайт беле. Ушул үйгө мени тагдыр эмнеге кайра алып келди экен? Ушинтип жазалайын деди го. Мына сенин күнөөңдүн жазасы ушул деди го тагдыр. Жазыксыз баланы чоочун короого таштай качкан кандай болорун бил деди го. «Бала тапкандыкы эмес, баккандыкы» деген ушул турбайбы. Жаным Бекутай! Каралдым, сени кайда алып кетишти? Эми сени көрбөй каламбы? Кайдан табам сени? – Салима ушинтип буркурап ыйлап баратты. Бир топто барып ыйын тыйып, өзүн өзү соорото баштады. Өзүнчө сүйлөнүп келатты. «Балам, чынында мен сени аларчалык бапестеп бага алмак эмесмин. Экөөбүздү атаң алдап таштап кетпедиби. Менин шартым жок да. А сага ата-энең кам көрүп, окутуп, келечегиңди түзүп беришет. Тапкан-ташыганын сага жумшашат. А мен кайдан...»

Анын тагдырындагы жүрөккө так болуп кала берген дагы бир оор күн ушул болду.

* * *

Ошол күндөн бери карай он жылдай мезгил өттү. Салиманын жашы отуздан ооду. Баягы боюнча баласынын дайынын такыр биле албады. Райкүлдү да, Мырзабекти да, Күлүмкан эжени да шаардан эч бир жолуктура алган жок. Көчөдөн мектепке бараткан же келаткан бала көрсө Бектур болуп жүрбөсүн деген ой менен кылчактап көздөрүн карап өтөт. Жок, ал эмес. Балким, алар бул шаардан чыгып, башка жакка кетип калышканбы, ким билет?

Ошентип Салима айылга да барбады, турмушка да чыкпады. Чынында ага сөз салган эркек болгон жок. Өзү да кабыгына бекинген үлүлдөй болуп төрт дубал үйүнөн алыс чыкпай жалгыз жашап келет. Бирөөнүн менчик дүкөнүндө сатуучу. Чектеп берген маянасы бар. Эртең менен

www.bizdin.kg

таш тепкичтер менен ылдый түшүп жумушуна кетет. Кечинде таш тепкичтер менен өйдө чыгып үйүнө келет. Үйүнө келет да жымжырттыктын уясындай болгон бөлмөсүндө жата берет. Күнүгө ушундай. Мына азыр да ачык күрөң түстүү чолок пальтосун кийип, кызыл шарфын башына ороп, кичинекей желим баштык көтөрүп үйүнө кайтып келатты. Ушул таш тепкичтер дайыма караңгы. Абайлап, капталдагы тосмо жыгачты кармап басуу керек. Ушунча жылдан бери бул жердин жарыгын эч ким оңдоп койбоду.

Ушунча жылдан бери Салиманын да жүрөгүнө жарык алып келген эч нерсе, эч ким болгон жок. Анын бардык сагынычы, арманы баласында болуп келет.

www.bizdin.kg

Майрамкан АБЫЛКАСЫМОВА

1936-жылы Кемин районундагы Алмалуу айылында туулган. Бишкектеги кыз-келиндер пединститутун бүтүргөн. 1961-жылы «Кичинекей досторго» аттуу алгачкы ырлар жыйнагы жарык көргөн. Көптөгөн поэтикалык китептердин автору. Чыгармалары орус, француз, немец ж.б. тилдерге которулган.

КР Эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик, Бүтүнсоюздук Ленин комсомолу сыйлыгынын, «Манас» орденинин ж.б. ээси.

Поэзия

Ызат бу

Киши колдуу болду дешти бутакты,
Сууга келсем колун созуп узатчу.
Адамдардан, кишилерден башкача,
Көңүл кушун көккө учурган ызат бу.

Китисине мен биринчи жолугам,
Байчечекпи, сары гүлүп какумбу?
Дайым эле көк гүлүмө оолугам,
Же баарынан ошол эле жакынбы?

Сен билесиң, эчки талым, кең өзөн,
Мен силерди, силер мени кыйбаган.
Кышпы, жайбы, күзүндөсү көп өтөт,
Көргөн сайын көркөмүңөн ыйбагам.

Ата Журт кайрыктары

* * *

Күчүм менен акылымды алсаң да,
Аз сыяктуу, кылчактоом бар аркамда.
Ийгилигиң түп көтөрө чогултуп,
Кеттигиңдин кеми-карчын тартам да.

Түйшүктөрдүн бардык түрүн кесесиң,
Сезип аны карап туруу жаттыгы.

www.bizdin.kg

Колдон келбей калгандагы эсесиң,
Жоготкондой кылып келет бактыты.

Сени мага керек кылып койгондой,
Мен да сенден аябайтын жардамын.
Бул дүйнөгө чындап устун болгондой,
Тартуу зарыл тиричиликтин кардалын.

Кандай болуп канга сиңип кеткени,
Каада өңдүү Ата Журттун кептери.
Өзүң үчүн өтүп жаткан көрүнөт,
Өтүрүмдүн эртеңи да, кечтери.

Футболдо да, хоккейде да, сууда да
Жеңиш керек болуп турса, оюнда.
Кекиртекке кысып келип натысың,
Ата Журттун ар доотаты оюңда.

✻ ✻ ✻

Оо, Ата Журт, сен бар жерде баары бар,
Сагыныч да, же эркелик таарынар.
Тиричилигин жолго салып алууда,
Кээ кишинин ар тараптан багы бар.

Өңдө эмес, Ата Мекен, жер үчүн,
Кабак бүркөө, каржалуунун бардыгы.
Биз өтөлү, Ата Мекен түк өтпөй,
Ошол болсун тирүүлүктүн байлыгы.

✻ ✻ ✻

Душманыма таштай катуу турамын,
Чөгөлөбөйт, күнөө кылбайт эч кимге.
Сен барыңан тен ошондой, Ата Журт,
Сен жок күнгө тирүү бойдон жеткирбе.

Сен жок күндө жашайт кээ бир башкалар,
Мендейлерди душман тосуп ташка алаар,

www.bizdin.kg

Кыйноо алдында сен деп, жаныт үзүлүп,
Менден кийин жерге тамган жаш калаар.

* * *

Байытып жүрөгүмдү, жүлүнүмдү;
Андыктан Ата Журтта тирүүмүнбү –
Аркалап кусалыкты кандай күтсөт,
Ошондой күтүп жүрөт сүйүнүүмдү.

Ата-журт, байлык даңкыт сени менен,
Күлөөр күлкүт, ыйлаар ыйыт аныт да.
Сен барыңан эр көкүрөк кең келет,
Жыйган дүйнөт, жайып койгон малыт да.

Жашайт адат баласынан ажырап,
Көңүл айтып, пейили жакын достору.
Анан аздап ал санаадан арылат,
Ата Журттан табылгансып жоктору.

* * *

Таң каракчы – үпүп эрте үн салат,
Кайсылардын уйкусуна аралжы.
Ушул кезде кимгедир бак конот,
Бүгүнкү күн ошол үчүн жаралды.

Үпүп үнү чер токойго жарашып,
Жалбырактар жел аргыга күү кагат.
Бул жашоону биз сүйөбүз талашып,
Душманга да, тууганга да тең карап.

Өтпөс үчүн бир башыңан көр оокат,
Заман оюн, заман жолун чечээрге.
Өтүр бизге карызгага берилген,
Бул дүйнөнү сүйүп өтүп кетээрге.

Жашыл бутак жай баракат чачылат,
Кимдин ага кантип өтөт суктугу.

www.bizdin.kg

Мага тындай таасирлигин калтырат,
Жаркын дүйнө, жашыл ала журттугу.

Жашыл жакут коюу болуп дүнүйө,
Шибер чөптүн тереңине сиңет күн.
Ушул жашоо кайталанып күнүгө,
Адам күндү, адамдарды сүйөт күн.

* * *

Капарсыз балдар өсөт, балдар туулат,
Өткөн күн бир бирине өтүп куунак,
Ылайым ушул күндөр окшош болуп,
Ылайым күндөр калсын бирин туурап.

* * *

Жамгыр жаады, жаздын эрте белгиси,
Бул кезекте койчу жүдөп, тен ооруп.
Күн жаманы, кеткен өңдө оңолуу
Сенде Ата Журт болсо болду ден соолук.

Көптөн бери жаз күтөбүз кечигет,
Жер айдоонун, мал жаюунун санаасы.
Эки эселеп иштеп койсо чечилет,
Тынчтык болсо Ата Журттун арасы.

Жеке иштен

Мышык жылбы, ит жылбы, түлкүбү?
Эмнегедир аралашып кетишкен.
Жыра тартып талашышат түлкүңү,
Башы чыкпай, тайдаланып жеке иштен.
Билбейт досум, эмне айтарды сага да,
Бир кумарым жаздын жыты алыста.
Түшсөң боло элчиликке арага,
Мени дагы бир эстүүгө табышта.
Жакында окшойт, жазым сага жолугат,

www.bizdin.kg

Кайра тосоор ак булагым жулкунуп.
Оорум кетет кышы менен тооруган,
Көңүл өсөт көкөй кескен ыр чыгып.
Муңду жазбай күн да кетти кечеңдеп,
Эртеңкини төлгө кылып турайын.
Тааныштарга айтып койгун эсен – деп,
Тарткан менен бир аз, бир аз убайым.
Суулар аксын күндүн көзүн каратпай,
Өтүп деген тез да жана барат жай.
Эмнегедир супсак күндөр көбөйдү,
Уйку бузган урматы жок, адаттай.
Опузалап кетти турмуш мейли де,
Бир аз, бир аз өзүңдү да билесиң.
Көңүл чөксө жарашыгы көрүнбөйт,
Каухар, жакут үстүңдөгү сүлөөсүн.

Кордуңорбу

Нугун бузуп кеткен экен таш кулап,
Көрдүңөрбү ушул жерден ак булак?
Орду толбос дүнүйөдөй көрүнүп,
Томурайып катышы жок саз турат.
Булут токтоп, туман түнөп кетчү эле,
Алар дагы келбей калган көрүнөт.
Ак кайыңды жыгышыптыр текчеге,
Жакшылыктан жатандыктар көбүрөөк.
Мен талаага ат чалдыра калганда,
Шыралжындар кулап жатчу бут алды.
Айрылышпас алабата сайданда,
Жооп беришти сураштырсам бут алды.

✻ ✻ ✻

Кайсыл элде жүдөө күтсө зайыпты,
Энелери элечегин тарталбай.
Ошол элдин уулуна кой айыпты,
Бул да кырсык бизге жүргөн байкалбай.

www.bizdin.kg

Бардыгы чын

Кирдеттик көл кылаасын, суу турасын,
Ыйык деп эч нерсени аябадык.
Мээнетсиз убакытты суй жыгасың,
Мезгилдин талабына жарабадык.
Баарыбыз күнөөлүүбүз өткөндөргө,
Сен качпа, тага шылтап бардыгысын.
Кечээ эле баш ийгенбиз көпкөндөргө,
Жакшылык, жамандыктын бардыгы чын.
Оңдойлу азап чыкса эки эселеп.

Байлаган

Жылдар жылды узатышат кайрадан,
Качан эми арылабыз майдадан.
Аралашып чаңда жаткан алтындай,
Эстүүлөргө эссиз багын байлаган.
Күндөр болгон Бейше агайым барында,
Ар бир учур өзүнчө эле табылга.
Карга этес булбул сайрап туруучу,
Арча аралаш карагайлуу багымда.

Кайда кеткен?

Көк бөрүгө алгансып барат турмуш,
Кээ бир күндүн өңү жок карап тургуз.
Көңүлчөөктүк күндөрүм кайда кеткен,
Көңүлдөшкө көз артпай жадап турбуз.
Шумдук ай, бир нерсеге таң каламын,
Өзгөрбөйт буурул тарткан таң карагым.
Бир гана мен тааныган кээ бир адам,
Таанылтпай боёп алган чамгарагын.

www.bizdin.kg

Болуп-жарбай

Бастачылар чыга берет ар кандай,
Эли-журтка бөөдө келген артандай.
Ал учурда ушулардан ыдырап,
Ар учурда кор болобуз жалганбы, ай.
Ата-эненин тилегени жакшылык,
Эсиң болсо журтка кылгын башчылык.
Ыдыратпай тең бардыгын кармагын,
Бөлүп жарбай бир бирине кас кылып.

www.bizdin.kg

Проза

ДЕЙДИ

Акылбек эч кимге окшочу эмес. А тургай дубалда илинген атасынын Бишкектен келген сүрөтчүгө тарттырган портретине да окшобойт. Кебетеси сары-күрөң тартып, так маңдайына кичине чагында апасынын кыпчыкейи тийип тырык болуп калгандыктан, эки кашынын ортосу бүрүшүп бириккенсип турат. Кыпчыкейдин тийгени – анын сезүү, угуу, ой жүгүртүү, сүйлөө жөндөмүн өзгөртүп, Р тамгасы Г болуп айтылып, аны менен кошо балалык ырайымы өчкөнсүп, ыңылдап мурдунан сүйлөгөнсүйт. Уккан кишини чыйрыктырып жиберет же уйкусун келтирет. Ай толгондо же Кичи жетиген жылдызы батыш тарапка көмкөрөсүнөн жыгылганда, анын түнөргөн мүнөзү ачыла: таштан, дүмүрчөктөн, жылдыздардан, эшек оонаганы, торпок качканы, чоң мурун Кенжетай эненин коңуругу... деги койчу, көзү көргөн, кулагы уккан, мурду сезген нерсенин баарынан маани-маңыз таба берип, эрудициялык аллегория же мизантропиялык толкундоолорго чөмүлөөр эле. Ал күндөрү курбулары да андан оолак басышып, көбүнчө жалгыз жүрөт. «Дейди-дендирек», «бир шариги жетишпейт» атка конот. Бирок анын бул жаңы ысымга ээ болушу: келечегинин мейкини астралдык, мистификалык же жогорку күчтөрдүн, жылдыздар ырыскысына тогошуп «De septima affectione Dei sive de aeternitate» «Кудайдын жетинчи сүйүүсү



Жаныбек РАЙ

1961-жылы Талас районундагы Үч-Эмчек айылында туулган.

С.Чуйков атындагы сүрөтчүлөр окуу жайынан, Сүрөт академиясынан билим алган. Көптөгөн сүрөт көргөзмөлөрүнүн катышуучусу, лауреаты, үч өздүк көргөзмөсүн өткөргөн. Бир кыйла аңгемелердин, повесттин автору. «Арча – 2011» адабий сынагынын жеңүүчүсү.

www.bizdin.kg

же түбөлүктүүлүк» касиетине ээ болоору анда кимдин оюна келиптир. Анын адам эмес чымчыкты каргай тургандай түрү Фарида эжеге жолукканга чейин уланат.

Алгач ирет Фарида эже анын илмейген арык денеси, оң ийнине ыктап баскан сүйрү башы, күүгүмдөнгөн көздөрүн көргөндө, жашы келип калган кишини көргөнсүп денеси жыйрыла түшкөн. Бирок анын кээде балдарга кошулуп суу чачышып, топ ойноп, мурдунан суу агып кетсе бетине сүртүп алганы, кадимки эле бала экенин билгизип, ичи жылый түшөөр эле. Кийинчерээк баамчыл Фарида эже анын көзү күүгүмдөнбөй эле, маңдайы томпоюп, көз чанагы терең жайгашкандыктан көзүнө көлөкө түшүп тураары, көлөкөнүн артында дүйнөнү өзүнө багынткысы келген, тегерегиндеги жакшы-жаман нерсени ач көздөнө ылгабай кабыл алган, жалт этип күйгөн кыймылдуу көзүн көрүп, дагы бир жолу чочуган. Андан эки башка кишини көргөнсүдү. Бирок Фарида эженин тажрыйбасында мындай балдар сейрек кездешсе да, Акылбектен илгери үмүт издей «ийрисине эт толуп, сүйрүсүнө сүт толуп» маңдайы түзөлүп кетээрин, аны жөнгө салып тарбия-таалим берсе жакшы адам чыгаарын ойлоп, башкалардан айырмасыз экенине ынандырат. Алгач китеп окуганга, сүрөт тартканга, акырындап немис, англис тилин үйрөтө баштайт. Ал эми тарых, адабият, астрономияга Акылбек өз демилгеси менен ынтаасын коёт. Шаардык конкурста биринчиликти алып жатып: «Мен жер огунан чыгып, башка галактикага баратам!» – деп ойго келбеген нерсени айтып, отургандарды эсинен тандырат.

Андан соң деңизге ашык болду. Бирок ал чоңоюп өскөн чакан шаар Таласта деңиз түгүл дарыя жок эле. Ал Букардан кайткан Семетейдин кемелер сүзүп өтчү Сыр дарыядан кечип өтүп, ушу турган кунан кечип өтчү Талас дайрасынан кечип өтө албаганын укканда шыңкылдап күлгөнү эсинде. Ошондо атасы Ысрайылдын: «Ай, балам, ал Семетей бабаңдын Ата Журтка болгон кусалыгы, көкүрөгүнүн ташкыны эпосто ошентип сүрөттөлөт» дегени ж.б. касиет, арбак, тиги дүйнө жөнүндө ага түшүнүксүз, баш ооруткан аңызынан улам ойлонуп калат. Ошентсе да шаардык китепканада иштечү Телегей эжеден алган китептерден деңиз чоң экенин, анда кемелер күндүр-түндүр сүзүп, аралдарды артка калтыраарын, жээктерге чыгып азык-түлүк менен камсызданып, кайрадан сапарга чыгаарын окуп андан бетер кызыгуусу артат. Кыялында ошол кемелердин алдыңкы мачтынын эң бийик жериндеги себетке отуруп, чексиз мейкиндикке канатын жая, анын жытына – жытына да эмес, дабышына, ыргагына термеле, батыш тарапка, улуу океанга карай жол тартканын элестетчү.

Ал азыр нөлүнчү меридианга жайгашкан Эквадордун, кемелер баймабай кирип чыкчу Гуаякил шаарынын четинде, Амазонка ландшафты Анды тоо кыркаларына уланып, белгилүү Котопахи вулкан чокусу

www.bizdin.kg

шаңкайып көрүнгөн ажайыпта, башын тизесине катып ушуларды эстеп отурду. Бет алдында ойлосо ою, саргайса санаасы жетпеген: дельфиндер ойноп, дөө таш бакалары томолонгон, игуаны менен тоту кушу булдуруктаган Тынч океандын толкундуу ыргагын тыңшай, бетелова пальмабы, кока же панданус дарагыбы өзү да билбейт, жалбырагы жайкалган чытырман токойдун көлөкөсүндө Ата Журтун эстеп, кусалыгы кемелерди кыйраткан океандай толкуп, бурганактап турду.

Анткен менен көңүлүнүн тереңинде бейкутчулук орун алып, өзүнүн мурунку өмүрүндө, палеолит доорунда ушул жээкте жан жерин жалбырак менен жаап, таш келтегин көтөрүп аңчылык кылып жүргөнү, көчүгү кызыл маймылды кубалайм деп бактан бакка секирип өлүп калганы, эми кайрадан реинкарнацияланып тирилип келгендей сезимге батат. Бирок ал буга окшогон аны жолдон адаштырган галлюцинациялардан тажап бүткөн. Ал жаңы, башкача ой жүгүртүү чабытына өткөн. Чыгыш тарабы, батыш тарабы да жүрөгүндө жалы бар каармандарды жуткан материктердин, дүйнөлүк эки океан Атлантика, Тынч океандын ортосунда «дүйнөнү жек көрүү башкарат» ишениминде, жаңы тыянак менен отурду.

Тегерегинде бала кезинде Кең-Кол жайлоосуна таякеси Алымбектин коюн кайтарып жүрүп кызыгып сурай берчү: бетеге, шыбак, эрмендин каңшаарды жарган жытына салыштырып, окшоп-окшобогон цибетин, квассия, копаифера же чаначта бышкан кымыздын жытындай, баштыкта каткан сүзмөнүн коңурсугундай, багалаң козунун сарымсак кошкон сорпосундай буруксуган ипекакуан, тибероз, амбру жана башка ал билбеген, ал көрбөгөн миңдеген-миңдеген тропик өсүмдүктөрү, гүлдөрдүн аралашмасы океандан соккон айдарым желге кошула, саамайына түшкөн узун чачын сылай сампарлап турду.

Ал эки күн мурда Колумбиянын Питалито шаарчасынан «наркодилер кылмышына шектүү жана поптун мурдун талкалай койгон» деген жалаа айыптан улам, жөө-жалаң, кээде эшек же качыр, кээде камионетке учкашып, Эквадорго, борбор шаары Китого жеткен эле. Аны шакирти зергер Алваро Усто кипарис чайы, таттуу токочу менен тосуп алып, устатынын жүрөктүн үшүн алган окуясына кейип-кепчий, шашылыш түрдө таңкы поезд менен Гуаякилге узатты.

– А-а баса! – деди Алваро, электрондук таблодо 314. «Кито – Гуаякил» рейси күйүп жанаар замат: – Сиз азырынча Гуаякилде калыңыз. Колумбия полициясы издөө салса да, Эквадор полис департаментине кайрылганча убакыт бар. – Ал акыркы сүйлөмүндө жубайы Кало Пагуа токуган таар күрмөсүнүн бүчүлүгүн оңдой, кандайдыр жакшылыкка үмүттөнгөнсүп үнүн аста чыгарды: – Дагы жарым сааттан ашык убакыт бар, отура туралы дегенчелик мандарин түстүү отургучту көрсөтө, ишаарат кылды.

– Контрабанда синдикаты, Колумбия радикалдык кыймылынын мүчөсү деп да айып коюшса, Питалитонун түрмөсүндө чирип өлөмбү! –

www.bizdin.kg

деди Акылбек алаңдаган кейпинде: – Устунга учкашса да океанды кечип Кыргызстанга кетээрин айтты.

– Ой, сиздин фантазияңыз укмуш! Кошуп жибергениңиз керемет! Кайдагы синдикат! Кайдагы радикал!? Сиз деген бүткүл Түштүк Америкага белгилүү философ, художник, эзотерианс эмессизби! Сизди наркотикке шектүү, попастын мурдун сындыра койду дегендери да ойго келбеген нерсе?!

Бир туруп ишенип, бир туруп ишенбеген Алваро: – Чын эле сиз айткандай «дүйнөнү жек көрүү, көрө албастык башкарат», – дей улутуна башын чайкады. Кандай болсо да устатын бул оңтойсуз абалдан алып чыгууну ойлой, байыркы ата-бабаларынан, каарман Испан конкискадорунан тараган генетикалык, аналитикалык акыл чөлкөмү көз ирмемде, сааттын жебеси тык этип каккандай, балким, андан да тезирээк, профессионалдык укук иликтөө ышкысы козголо, бардык нерсени унута, кумурскага да зыяны жок устатын коргогонду самады.

– Алардан баарын күтүүгө болот, – деди ой арасында: – Өтө таасирдүү адамдар. Бирок кардинал сиздин талантыңыз эле эмес, теология космологияңызга кызыккан адам. Ал келип иштин жөн-жайын укса, сизди кайрадан чакыртышы мүмкүн.

– Ай, ким билет? Жанагы сенин жердешиң, иш сапар менен Мексикага келип, калып калган голландиялык архитектор Мак Лиан, комиссиянын катарында болуп, мага каршы пикир жаратыптыр. Болбосо Луис Важи кардинал келгенче чечимди күтүп туралы деген.

– Луис Важиби! Ал Эквадордун сыймыгы да! Акын, художник, астролог! Эгерде ал киши кийлигишсе баары жайында болот!

Алваро, Луис Важинин кабарын укканда, кайсы бир бүлбүлдөгөн жарыктын шооласы көрүнгөндөй, чырмалышкан түйүндүн чечилишиндей же кайсы бир кылмыштын алибиси табылгандай, узун кирпиктүү жашыл көздөрү жана, кубаныч аралаган жүзүн жашыра албады: – Кападыр болбоңуз! – деди илбериңки калыбында. Сиз убактылуу отуз чакырым алыс Илало кыштагына жөнөнүз. Сизди профессор Леон Фебресо Кордеро, украиналык жубайы Татьяна Лой экөөсү тосуп алышат. Алар сиздин тотемдик трансакцияңызга таазим кылган адамдар. Токой арасында бир таман жол барчу үйдө турушат, керемет жер. Баса, баягы сизден алган карыз акчанын жарымын бере турайын, рахмат! – дей, Акылбекке колундагы 75000 сукрени карматты. Акылбек акчаны Алваронун колуна кайра кармата: – Унут! Бул сеники! – деди.

Алваро Усто Мексиканын жараны. Мехико университетинин укук факультетин бүтүргөн. Саясий куугунтуктан улам визасы жок өлкө Эквадорго жер оодурган. Максаты, жыйырма жаштагы мончоктой жубайы Кало Пагуа менен бирдикте Америка Кошмо Штаттарына байырлоо. Ал Акылбек менен Китодо «Дүйнөлүк зергерлер Биеннальында» таанышкан. Ошол күндөн тарта Акылбектин шакирти болууну өтүнгөн. Латын Америка өлкөлөрүнүн ичинде

www.bizdin.kg

Эквадорду дүйнөлүк кылмышкерлердин өлкөсү деп тамаша-чын кеп кылышат экен. Кайсы өлкөнүн кылмышкери болбосун Эквадорго баш калкалайт имиш. Бул маалыматты Акылбек алгач ирет Майямиге конгондо, самолетто жанында Амстердамдан бери катарлаш отуруп келген бельгиялык сакалы алынбаган, колунда резина таягы эле жок, болбосо сантехникке окшогон Томас Семуэл эңкейе калып кулагына шыбыраган. «Балким, ал өзү да бирдемеден качып келаткан кесебирдир же кайсы бир банда, нарко бизнестин белдүү мүчөсүдүр? Ким билет, сак болуш керек!» – деди, Акылбек эки жагын абайлай карай, нарко плантациясы менен атагы чыккан Колумбиянын үстүнөн учаарын эстей. Эми Алваро Устого кошулуп өзү да ошол Эквадорго изин жашырган жүздөгөн кылмышкерлердин санын толуктагандардын бири болуп калды. Бирок өткөн жумада, пресс-конференцияда Эквадордун президенти Рафаэл Корреа өз партиясынын 2006-жылдагы шайлоо алдындагы компанияда, Колумбия Революциялык куралдуу күчтөрүнүн боевиктеринен 20 сент да акча албаганын, бул оң күчтөрдүн сол күчтөрдү каралаган кара пиар экенин айтып, өлкөдө чет элдик кылмышкерлер болгону 4 пайызды гана түзөөрүн баса белгиледи.

Акылбек Эквадордон сексен чакырым алыстыкта, Колумбиянын Питалито шаарчасына жөнөкөй дин кызматкери пастор эмес, улуу урматтуу Ыйык Кардинал Педро Иероним Лукастын чакыруусу менен кафедралдык собордун долбооруна катышканы барган. Алар Китодо өткөн «Дүйнөлүк зергерлер Биенналында» Акылбек Ишимовдун «Ecuainox» металлургия компаниясынын демөөрчүлүгү астында аллюминийден чегилген аттын башынын статуэткасы менен «INTI NAN» El camino del sol – «Күнгө карай жол» аттуу Гран-прини утуп алганда таанышкан.

Кудай таануу материясында кандай гана жаңы сөз болбосун тобокелчилик жаратаары, убакыт ар нерсени өз ордуна коёру, аны иликтей билген адам кандай жыйынтык чыгарса да, тобокелчиликке жатпасы Акылбектин «өз ыйманынан шек санаган адамдар дин жолуна түшөт, Кудай менен динди чаташтырган адамдардан коркуу керек» космогониясы, ага кошулуп гунндар өрттөгөн монастырдын китепканасында от менен күлдүн арасында күйбөй, бүлүнбөй сакталып калган Ыйык Августиндин «Civitas Dei» «Кудайдын жаратмандыгы» он экинчи китеби, андагы Платондун «акыр заманда бардык нерсе мурдагысындай болуп кайра жаралат» окуусу көп жылдар бою аны ортодокстук туюмга түртүп, куралы болуп келген. Анткен менен көз көрүп, кулак угуп, көкүрөк туйган нерседен коркуп, үн кошпой туруу анын биринчи душманы. Ак-кара, күлкү-кайгы, мытайымдык-айкөлдүк ж.б.у.с. карама-каршылыктарды тескөө жашоо маңызы, чыгармаларынын каармандарына айланган.

Бул саам крахмалданган аппак тике жакалуу, чымкый кара манто жамынган, кылдат тегизделген чокчо сакал, ак жуумал кардинал Педро Иероним Лукастын адамдын ички дүйнөсүн күзгү сымал көрө билген, балалык кыялда

www.bizdin.kg

элестетчү булуттун үстүндө отурган сакалчан абышка – Кудай эмес, Кудай – бул жогорку акыл-эс, чексиз аалам экенин ачып берген, миңдеген бүлбүлдөп өчүп бараткан тагдырларды кайра жандырып, Кудай астына алып келген касиеттүү сыпайы кардиналдын, Латын Америкасында жүздөгөн искусство чеберлеринин мыктысы аталган жарым аскет, жарым еретик Акылбекти арбай, Колумбияга Ыйык собордун дубалына колун тийгизүүгө чакырды. Бул эң жогорку сый-урмат – Кыргызстандан Афганистан, Иран, Түркия, Европа, андан Майями, Бразилия, Перу, Эквадорго туш келген Акылбек үчүн түшкө кирбегендей нерсе эле. Ошол күндөн тарта, баары гламур журналдын бетиндей жалтырак жашоо менен башталды. Шарактаган кол чабуулар, фрак, парфюм, банкет, фуршет, пресс-конференциялар, беш жылдыздуу «Sheraton» отели, океанды жээктей Китонун эң кооз туристтик жайларына круиз. Газета, телевидение, гламур журналдардын бетине Акылбек Ишимовдун «INTI NAN» El camino del sol – чыканактай алтын жалатылган Гран-прини кош колдой көтөргөн сүрөтү жамырап чыга келди. Акылбектин ийгилигин бүтүндөй Латын Америка өлкөлөрү куттуктап жаткандай туюлду. Эквадордун мурдагы президенти «банан магнаты» Алваро Нобоанын чакыруусу менен анын резиденциясында кабыл алууда болду. Кичине чагында Кең-Колдун тескейинде кой жайып жүргөндө, башына калың китептерин жазданып, асман, булуттарга көз чаптыра, океан, материктерге сызып учкан балалык кыялы – эми өзү катышып, өзү багынткан окуялар менен коштолгону чындыкка айланып турду.

* * *

Таң атпай сыйлуу конокту тосууга камынган профессор Леон Фебресо Кордеро, жубайы Татьяна Лой, кызы Едиса, күчүгү Бенчито баш болуп: лиана, эпифит орхидеи, роза гүлчамбары – кокос пальмасы, калдайган элипс жалбырактуу хинин дарагына жана папоротникке ороло, куюлушкан «жолборс тека» жыгачы менен кооздолгон веранданын астында жаналы калбай; бирде табагын унутса, бирде кашыгын көтөрө күйпөлөктөй, чамына чуркап жүрүштү. Жээги байыркы кечуа оймосу менен саймаланган ак дасторконго жүгөрү токочу, отко корумдап бүкүлү бышырган деңиз чочкосу, майга куурулган жашыл бананды коюп маанайлары ачык. Бул алардын кыргыздар жалаң эле эт, майлуу тамак жейт дегенинен улам Акылбекке көрсөткөн сый тамагы эле.

Алар сый тамактын үстүндө, андан соң Инкилер басып алганга чейин чарбачылык кылган көк шиберге жамбаштай жатыша, мангро багы, бой тиреген кактуска чимирилип учкан колибри, тоту куштардын сайраганы астында, деңизден соккон нымдуу желдин илебине, нөшөрлөгөн тропик жамгырына жүзүн тосо, тилди сындырган илимий-искусство терминде-

www.bizdin.kg

ринен алыс, жөн эле Манас атадан баштап, ак калпак айкөл кыргыз эли, ат жалында ойногон тайманбас жигиттери, ак куу моюн, кымча бел сулуу кыздары, бүркүт шаңшып, илбирс жойлогон ак мөңгүлүү Ала-Тоосу, андан чыгып Азия, Европа, Эквадорго жеткен Акылбектин айтып бүткүс аңызы «Миң бир түн» жомогу сымал күндөн-түнгө уланып, Леон Фебресо Кордеро, жубайы Татьяна Лой, кызы Едисанын бүйүрүн кычыта кызыктырып, а тургай тармал көкүл күчүгү Бенчитонун шилекейин кошо агызгансыйт. Өзү да аларга кошулуп, көз алдына тууган жердин алтын топурагы, адыр-адыр тоолору, чурулдаган таранчылары, кошунасы Алиппайдын эрден чыккан кызы, ушакчы Калийча жеңенин бакырайган көзү, төбөсүнөн матек алчу Базарбай жиндинин камчысын үйүрө тап бергени элестей, баары-баарысын, ошол жакшы-жаман жоруктары менен сүйө, карегине ысык жаш тегеренди. Бирок анын карегине ысык жашы тегеренип-тегеренбегени билинбеген бүтүгүй көзү, кыпчыкей тийген бүрүшкөн маңдайынан, анын эмне болуп жатканын байкаган эч кимиси болбоду.

Мына ушундай эргиген кечтердин биринде Акылбек капысынан эле: – Келе жатат! Жүрөгүм сезип туру! – дей даракка тырмыша, буттарын тыбырчылатты. Эмненин келе жатканын аңдабаган Леон Фебресо Кордеро эки жагын карай ийинин куушурду.

– Полиция! – деди Акылбек.

– Полиция! – эми эле эки жагын караган Фебресо чочулай кайрадан туштарабын карайт. Эч ким көрүнбөйт. Ал учурда Танюша, кызы Елиса экөөсү телевизордун үнүн катуу чыгара, кыңылдай кошула ырдап, ашканада кечки тамак даярдап бүтүп калган учур эле. Мамык дивандын үстүндө жаткан күчүгү Бенчито, экөөсүнүн кыймыл-аракетине алмак-салмак көз сала, кимиси биринчи таттуу токоч ыргытып калабы дегенчелик тили салаңдайт. Ал күткөн учур да келип, Танюша Бенчитонун оозуна момпосуй ыргыта, анын жанына, мамык диванга ноутбугун коё отура кетти.

– А-а, сиз-з! – деди Фебресо мукактана, кайрадан жанына келип отурган Акылбекке ыктай, ийининен таптап: – Сиз эч нерседен кападар болбоңуз. Биз сиздин Колумбияда эмне кылганыңызды билебиз. Сизди Колумбияга кардиналдын чакыруусу менен келгениңиз жөнүндө кабар кылышкан. Алваро сиздин качып келгениңизди айткандан бери мен Колумбия, Эквадор ТВ кабарларын үзбөй карайм. Сиз жөнүндө акыркы жолу Питалитодон эшекчен карыяга жолукканыңыз, аны менен түштүк тоо тарапка кеткениңизден башка, кылмыш ишине байланыштуу эч маалымат жок. Анүстүнө сиздин баскан-турганыңыз, кайсы отелде, кайсы ресторанда, жада калса кайсы чач тарачка киргениңиз жөнүндө газеталар тынбай жазышат, анан ал кабагы жаркылдай: – О жарыктык! Сиз кандай жөнөкөй улуу адамсыз! Менимче, сизди папаррациден башка эч ким кубалабайт! Сизди мага Кудай өзү конокко жөнөттү. Биз үй-бүлөбүз менен кандай бактылуубуз!

www.bizdin.kg

Фебресо кубана колун жаңсай, Акылбекти колтуктай ордунан тургузду: – Жүрүңүз, кечки тамак даяр болуп калды окшойт!

– Фебресо, сиз мыкты илимпозсуз! Адам, космос, физика, мистикалык илимий эмгегиңиз баа жеткиз! Демек, сиз мени мыкты түшүнөсүз, ма-мага аян келди! – мукактанган Акылбек андан башка сөз улай албады.

Профессор Акылбектин Босх, Моцарт, Бетховен, Вангог сыяктуу хаосмос психозанын «шизофрения-паранойя-мания», инверсия, билбей калуу, жогорку детерминацияга өтүү белгилерин алып жүргөнүн эбак эле байкаган. Ал Паскалдын, Фрейд, Гваттаринин, рационал-философтордун эмгектеринен кездешкени, Картезиандык универсалдуу күмөн саноо, шизофрендик хаоско жакын экенинен да тааныштыгы бар.

– Хаосмос! – деди профессор. – Нарко синдикат, полиция, попастын мурдун талкалай койгонуңуз: субъективдүүлүк – мейкиндик, убакыттын ирээтинен тайып, чындыкка айланганы...

Анын сөзүн Бенчитонун чыңкылдаган үнү, Елисанын: – Папа-папа! Тезинен келиңиздер! Телевизордо Акылбек агай жөнүндө көрсөтүп жатат! – деген кол булгалай коштогон үнү бузду. Босогодон аттап-аттай электе Танюша алдынан чыга: – Куттуктайм, Акылбек Ишимович! – дей Акылбектин бетинен өөп-өөп жиберди. Анан ашыга сөзүн улай:

– Колумбия кафедралдык соборун курган мексикалык архитектор Мак Лиан, биздин атактуу акыныбыз Луис Важи собордун конкурсунда он эки миллион доллар турган сиздин «Lumen naturae» «Табийгат нуру» аттуу долбооруңуз утуп алганын айтышты! Интернетте «Кыргыз Туусу» гезити Козубек Иманкуловдун «Айылдан башталган аалам», Д№.. гезити Наталия Домагальскаянын «Отшельник завоевавший мир» ж.б. кыргыз прессалары сиздин ийгилигиңиз жөнүндө «Белгисиз-белгилүү дервиш» аттуу макала жарыялаптыр. Эми сиз Кыргызстанга да белгилүү адам болуп калдыңыз!..

Аны укканда Акылбек тизелей калып, түнөргөн түнгө, горизонтто каалгып чыгып келаткан толукшуган айга, жымыңдаган жылдыздарга карай: – О убакыт, акыл-эс, ушул түндүн, ушул сөздүн падышасы! Манас ата, эки миң галактика, жыйырма төрт миң Кудай, арстан, чымчык, периштелердин периштеси! Алдыңарга тизелейм! Мени материктердин материгинен, океандын океанынан, Амазонканын тумандуу чытырман токоюнан башка галактикага алып учкулачы?! – дей алаканын жая, сыйына кетти. Анан кулагына кимдир бирөөнүн: «Д№.., кылмышкерлерди жазган гезит эмеспи?» – деген шыбыраганы угулгансыды. ... кайрадан делдиреп калды.

www.bizdin.kg

Поэзия

Жаздагы кусалык

Көктөмдө каркыралар кайтып келер,
Ааламга жаз кабарын айтып келер.
Ыр болуп жазгы нөшөр жамгыр менен,
Азада ушул жазда кайтып келбейт...

Жетем деп сагынычтуу санаасына,
Таластын кызгалдактуу талаасына.
Кусасы ырга айланып, Роза эже,
Түбөлүк калды Бишкек калаасында.

Ажалды даңктап жазып ыры менен,
Ажалды калыс дечү чыны менен.
Дүйнөдөн ыр дербиши өттү Алик,
Акындык тагдыр күтүп сыны менен.

Тайкулук тагдыр ташын тартып келем,
Ырыма үмүт, тилек артып келем.
Баркталбай канча талант
кетти сыздап,
Касиет, сен алардан артык белең?

Субайылданын арманы

Чоочун айыл суу күкүктөп таш кулап,
Эчаккы жаз эске түшөт жаш курак.
Жаз деминен тааныш кайрык уктум, эй,
Күүгүм жакын неге жолго чыктым, эй.

Касиет БЕКНАЗАРОВА

Бир нече поэтикалык китептердин автору. Ал Кыргыз улуттук университетинин филология факультетин аяктаган. Анын айрым ырлары казак, өзбек, орус, украин, молдован ж.б. тилдерге которулуп, мезгилдүү басма сөз беттеринде жана коллективдүү жыйнактарга басылган. Журналдын окурмандарын акындын балдар үчүн жазган ырлары менен тааныштырабыз. Азыр акын Талас шаарында жашайт.

«Жаңы Ала-Too» журналынын редакциясы акынды маараке менен куттуктайт.

www.bizdin.kg

Табалап кас, жолобой дос бардыгы,
Күтөр, балким, Бурулчанын тагдыры.
Сыздап көңүл, ыйлайт жүрөк кыйбасым,
Муңдаш болуп жаз нөшөрлөп ыйласын.

Акылымдан адаштырган жаз беле,
Чеккен кайгы, тарткан азап аз беле?
Гүлдөп көңүл, гүлдөп тегиз өрүктөр,
Турдук киргил суусу аккан жээкте.

– Гүл сезимди соолутпаймын эч – дедиң,
– Эчак оңгон соолуйт эми кеч – дедим.
– Тобокелде болбойт – дедиң – кайгырыш,
Алды жакта жол көрүнөт айрылыш.
Шамал согот, күүгүм жакын кеч кирер,
Билген билер, биздин жомок эскирер...

Агайым Самижан Жигитовдун жаркын элесине

Жакшылыктар берип аян түшүмөн,
Баар таап келсем деле ишимен.
Элесиңиз түшкө кирсе жер карайм,
Карыз алып бербей кеткен кишидей.

Агын суудай шар агылып кеталбай,
Майдаландым майдалыктан өталбай.
Жетимсиреп ыйлап келет ырларым,
Сиз көрсөткөн бийиктикке жеталбай.

Кездер болду сына жаздап ийилген,
Көөдөй түндөр, келчү таңдан түңүлгөн.
Жетем дегем, эми жетпейм, эми кеч,
Тагдыр ошол жазмышыма чийилген.

Катар учкан каркырадай калыбы,
Канча курсташ канаттары талыды?
Бизде жүрөт жандүйнөңү аруулап,
Сиз даңктаган алп ойлордун жарыгы.

www.bizdin.kg

Иним Нурматка

Жүзүң жаркыйт шаттык чачып сүйлөсөң,
Гүл курагың кулпуруп өс, гүлдө сен.
Төрт тарабы түгөл экен деп билгин,
Гүлдөй соолуп баратканым билбе сен.

Келмек беле кайран жылдар үндөсөм,
Кабарымды алалбассың күндө сен.
Элесиңде тунук бойдон жүрөйүн,
Жатындашым, кыйналганым көрбө сен.

Асыл үмүт тилектерди түнөткөн,
Жөжүрөгөн балалык кез бир өткөн.
Эңсеп жүргөн бийигине жетти де,
Жапыс жерде калганымды билбе сен.

Тилимди укпай жалынсам да, тилдесем,
Энемди эстеп ыйлай берип, күндө сен.
Кайгы-муңуң аркалайын мен жалгыз,
Уялашым, эми убайым билбе сен.

* * *

Тунук суусу, токою бар шалбааны,
Сары көйнөк кийип баскам делбиреп.
Ошол жайды эстесе деп эңсегем,
Унутупсуң же эстегиң келбептир.

Бул жашоонун оомал-төкмөл экенин,
Жүрөк туюп сенден мурда билчү элем.
Ырың болуп, ыйың болуп бүтпөгөн,
Билем ал кез түштөрүңө кирчү элем.

Чочугандай жаштык кирсе түшүмө,
Жадыраймын ай чыккандай булуттан.
Болбосо эмне жолдорунда турмуштун,
Жоготкомун мен да сени... унуткам.

www.bizdin.kg

Түбөлүктүү сүйүү оту өчпөйт – деп,
Тоском жазды, тоском кыштын ак карын.
Билген менен жаштык өтүп кетерин,
Билбептирмин муздайт тура өрт-жалын.

* * *

Кезигем дебе кездешкен менен болбостур,
Кетилген өмүр кенемте кайра толбостур.
Өмүрдү коштоп аялуу назик муң болуп,
Өзүмдө жүрсүн, изимде жүрсүн колдоп бир.

Чарт этип оттой чагылтып сүйүү көздөрдү,
Урунуп сезим удургуп турган кездерди.
Купуя сактап өзгөрбөй келем, өзгөрбөй,
О андан бери тагдырлар канча өзгөрдү.

Жолугам дейсиң өрөпкүп сезим койбостур,
Жолуккан менен оргуган сүйүү болбостур.
Сактасам деймин кирдетпей ошол сезимди,
Жарыгым болуп жашоомдо жүрсүн колдоп бир.

Ар мезгилдин ырчысы бар, ыры бар

Турмуш деген айыгышкан күрөштүр,
Дат бастырбай тоскоолдуктар бүлөп бир.
Жалдыратпа мансаптуунун алдында,
О тагдырым, ак мээнетиң үлөштүр.

Мезгил шамал, сен ыргалган жалгыз тал,
Ыргагында шамалыңдын ырдап кал.
Күйүп-өчүп сен чарчайсың өмүрдө,
Түк чарчабай өтө берет кылымдар.

Бороону көп кыштай өмүр өтөйсүң,
Сен тагдырга өзсүң дагы, өгөйсүң.
Келет сүйүү көрккө бөлөп жашооңду,
Кайра аны жүрөк сыздап төлөйсүң.

www.bizdin.kg

Жүрөгүңдү жаралаган так калар,
Ырга айланар сүйүп окуур башкалар.
Аздектеген аруу деген сезимдер
Жылдар менен эскирер да,ташталар.

Мезгил бороон, сен ыргалган жалгыз тал,
Бороонуна буюкпастан ырдап кал.
Ар мезгилдин булбулу бар, ыры бар,
Ырда талбай мейли аксын кылымдар.

Бурганактан улуйт кыштын бороону

Ак сарайын алтын эшик байлардын,
Кембагалдын үйүн чакан короолуу.
Кирип келип буюктуруп ышкырып,
Бурганактап улуйт кыштын бороону.

Бороон, бороон ажал мисал калыссың,
Чарчоо билбес ыкшоолуктан алыссың.
Ыргагында ырлар жазып кусалуу,
Пушкин тапкан сенден жүрөк дарысын.

Бурганактап элеп жаайт аппак кар,
Алп мезгилдин кучагында сан жылдар.
Ушул жааган аппак кардай бир ирет,
Бир жылт этип өттү канча тагдырлар.

Дүйнө кезип бороон коштоп сызгым бар,
Шумдукка бай калааларды түтүндүү.
Көр пенделер көр дүйнөгө кул болду,
Арып-карып мен эмнени бүтүрдүм?

Муңун козгоп куса толгон жүрөктүн,
Бурганактап улуйт кыштын бороону.
Ушул кардай бир учкундап жок болгон,
Кездерди эстеп тиктейм кышкы короону...

www.bizdin.kg

Ишенбек ЖУНУШЕВ

1938-жылы Ысык-Көл районундагы Темир айылынын Кашат чөлкөмүндө төрөлгөн. Эмгек жолун 1958-жылдан тарта, Ысык-Көл райондук «Колхоз турмушу» газетасында баштаган. Кийин «Коммунизм таңы», «Ысык-Көл правдасы» газеталарында адабий кызматкер, бөлүм башчы, жооптуу катчы, редактордун орун басары кызматтарын аткарган.

Азыр Ысык-Көл райондук «Ысык-Көл баяны» газетасынын редактору.

1970-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетин бүтүрүп, журналист кесибине ээ болгон. СССР Журналисттер союзунун жана Кыргыз Республикасынын Журналисттер союзунун мүчөсү.

«Реформаторчу Асангүл» жана «Садыр аке» аттуу китептердин автору.

Проза

АЧЫЛБАГАН СЫР

(Аңгеме)

Аркайган чокулары асман мелжиген тоолордун койнундагы жыландай ийри-муйру чубалжыган жолдо жеңил машина сапар чегип, алга зыпылдайт. Машинанын арткы отургучундагы экөөнүн сөзү чар-жайыт, баш-аягы жок. «Ак молдонун» таасириби, айтор, бажакташып, чечекейлери чеч. Чолуп айтышкан сөздөрүнүн маанисин түшүнүп болбойт. Кызууланып, кептен тажап коё турган түрлөрү жок.

Алардын сөздөрүн Касым гана этибар албай терезеден сыртты ойлуу карайт. Санаасы санга бөлүнүп, тынчсызданат. Ичкени ириң, жегени желим. Убакыт алга шашкан сайын, айлана күүгүмдөнө түн пардасын тартат. Коюу караңгылык кучагына теребелди жутуп баратты. Тоо арасындагы кыштактар бүлбүлдөп, ар кайсы жерде жылдызданган жарыктар жарыша артта калат. Бойлоруна ичкилик тарап, акыры магдыратты көрүнөт, бакылдашканы басаңдап калды тигилердин.

– Капырай, эрте чыгалы дешсе көшөлүп коюшпадыбы? – Касым ички бугун чыртка чыгара эс ала түштү. Кайрадан бүлбүлдөгөн мунарык тоолорго тигилет. Тоолор... тоолор чөккөн нардай биринен бири созулуп, баштарын жөлөшкөн сымак сүрдүү. Ылдамдык

www.bizdin.kg

көрсөткүчтүн жебеси калкылдап бирде сексенди, бирде жүздү көрсөтөт. Ага көңүл бурган жалгыз гана айдоочу. Зыпылдай шуулдаган дооштон башка эч нерсе сезилбейт.

– Эрте чыксак болмок, жол алыс болгон соң. Чоочун жердин ой-чуңкуру да көп эмеспи. Экинчиден, кудалардын кыял-жоругун билбесек, – деп, Касым чыдабай оюн бөлүшкүсү келди айдоочу менен.

– «Шашкан шайтандын иши» деген. Аман-эсен жеткенибиз олжо. – Айдоочу ары токтоо, ары жай кобурады.

– Өлүмдөн башкасынын эртеси жакшы. Тиги экөөнүн коңурук тартышы паровоздой күшүлдөшөт го, – деп, башка жакка бургусу келди сөздү Касым.

– Жеткенче эс алышат, күлдөп алышсын. Күндө эле той болуп жатты беле? Ич тардык кылбай, пейилди кең салалы.

– Каршылык жок. Кудаларга уят болбосок деген ниет.

– Кудаларыңыз кандай болду экен? Чоо-жайын уккан чыгарсыз?

– Жок, уккан эмесмин. Чоочун элдин сырын, тамырын тартуу кыйын. Жүрөгүм ошондон чочуйт. Чийки май жегенсип.

– Жөнү жок кейий бербеңиз, Касыке.

– Сен уктуң беле, шумдукту?

– Ал эмне деген шумдук? – Айдоочу кайра соболдоду.

– Уккан жоксуңбу Акматтын жоругун?

– Кайсы Акмат?

– Тиги Сатыбалдынын карөзгөй уулучу.

– И, аны эл карөзгөй дешет. Чын эле ошондойбу?

– Ким билсин? Жанагы Чүйгө кеткен кызынын ачуу басар саламдашуусу келгенде Акмат карөзгөйлүк менен кудасын бир жума убаралантып, кабыл албай коюптур.

– Өзү илимдүү-билимдүү, эстүү-баштуу болуп туруппу?

– Кеп ошондо болуп жатпайбы.

– Анан эмне болду?

– Кудалары бир жума бою ар кайсы үйгө түнөп, акыры тажашат. Кудасы ак сакалын жайкалткан салабаттуу карыя экен. Сабырлуу, кеменгер карыя болсо керек, баласынын чекилик иш кылганына кайыл болуп, уулкелиним бактылуу болсун, укум-тукуму өссүн. Ал эми булардын эшик-төрүн желкемдин чуңкуру көрсүн, – деп тескери батасын берген экен.

– Уланта бериңиз, кулак сизде Касыке.

– Ошол кудасы, Акматтын кызынын кабыл албаган кайнатасы каза болуп, жаназасына өзү барбай, аялы Күлүм, тун уулу Бекиш, күйөө баласы Керим барышат. Сөөктү коюп, кайра тартышкандан кийин жолдо авария болушуп, үчөө тең курман болот. Ушундан көп узабай Акмат өзү өлөт. Жыл айланбай артында калган Уланбеги автокырсыктан жарык дүйнөдөн кетет. Ошентип, кудасы Акматтын эшик-төрүн көргөн эмес экен.

www.bizdin.kg

– Сиз да сакалыңыз жайкалган кадырман карыясыз. Сөзүңүз эки болбойт, дегениңиз деген, айтканыңыз айткан. Эгер кудаңыз Акматтай кабыл албаса каргайын деген ниетиңиз бар го?

– Жок, кой, андай суук сөзүңдү. Кудай анын бетин ары кылсын. Келиним түзүк, жакшы жердин кызы экенинен кабар берет. Шагыбыз сынбайт деп ойлойм. Бирок жүрөгүм эле лакылдайт. Ошондон чочуйм... Тежиктенсе түн катып кете берем, атыбыз алдыда дегендей. – Касым бу сапар чечкиндүү айтты.

– Төлгөбүз жакшы, убара болбойбуз.

– Ошондой эле болсун, оозуңа май. Ушу, сол көзүмдүн тартканы эмнеси? Деги агыны катуу суу менен, куюну катуу бороон менен кет. Түфтүфү, – деп, Касым түкүрүп, ырымдамыш болду.

Машинанын жаркыраган жарыгы абдан күчтүү болсо да коюу караңгыны сүрө албады. Жолдун нугу араң көрүнөт. Чоочун жердин өңгүлдөңгүлү машинадагыларды суу үстүндөгү чамындыдай экчейт. Сурамжылап отуруп, машина Темирдин короосунун алдына келип токтоду. Дарбаза акырын кагылды. Төртөө чочугандай дабыш тыңшашат. Ичкериден:

– Ким-ой, эшик ачык, кире бер, – деген үн чыкты.

– Биз эле, – дешти беркилер.

– Алыстан го, чоочун кишилер окшойт. Өзүң чыксаң боло, – деди үйдөн Темирдин аялы Алтын.

– Бу ким, кире бербейсиңерби? – Темир дарбазага утурлады. Ал жакындаганда, беркилер жарыша:

– Кулдугубуз бар, – дешти жабыла.

– Кулдугуңуздар Кудайга. – Темир айтарын айтып алып, кайра: – Не деп жатасыздар? – деди.

– Кулдугубуз бар. Мал-жаныбыз тартуу. Аселиңиз бизге бүлө болду. – Касым эки колун бооруна ала жүгүнө туруп калды. Калган үчөө да Касымды туурады.

– Ой, Алтын, бас бери. Булар не дейт? Кызың сага айткан жок беле?

– Эмне дейсиң? Эмнени айтмак эле? Деги тынччылыкпы? – Алтын энтиге жете келди.

– Тынччылыкпы-мынччылыкпы деп коёт. Кызың күйөөгө кетем деп айткан жок беле? Анткорлонбой ачыгын айт? – Темир ачуулуу бир тийди.

– Кайдан билем. Шаарда окуп жүрсө, мага кеңеше коёбу? Андан көрө кудаларды киргизбейсиңби, байболгур?

– Кулдугубуз бар, кудагый, – дешти кудалар жарыша.

– Эмне селейесиң. Эмне болду, сага? Дениң сообу? – Алтын Темирдин этегинен тартты.

– Аксакал, Аселимдин дубай саламы бардыр?

– Бар эмей, мынаңыз. – Касым төрт бүктөм кагазды кудасынын колуна карматты. Темир сол колу менен жүрөгүн баса ичкери кирип кетти. Үн

www.bizdin.kg

жок, сөз жок. Алтын чебелектеп дарбазаны ача албай убара. Кыйладан кийин Темир келип:

– Кечирип коюңуздар айланайын кудалар? Аселимдин өз колу менен жазылыптыр. Барган жерден бак айтсын! Эй, Алтын бүжүрөбөй балдарды жүгүрт ага-туугандарга. Кана, кудалар кириңиздер. Капыстан келген кабарга жүрөгүм сайгылашып, үшүмдү албадыбы. – Темир жүрөгүн баса демигет.

Заматта Темирдин короосу отур-топурга айланды. Самоорлор шарактап, бака-шака.

Касым бекеринен чочулаган экен. Кудасы мындай мээримдүү кучак жая тосуп аларын күтпөгөн. Бардыгы жайдары, күлкү-шаң сайран курду. Жолдо уйку-соонун ортосунда келген экөө ак молдого кирери менен шылкыя түшүштү. Касым ууртап-татып олтурду. Темир жүрөк оорусуна карап кыл кыркпады. Ага-туугандары стаканды аппак ичишип, дуулап жатышты.

Касымдын жарпы жазылды, дидарлашып өткөн-кеткенден кеп козгошту Темир экөө.

– Ээ, Темике, кудай кошкон куда болот деген ушул. Кыздан айлансак болот, алысты жакын кылып, тааныбаганды тааныштырып. Илгеркилердин: «Ашты таттуу кылган туз, алысты жакын кылган кыз» дешкени калетсиз белем! Айтса, менин да кайын журтум ушул тараптан.

– Кайсы жерлик, Касыке?

– Тору-Айгырдан. Уруусу аңылдак дешет ко.

– Кайын журтуңуздан кимдер бар?

– Кайнатамдын көзү небак өтүптүр. Аты – Байгазы. Аялым жалгыз экен, эркектен да, кыздан да. Байбичемдин аты – Сүйкө. Белдүү, алымберимдүү болушуптур кезегинде. Өтө жакындары жок, сейрек каттайбыз.

– Кайнатаңызды Байгазы дейсизби? Кудагыйдын аты Сүйкө дедиңизби?

– Ооба. Тааныйсыз го?

– Жок, тааныш эмес. – Темирди ой чырмады. «Сүйкө» деген ысым кандайдыр жүрөгүнө жылуулук аралап, бетине кан тээп, денеси нымшып балкыды. «Чын эле Сүйкөнүн өзүбү? Же уйкаш атпы?» деген ой көөдөнүн бийлеп алды...

❊ ❊ ❊

Сүйкөнүн элеси көз алдына бүлбүлдөп тартыла берди. Улам жаркын жүзү балбылдап дапдаана көрүнө баштады. Кызгылтым гүлдүү көйнөгү, кымча белине куюп койгондой жарашкан саймалуу кемсели, боорун топчулабай ачык койгон, бүчүлүктөрүнүн жылчыктары, көөдөндөгү көйнөктүн өрүсүн тиреп тисирейип, алмадай томпойгон эки эмчеги

www.bizdin.kg

кыздын сынын көркүнө чыгарып, келишимдүү сулуулукту тартуулап тургансыйт. Кагелес бою, айдай бетиндеги майда темгил чаары, сүйлөсө тамагынын аппак тунугуна жарашып бүлкүлдөшү ичке, узун моюнуна куюп койгондой сүйкүмдүү. Жоодураган кой көздөрү балбылдап жанып, койкойгон мурдуна кынап койгонсуп майда чыбырчыктап тер басканы, жука эриндери, күрүчтөй аппак тиштери эптештирип тизгендей. Жылаажындай назик үнү «Темике» дегенсип, чийдей капкара каштары серпиле, тикирейген кирпиктери тике кадалгансыйт. Балтырын жаба салган манаттай узун, көөдөй кара чачы кундуздай жылтылдайт. Элеси улам-улам тартылып, бүт ажары ачылып жылмайып, жумшак кебездей алаканы Темирдин чачын сылап, салаалары тарап жаткандай туюлду. Денесин калтырак баскансып титиреп, тер чыпылдап чыкты. Жондон кара тер акты. Сүйкө, Сүйкө деген сайын жүрөгү кыйноого батат, шалдырайт... Денеси жансыз муздайт... «Чын эле Сүйкөнүн өзүбү? Башка болуп калса экен. Уйкаш ат болсо атаганат». Темир түш көрүп жаткандай дендароо, айланадагыларды сезбей тунжуроодо...

«Темир! Катыңды алдым. Жоокерлик кызматыңды ден соолукта өтөй бер! Андан соң Маскөөдөн окуйм деген үмүтүң ишке ашсын. Тилегиңе жет. Өмүрүндө кор болбо. Мындан ары менден кат күтпө? Экөөбүздүн ортобуздагы ысыктыктын жалыны өчтү, ойлонбой кылган жоруктун эсеби табылды. Аны унут! Өткөндөрдү түш сымак жоруп кой. Бардыгы жеңил ойлуулуктан, чечкинсиздиктен болуптур, эми ой жүгүртүп көрсөм. Мен өз теңимди таптым. Ичимдеги «кызыл эт» эми ага таандык. Сенин каныңы эмес. Сен да ошондой деп чечип кой. Сени ал туурасында күнөөлөй албайм. Мында да мен тарапта чекилик бар. Менин алсыздыгымдан пайдаланып кетипсиң. Күнөөлөбөйм! Өкүнгөн менен эми не пайда? Кеч болуп калды. Бардык иш өз каалоом боюнча жасалды. Мени унут!? Ортодогу «ысыктыкты» жалындатчу данакерди да унут. Эми сеники эмес дебедимби. Оор алба, суранам?

Эмки теңим мени сыйлап, урматтап аларына толук көзүм жетти. Анткени менден мурда үчөөнү келген жолуна салыптыр, туяктын айынан. Эстүү, акылдуу, токтоо, кагылып-согулган неме көрүнөт. Менин абалымды көрүп боор оорудубу, ким билсин, өзүмдүкү, өзүмдүн каныман жаралган деп кабыл алам деп касам ичсе жанына адам чыдап тура албайт. «Бирөө кечерге кечүү таппай жүрсө, бирөө ичерге суу таппай жүрөт» деген оомалуу-төкмөлүү заман тура, Темике.

Мага бут тоспо? Тынчымды алба? Жайыма кой! Кат-патыңды жазып убара болбо? Мени түбөлүккө унут! Кош, сенден акыркы жолу, жүрөгүмдү мыкчый суранам. Унут мени, тынчымды алба? Жазыксыз «кызыл этти» да унут! Ал туурасында оюңа да келбесин! Кош, Сүйкө».

Ушул кат эң акыркысы эле. Темирдин мээсине кыт куйгандай уюп калган. Азыр да кайталанды. Чын эле менин каныман жаралган немеби? Анда

www.bizdin.kg

эмне кылам? Кантип жашоого болот? Өлүм, өлүм... Оолда шордуу башым ай! Бешенеме жазган жазууң ушундай беле, Жараткан?» Темирдин каны көөп чыкты. Чымыркана тиштенип, сабырдуулук менен үлпөттү күттү.

✻ ✻ ✻

Үлпөткө келгендердин аягы тыйылган жок. Музыка ойноп, ыр-күү жаңырат. Тойго Темирлер гана кечигип жатты. Касымдар улам сыртка чыгып зарыгып күтүшөт. Меймандар орундарына жайгашкан маалда Темирлер келгени билинди. Аларды Асел тосуп чыкты. Ары жактан Касым менен Сүйкөлөр көрүндү. Темирдин денесин калтырак басып, бүдөмүк ою ачыкка чыкчудай сезилди. Көргөн көзүн ала качты, көңүлү караңгылап ымыр-чымыр, башы тегерене түштү.

– Сен Сүйкөсүңбү? – деп, араң суроого батынды.

– Ооба, Темир.

– Оо, шордуу башым, кара көзүм кашайган тура. Уулчу... Меникиби?

– Ооба, болгондо да... сенин... – Андан аркы сөздөрүн уккан жок.

– Оо, Жараткан кара таштай катыр мени. Тозогуңа сал, тирүүлөй жалма... Оо, шордуу башым... – Темир башын мыкчып темтеңдеп, шамал соккон камгактай теңселе жыгылчудай ооп баратты. Жардангандар жөлөп, таяп калышты. Өңүнөн каны качып, селейгени менен мурдунан кан түтөктөдү...

– Кечир мени, – деп Сүйкө да ачуу кыйкырып алды да, бет алган жагына баса берди. Анын артынан Касым баратты.

Меймандар гана эмес, бул сыр Алтынга да, Аселге да, Касымдын уулуна да табышмак бойдон калды. Ачылбаган сырдын түйүнүн бир Сүйкө менен Касым билет. Той кара тумоого айланды. Темир жөнүгө албай, тилден калды.

«Тукумдуу, туяктуу болом деп Кудайдан тилеп алганым ушулбу? Өз денемен сызылып чыкпагандан кийин ушул ишке не бардым экен?» – деп Касым жалынсыз өрттөнөт...

Эми эле шаңдуу музыка бийлеген жай тунжурап, муңдун илеби ар бирин каптап бараткансыды...

www.bizdin.kg

Сандан санга

МОНГОЛДОРДУН КУПУЯ ТАРЫХЫ

(Уландысы, башы өткөн санда)

90. Бир күнү Белгүтей кула чобурду минип, суурга аңчылыкка кеткен эле. Үйдүн тегерегинде жайылып жүргөн сегиз чобурду каракчылар уурдап кетти. Үйдөгүлөр болсо, алардын артынан кууп жетише алган жок. Күн бата бергенде Белгүтей кармаган суурларын кула чобурга артып өзү жөө келди. Сегиз чобурду уурдап кеткенин уккан Белгүтей:

– Мен барып аттарды алып келейин,– деди. Муну уккан Касар:

– Сенин чамаң жетпейт, мен барайын,– деди. Ошондо Темүрчин:

– Силердин күчүңөр да жетпейт, мен эле барайын!– деди да кула чобурга минип, чөптөргө түшкөн издерди кууп, уурулардын артына түштү. Үчүнчү күнү эртең менен жолдо бээ саап жаткан бир жигитке кезиге кетти да жоголгон аттар жөнүндө сураштырды. Тиги жигит:

– Бүгүн саар маалында, күн чыга электе, сегиз чобурду ушул жерден бирөөлөр айдап өтүп кетти. Сага жолдош болуп издешейин,– деди да Темүрчин минген кула чолокту коё бергизип, жакшы бир кызыл атка мингизип, үйүндөгү атасына да билдирбей көнөктүн оозун бекитпей чөптүн арасына катып коюп, өзү кула байгеге минип:

– Нөкөр, көп кыйналып кетипсиң, эр жигиттин башына далай кыйынчылык түшө берет, мен сага жолдош болуп аттарыңды издешейин. Атамдын аты Наку Баян, мен анын жалгыз уулу болом, атым Богорчу!– деп таанышты ргандан кийин издин артына түшүп жүрүп кетишти. Үчүнчү күнү кечинде бир күрөгө (айылга) келгенде айыл четинде оттоп турган сегиз чобурду көргөн Темүрчин:

– Нөкөр, сен ушул жерде күтө тур, мен барып аттарымды айдап келейин,– деди Богорчуга. Богорчу:

www.bizdin.kg

– Сага жолдош болуп келсем, бул жерде эмнеге калмак элем,– деди да аттын оозун коё берип тиги сегиз чобурду айдаша кетти.

91. Күрөдөгүлөр (уурунун айылы) тигилердин аттарды айдап кеткенин көрүп артынан куушту. Булардын арасында боз ат минген колунда укуругу бар бирөө топтон узап чыгып, Темүрчиндерге жетейин деп калганда, Богорчу Темүрчинге:

– Нөкөр, жааңды бер, мен алар менен атышайын, – деди. Темүрчин:

– Мен үчүн зыянга учурап жүрбө, өзүм атышайын!– деп артына бурулуп тигилер менен атыша баштады. Боз атчан жаңкы киши даабай токтоп калды. Калгандары да анын жанына топтоло түштү. Бул учурда күн батып караңгы түшө баштаган, тигилер артына чегинип, көздөн кайым болушту.

92. Темүрчин менен Богорчу аттарды айдап күнү-түнү үч күн жол жүрүп, Наку Баяндын үйүнө жакындаганда Темүрчин:

– Нөкөр, сен болбосоң бул аттарды издеп кайсы жерлерде жүрмөкмүн. Ошон үчүн бул аттарды бөлүп алалы, канчасын сага калтырайын?– деди.

– Сен миң бир азап-тозок менен бул жерге жеттиң,– деди Богорчу,– дос катары жардам кылып издешип бергениме сенден бирдеме үмүт этсем болмок беле? Атам атактуу Накубай, анын үстүнө мен анын жалгыз уулумун, атам жыйган мал-дүйнө мага жетип, ашат. Аныңдын маа кереги жок. Эгер аттарыңан үмүт этсем, сага кылган жардамымдын пайдасы кайсы? Албайм!

93. Булар Наку Баяндын үйүнө келгенде, Наку Баян уулу Богорчуну жоголуп кетти деп ыйлап отурушкан экен. Баласынын жерден өнүп чыккансып жетип келгенине көзүнөн жашын куюлтуп туруп уулун айыптай баштады. Богорчу:

– Ата, бул эмне кылганың? Бул досум нече күндөн бери аттарын издеп жүргөн экен, аны менен кошо издешип бердим. Мына эми сак-саламат кайра келбедимби! – деди да чөптөрдүн арасына катып койгон кымызы бар көнөктөрдү алып келди. Наку Баян тел эмген козусун союп бышырып, эттерин чаначка толтуруп жол даярдыгын кылып болгондон кийин:

– Экөөңөр бири-бириңерге дос болуп өткүлө. Кийинки күндөрдө да бир бириңерди таштап кетүүчү болбогула!– деп Темүрчинди жолуна салды. Темүрчин аттарын айдап күнү-түнү үч күн жүргөндөн кийин Сеңгүр дарыясынын боюндагы үйүнө келди. Энеси Өлүн Ужин менен иниси Касар эмне кылаарын билбей отурушкан. Алар Темүрчиндин кайра келгенин көрүп, абдан кубанып калышты.

94. Темүрчин тогуз жашында гана көргөн Дей Сечендин кызы Бөрте Ужинди көрүү үчүн Белгүтейди ээрчитип, Керүлен дарыясын

www.bizdin.kg

бойлоп, аларды издеп жолго чыкты. Ошол учурда Дей Сечен жана коңгурат уруусу Чекчер, Чыкургу деген эки тоонун аралыгында эле. Дей Сечен Темүрчиндин келгенин көрүп кубанганынан:

– Тайчыгут туугандарыңдын сага өчтүк кылып жатканын угуп сенден кабатырланып жүрдүм эле, мына эми дидарыңды көрүп көңүлүм ордуна түштү!– деп, кызы Бөрте Ужинди Темүрчинге кошуп койду. Ата-энеси кызын узатып кошо жолго чыгышты. Дей Сечен Керүлен дарыясынын Ураг-Чөл деген жерине келгенде коштошуп кайра кетти. Аялы Бөрте Ужиндин энеси Шотан кызын Гүрелгү тоосунун түбүндөгү Сеңгүр дарыясынын боюна чейин узатып келди.

95. Шотан кайтып кеткенден кийин, Темүрчин Белгүтейди Богорчуну нокерликке чакырып келүүгө жиберди. Белгүтей Богорчуга барып, Темүрчиндин сөзүн угузгандан кийин Богорчу атасына да айтпастан атына минип токулма көк чапанын канжыгага байланып Белгүтей менен жолго чыкты. Мына бул анын Темүрчинге өмүрлүк дос болуп калуусунун башталышы эле.

96. Темүрчин Сеңгүр дарыясы боюнан Керүлен дарыясынын башындагы Бурки колтугуна келип жайгашты. Бөрте Ужиндин энеси Шотан кызын узатууда ага кара булгун терисинен тигилген ичикти кайната, кайненеси менен көрүшкөндө белек кылып бер, – деп берген эле Темүрчин:

– Керейлердин Ваң Ханын хан атам андам (антташкан дос) деп оозунан түшүргөн эмес. Биз аны ата катары издеп баралы,– деп, кара булгун ичикти алып иниси Касар, Белгүтейлер менен Тула дарыясынын Каратүн деген жеринде жашап жаткан Ваң Хандын алдына келди. Аны менен учурашкандан кийин, Темүрчин:

– Атам тирүү кезинде сиз менен анда болуп өткөн экен. Биз сизди ата ордунда көрүп издеп келдик. Азыр үйлөнүп-жайландым. Аялым биздин үйдөгүлөргө кийгизген мынабу кара булгун ичикти сизге жабайын деп алып келдим,– деп, кара булгун ичикти анын ийнине жапты. Өтө кубанычка бөлөнгөн Ваң Хан:

– Кара булгун ичиктин бодоосуна,
Тарап кеткен тобунду жыйнап берейин.
Кара булгун ичиктин бодоосуна,
Тозуп кеткен элинди чогултуп берейин.
Сен мага берген белекти,
Эсиме бекем сактайын,
Жана, көңүлүмө түйүп коёюн! – деди.

97. Темүрчин Ваң Хан менен коштошуп, Бүрки дарыясына келгенден кийин урияңкалардын төмүрчи чал Жарчыгутай көөрүгүн көтөрүп, Желме деген баласын ээрчитип, Бурхан Халдун тоосунан келди. Ал Темүрчинге:

www.bizdin.kg

– Сен Онон дарыясынын Делигүн Булдаг деген жеринде туулганыңда үстүңө булгун жалаяк жапкан элем. Мына бул Желме уулумду да силерге бермек болгом. Бирок ал кезде уулум кичине болгону үчүн кайра алып кеткем. Мына эми чоңойду, мындан ары атыңды токуп, босогоңдо кызматта болсун!– деп, баласын тапшырды.

98. Булар Керүлен дарыясынын башындагы Бүрки Эргиде тынч жашап жатышты. Бир күнү таң саарда Өлүн Ужиндин үй кызматкери Гуагчин кемпир ордунан ыргып туруп:

– Эжеке, тез туруңуз! Аттардын дүбүртү угулуп жатат. Балекет баскан тайчыгуттар келе жаткан окшойт. Тез болуңуз, – деп, Өлүн Ужинди ойготту.

99. – Балдарды тезирээк ойготкула!– деп, шапа-шуп ордунан турду Өлүн Ужин. Артынан эле Темүрчиндер турушуп, аттарына чуркашты. Темүрчин бир атка, Өлүн Ужин бир атка, Касар бир атка, Качгун бир атка, Темүге Отчигин бир атка, Белгүтей бир атка, Богорчу бир атка, Желме бир атка минди. Өлүн Ужин Темүлүндү өңөрүп коштоого ат алгындыктан Бөрте Ужинге ат жетишпей калды.

100. Темүрчиндер Бурхан Халдун тоосун көздөй качышты. Гуагчин кемпир Бөрте Ужинди жашырып калуу үчүн ала өгүз кошулган кара чүмбөттүү арабага отургузду да, Төңгелик дарыясын өрдөп жолго түштү. Таң атайын дегенде алдыларынын аттарын чаап келаткан чериктер Гуагчинди көрүп калды. Алар жакындап келип:

– Эмне кишисиң?– деп сурашты Гуагчин кемпирден.

– Темүрчиндердин үй кызматкеримин, кожоюнумдун үйүнө кой кыркканы баргам, азыр кайра кетип баратам, – деди Гуагчин кемпир.

– Темүчин үйүндөбү? Үйү кай жерде?– деп сурады чериктер.

– Үйү алыс эмес, бирок Темүрчин үйүндөбү-жокпу, билбейм. Мен үйдүн аркасындагы жеринен келдим, – деди Гуагчин кемпир.

101. Чериктер аттарын чапкылап кетип калышты. Гуагчин кемпир ала өгүздү сабап эми жүрөйүн дегенде арабанын огу сынып түштү. Аны оңдоп алууга көзү жетпеген Гугчин кемпир:

– Токой жакка качалы!– деп турганында жаңкы чериктер Белгүтейдин энесин буту-колун саландатып атка арта салып жетип келишти да, Гуагчин кемпирден:

– Арабаңда эмне бар?– деп сурашты.

– Койдун жүнү,– деди Гуагчин кемпир. Чериктердин ичиндеги чоңураак бирөө:

– Инилерим, балдарым, аттан түшүп карап көргүлөчү, – деп буюрду. Аттарынан түшүп кара чүмбөттүү арабанын пардасын ачып, анын ичинде сулуу бир аялдын отурганын көргөн чериктер аны арабадан сүйрөп түшүрүп, Гуагчин кемпир менен бир атка мингизип койду

www.bizdin.kg

да, Темүрчинди издөө үчүн чөптөр арасындагы туяк издерин кууп Бурхан Халдун тоосун көздөй бет алышты.

102. Булар Бурхан Халдун тоосун үч айланып, Темүрчиндерди табалган жок. Тегеректин баары саз, ит тумшугу өтө алгыс чер токой, тигилер ар канча кылса да ичкерилеп кире алган жок. Булар угут меркиттеринен Токтога, увас меркиттеринен Дайыр Усун, кагат меркиттеринен Кагатай деген үч меркит болчу. Алар илгерки Йеке Чиледудан Йесүкей Өлүн Ужинди тартып кеткендиги үчүн өч алууну көздөп келгендер эле.

Алар:

– Өлүндүн өчүн алуу үчүн бир аялын олжого түшүрүп алдык, – дешип, Бурхан Халдун тоосунан кайра кетишти.

103. Меркиттердин кеткен-кетпегенин, же бир жерде жашырынып жатканын билүү үчүн Темүрчин Белгүтей, Богорчу жана Желме үчөөнү жиберди. Булар меркиттердин артынан үч күн кууп, алардын чыны менен кетип калганын аныктагандан кийин Темүрчин Бурхан Халдун тоосунан түшүп, көкүрөгүн керип туруп:

Гуагчын эне,
Кулагың сезгич экен,
Сасык күзөндөй,
Көздөрүң курч экен.
Арыс чычкандай,
Бизге кабар берген элең,
Жанымды коргоп качтым,
Атты тушоодон чечип минип,
Бугулардын жолун бойлоп жүрдүм.
Калың черди пааналадым,
Өзүмдү Бурхан тоосуна урдум.
Сен Бурхан, менин чымындай алсыз жанымды,
Аман сактап калдың.
Жанымды коргоп,
Жалгыз атымды минип,
Кандагай изин бойлоп жүрдүм,
Бак-шактарды далдаа кылдым,
Өзүмдү Бурхан тоосуна урдум.
Аман алып калдың Бурхан,
Чиркейдей алсыз жанымды!
Ичимен аман каламбы – деп
Коркуп турган элем.
Эй, жанымды коргогон Бурхан тоосу,
Ар күнү таң саарда,
Сени эскерип жүгүнөм!

www.bizdin.kg

Укумдан тукумума чейин,
Сага күндө сыйынабыз, Бурхан тоосу!

– деди да курун мойнуна салып, баш кийимин колуна алып ордунан турду. Сыйынуу чырагына кымыз чачып, андан кийин күнгө карап тизелеп отуруп тогуз жолу жүгүндү.

II. АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Саркыт – наазирлик тамак.

Таргутай Кирилтуг – киши аты. *Таргутай* – семиз дегенди билдирет.

Төдөгөн Гирте – киши аты. Баланын кенжеси Гирте деген мааниде.

Бектер – киши аты. Жоокер кие турган чынжыр соот деген мааниде. *Бектер* – баатырлар кийген соот деген мааниде. Бектер менен Белгүтей Йесүкейдин токолунан төрөлгөн балдар.

Сулдус – уруу аты. Тайчыгуттардын ичиндеги бир уруу.

Кадаган – киши аты. Мык деген мааниде.

Көк-Нур – көлдүн аты. Азыркы Чиңхай провинциясында.

Моңголдор суурду *тарбагатан* дешет. Азыркы Тарбагатай аймагы сууру көп болгон соң ошол атка конгон.

Моңголдор укурукту *курук* дешкен.

Керей – моңголдордун бир уруусу. СУАРдагы тыргооттор, Элистадагы калмактардын көбү керей уруусунан.

Бүрки Эрги – жер аты. *Эрги* – колтук, жээк деген мааниде.

Увас – уруу аты. *Увас* – ууч, бир ууч деген мааниде.

Тогуз саны моңголдордо эң касиеттүү сан эсептелген. Ошон үчүн тогуз жолу жүгүнүү өтө урматтоону билдирген. Кыргыздарда да тогуз саны ыйык эсептелген. «Төө баштаган бир тогуз» деген сөз бар.

ҮЧҮНЧҮ БАП

104. Алкыйса, Темүрчин Бурхан Халдун тоосуна сыйынып болгондон кийин, Касар, Белгүтейлер менен акылдашып, Тула (Тугла) дарыясынын боюндагы Каратүн деген жерде олтурушкан Керейлердин Ваң Ханы Тогрулду издеп келишти да ага:

– Үч меркит кокусунан басып кирип катын, бала-чакамды олжолоп кетишти! Хан ата, сизден бала-чакамды куткарып беришиңизди суранып келдим,– деди.

www.bizdin.kg

– Былтыр сага айткандарым эсиңдеби?– деди Ваң Хан Тогрул Темүрчиндин сөзүнөн кийин. Сен: «Атам тирүү кезинде сиз менен антташкан дос болуп өткөн экен. Ошол достугуңар үчүн биз сизди ата ордуна көрүп издеп келдик» – деп, кара булгун ичикти мага жаап койгондо, сага:

– Кара булгун ичиктин бодоосуна,
Тарап кеткен тобуңду жыйнап берейин,
Кара булгун ичиктин бодоосуна,
Тозуп кеткен элиңди чогултуп берейин,
Эсиме бекем сактайын,
Жана көңүлүмө түйөйүн,
Сенин мага берген белегиңди!» –

деген болчумун. Ошол сөзүмө туруп:

– Кара булгун ичиктин бодоосуна,
Меркиттерди талкалап,
Байбичең Бөрте айымды
Жаныңа келтирейин.
Кара булгун ичиктин бодоосуна
Меркиттерди талкалап,
Катының Бөрте айымды,
Колуңа карматайын!

Сен киши жиберип Касарга айтып кой, ал азыр Коркунаг Чүбүрдө, мен эки түмөн черик алып оң канат болуп аттанайын, иним Жамука дагы эки түмөн черик алып сол канат болуп аттансын. Баш кошоор жерибизди, убактысын Жамука белгилесин!

105. Темүрчин, Касар, Белгүтей үчөө Тогрулхан менен коштошуп кайра келген соң, Темүрчин Касар менен Белгүтейди Жамукага жиберди. Алар Жамукага Темүрчиндин айткандарын жеткизишти:

– Үч меркит басып кирип,
Үй жайыбызды талап алышты.
Ант ичишпедик беле,
Өчүбүздү толук алууга.
Үч меркит чабуул коюп,
Жүрөгүмдү, жарымды алып кетишти.
Туугандашып убадалашпадык беле,
Кегибизди бирге алууга!

Ал дагы Касарга мындай деди:

– Ваң Хан Тогрулхан атам Йесүкейдин өз кезиндеги кылган жакшылыктарына кайрым кылуу үчүн сизге жардамга келмек болду,– деп, керейлердин Ваң Ханынын сөзүн жеткизишти. Ал мындай деген: «Мен оң канат болуп эки түмөн черик чыгарып аттанайын, Жамукага айтып койгула, ал дагы эки түмөн черик менен сол ка-

www.bizdin.kg

нат болуп аттансын. Баш кошоор жайды жана убактысын Жамука белгилесин деп айтты», – деди.

Булардын сөзүн уккан Жамука:

– Эзелки досум Темүрчин,
Мекениңдин жайраганын угуп,
Жүрөк-боорум эзилди,
Назик жарыңды алып кеткенин угуп,
Жүрөк-боорум эзилди.
Өчүбүздү албай койбойбуз,
Удуйт жана Увас меркиттерин,
Тукумун туздай курутуп,
Бөрте айымды куткарып алабыз!
Кегибизди албай тынбайбыз!
Кагат меркиттин, насилин такыр жоюп,
Бөрте айымды куткарабыз!
Токумдарыбызды камчылаганыбызды угуп,
Чайкаш добулбасы кагылды – деп,
Бугра Кегерде,
Жашап жаткан Токтуга,
Коркуп жүрөгү кабынан чыгаар,
Зуулдаган жебелерди көрүп,
Орхон, Селенге,
Аралыгындагы Талкун аралда,
Жайлоолоп жүргөн Дайыр Усун,
Коркуп тамтырап калсын,
Камгактын шылдыраганын угуп,
Карачы Кегер кара токоюнда,
Жашырынып жаткан Кагатай Дармала,
Чочуп энтигээр!

Азыр биз Килгу дарыясын кечип өтөлү, дарыя боюндагы сакал чөп бар да, ошондон сал жасап дарыядан өтөлү.

Коркуп чочулаган Токтуганын
Түндүгүнөн түшкөнсүп басып калалы.
Боз үйлөрүнүн уук, керегесин талкалайлы,
Катын, балдарын талап алалы.
Боз үйлөрүнүн куттуу босоголорун талкалап,
Эл-журтун айдап кетели!

106. – Темүрчин андам менен Тогрул агама мына бул сөздөрүмдү айтып койгула, – деди Жамука:

– Айбаттуу туубузга назир кылып,
Бука териси капталган добулду күрс-күрс кагып,
Кара тулпарды минип,

www.bizdin.kg

Мыкты соттордон кийип,
Катуу найза, учтуу жебелерди алып,
Кагат меркиттин,
Баарын кырып таштоого бекидим.
Касиеттүү туубузга назир кылып,
Өгүз териси капталган добулду
Күрс-күрс кагып,
Кара дулдулду минип,
Тери куякты кийип,
Өткүр кылыч, учтуу октурду алып,
Удуйт меркитин,
Бирин калтырбай кырууга бекидим!

– Тогрул агам чериктери менен Бурхан Халдун тоосунун күңгөйүн ала жүрүп, Темүрчин андамдын айылы аркылуу келсин, – деди Жамука тигилерге, дагы: – Биз Онон дарыясынын башындагы Ботоган Богоржи деген жерде баш кошолу. Мен ушул жерден аттанам. Онон дарыясын өрдөп, Темүрчин андамдын элинен бир түмөн черик чогултуп, өзүм бир түмөн черик алып, бардыгы эки түмөн черик менен Онон дарыясын өрдөп барып,Ботган Богоржыда баш кошолу!

107. Касар менен Белгүтей кайтып келгенден кийин Жамуканын сөзүн Темүрчин менен Тогрулханга жеткизди. Тогрулхан Жамуканын сөздөрүн уккандан кийин эки түмөн черигин баштап, Бурхан Халдун тоосунун күңгөй жагындагы Керүлен дарыясынын Бүрки колтугуна карап аттанды. Темүрчиндер да Бүрки колтугунда болчу. Тогрулхандын кошун алып келе жаткандыгын уккан Темүрчин айылын иретке келтирип, жол бошотуп, Төңгелик дарыясын өрдөп, Бурхан Халдун тоосунун күңгөй жагындагы Тана деген кичине дарыянын боюна келип кош тикти. Анан, чериктерин баштап жолго чыкты. Тогрулхандын бир түмөн чериги, анын иниси Жака Гамбунун бир түмөн чериги болуп бардыгы эки түмөн черик Кимурга дарыясынын Айыл Карагана деген жерине келип, жайгашып жатканда Темүрчиндер да келип, алар менен учурашты.

108. Темүрчин, Тогрулхан, Жака Гамбулар учурашкандан кийин ошол жерден бирдикте жолго түшүштү. Онон дарыясынын башындагы Ботоган Богоржи деген жерине келгенде Жамука ушул эле жерде аларды күтүп турганына үч күн болгон. Темүрчин, Тогрулхан, Жака Гамбунун келатканын көргөн Жамука эки түмөн черигин сапка тургузуп, тигилерди тосуп алды. Темүрчин, Тогрулхан, Жака Гамбулар да чериктерин сапка тизип кошулушкандан кийин Жамука:

Бороон чапкын болсо да,
Бар деген жерге барабыз.
Жаан-чачын төгүп турса да,

www.bizdin.kg

Элдин артында калбай,
Чогулууга барабыз! –

деп убадалашпадык беле?– деди тигилерге иренжигенсип: – Биз, моңголдор убаданы ант деп билген эл эмес белек. Илгери: «Убадасында турбагандарды саптан чыгарып таштайбыз!» – дебедик беле.

– Убадалашкан жерге үч күн кечигип келдик, иним Жамука кандай айыптайм десең туура болот,– деп, күнөөсүн мойнуна алды Тогрулхан.

109. Булар Ботгон Богоржиден аттанып, Килго дарыясынын жээгине жетип келишти. Сал жасап дарыядан өтүшүп, Бугра Кегердеги Токтога бектин үйүнө түндүктөн түшкөндөй эле басып кирип барышат.

Боз үйлөрүнүн уук, керегесин талкалашты,
Катын-балдарын талап алышты.
Үйлөрүнүн куттуу босогосун талкалашты,
Эл-журтун байлап алып кетишти.

Булар Токтога бекти кызуу уйкуда жатканда басып калмак болгон. Бирок Килго дарыясынын жээктеринде жүргөн балыкчылар, киш кармоочулар тигилердин басып келе жатканын көрүшүп түн ичинде кызуу уйкуда жаткан Токтога бекке: «Душмандар келип калды!» – деп кабар жеткизгендиктен Токтога бек Увас Меркиттерден Дайыр Усунду жанына алып бир нече кишиси менен Селенге дарыясын бойлоп Баркужинге качып кетишти.

110. Меркиттер талкалангандан кийин Селенге дарыясын бойлоп качышты.

Чериктерибиз алакташып качып бараткан меркиттерди артынан кууп жүрүп кармашты. Темүрчин кымкуут элдин ичинен: «Бөрте! Бөрте!» – деп кыйкырып издеп жүргөндө тымтыракайы чыккан элдин ичинен Темүрчиндин үнүн таанып Бөрте Ужин арабадан секирип түшүп, Гуагжин кемпирди жетелеп үн чыккан жакка жүгүрдү. Караңгы болсо да Темүрчин минген атты тааныган Бөрте Ужин менен Гуагжин кемпир чуркаган бойдон барып, Темүрчиндин чылбырына асылышты. Ай жарык эле. Бөрте Ужинди тааныган Темүрчин дароо аттан түшүп, аны бооруна басып кучактап калды. Темүрчин ошол түнү киши жиберип: «Издеген кишимди таптым! Түндөлөтүп сапар чекпей ушул жерде эле түнөп калалы!» – деп Тогрулхан менен Жамукага кабар жиберди. Меркиттер түнү менен качып, буту жеткен жерлерине барып жайгашышты. Мына бул Темүрчиндин Бөрте Ужин менен учурашканы жана аны меркиттердин колунан кутулдуруп алганынын баяны.

111. Илгери Удуйт меркиттерден Токтога бек, Увас меркиттерден Дайыр Усун, Кагат меркиттерден Кагатай Дармалалар үч жүздөй

www.bizdin.kg

адамы менен келип Йесүкей батурдун Токтога бектин иниси Йеке Чиледудан Өлүн Ужинди тартып кеткендигине байланыштуу кек алуу үчүн келгенде Темүрчин качып, Бурхан Халдун тоосуна барып бекинген. Меркиттер артынан кууп Бурхан Халдун тоосун үч тегеренип Темүрчинди табалбай Бөртө Ужинди кармап алып Йеке Чиледунун иниси Чилгер Бөкегге бере салышкан эле. Эми, Темүрчиндердин чабуулунан кабар алган Чилгер Бөкеге качуу алдында:

Ашып калган ашты жешке,
Жаралган кара каргага,
Жапайы өрдөк, турналарды жешке,
Маа эмне?
Мен – бир жараксыз Чилгерге,
Асыл айымга чаң салууга,
Маа эмне!
Меркиттердин келтирген балээсине,
Мен пас Чилгер калдым!
Жанымды сактоо үчүн качайын дейм,
Караңгы туюкка кирип алайын дейм,
Бирок ким мени коргоп, калкаа болот?
Курт, чычкандарды жешке,
Жаралган жаман сарыга,
Ак куу, турналарды жешке,
Ким коюптур?
Мен бир жалаң төш Чилгерге
Бактылуу айымды кармап калууга
Ким коюптур?
Меркиттердин жапаасына,
Мен акмак Чилгер калдым!
Аман калуу үчүн качайын дейм,
Көрдөй караңгыга кирип алайын дейм,
Бирок ким мени коргоп калат? –

деди да алды-артына карабай качып жолго түштү.

112. Кагатай Дармала колго түшүп, мойнуна тактай кишен салынып, Бурхан Халдун тоосуна жер которду. Белгүтей энесинин (Йесукейдин токолу) ошол айылда экендигин угуп издеп барды. Ал энеси турган үйдүн эшигин ачып оң жагынан кирип келсе, кой терисинен тигилген тытык эски тон кийген энеси сол жагынан чыгып эшикте тургандарга:

– Уксам уулдарым хакан болуптур,
Мен болсом мында бир жаманга туш болдум.
Көрүшөйүн дейм, бетим чыдаар эмес,
Сагынуудан кирпиктеримде жаш! –

www.bizdin.kg

деди да чуркаган бойдон токойго кире качты. Белгүтей канчалык издесе да аны табалган жок. Катуу ачууланган Белгүтей Нойон: «Энемди тап!» – деп, кыйкырып меркиттерди, ал түгүл Бурхан Халдун тоосун курчап, талкалаган үч жүз меркиттердин урук-туугандарынын күлүн көккө сапырып жиберди. Аман калгандарынын кыз-келиндеринен катын, токолдукка алчуларын алды, күң кылчуларын күң кылды.

113. Темүрчин Тогрулхан менен Жамукага ыраазылык билдирип мындай деди:

– Хан атам жана Жамука андам,
Бизге калканч болгону үчүн
Көк Теңир жана кара жер
Бизге күч бергендиктен,
Ата душман меркиттин
Элин кырып таштадык.
Көздөрүнөн кан агызып,
Жүрөктөрүн суруп алдык.
Үй-жайларын талкалап,
Тукумун туздай куруттук.
Өлбөй тирүү калгандарын
Колго түшүрүп кул кылдык.

Меркиттер жоюлуп болгондон кийин булар: «Эми кайталык!» – дешти.

114. Удуйт меркиттери талкаланып качканда чериктерибиз ошол жайдан башына булгун тумак, бутунда бугу өтүк, үстүндө болсо жээгине булгун терисинен ока кармалган ичик кийген көзүнөн от жанып турган Күч деген беш жашар баланы таап алышты. Анан аны Өлүн Ужинге белекке беришти.

115. Темүрчин, Тогрулхан жана Жамука үчөө меркиттердин үй-жайын талкалап бүтүп, сулуу кыз-келиндерин олжого түшүрүштү. Булар Орхон менен Селенге дарыясынын аралыгындагы Талкун деген аралдан чегинип чыгышып, Темүрчин менен Жамука Коркунаг тоосунун этегиндеги жолго түшүштү. Тогрулхан болсо, Бурхан Халдун тоосунун тескейиндеги Күкертү тоосунун этегиндеги Качагулату жылгасы жана Гуляну жылгасы аркылуу аңчылык кылып, Тула дарыясы боюндагы Каратүнгө кайтып келди.

116. Темүрчин менен Жамука Коркунаг Чүбүргө келип кош тигип жайгашышты. Алар илгерки андалашкан учурларын эскеришип:

– Бири-бирибизди кадырлап өтөлү,– деп, дагы убадалашты. Булар алгачкы андалашкан кезде Темүрчин он бир жашта эле. Ошондо Жамука эликтин сакасын Темүрчиндин кыт куйган сакасы менен алмашып андалашып, Онон дарыясындагы музда чүкө ойношкон. Көктөм киргенде булар жыгачтан жасалган жебени атышып ойноп

www.bizdin.kg

жатканда, Жамука торпок мүйүзүнөн жасалган огун Темүрчиндин арча жыгачынан жасалган жебеси менен алмашып, дагы андалашкан. Мына бул алардын экинчи жолу андалашуусунун учуру.

117. «Андалаштык, жаныбызды коштук,
Куткарышып, колдошуп
Бир өтөлү түбөлүктүү достошуп», –

дечү эле илгеркилер, өз ара ушундай болуубуз керек. Азыр дагы андалыкты тилге алдык. Мындан кийин да бир бирибизди кадырлап өтүшүбүз гана керек, – дешти алар. Темүрчин меркиттердин Токтогасынан олжого түшүргөн алтын кемерин Жамуканын белине байлап, аны Токтоганын Кула атына миндирип койду. Жамука Увас меркиттеринин Дайыр Усунунан олжого түшүргөн алтын кемерин андасы Темүрчиндин белине байлап, Дайыр Усундун камыш кулак боз атына миндирип койду. Алар андалашканынын урматына Коркунаг Чүбүрдөгү Кулдарга тоосунун күңгөй жагындагы чоң бир бай карагай түбүндө сыяпат өткөрүштү. Бир-бирин анда дешип, жарым түнгө чейин оюн-тамаша кылышып, ошол жерде бир жуурканга оронуп жатып калышты.

118. Темүрчин менен Жамука бир жарым жылдай андалашып достошуп, кадырлашып өттү. Бир күнү алар: «Биз көчөлү!» – деди. Ошондой эле алгачкы көктөмдүн 16-күнү – Куттуу күнү көчүп калышты. Темүрчин менен Жамука арабалардын алдында кетип бара жатып, Жамука:

– Темүрчин анда, анда!
Тоо бооруна түшөлү!
Бул жерде алачык тигип жылкы баксак
Эң сонун болот.
Суу боюна түшөлү!
Мындай жерден кой-козуларга
Жакшы чөп табылаар.

Бул сөздүн ички маанисине түшүнө бербеген Темүрчин унчукпай эле көч артында арабада келе жаткан энесин күтүп турду. Ал кетип бара жатып энеси Өлүн Ужинге:

– Андам Жамука
Тоо бооруна түшөлү,
Бул жерде алачык тигип жылкы баксак
Жакшы болот.
Суу боюна түшөлү!
Кой-козулар мында жакшы тоюнат» –

дейт. Анын айткан сөздөрүнө түшүнбөй сени күтүп турам, – деди. Өлүн Ужин оозун ачкыча Бөрте Ужин:

– Эл Жамуканы жеңил-желпи киши деп жаткан, – деди кыстарыла, балким, ал бизден безгиси келгендир, жаңкы сөзү мен калып

www.bizdin.kg

калайын дегени чыгаар. Биз түшпөй түндөлөтө болсо да жолубузду улайлы!

119. Бөрте Үжиндин сөзүн туура деп тапкан Темүрчин түшөлү деген жерге түшпөй түнү менен көчүп, тайчыгуттардын журтун басып өттү. Буларды көрүп коркуп кеткен тайчыгуттар түнү менен Жамука жакка көчүштү. Тайчыгуттардын бесүт уруусунун айылынан биздин кишилер Көкчү деген бир баланы таап алып, Өлүн Үжинге белекке беришти.

120. Ошол түнү көп көч келип кошулуп жатты. Таң атканда караса, Жайыр уруусунан ага-ини Качгун тоГрагун, Карагай тоГрагун жана Каралдай тоГрагун өңдүү үч ТоГрагулар көчүп келиптир. Таргут уруусунан ага-ини кадаган Далдуркандар башчылыгында беш таргут уруусу көчүп келиптир. Дагы Меңгүтү Кыяндын эки баласы Өңгүр өңдүүлөр чаңшыгут, баягут урууларын да ээрчитип келиптир. Барулас уруусунан ага-ини Кубылай, Кудустар, маңгут уруусунан ага-ини Жетей, Доргулгу Черби экөө келиптир. Бугурчунун иниси Өгерей Черби аруулат уруусунан бөлүнүп чыгып, агасы Бугурчуга келип кошулуптур. Желменин иниси Чагуркан менен Сүбегетей Батур экөө Урияңка уруусунан бөлүнүп чыгып, агасы Желмеге келип кошулуптур. Бесүт уруусунан ага-ини Дегей, Күчгүр экөө тең келиптир. Сулдус уруусунан ага-ини Чилгүтей жана тайчыгуттар, Жалайыр уруусунан Сече Домог, Аркай Касар бала деген эки баласын ээрчитип келиптир. Коңкутай уруусунан Сүйкету Черби, Сүкекеден Жегей менен Коңдакурдун баласы Сүкегей Жегун, Негүдей Чаган Увалар, өлкунугут уруусунан Киңкиядай, Горолас уруусунан Сечегүр, Дөрбен уруусунан Мочи Бедүгүндөр, йикирес уруусунан Буту күйөө уул болуу үчүн кошо келиптир. Ноягин уруусунан Жөңсө, Оронар уруусунан Жыргуган, барулас уруусунан Сугу Сечен менен Карачар балдарын ээрчитип келиптир. Дагы Багарин уруусунан Корчи, Усун чал, дагы Көкчүс менен Багарин уруусунун бир айыл кишилерин ээрчитип келиптир.

121.– Биз, Богда Бодунчардын олжого түшүргөн аялынан төрөлгөн балдарбыз. Жамука дагы биздин бир эне курсагынан туулган бир тууганыбыз. Ошон үчүн да аны таштабасак дейм, – деди Корчи, – Ягрынчи мына бул ишти көз алдыма аян кылды, бир уй Жамуканын жанынан өтүп, араба, үйлөрдү кулатып талкалагандан кийин, туптуура эле келип Жамуканы сүзөм деп мүйүзүн сындырып алды. Бир мүйүзүнөн айрылып калган уй Жамукага: «Мүйүзүмдү төлө!» – деп жер тепкилеп мөөрөп, топуракты чаңдатты. Дагы бир таз өгүз ордону үстүнө артып, казыктарын сүйрөп, Темүрчиндин артынан араба жолун бойлоп келип:

www.bizdin.kg

Асман жер кошулуп,
Темүрчинди Хан кылды.
Ошон үчүн да мен сага,
Таажы, дөөлөттү артынып келдим!– деп мөөрөдү.

Ягрынчы (балгер, далыга карап алдын-ала болжоочу) ушул иштерди көз алдыма аян кылып көрсөттү. Темүрчин, сен элдин ээси болгонуңдан кийин сага көз алдымда аян болгон ишти айтканым үчүн мага кандай бак-таалай берээр элең?

– Эгер айтканың келсе,– деди Темүрчин, – сени түмөн башы кылам.

– Ушунчалык акыл көрсөткөн кишини түмөн башы кылсаң, анын эмне ыракаты бар? – деди Корчи көп ыраазы боло бербей, – Түмөн башылыкты берсең берээрсиң, бирок эл ичинен отуз сулууну тандап алышыма уруксат кыласың. Жана башка талаптарым болсо аны да орундайсың!

122. Гунан деген генигес уруусунун бир айыл кишилерин, Дарытай Отчигин бир айыл кишилерди ээрчитип келди. Жадаран уруусунан Мулкалку дагы келди. Дагы Ужин өндүүлөр Сакайит уруусунун бир айыл кишилерин баштап келди. Жамуканы таштагандар барган сайын көбөйө баштады. Темүрчиндер Кимүрга дарыясынын Айыл Карагана деген жерине кош тигип олтурганда Жамукадан бөлүнүп чыккан жүрки уруусунан Соркату Жүркинин баласы Сача бег, Тайчу экөө бир айыл кишилерин, Негүн Тайшынын баласы Кучар бег бир айыл кишисин, Кутула Хандын баласы Алтын Отчигин бир айыл кишилерин баштап келип, Темүрчиндер менен кошо жашап калышты. Кийин Темүрчиндер алар менен Кимурга дарыясы боюндагы Кара Юрек тоосунун жанындагы Көк-Нур көлүнүн боюна көчүп келишти.

123. Алтын, Кучар, Сача Бег үчөө акылдашып алгандан кийин Темүрчинге:

– Сени Хан шайлайлы,
Эгер бизге Хан болсоң,
Душмандар басып кирсе,
Алдыңда кайгуулчу болуп аттанып,
Сулуу келин-кыздарды
Сага белек кылабыз!
Кенен ордо иамараттарды
Сага алып беребиз!
Башка элдердин
Сулу келин-кыздарын
Сага белек кылабыз!
Соорусу бийик тулпарды
Сага тартуулайбыз!
Жырткыч аңдарды уулаганда,

www.bizdin.kg

Алдыңа чыгып курчайбыз.
Талаа, түздөгү аңдарды
Тобу менен алдыңа айдап келебиз.
Жылга, сайлардагы аңдарды,
Кош-кошу менен алдыңа
Сүрүп айдап келебиз.
Урушка даярданганда,
Буйругуңа каршы чыксак,
Бала-бакырабызды курутуп ташта,
Башыбызды кесип ташта!
Жеңишке жеткенде,
Сөзүңө каршы чыксак,
Катын, токолдорубузду,
Тентитип ташта!
Бизди чөлгө ташта! –

деп ант беришти жана Чынгыс ханды Хан деп аташты.

124. Темүрчин Чынгыс хан деп аталгандан кийин, Богорчунун иниси Өгерей Черби курчылыкка (коргоочулукка) Качыгун Тограгун Корчулукка, ага-ини Жетей, Доголгу Черби экөө тең корчулукка дайындалды, Өңкүр,Сүйкету Черби, Кадаган Далдурхан үчөө:

– Эртең мененки тамакты
Кечиктирбей даярдайбыз,
Кечинде даамдуу тамактарды
Кемитпей даярдайбыз, –

деген эле, буларды баурчулукка (ханга тамак даярдоочулукка) койду. Дегей:

– Ириктерди сойдуруп,
Эртең менен кемитпей,
Кечинде өз убагында
Сага сорпо сунайын.
Ала койлорду бактырып
Араба алдына жаткызайын,
Боз койлорду көбөйтүп,
Айылдарга толтурайын.
Напсим жаман эле,
Семиз куйрукту жегенге
Сага койчу болоюн! –

деген эле аны койчулукка койду. Анын иниси Күчгүр:

– Арабаны кулатпай,
Огун да сындырбай,
Көздөгөн жерге аман-эсен жеткизем,–

деген эле, Чынгыс хан:

www.bizdin.kg

– Андай болсо, сен ордо арабаларына жооптуу бол. Дорай Черби сен тутыгарларга жооптуу бол,– деди. Жана Кубилай, Чилгүдей, Карагай Тогурагун үчөөнү жана Касарларды үлдүчиликке (кылычтууларга) коюп:

– Өктөмдүк кылгандардын
Мойнун үзгүлө! Менменсингендин
Боорун тилип таштагыла! –

деди аларга. Дагы:

– Белгүтей, Каралдай Тогурагун экөөңөр чериктердин аттарына жооптуу болгула,– деди. Тайчыгуттардан Куту, Морчи Мулкалку үчөөнө:

– Силер жылкычы болгула,– деди. Анан, Аркай, Касар, Тагай, Сүкегей Чагурган төртөөнө:

– Силер алыска атаар Когочакым, жакынга атаар Одорарым болгула, – деди. Сүбегетей:

– Чычканың болуп,
Жыйнап берейин,
Каргаң болуп талаадан таап берейин.
Жуурканың болуп,
Жамынчың болоюн,
Кийизиң болуп,
Бороондо далдаа болоюн,– деди Чынгыс ханга.

125. Чынгыс хан Хан болгондон кийин Богорчу менен Желме экөөнө:

– Силер экөөңөр,
Көлөкөмдөн башка пенде жок кезде,
Келип көлөкө болгула,
Көңүлүмдү кубанткыла!
Куйругумдан башка камчы жок кезде,
Келип камчы болуп,
Жилимди шаттандыргыла!
Түбөлүккө унутпасмын,
Кылган жакшылыгыңарды! –

дегенден кийин, дагы:

– Силер экөөңөр баарынан мурда келгенсиңер. Эмнеге силер бул элди сурабайсыңар? – деди. Анан көпчүлүккө кайрылып:

– Көк Теңир менен кара жер мени дилиңерге салганы үчүн Жамуканы таштап мага жолдош болгону келдиңер,– деди. Дагы:

– Ошон үчүн да силерди мындан кийин да куттуу жолдошторум деп этибарга алам. Ар дайым силерге таянам!

126. Чынгыс хан Хан болгондугун кабарлоо үчүн Тагай, Сүкегей экөөнү Керейлердин Ваң Ханы Тогрулга элчиликке жиберди. Анын Хан болгонун туура деп билген Тогрулхан:

– Темүрчин баламды Хан шайлап өтө жакшы кылыпсыңар.– деди тигилерге, – Силер, моңголдордо Хан болбосо кандай болмок?

www.bizdin.kg

Айтканыңардан эч качан буйтабагыла,
Ынтымагыңарды бузбагыла!
Өз жакаңарды тытпагыла!

III. АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Коркунак Жубур – жер аты. *Жубур* – тоо боору деген мааниде.
Бугра кегер – жер аты. *Кегер* – талаа деген мааниде.
Талкун Арал – жер аты. *Талкун* – толкун маанисинде.
Ботоган богорчи – дарыя аты. Онон дарыясына куюлат.
Тана – дарыя аты. *Тана* – бермет маанисинде.
Жака Гамбу – киши аты. *Гамбу* тибеттиктердин ажосу деген мааниде.
Кишчи – киш кармоочу.
Көчц – киши аты. *Көкчц* – көк чөптөрдөн дары жасоочу
Черби – аскери мансап. Кол башчы.
Бугда – ыйык деген мааниде.
Корчу – коргоочу. Бавурчи – Ханга тамак жасоочу.
Когочак, Одору – Жебе түрлөрү.

ТӨРТҮНЧҮ БАП

127. Ал кыйса, Темүрчин Аркай Касар, Чагуркан экөөнү Жамуканын алдына элчиликке жиберди. Темүрчиндин хан болгонун уккан Жамука:

– Силер барып Алтун менен Кучар экөөнө мынабу сөздөрдү жеткизгиле,– деди ал. «Алтун, Кучар экөөңөр Темүрчин андам өкөөбүздүн ортобузда жүрүп, эмне үчүн андамдын белине сүзүп, андамдын кабыргасына сайып, бизди ажыратасыңар? Арабызга суукчулук түшпөй жакшы жүргөн учурларда эмне үчүн аны хан шайлаган эмессиңер? Бүгүнкү күндө кандай максат менен аны хан шайлап алдыңар? Алтун, Кучар экөөңөр айтканыңардан кайтпай, андамдын көңүлүн алып, анын жакшы досторунан болуп өткүлө!»

128. Көп өтпөй биз Сагры түздүгүндө отурганда, Жалма тоосунун күңгөй жагындагы Өлегей булак деген жайда турган Жамуканын иниси Тайчар биздин Жочи Дармаланын жылкыларын тоноп кетти. Жочи Дармаланын достору жылкылардын артынан кууп барууга батына албагандыктан, Жочи Дармаланын өзү жалгыз тигилердин артынан куду. Кеч киргенде ал жылкылардын жанына келип аты-

www.bizdin.kg

нын жалына жашырынып туруп, Тайчарды жүлүнгө атып өлтүрүп, жылкыларын айдап келди.

129. Иниси Тайчарды өлтүргөн кабары Жамукага жетээри менен, Жамука өндүү Жадаран уруусунун он үч уруулаштарынан түзүлгөн үч түмөн аттуулар Алахугут, Туркагут, тоолорунан ашып өтүп, Чынгыс ханга чабуулга аттанышты. Йикирестеден Мүлүк Тутаг менен Боролдай экөө Гүрелгү тоосунда жаткан Чынгыс ханга кабар жиберди. Мындан кабардар болгон Чынгыс хан он үч айылдан үч түмөн черик даярдап, Жамукага каршы аттанды. Булар Далан Балжут деген жерде кезигип согушуп, Жамукага тең келе албаган Чынгыс хан Онон дарыясынын боюндагы Жерен жылгасына чегинип жашырынды.

– Биз аларды Онон дарыясы жээгиндеги Жерен жылгасына чейин сүрүп таштадык!– деп өзүнө ыраазы болду Жамука. Алар кайтып келе жатып Чинус уруусунун бала-чакасын кармап келип, жетимиш казанга салып дымдады. Дагы Негүдай Чаган Уванын башын кесип, аны аттын куйругуна байлап сүйрөтүп келди.

130. Жамука кайтып келгенден кийин уругут уруусунан Жүрчедей уругут уруусун алып, маңгут уруусунан Койылдар маңгуттарды алып Жамукадан Чынгыс ханга келип кошулушту. Коңкутан уруусунан Меңлик чал да жети уулун жетелеп, Жамукадан Чынгыс ханга келип кошулду. Мынчалык көп улустардын Жамуканы таштап, өзүнө арты-артынан келип кошулуп жаткандыгына кубанган Чынгыс хан жана Өлүн Ужин, Касар, Жүркилерден Сачабег, Тайчулар:

– Биз Онон дарыясы боюндагы токойдо той жасайлы!– дешип той кылышты. Бул тойдо Чынгыс хан Өлүн Ужин, Касар, Сача Бегдердин алдына бир түсүргө (сабаа) кымыз койду. Сача Бегдин таэжесинин алдына бир түсүргө кымыз койду. Муну көрүп намыстанган Корижин Хатун менен Когорчин Хатун:

– Алды менен бизге койбой эбегейлердин алдына кымыз койгонуң эмнең? – деп Баурчи Шикигүрдүн жакасынан алып төпөштөп кирди. Таякка арданган Шикигүр:

– Йесүкей Батур, Негүн Тайшылар өлгөндөн кийин көргөн күнүм ушубу!– деп өңгүрөп ыйлап жиберди.

131. Бул тойду биз жагынан Белгүтей, Жүркилер жагынан Бөри Бөке башкарды.

Белгүтей Чынгыс хандын атын кармап турган. Бирок ал аттар байлоолуу турган жерден чылбыр уурдап жаткан катагиндердин бир уурусун кармап алды. Бөри Бөке ууруга жан тартып, Белгүтей менен бир кыйла текерлешип анын оң жеңин жулуп таштады. Аны аз дегенсип, жылаңач ийнин кылычы менен чаап жиберди. Белгүтей каны агып жаткан жаракатына этибар бербей кетип бара жатканда бак көлөкөсүндө сайрандап отурган Чынгыс хан тигинин ийининдеги канды көрүп калды да, дароо анын алдына келип:

www.bizdin.kg

– Ийиниңе эмне болду?– деп сурады.

– Эч нерсе болгон жок, – деп жооп берди ал, – кичине жаракаттады деп туугандар менен араздашып калбайлы! Эч нерсе эмес, айыгып кетет. Туугандар эми гана таанышып, бир жакшы отурганда каршылаша кетсек жакшы болмок беле, сабыр кыл аба!

132. Чынгыс хан Белгүтейдин кой дегенине болбой бактын шактарын бутап, иркит бишкегин сууруп алып Жүркилердин адебин берди да Корижин хатун менен Когорчин хатунду тартып алды. Кийин алар элдешели деп, ортого элчи салып Корижин хатун менен Когорчин хатунду кайра берүү жөнүндө сүйлөшүп жатканда Кытандардын Алтын Ханы, татарлардын Мегүжин Сөгүлтүлөрдү буйрукка моюн сундуралбай Вазир Ваң Жиңга кошун тартып, аларга кылчалык да ракым кылбай сазайын окутууга буюрган эле. Чынгыс хан Вазир Ваң Жиңдин азык-түлүк, ат-унааларын даярдап Мегүжин, Сегүлгү өңдүү татарларга чабуул коюу үчүн кошун тартып, Улжа дарыясын өрдөп аттангандыктары жөнүндө кабар укту.

133. – Татарлар эзелтен эле ата-бабаларыбызды өлтүрүп келген кас душманыбыз эле. Ошон үчүн ушул учурдан пайдаланып биз да татарларга чабуул коёлу!– деп, Тогрулханга элчи жиберди. Барган элчи Тогрулханга:

– Алтун Хандын вазири Ваң Жиң кошун баштап, Мегүжин Сегүлтүлөргө басып кирүү үчүн Улжа дарыясын өрдөп аттанышыптыр. Биз дагы ата душманыбызга чабуул коёлу. Тогрулхан ата, тезирээк даярданыңыз! – деп Чынгыс хандын сөзүн жеткиришти. Мындан кабардар болгон Тогрулхан:

– Уулум Темүрчиндин айтканы жолдуу. Тигилерге кошулуп биз да чабуулга өтсөк өтөлү!– деп Чынгыс хандын сөзүн колдоду. Үчүнчү күнү, ал кошуун даярдап, Чынгыс хандын алдына дароо жетип келди. Чынгыс хан менен Тогрулхан дагы Сачабег, Тайчулардан турган жүркилерге элчи жиберип:

– Ата-бабабыздын кектүү душманы татарларга ушул пайттан пайдаланып, Темүрчиндерге кошулуп чабуулга өтөлү! – деп кабар жиберди. Бирок алардан алты күнгө чейин кабар келген жок. Дагы күтүп турууга таакат кылбай Чынгыс хан менен Тогрулхан кошундарын алып Улжа дарыясын бойлоп, Вазир Ваң Жиңдер менен жолугушуп чабуулга тең аттанышты.

(Уландысы бар)

Которгон **Аман САСПАЕВ**

www.bizdin.kg

Чуулуу чыгармалар

КҮН АВТОПОРТРЕТИН БҮТӨ ЭЛЕК

Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВ

(Повесть)

(Уландысы, башы өткөн санда)

7

Раман окуудан үйүнө кабагы өтө салыңкы кайтты. Босогодон аттары менен төшөккө бутун ороп олтурган чоң энесин көрдү да, шолоктоп ыйлап көкүрөгүнө жыгылды.

– Энеке-е...

– Эмне болду, ата?..

– Эне-е...

– Өпкөлөбөчү, ата. Айтчы, ата? Айтчы?

Раман ого бетер күчөп ыйлады.

– Эркек адамга ыйлаган жарашпайт, ата. Эмне болду?

...Жетинчи класста сабактан кийин ата-энелер менен чогулуш башталды. Раман чогулушту таштап чыгып бараткан. Коридордон аны мектептин директору Малик кармап алды.

– Кайда барасың?

– Кетем. Үйүм алыс, – деди Раман.

– Сенин үйүңдүн алыстыгын эч ким сураган жок, Эрке. Атаңды же апаңды эмнеге алып келбедиң?

– Алып келбейм...

– Эмне?! Өйдө кара!

Раман ээгинен өйдө көтөргөн директордун колун кагып жиберди да, мектептен чуркап чыкты. Жолдун кыйласына дейре жүгүрүп келди.

www.bizdin.kg

Ал буулукту. Аппак чокулардын асман тийишкен жерлерине карады.

«Адам асманга караганда жеңилдене түшөт...

Асман кең...

Асман таптаза...

Асман бийик... Абдан бийик» – деп ойлоду Раман.

Өз көзүнө алымсынган жок.

Алысты, алысты карагысы келет.

Раман кээде мейкин талааларды эңсеп куса болот.

«Ушул тоонун ары жагында ошол мейкин талаалар жатса керек» – деп ойлойт Раман.

А бирок тиги сороюп аны көрсөтпөйт.

Же талпайып тоо сыягы жок...

Раман буулуктурган кайгысын унутуп калды. Оюндагы өтө эле бийик, өтө эле бийик чокусу элестеди. Рамандын азыр ошол чокуга чыгып чоор тарткысы келди.

Ал чоорду эң жакшы тартат.

Айылдагы балдардын баарынан кыйын тартат. Раман чоор тартканда чоң эне эмнегедир эмшеңдеп ыйлай берет... Ага чоор тартууну чоң эне өзү үйрөткөн... Азыр Раман өтө эле бийик, өтө эле бийик чокунун башына чыгып чоор тарткысы келди.

А бирок андай чоку жок.

Ал оюнда гана жашайт.

Оюндагы өз чокусуна салыштырганда тигил тоолор бейиттеги эски мүрзөлөргө окшойт.

Рамандын эми аларды карагысы келген жок. Жол боюндагы тамдардын бооруна жазылган ураандарга эрксизден көз жүгүрттү.

«Жашасын 1-Май!..» Калганын окуп бүтө элегинде Рамандын кыркынчы өтүгү карга тайгаланып кетти. Дагы бир аз баскандан кийин бузулган үйдүн чалдыбар дубалынын боорунан: «Согуш отун тутандыруучуларга өлүм!» – деген өчүңкү эски жазууну окуду. Кайсы дубалда эмне жазылгандыгы көп жылдардан бери ага беш колдой тааныш. Аларды эми окугусу келген жок.

Раман көңүлүндө таптакыр башканы ойлоп баратты.

Кандайдыр бир түпөйүл ой жүрөгүн өйүтөт.

Чалдыбардан кийинки үйдүн алдында, дубалды тырсылдата койгулап ыйлап жаткан эки-үч жашар баланы көрдү. Бала өтө эле эрке өндөнөт. Чаңырып-чаңырып алат да:

– Ата-аа-а! – деп чалкалап коёт.

Атасы да жүгүрүп үйдөн чыкты.

– Жүр, уулум! Оп-аа! – Ата уулун асманга көкөлөтө кармаганча, аңкайып тиктеп жолдун ортосунда турган Раманга карап жылмайып күлүп койду.

Раман жин тийгендей жөнөй берди.

www.bizdin.kg

Алиги бала көтөргөн адам «буга эмне болду» дегендей жүгүрүп бараткан Рамандын артынан суроолуу карады...

Раман чуркап баратты.

Тоолор да асманга карап чакырып жаткансыйт...

– Ата-аа-а!..

Бул сыйкырдуу сөз анын кулагынан кетпеди.

Раман өзү биринчи класста окуп жүргөндөгү болгон бир окуяны алиге унутпайт.

Азыр да ошону эстеди.

Мугалим Раманды доскага чыгарып: «Ата, атка така как» – деп жазгын деди.

Раман доскага: «Эне, атка така как» – деп жазды.

Балдардын баары кыраан-каткы күлүштү.

– Эмне үчүн минтип жазасың? – деп сурады мугалим.

– Менин атам жок... – деп Раман ыйлап жиберди.

Раман ушуну алиге дейре унутпайт.

Азыр «ата» деген сөздү түбөлүккө айтпай турганын ойлогондо көкүрөгү кысылып, көзү каканактады...

– Бул жаман сөз! Жаман... уккум келбейт, – деди Раман өзүнө.

«Мен жок жерде айткылачы?! Дайыма өзүңөргө өзүңөр ыраазысыңар, башканы байкабайсыңар. Менин көзүмчө таарынып ыйлабагылачы атаңарга? Атаңарды сөз кылбагылачы! Муну сатып берди, тигини сатып берем деди атам дебегилечи мага.

Атаңарга айтсаңар, менин көзүмчө силерди эркелетпесин. Мени менен баратканда атаңарга учкашып кетип калбасаңар? Ошентсеңер... Мен силерден суранам...»

Ушинтип кыйкырды Рамандын ичиндеги бирөө. Раманды бул ойлор аёосуз эзди.

Рамандын үйү мектептен алыс. Анын үстүнө жолдун орто ченинде ээн мүрзөлөр бар. Жол ошол ээн мүрзөлөрдү аралап өтөт. Раман ошерден жалгыз өткөндө дайыма сүрдөйт. Кээде коркунучтуу ойлор келип, төбө чачы тик турат.

Азыр да ошол ээн мүрзөлөргө жакындап баратты.

Былтыркы ушул жерде ыйлаганын эстеди...

...Ошол күнү Раман менен Эмил мектептен кеч чыгышты. Ыр-хор кружогундагылар түштөн кийин калып ырдашкан эле. Тышта алай-дүлөй бороон болуп жатыптыр. Дуулдаган шамал карларды асманга сапырат.

Карлар тегирмендин тозундай чаңыйт.

– Будуң-чаң...

Раман кээде дем алалбай аптыга түшүп жатты. Бороон тумчуктурат. Бирок экөө бороонду тоотушкан жок. Көңүлдүү келатышты. Бороон экөөнү дегдеңдетип айдап алгансыйт...

www.bizdin.kg

Кээде экөө орундарынан жылбай туруп алышып, бороон менен сүйлөшүшөт, ага тийишип мазакташат:

– Кана, кыйын болсоң эми түртчү?

Бороон түртөт...

Экөө кубанычтуу күлүшөт да, топоңдоп бороондун алдына түшүшөт.

– Кана, мени учурчу? – Раман шырымалын канатка окшотуп бороонго жаят...

Кеч кирип келатты. Бороондун ышкырыгы караңгы кирген сайын сүрдүү угула баштады. Бейитке жакындаганда экөөнү жалгыз атчан адам кууп жетти.

– Кимсиңер? – деди аттуу адам.

– Ата, менмин!

Эмил атасынын үнүнөн тааныды.

– Эмилсиңби, кел, учкаш кокуй! – деди аттуу адам.

Эмил атасына учкашкан бойдон кетти.

Раман жалгыз калды.

Ал эрдин кесе тиштеп ыйлабоого аракеттенди. Баягы жолдогу кубанычтары бороонго учту...

«Кантип эле ушундай болсун? Мага кайрылып келишет» – Раман көңүлүнүн эң тереңинде ушинтип ойлоду.

Раман бул оюна ишенгиси келди.

«Кантип эле ушундай болсун? Алар мага кайрылып келишет»...

Кайра бул оюна ишенген жок.

Өжөрдүк менен жүгүрүп жөнөдү.

«Мен аларга жетишим керек» – деп ойлоду Раман.

«Сөзсүз алардан озуп кетем». Алардан ушинтип өч алууну ойлоду.

Чын эле Эмилдин атасы бир маалдан кийин кайрылып келди.

– Раман, кагылайын, мен сени байкабапмын. Кел, учкаш сен да, – деди Эмилдин атасы.

Раман эрдин кесе тиштеп унчуккан жок. Кайра ого бетер жүгүрүп жөнөдү. Эмилдин атасы кууп жетип дагы алдын тосту.

– Кел, кагылайын. Бейиттен өткөрүп коёюн, коркосуң. Мен куруюн, байкабапмын сени...

Раман эми өзүн токтото албады. Ыйлап жиберди. Дагы чуркап жөнөдү...

Айылдагы адамдар Рамандын абдан сезгич, кыялы учкул экендигин, ал турсун ага бир нерсе сатып бере коюу же опсуз эркелетүү да кээде оор тиеринен өйдө билишет. Раманга өтө кылдат мамиле кылышат. Алар балдарына дайыма: «Раман менен урушуп, көңүлүн оорутпагыла» – дешет.

Мүнөзү оор баланы астыртан көзөмөлдөшөт.

Раман да муну билет.

www.bizdin.kg

Раман ушуну эстеп, дагы аябай кусаланды. Ал эрксизден кардын алдындагы томпойгон мүрзөлөргө карады. Бир убакта капысынан артындагы бирөө унчукту:

– Эй, кел учкаш!

Раман чочуп кетти. Бул кишинин үнүнөн эле тааныды. Бул айылдагы жинди адам. Аты да жок. Атын эч ким билбейт. Ошондуктан айылдагылар «Адам-жинди» дешет.

«Мунун атын бир гана согуш билсе керек. Ал да эчак өлгөн...» – деп ойлоду Раман өзүнчө.

Согуштан ушинтип акылынан ажырап келиптир. Мындан башка айылдагылар бул адам жөнүндө эч нерсе айтышпайт. Беш-алты күндөн бери жоголуп калды эле.

Кээде көпкө дейре айылдан дарексиз жоголот, кайра ушинтип келет.

Кайда барбасын, ушинтип кайра келет.

Асылзатын унутуп калгансып кайра келет.

Кара шырымалынын жакасы кагадак кир. Чачы өскөн. Кулагынан күн көрүнөт. Арык...

– Учкашпайм, – деди Раман.

– Ха-ха-ха!!!

Бул адамдын күлкүсү Рамандын жүрөгүнө ийнедей сайылды. Бир башкача жомоктордогу мүйүздүү шайтандын күлкүсү. Бул жинди адамдын кейиштүү күлкүсү...

Кээде көкүрөктүн түпкүрүнөн чыккан кубаттуу күлкүгө окшойт.

Деги кызык күлкү.

АВТОР: (Тааныштып коюңуздар! Бул менин повестимдин «улуу» актеру. Ал Тоголок театрдын сахнасынан түбөлүккө түшкөн улуу трагедияда ойногон. Азыр ишсиз жүрөт).

Раман башканы ойлоп баратты.

Ал дайыма башканы ойлойт.

– Эй, атың ким эле? Сен жакшы баласың... Менин да сендей жакшы уулум болсо...

Адам-жиндинин көрүнгөн балага дайыма айта турган сөзү ушул.

Раман ушуну эстеди.

Адам-жинди жаш балдарды жакшы көрөт. Бирок алар муну көргөндө эле бакырып жаа бою качышат. Раман ушул жөнүндө ойлогондо бул адамга ырайымы келди. Ал дайыма тоо, таш, асманга каранып бир нерсени издегенсип жүрөт...

«Балким, туулган жерин издеп жүргөндүр»...

Раман бул адамдын оор турмушун ойлоп өзүнчө убайым жеди.

Ушул кезде асмандан реактивдүү самолёттун ышкырган үнү угулду.

Ал жерде мүйүздүү шайтандын күлкүсү дагы чыкты...

– Ха-ха-ха!!!

www.bizdin.kg

Раман мындай күлкүнү өмүрүндө уккан эмес. Адам-жинди жайдак эшегинен ооп түштү да, жол менен жүгүрүп жөнөдү.

– Ха-ха-ха!!!

Асмандан башын колу менен калкалап чуркап келатты. Реактивдүү самолёт так төбөдөн мээни аралап учуп бараткандай ышкырат. Адам-жинди Раманды көрө коюп:

– Жат, окопко кир! – деп соо адамдай бакырды. Селейген Раманды кармап жерге жыкмак болду. Раман анын колунан араң бошонуп, корк-конунан качып жөнөдү.

– Ха-ха-ха!!!

Бул күлкү Рамандын кулагынан кетпей койду. Асман тынчый түштү. Жаанын жебесиндей немеден асманда ийри-муйру булут-из калды.

Раман артын караган жок.

Анын ойлору буркан-шаркан түштү.

Раман бул адам жөнүндө ойлонуудан коркту.

Раман бул адам жөнүндө ойлонуудан дайыма коркот.

...Түн кирди. Чоң эне менен Раман уктоого жатышты.

– Эми айтчы, ата?

Чоң эне Рамандын баягы ыйлаганын эстеди.

– Жашык болбо, жашык болбочу, ата?! Жигит адам да жашык болобу? – деди чоң эне.

– Бороон...

Экөө терезени ургулаган күчкө кулак түрүштү.

Чычкандар кебек салынган тулупту кемирип кытырата башташты.

Үйдө меш жок. Суук.

А чычкандар үшүшпөйт...

Эшикте да, үйдө да түн.

А чычкандар укташпайт...

– Эне, – деди Раман.

– О-ов, ата.

– Эне-е...

– О-ов...

– Атам жөнүндө айтып берсеңиз...

Чоң эне коркуп кетти. Небересине эми гана түшүндү. Эмне үчүн ыйлаганына эми гана түшүндү.

– Эмне, сени балдар жетим деп табаладыбы?..

– Айтып берсеңиз, – деди Раман.

– Жер майласын аңтарылгыр. Аңтарылган атаң болсо...

– Айтып берсеңиз...

– Аңтарылгырыңды эле кээде сурап каласың да, ата... Касымым шайыр жигит эле. А сени адамдар «түнт, адамга үйүрү жок» дешет...

– Адамдар айта беришсин. Мен андай эмесмин, – деди Раман.

www.bizdin.kg

– Мен аларга ишенбейм. Адам болор кишинин адам менен иши бар, ата. Муну эсиңе түй. Атаң болсо маалим болуп, өзүңө окшогон балдарды окутчу. Жанагы райкомуңар да атаңын колунан окуган. Чилдийген арык бала эле. Бизди сурап коёт имиш го, бечара... Өмүрү узун болсун ылайым.

Чоң эне сүйлөбөй токтоп калуудан коркту.

Божурай берди. Раман эмнелерди айтарын жатка билет. Анын үстүнө ал кишинин өмүр баяны өтө кыска, табышмактуу.

– Жыйырма бир жашында урушка кетти... Сага айтпадым беле, тумандуу күнү кетишкен. Кат келип турду. Анан кыйлага дайынсыз болуп кетти. Ошондон кийин атаң аңтарылгырдан акыркы жолу кат алдым. Катында: «Кара кемпир (мени эркелетип дайыма ушундай дечү), бул катты самын орогон кагазга жаздым. Эми адатыңдай көп ыйлаба. Көзүңдөн ажырайсың. Жакшы оокатыңды кыл. Мен болсо кеттим!» – дептир. Сары ушаланган кагаз... Дале көзүмө көрүнүп турат, – деди чоң эне үшкүрүп.

– Ошондон кийин кат келген жокпу?

– Келген жок.

– «Мен болсо кеттим...?»

– Ооба, ошондой дептир. Кайда? Жазбаптыр...

– Коркок, немецтерге өтүп кетти да, анан айга учуп кетмек беле?!

– Койчу, ата.

– Кара кагаз келген жокпу?

Раман бул суроону чеки сураганын ойлоду. Ал атасынын кайсы бир жакта тирүү экендигине ишенгиси келет... «Же Англияда, же Францияда, же Америкада жүргөндүр» – деп ойлоду өзүнчө. Кээ бир колго түшкөн кишилер ошол жактардан бошонуп келип жатышат имиш деген сөздү Раман уккан. Ал атасынын кайсы бир жакта тирүү жүргөндүгүнө ишенгиси келет.

Чоң эне да бул суроосуна жооп берген жок.

– Ошондой да, – деди Раман өз оюн жактап.

Чоң энени кодулаган ой тынчый түштү. Дагы бир ачык ооз неме келжиреп койгонбу деп абдан корккон.

Түн. Бороон терезени черткилейт. Каалга кызык кыйчылдайт да... же адамдын үнүнө, же айбандын үнүнө окшобойт. Деги эч нерсеге окшобойт.

Алыстан, алыстан бороонго таланып келген жолоочу үн... Раман өткөн жылы бул эмненин үнү экендигин биле алышпай чоң энеси экөөнүн аябай корккондорун эстеди. Аябай коркушкан...

– Мен болсо кеттим! Уктайм. Жаз келгенче уктайм, – деди Раман.

– Кеттим дебей жүрчү, ата, – деди чоң эне.

Чоң энеге «кеттим» деген сөз дайыма жат угулат.

«Мен болсо кеттим» – деди Раман өзүнчө.

Андан атасы жөнүндө ой дале кетпеди.

Ал дайыма өзүнчө ойлойт.

www.bizdin.kg

Раман кызык бала...

Чоң эненин эми уйкусу келбейт. Бардык кары адамдардай эле чоң эне да өзүнүн эскерүүлөрүндө көбүрөөк жашайт.

Раман бала кезиндегидей бырылдап уктап кетти. Чоң эне колун абайлап алып барды да, жүзүнөн сыйпалады. Жуурканын кымтылады.

– Эне-е...

– Укта, уктай бер, ата...

«Сергек, айланайын» – деп ойлоду чоң эне. Анан өзүнчө кобурады:

– Бала, бала...

«Бала энеге кээде өтө эле ырайымсыз, адилетсиз» – деп ойлоду чоң эне.

Кичинекейинде тентектиги үчүн тилдеп койсо, Рамандын:

– Көр, көр! – деп карматпай качып кетип калгандыгын, бирде чычаланы кармата коюп, каткырып күлгөнүн эстеди.

А бирдечи... ошонусу кызык. Чоң эне аны эстеген сайын жылмаят.

...Жайдын күндөрү үйдүн алдындагы арыктан суу агат. Анда энсиз тактайдан көпүрө бар эле. Бир күнү ошол көпүрөдөн экөө өтүп баратышты. Раман орто ченине келгенде сууга кулап кетти. Суудан чыккандан кийин чоң эне: «Эмне болду, ата?» – деп сураса: «Сизди туурап көзүмдү жуумп алдым эле» – деп жооп берди Раман. Чоң эне аргасыздан күлгөн...

Ушинтип чоңойгонун көрбөй, жүз токтото албай калганына капаланды. Чоң эне небересинин кичинекей кезинен эмне эсинде калса, ар түн сайын кайрадан көрүп чыгат. Кары адамдардын эскермелери көп коюлгандыктан ленталары үзүлгөн, кызыктуу эски фильмдерге окшош. Чоң эне Рамандын караанын дагы көргүсү келди...

...Апаат жылдар. Коштошуу. Күнүгө ызы-чуу. Ачарчылык. Чоң эне кырманда буудай тазалайт. Бригадир Атыр алардан көзүн албайт. Үч жашар Раман булдурап жанында.

Чоң эне анын чөнтөктөрүнө кызыл буудайдан толтурду да:

– Раман, кагылайын. Үйгө барганда кууруп берем. Менин жанымдан жылбай отур, – деп шыбырады. Жаш бала айбан да, эмнени түшүнсүн?!

Бир маалда: – Сал капка! – деген бригадирдин корсулдаган үнүн угуп чоң эне жалт карады. Кичинекей сары чийкил, купкуу Раманы чоң кара канар каптын жанында алаңдап коркуп турат. Чоң кара канар кап. Жанында кичинекей Раман. Каптын оозуна колу араң жетет. Чөнтөктөгү буудайларын капка шашып салып жатат. Кээде бытыйган уучундагы буудайлар каптын оозуна жетпей чачылып кетет. Раман согончоктоп кара каптын оозуна тырмышат.

– Ар кимиңер күнүгө ушунчадан уурдап кетсеңер, пронтко эмне калат? Окшошкон гана какшаалдар! – деп бригадир аялдарга көнүмүш кыйкырыгын салды.

Кырмандагылар баары жумуштарын токтотушуп, кара кап менен Раманга үн-сөзсүз карашты.

www.bizdin.kg

Оор түйшүктөн арып-чарчаган адамдардын көздөрү... Раман алаңдап коркуп салып жатат. Чоң эненин жанындагы аял шолоктоп ыйлап жатты...

Үн-сөзсүз тигилген көздөрдөн жалтана, бригадир башын жерге салып четке чыга берди.

Раман акыркы уучун капка карабай туруп, чачып жиберди да, чоң энеге карап тейтеңдеп чуркап келатты. Кырмандагылар дале кыймылдашпай белгисиз бир нерсени күтүп турушту. Бригадир чаң жутуп, чарчаңкы кызарган көздөр эмнени күтүшкөнүн түшүндү.

Ал үнсүз макул болду.

Узун сөздөрдүн бул жерге кереги жок эле.

Үнсүз сүйлөшүү бүттү.

Адамдар кайрадан жумушка киришишти.

Чоң эненин жанындагы аял дагы эле шолоктоп ыйлап жатты...

...Фильм үзүлдү.

Азыр кайра башталат.

Түн. Сыртта бороон дале терезени черткилейт. Чоң эне дайыма сыйкырдуу түндө жашайт. Чоң эненин түндөрү кээде капкара, кээде буурул болуп өзгөрөт. Чоң эне көптөн бери буурул түндө жашайт...

Раман уйкусурап сүйлөдү:

– Ассалоом алейкум, Күн!

Дагы түшүнүксүз бир нерселерди балдырап тим болду. Чоң эне небересин акыркы жолу көргөнүн эстеди.

...Чоң эне күндө үйдөн алысыраак жердеги кызыл ташка олтуруп жол карайт. Батып бараткан күндү карайт. «Күн жолдон чыгып жолго батат. Жолдор күндөн башталып, күндөн бүтөт» – деп ойлойт чоң эне.

Ал караган жол да алоолонуп батып бараткан күндөн башталат. Чоң энеге кичинекей Раманы күнгө барып окуп кайткандай туюлат.

Ана, өрттөн качып чыгышкандай топоңдошкон топ балдар күндөн чыгышты. Алар күнгө чалынып мүдүрүлгөнсүп чыгышты. Эң артында бирөө сөлпөң-сөлпөң этип жортуп коёт. Ал – Раман. Дайыма балдардын артында калат. Дайыма... Дайыма...

«Өтө эле чабал» – деп ойлойт чоң эне. «Кууракан гана желмогуздар, бирөө да карап койбойт» – деп ичинен кейийт. Китеп кабын жанына бекем кысып, сөлпөң-сөлпөң этип жортуп, Раман келатат. Балдардын эң артында калат. Дайыма... Дайыма...

...Фильм дагы үзүлдү. Бул эч качан бүтпөйт. Бүтпөс фильм.

Эртең түнү кайра башталат.

Чоң эне ошондон бери күндү көрө элек.

Аябай, аябай сагынды... Ошол мыйзам учкан күз, чоң эненин акыркы көргөн күзү: көзүнөн күн кетип, түн кирген күз.

Ошондон бери таң атпайт.

Күн чыкпайт...

www.bizdin.kg

Ошол мыйзамдуу күздөн бери чоң эне түндө гана жашайт.

Чоң эненин түндөрү баш-аягы жок, түптүз, кадрсыз кара лентадай.

Азыр түн. Бороон...

Бирок чоң эненин түнүндө бороон да болбойт, ай да чыкпайт, жылдыздар да жымыңдашпайт.

Асманы жок керең түн.

«Мындай түндү эч бир адамга көргүлүк кылбасын. Кудай Таалам» – деп ойлоду чоң эне...

Эшикте Кабылан улуй баштады.

– Кет! Кет! Башыңды тарткыр, – деп кыйкырды чоң эне, төшөктөн обдула...

– Эмне, эне?

– Кабылан эле, ата. Чочудуңбу?

– Жок, – деди ойгонгон Раман.

Кабылан үйдөн алысыраак барып дагы улуп кирди.

– Бороон дагы эле уктай элекпи, эне?

– Тамтаңдабачы, ата.

Чычкандар дале кебек салынган тулупту эрмектеп жатышат.

– Чычкандар эмне укташпайбы, эне? – деди Раман.

– Башыңа гана көрүнгүр!

Чоң эне Кабыланга ачууланды.

– Кара кемпир, сиз уктаган жоксузбу?

– Менин уктаганыма көп жыл болбодубу, ата...

– Түш көрдүңүзбү? Мен түшүмдө учуп жүрүптүрмүн...

– Токтоно электигиң, ата.

– Атамды көрөсүзбү?

– Көп болду, атаң түшүмө кирбейт.

– А мен көрдүм... – деди Раман.

– Айтчы, кандай экен?

– Атам кара каштуу, кара көздүү чырайлуу киши экен... Атам бизге тарыхтан айтып берип атыптыр (Раман тарых сабагын өтө жакшы көрөт). Атам мени эң алдыңкы партага отургузуп койду. Атам мени доскага чыгарып сурады. Мен айтып бердим. Атам мага «беш» койду. Атам: «Менин уулумдай окугула» – деди балдарга кайрылып. Атам мени... – Раман унчукпай калды.

Раман бул эки сөздү армандуу, өзгөчө кумар менен айтты. «Мунун баары калп!» – деп кыйкыргысы келди. Анте алган жок. Антүүнү каалабады... Айткандарына ишенгиси келди.

– Анан бир жакка кетип калды... – деди Раман акырын.

– Каякка?

Чоң эне эрдин кесе тиштенди. Үнү буулуп араң чыкты. Чоң эне баарына түшүндү.

www.bizdin.kg

Раман жооп берген жок. Айткандарын кайра унутууга шашты.

– Менчи? Мени көрөсүзбү?

– Сен сөлпөң-сөлпөң этип балдарга жете албай окуудан келатканың түшүмө кирет.

– Мен ошондо канчанчы класста элем, эне?

– Биринчиде...

– Мен төртүнчүгө дейре кантип окуганымды унутуп калдым. Сен адамдын сүрөтүн көрүнгөн жерге тарта бересиңби? Эсеп дептериңдин чоло жери жок, – деп агай уруша берүүчү. Ушу гана эсимде калыптыр. Азыр тегирменчи го, ошол окуткан мени, билесизби?

– Ооба, ооба. Аны кантип билбейм. Атаңды да ошол окуткан да. Бечара, кыштын күндөрү сага атайы келип, атына учкаштырып ала кетчү. Анан, ошол жылдары кар өчөшкөндөй улуу түшө турган.

– Ооба, эне. Ал жолдо менден «Эр Панфиловду» ырдап берчи деп көп сурачу...

– Укта эми, ата, эртең окууга барасың.

– Эртең базар.

– Укта, ата.

– Мен Адам-жиндини көрдүм, – деди Раман.

– Укта, ата...

– Мен Адам-жиндини көрдүм дейм!

Чоң эне унчукпай койду.

– Сиз дагы уктайсызбы? – деди Раман.

Капысынан Адам-жинди жөнүндөгү ой башына кире калганына бушайман жеди.

– Мен уктап калдым, – деди чоң эне.

– Эмне үчүн иттер бороондо улушат, эне?

Кабыландын дале мунду улуганы угулуп жатты.

– Билбейм, – деди чоң эне.

– А мен бороон менен тең уктайм.

Раман адатындай өзүнүн жеке дүйнөсүнө шуңгуду. Оюндагы эң эле бийик, эң эле бийик чокусу элестеди... Ошол чокуга чыкмак болду. Бу сапар Лайлини ээрчитип алды. Экөө чокуга чыгып баратышты. Лайли чарчап калат.

– Уу-у, алыс турбайбы!..

– Алыс, Лайли, – дейт Раман.

– Бар! Барбайм. Аябай бийик экен...

– Менден бөлөк бул тоону эч ким билбейт. Бул менин тоом. Менин гана. Аты: «Ааламдын чокусу» – дейт Раман.

– Экөөбүздүкү.

Раман унчукпайт. Акыры «Ааламдын чокусуна» жетишет... Дүйнөнүн төрт бурчу тең көрүнөт.

– Уу-у, э-эй! Жер картадагыдай эмес турбайбы! Баары жапжашыл...

www.bizdin.kg

– Күн... Жаз... – дейт Лайли тамшанып.

– Менин жеримде дайыма жаз... Дайыма күн, – дейт Раман алыска-алыска карап.

– Күн батпайбы?

– Күн батпайт. Бул күн да меники, – дейт Раман.

– Экөөбүздүкү, – дейт Лайли.

Раман унчукпайт. Экөө алысты-алысты карашат.

– Раман, Раман, газеталарда эмне үчүн калпты жазышат?

– Эмне деп?

– Баланча жерде согуш болуп атат, түкүнчө жерде деп. Карасаң кай жерде согуш? Эч жерде. Тыптынч.

– Менин жеримде согуш болбойт, – дейт Раман, сыймыктуу.

Раман чоорун тартат.

Лайли жанында шолоктоп ыйлайт.

Жөнөкөй чоордун үнү ааламды кезип жөнөйт...

Түбөлүктүү жаз менен дем алган касиеттүү жер чоордун коңур үнүн тыңшайт.

«Менин чоорумдун үнүн ийининде жаткан жыландар да угушат» – деп ойлоду Раман уйкуга көзү илинип баратып.

Раман түш көрдү.

...Лайли экөө дале баягы чокуда катар турушат. Лайли учуп жөнөдү. Экөө булуттарды аралап баратышты. Лайли жоголуп кетти... Бир нерсе болуп эле Раман төмөн кулады. Зуулдап келип жерге «былч» этеринде чочуп ойгонду.

Рамандын көзү умачтай ачылды.

Жылуу төшөктө жатканын көрүп сүйүндү.

– Эмне болду? Чочудуң да, ата? – деди чоң эне.

8

Раман кийинип эшикке чыкты. Күн чайыттай ачылыптыр. Асман көпкөк чакчаят. Алыскы аппак тоолордун баштары эртең мененки ачылган кызгалдактардай кызара баштады. Күн тийип келатат...

Раман түндөгү «Жаз келгенче уктайм» дегенин эстеди.

Бүгүн жекшемби.

Раман күнөскө отуруп алып китеп окуйт. Ал «Биздин замандын кишилерин» окуй турганын ойлоп ичинен кымылдады.

– Азыр көң калайм, Кара кемпир. Чырмайып жылынып отура бересиз. Күн чыкканча, – деди Раман.

– Күн барбы, ата?

Чоң эненин көнүмүш суроосу.

www.bizdin.kg

– Күн чыгат, эне.

Рамандын көнүмүш жообу.

– Мени олтургузба, ата. Казанды алып, суу ысыт. Курут эзейин. Анан күнгө чыгабыз.

Чоң эне катыратып курут эзүүдө.

Раманды ой басты. Өзүнчө капаланды.

Чоң эне дайыма курут эзгенде Раманды ой басат. Капаланат.

– Кара кемпир...

Кайра унчукпады. Раман дайыма башка жөнүндө ойлойт. Чоң эне курут эзип жатты.

Жалгыз аяк жолдорго окшогон чекесиндеги бырыштарынан тер чыкты. Азыр тиги нуктуу бырыш менен келип көзүнө куюлат.

– Кара кемпир...

– О-ов. Курсагың ачтыбы, ата?

Раман дагы унчуккан жок.

Чоң эне куруттарды кыжынгандай мыжыгып эзет.

А Раманды түпөйүл ойлор эзди.

«Эне, менин балпайган чоң энем! Эгер сенин көзүң соо болсо кандай жакшы болор эле...» – дегиси келди.

Бирок унчуккан жок.

Чоң эне куруттарды мыжыгып жатат.

Ал таштарды эзгенсийт.

«Зулайка жеңени чакырып келейин, ошол эзип берсин» – деп Раман нечен жолу айткан.

– Кой, балам, өздөрү келбесе, алардын да өз тиричилиги бар, – деп чоң эне болбойт. Таарынгандай сүйлөйт.

Жок! Чоң эне таарынбайт. Раман билет го. Эч анте элек. Антпейт. Бирөөлөргө арыз-муңун айтып ыйлабайт. Чоң эне бирөөлөргө өзү жөнүндө эч сүйлөбөйт. Андайларды жаман көрөт. «Начар адамдар арызчыл, муңчул, таарынчаак болот» – дейт чоң эне. Күн тийди.

– Ассалоом алейкум!

– Ким, ата?

– Күн, – деди Раман.

Терезеден кирген күндүн нурлары чоң эненин кардай чачтарына корголоду. Раман муну эми гана байкады.

Мурда буурул көрүнчү эле.

Нуктуу бырыш менен көзүнө куюлганы келаткан, тоголонгон шар сымал тамчы тер, күндүн боёкторун сорду.

Күн сүрөтчү.

Автопортретин тартып жатат.

Раман болсо дайыма башка жөнүндө ойлойт.

– Кара кемпир...

www.bizdin.kg

– Болдум, ата. Курут жумшак экен, үбөлөнөт жаныбар. Малташа жейсиңби? – деди чоң эне.

«Дайыма кыйналганын жашырат. Саратан жеген эме кайдан үбөлөнсүн, таштай катуу да» – деп ойлоду Раман ичинен.

«Чоң энемдин ордунда болсом бир күн да жашабас элем. Өзүмдү атат элем»...

Раман чоң энесинин купуя күчүнө таң калат...

Кара кемпир...

– Болдум, ата. Нан жабанда. Дагы тоңуп калгандыр. Кыштын энеси өлгөн окшойт...

– Кара кемпир...

– Нанды ысыттыңбы, ата?

– Жок!.. Эмне үчүн сиздин көзүңүз жок? А башкалардыкы бар? – деди Раман.

– Тамтаңдабачы, ата!

– Эмне үчүн?

– Билбейм, ата, ыйлап жүрүп ушинттим го...

– Жөнү жок эле ыйлай бердиңизби?! – деди ачуулланган Раман. Чоң энанин өзү жөнүндө кайдыгер сүйлөшү аны ачуулантты.

Рамандын ачуусу келди.

Чоң эне көпкө дейре унчукпады.

– О, күн жаныбар чыктыбы? Чекем ысыды го. – Күндү кармалап көргүсү келгендей колун созду. – Жөнү жок дединби, ата. Ошол үчүн энебиз да.

– Эмне үчүн анда бардык энелер сокур эмес?

– Бардык энелер окшош эмес, ата, улуу Кудайым сүйгөн пендесине мээнет берет.

– Анда Кудайыңыз улуу акмак экен!

– Кой, ата, көп тамтаңдабачы!

Чоң энанин да ачуусу келди.

Раман унчукпай калды. Кичинекей кезиндеги ыйлаган көп түндөрүн эстеди. «Энемдин көзүн жакшы кыл» – деп Кудайдан суранып, жалынып ыйлагандарын ойлоду.

– Кел, көр оокатты ичели, ата. Атаңа наалат! Кийим жыртылса жамап коёсуң, жүрө берет. Жаман кекиртекти да жамап коёр болсочу? Ата, сен чоңойгондо адамдардын сообун ал. Ушуга жамак тап. Сени ошол үчүн окутуп жатканымды бил, ата.

Бул чоң энанин тамашасыбы, же чыныбы – Раман билбейт.

– Ушундайлардын сообун албай эле койдум.

– Антпе, ата. Ар кимди өзүңдөй көр.

– Ушулар соопту билишеби? Сиздин көзүңүз адеп ооруганда эмне үчүн бирөө доктурга алпарган жок? – Раман ыйлап жибере жаздады.

www.bizdin.kg

– Баласың, ата...
– Баласың! Баласың... Өзүңүз деле айткансыз...
– Мен алжыган кемпирмин. А сенчи?
– Мен алжыган чалмын, – деди Раман.
– Канчага чыктыңыз? – деди чоң эне күлүңдөп.
– Он бешке...
Раман да аргасыздан күлүп жиберди.
– Баласың, ата, баласың... Көп тамтаңдабай жүрчү.
– Мен тамтаңдабайм, – деди Раман.
– Оп, бали! Менин асыл уулум да...
Бул сүйлөшүү Раманда оор из калтырды.
Тамак ичип бүткөндөн кийин чоң эне казандын түбүндө калган курутту чоң кара көмөч аякка куйду, үстүнө бир жапырмак май салды.
– Барбайм, – деди Раман. – Дайыма эле ошол өз атын билбеген жиндиге тамак ташып мен эмне...
– Башы кара, буту айрыгабы? – деди Раман кекээрдене. Чоң эне болорболбос башын ийкегиледи. Раман чыгып кетери менен өксүп-өксүп ыйлады.
– Оо, көр Кудай! Ата-баланы мындай кыла көрбө. Көр Кудай ай! – деди чоң эне.
Бул там кыйла обочо. Айылдын тоо тараптагы четинде. Мурун элдин көбү ушул тарапта эле. Алар жол боюна жаңы там салып көчүп кетишти. Рамандар капкара морлуу соройгон чалдыбардын арасында жалгыз калышты.
Эл чалдыбардын бирөөнү жакшылап оңдоп, шыбап коюшкан. Ошондо Адам-жинди жашайт.
Азыр каалгасы оңурайып ачык турду.
Ал үйгө эч ким басып барбайт.
Иттердин да изи жок. Кээде гана айылдагы чалдар, же кемпирлер жаш балдарын жумшаса коркуп келбегендиктен, өздөрү оокат ташып барышат.
Раман ошол үйгө кесе көтөрүп баратты. Адам-жинди тескери карап көйнөгүн биттеп отуруптур. Оркойгон далысынан кошуу белгисин көрдү.
Кошуу белгиси!
Илеп белгиси!!
Көбөйтүү белгиси!!!
Чоочун тамга...
Жонунун тамтыгы жок. Раман оозун ачты. Баарынан да чоочун тамга даана экен.
«Согуш акенин кылганы болсо керек» – деп ойлоду Раман.
«Ушунун согушта болгону калп го... Согуш эмне жиндикана бекен...» – деди кайра өзүнө өзү.

www.bizdin.kg

Тигил дале Раманды байкаган жок.

Үйдүн ичинде да кыш эле. Төрдөгү самандын үстүндө аябай кирдеген көрпө жатат. «Ушуну да менден көтөрткөн, кызык ушу чоң энем» – деп ойлоду Раман.

Мурдуна коңурсуган жаман жыт келди.

– Эй, балээңди ич!..

Тиги жалт бурулуп кара аякты теше карады. Жылаңач көкүрөгүнө төгүп-чачып жутуп жатты. Коркойгон кокосу өйдө-ылдый жылат.

– Эй, паңбаш! Жоо кубалап келатса да акырын жутсаң?! – Жаагындагы узун сулуу тырыгына дайыма суктана караган Раман азыр аны тиктеген жок.

Акыры самандар илээшкен өскүлөң баш аяктан көтөрүлдү. Жалдырап Раманга карады.

– Эй, атың ким эле? Сен жакшы баласың... Менин да сендей балам болсо... – Бул Адам-жиндинин көнүмүш адаты.

– Атым атаңдын башы. Өз атыңды билбейсиң анан... Менин сендей атам болсо, эбак өлтүрүп салат элем. Өлтүрүп-үп!

– Өлтүрү-үп! Ха-ха-ха!..

Колунан аякты жулуп алып, Раман эшикке качып чыкты. Жомоктордогу мүйүздүү шайтандын күлкүсү Рамандын кулагынан кетпей койду.

Асман ачык.

Күн. Кар көз уялтат. Дүнүйө таптаза. Адамдар үйлөрүнөн чыгып күнөстөп олтурушат. «Коркунучтуу... Коркунучтуу» – деп ойлоду Раман. Анан өзүн өзү билбей кетти, шолоктоп ыйлап жиберди.

– Бечара, бечара, – деди Раман эрксизден, – адам да ушундай абалга келет экен ээ?..

9

Бир күнү Раман окуудан келатып, чоң энеси бирөө менен сүйлөшүп отурганын көрдү. Экөө күндө олтурушат.

Адам-жинди экен! Ал оозу-мурдун кыйшаңдатып шумдуктуу болот. Күндү арбаган жыландай болот. «Эмне көзү уялбайбы?» Таң калган Раман тык токтоду. Адам-жинди бир тынымга арбалган немедей кыймылсыз боло калды да, өзүнчө сүйлөндү. Сөөмөйүн тоолорго кезеди.

– Мынабу менин жерим. Мынабу менин тоолорум, – деди да, күлүп койду. Кайра башын чайкап: – Жоок, жоок, меники эмес, – деп мостоё калды. Дагы бирдемелерди күбүрөдү...

Чоң эне бөжөйүп, эне коёндой капалуу олтурат. Бырыштуу жүзүн жаш жууган. Арчыбаптыр.

«Аябай ыйлаптыр» – деп ойлоду Раман. Тынчсыздана баштады. Чоң эне колун тиги адамдын жүзүнө алып барды.

www.bizdin.kg

Эки колу менен чачын көрдү.

Көзүн көрдү.

Мурунун көрдү.

Кулагын көрдү.

Кайраттуу сакал баскан жаактарын көрдү.

Эң аягында колунан кармалады.

Көпкө кармалады.

Манжалары ичке арык колду сылагылады... Анан өпкүсү келгендей оозуна жакындатты.

Адам-жинди колун чоң эненин оозуна жеткирбей шарт жулуп алды. Чоң эненин калтыраган колдору жансыз немедей жерге шалк этти.

– Мен өлөм, мен жакында өлөм, ойрон! Менин көзүм көрбөй калбадыбы! Тааныдыңбы?! Тааныйсыңбы мени?! Мен киммин, ойрон?!

Чоң эне өзүн өзү башка муштагылады.

Өксүп, өксүп ыйлады...

– Өлөм, өлөм, ха-ха-ха!

– Эне, эне! – деп кыйкырып жиберди Раман. – Кет, бул жерден! Сенделген... Өлтүрөм! – Раман Адам-жиндиге тап берди. Ал качып жөнөдү.

Койнунан эки нан дабырап жерге чачылды.

– Ха! Ха! Ха!.. Өлтүрдү-үү! Ха! Ха! Ха!..

Үйдүн аркасындагы чоң кызыл таш да жаңырып күлүп жатты.

Раман шалдайып келип чоң эненин жанына олтурду. Көзүнө жерде жаткан эки нан урунду.

Анын бирин кабылан тиштеп жөнөдү.

– Эне, кызыксыз да... ошол боор ооруганды билеби... Дагы адам катары сүйлөшүп калат экен, – деди Раман.

Бирок өзү башка жөнүндө ойлоду.

Ал дайыма башка жөнүндө ойлойт.

– Эки карып сүйлөшөбүз да, – деди чоң эне салкын гана.

Чоң эненин үнү калтыраганын, дагы бир эле сөз сүйлөсө «ба» деп ыйларын байкаган жок.

Раман башка жөнүндө ойлоду...

Алиги адам жөнүндө ойлонуудан коркту.

Ал адам жөнүндө ойлонуудан дайыма коркот... «Эмне болду?» – деди ал. «Эч нерсе болгон жок» – деди кайра өзүнө.

«Жок» деген жакшы сөз – деп ойлоду Раман.

Раман дагы чылым күйгүздү.

– Көп чекпесеңчи, – деди Жамбы.

– А мен ошондогу чоң эненин салкын жүзүндөгү мунду түшүнбөпмүн. Бала экемин. Азыр ошону эстесем ыйлагым келет...

Чоң эне кеч кирери менен бүк түшүп жатып алды. Тамакты да: «Көңүлүмө барбай турат» – деп ичкен жок. Адатынча: «Уккан, көргөндөрүңдү айтып берчи, ата» – деп сурабады.

www.bizdin.kg

– Баласың, ата, – деди бир гана.

– Мен бала эмесмин, – деди Раман.

– Ооба. Сен эми эркексиң... – деди чоң эне.

Раман чоң энесин аяды. Сүйлөшкүсү келди. Эркелегиси келди.

– Менин энем сулуу...

Тизесине коомай отурду. Бетинен өпкүлөдү.

Бул түнү сүйлөшүшкөн жок.

Раман китеп окуп кирди. Кайра бат эле тажап, барактай баштады.

«Тынчтыгынан» качат. Аттап өтөт.

«Согуш» деген сөздү издейт. Ал жерин окуп бүткөнден кийин, дагы издей баштайт.

Тажады. Анан Наташаны издей баштады. Наташанын биринчи балы ага абдан жакты. Сүйүндү. Өтө жакты. Андрейге ыраазы болду.

Бал бүткөндөн кийин кайра уйкусу келди.

Толстой чалга баары бир ыраазы болгон жок...

Китепти жапты.

Бул китеп Раманга кыштын узун жадаткан түндөрүнө окшоду.

10

Дайыма эртең менен чоң эне курут эзет.

Кара кесеге курут куюлат.

Күн автопортретин тартат...

Кээде бороондун айынан келбейт. Үч-төрт күн катарынан келбейт... Чоң эне үч күндөн бери тынчсызданат...

Рамандан дагы сурады:

– Күн эртең менен чыга турганбы, ата?..

– Жок, бүркөө.

– Күндүн энеси өлгөн окшойт...

– Чоң энеси өлбөсө болду... Кайра чыгат... Мен кеттим.

– Каякка, кеч киргенде эми?..

– Кыйноого...

Раман киного кетти.

...Колхоздун клубунун ичи жыкжыйма. Өңчөй чөкө таандай чуркурашкан жаш балдар. Анча-мынча эриккенинен келген жаш жигиттер сороюшуп эң артта топтошуп турушат. Чылым чегип жатышат... Алардын көзү майрамга келишкендей жасанышкан келин-кыздардын үркөрдөй тобунда.

Раман алардын ичинен Лайлини көрдү.

Экөөнүн көзү кокусунан урунуша түштү.

Лайли тескери карап кетти. Рамандын жүрөгү туйлады. Уу-чуу...

Залдын ичин чылымдын ачуу түтүнү булуттардай жиреп жүрөт.

www.bizdin.kg

Кино башталды.

Титрдеги жазууларды жаш балдар эжелеп, жабырап окушат.

– Ле-й-те-н-ан-т. Лейтенант!

– Эй, чычкактар, жапкыла оозуңарды! – деп кыйкырды арттагы жигиттердин бири.

– Мынабу лакыйган жинди тосуп алды бизди, – деп чыйылдады баягы «лейтенантты» баарынан бийик кыйкырып окуган жаш баланын үнү.

Эми жымжырттыкты экранда жарылган бомбанын үнү бузду.

Дагы, дагы, дагы жарылды...

Жер эңшерилет...

Жердин онтогону угулат...

Өрт. Ышкырган октор... Та-та-та!.. Адамдар чалгы менен чапкандай сулашат.

Адамдардын онтогону угулат...

Өтүктөр сырак этет.

Миллион өтүктөр жүгүрүп жүрүшөт...

Ушу кезде жалгыз өтүк экранга согулду. Бирөө атып урду. Согуш болуп жаткан экран кулап түштү.

Согуш токтоду.

Селдейип эң алдыда турган кишини Раман заматта тааныды. Залдагылар «дуу» кыраан-каткы күлүштү.

Мүйүздүү шайтандын күлкүсү да угулду.

– Ха-ха-ха!!!

Адам-жинди бирдеме-бирдемелерди сүйлөнүп, өкүрүп-бакырып залдан качып чыкты. Жанынан өтө бергенде Раман анын купкуу жүзүндөгү сулуу узун тырыгынан ылдый аккан жашын байкады.

– Мына, чычкактарга, силерге кино! – деп кыйкырды баягы жигит. Санын чапкылап каткырды...

– Ишенбейм. Ошол адамга күлүштүбү? Ойлосоң, ушул адам күлө турган ишпи?.. – деди Жамбы.

– Билбейм. Мага ошондой көрүндү. Баары ыкшып күлүп жатышкандай көрүндү. Менин аларга ачуум келди...

Раман өзүн өзү билбей кетти. Жалгыз өтүктү алды да, эшикти көздөй жүгүрдү.

Кычыраган суук.

Асман туптунук.

Жылдыздар сойку жымыңдашат.

Раман клубдун жака-белин карады. Жок. Жакынкы үйлөргө барды. Жок!

«Үйүнө кеттиби» – деп ойлоду. Чуркап баратып жолдо бирөөгө урунду. Экөө тең тайгаланып карга жыгылышты.

– Раман, токтосоң, өтүгүң калды.

Лайли экенин үнүнөн тааныды.

www.bizdin.kg

– Менин өтүгүм дейсиңби! Апкел бери!..

Раман өтүктү жулуп алып дагы чуркады...

– Раман, токтосоң... экөөбүз издейбиз...

– Жинди го? Кимди издейсиң?..

Раман аябай ачууланды. Артынан калбай келаткан кыздын үнүн дагы укту.

– Раман токтосоң... экөөбүз...

Рамандын эми аябай ачуусу кайнады.

– Жинди десе! Кимди? Кимди издейсиң?!.

Бечара кыз шашканынан айтып салды.

– Атаңы...

– Мына сага атаңы! Мына!

Раман өзүн өзү бийлей албады. Лайлини бет талаштыра коюп-коюп жиберди.

Лайли карга жыгылып калды.

– Атам айткан... – Лайли улуу кардан араң туруп жатып ый аралаш ушинтип айтты.

Раман мунусун уккан жок.

Кыйла узап кеткен. Ал дале чуркап баратты. Арданганынан ыйлагысы келди.

Раман баары бир ишенбейт.

Эң жакшы көргөн адамынын оозунан ушул сөздү угам деп ойлогон эмес. Балдар да кээде ушинтип шылдыңдашат. Раман аларга ошол замат эле муш көтөрөт. Өлбөгөн жерде калышат.

Азыр бул жөнүндө ойлогусу келбеди.

...Раман эшиги ачык үйгө кирип, ширеңке чакты. Төрдөгү самандын үстүндө кулагын шалпайтып, сууктан коргологон жалгыз жоор эшек жатыптыр. Жок...

Эшекти өтүк менен салгылап айдап чыкты.

Эми эмне кыларын билбеди.

– Өлмөктөн доңуз копсун! Эшекче болбойбу, бир жерге баш калкалагандыр!..

Жалгыз өтүктү төргө ыргытты да, үйүнө жөнөдү.

Чилде. Чыйкылдаган суук.

Эшек араң бүжүрөп басып баратат. Туягынан кар кычырап, түндүн мазасын кетирет.

Өрдөштөгү үңкүрлүү кызыл таштан Баюулунун үргөнү угулат.

Чоң энесинин: «Баюулунун үргөнүн укпа, жамандыктын жышааны» дегенин эстеди.

«Ушу карыгандар бир балээни айтып дөөдүрөй беришет» – деп ойлоду Раман.

Анын бардык нерсеге жини келди.

Өзүнө да...

www.bizdin.kg

Жылдыздарга да...
Адеп тайгаланган өтүгүнө да...
Өтүгүн жерге уруп, уруп сөктү...
Залдагы жанын чапкылап каткырган жигитти эстеп, ага да жини келди.
Раман Адам-жиндинин согушта болгонуна эми ишенди.
– Бат эле келип калдың го, ата? – деди чоң эне.
Раман унчуккан жок.
– Кызык бекен, ата?
– Өтө кызык, – деди Раман.
Чоң эне да экинчи сүйлөгөн жок.
Раман негедир согуш жөнүндө ойлоду...
Бул түнү анын түшүнө да согуш кирди. Эки-үч жолу чочуп ойгонду...

11

Бул күнү Рамандардыкына эки атчан адам келди.
– Жигит, ким болосуң? – деди бирөө жылмайып.
Экинчиси дулдуюп унчуккан жок.
– Касымов.
– Ысмыңчы?
– Раман.
Чоң эненикин да сурап жазышты.
– Кол койгула.
– Эмне үчүн? – деди Раман.
– Тынчтык. Дүйнөгө тынчтык үчүн. Же сен согушту каалайсыңбы? – деди алиги адам дагы жылмайып.
Экинчиси дулдуюп эч унчуккан жок.
Раман кол койду.
Чоң эне бармагын басты.
Рамандын «сиз үчүн мен эле коюп коёюн» дегенине болбоду.
Чоң эне балчайтып бармагын басты.
Алиги адам муну көрүп, Раманга көзүн кысып жылмайып койду. А экинчиси дале дулдуюп унчуккан жок...
Эки атчан адам айыл кыдырып кетишти.

12

Чоң эне дайыма эртең менен курут эзет.
Күн автопертретин тартат...
Кара кесеге курут куюлбаганына көп болду. Ал өз ээсинен баягы суук түндө ажырабадыбы!

www.bizdin.kg

Өкүрүк-бакырык деле болгон жок.

Согуш талаасында өлгөн жоокердей тынч гана жерге коюп коюшту. Адатта адам өлсө, тирүүлөр чогулган жерде кеп болот. Антүүчү эле, минтүүчү эле раматылык дешет.

Жаманын да, жакшысын да бирдей эскеришет.

Ал турсун басканынан, турганынан, күлгөнүнөн өйдө зерикпей кеп кылышат. Булардын чын ыкластуу муюган ойлуу жүздөрүнө карап: «Тирүүлөр, боорукер болгула» – деп кыйкыргың келет!

Кара аяктын ээсин да адамдар купуя эскеришти: «Тазасында кандай жигиттин гүлү эле... Бечара бала... Согуш аны оңбогондой кирептер кылды. Оңбосун согуш!..»

Кээде жаш балдардын арасында кеп боло калат. «Билесиңерби?!. Бизди анын кубалаганын...» – десе, экинчиси: «Ой, бир жолу жанынан өтүп баратып ышкырып коюптурмун. Балээге калбадымбы... Таш-кесектеп кубалаган» – дейт. «Ышкырыкта бир балээ барбы? Эмне үчүн ошентип калды экен?»

Бардыгынын көздөрү бир тынымга чоң ачылып, унчукпай калышат.

Чоң эне дайыма эртең менен курут эзет.

Күн автопортретин тартат...

Раман үч күндөн бери эти ысып төшөктө. Чоң эне керээли-кечке күнгө да чыкпай жанында отурат. Мурдагыдай божурап көп сүйлөбөйт. Чоң эне да өлөрчө оору.

Анысын Рамандан дайыма жашырат...

«Энем абдан карып кетти» – деп ойлоду Раман.

– Кара кемпир, эч жериңиз оорубайбы?

– Оорубайт, ата. Куландан соомун. Сен оорубасаң...

– Эне, ыйлап атасызбы?

– Жок, ата...

– Кара кемпир ыйлаганын дайыма уулунан жашырат, – деди Раман башкача үн менен.

– Кара кемпир сенден айлансын, ата. Сен оорубасаң...

– Ыйлаба, эне. Мен барда сизди ыйлатпайм.

– Атам!..

Чоң эне көз жашын шыпырды.

– Эне, мен ыр жаздым. Гений жөнүндө ыр жаздым. Окуп берейинби?..

Раман каргылданган үнү менен жатка айтты:

Уккун, аалам!
Чагылган гений төрөйт.
Уккун аалам!
Гений өлөт Чагылгандан!

– Кой, ата, сен жөөлүп атасың... Ата...

– Мен чоң акын болом, эне...

– Сүйлөбө, ата... Катуу ооруп атабы?..

www.bizdin.kg

– Башым ооруйт.

– Эртеңге чыда, ата. Зулайка жеңеңин күйөөсү менен сүйлөштүм. Эртең доктуруңа алып барат.

– Кара кемпир...

– О-ов, ата.

– Атамын сүрөтү барбы?

– Канча жолу сурайсың, ата. Сүрөтү жок.

– Анан менин атам ким?..

– Согуш. Сенин атаң согуш, ата...

– Согуш?

– Укта эми, ата...

– Ыйлабасаңыз, эне...

– Ыйлабайм, ата...

– Ыйлаган жаман, эне.

– Ыйлаган жаман, ата. Уктайсыңбы?

– Мен согуштун баласымын... уктабаймын...

– Тамтаңдабачы, ата.

Чоң эне менен Раман дайыма түндө сүйлөшүшөт.

Эртеси Раманды райондук ооруканага жеткиришти. Чоң эне жалгыз калды. Коңшусунун келинчеги Зулайка эртели-кеч тамагына каралашат.

Чоң эне бүк түшүп жатты. Рамандын өмүрүн тиледи.

«А мен болсо марага жакын калдым» – деп ойлоду чоң эне.

Зулайка кирип келди.

– Чоң эне, ооруп жүрөсүзбү? – деди Зулайка чочуп.

– Жок, айланайын, эч жерим оорубайт, – деди чоң эне.

– Өң-алатыңыздан кетип калыпсыз...

– Эч жерим оорубайт, – чоң эне шек алдырган жок. Көптөн бери эң негизги максаты ушул.

– Раманымды эстеп эч уктабайм, – деди чоң эне.

– Уулуңузду эмдиги базардан кийин эле чыгат дептир доктурлар, – деди Зулайка. Албетте, калп айтты.

Күйөөсү: «Байкуш баланын оорусу кеч окшойт», – деп гана келди.

– Ошентсе кана. Ошонум адам катарына кошулсун деп жүрбөймүнбү. Болбосо...

– Койчу, чоң эне. Уулуңуздун уулун көрүп анан өлүңүз. Уулдун өмүрүн берсе жакшы адам болуп жетилет.

Зулайка азыр калп айткан жок.

– Күн барбы, Зулайка?

– Бар. Жүрүңүз.

– Өзүм чыгып алам, айланайын. Кете бер.

– Кечки оокатыңызга келе албайт окшойм. Тегирменди түндөп тартып келейин. Унубуз түгөндү.

www.bizdin.kg

– Аный, балам, өзүң жалгыз коркпойсуңбу? Күйөөнчү?

– Койчу, чоң эне, ичим деп жүрбөйбү. Өзүм эле барам.

Зулайка кетти.

Чоң эне жалгыз калды. «Ырас болду» – деп ойлоду өзүнчө. Башында бирөө турушун каалаган жок. Раман жөнүндө ойлобоону чечти.

Улуу секунданы күттү.

Жүрөгү алкымына тыгылып калгансыйт. Кайра кетет. Чоң эне өлүмдү көрүп жатты.

Ал чагылгандай тийип жарк этет. Кайра жоголот. Кайра качат.

Чоң эне улуу секунданы чыдамкай күттү.

Раман жөнүндө ойлобоону чечти.

Уктап албагандыгына өтө арман кылды. Чоң эне уктаганды абдан жакшы көрөт. Чоң эне түшүндө гана жашоочу. Түш ага нагыз турмуш.

...Кыз кезинде жылаңаяк чуркаган жолдорун басат. Кымбаттуу адамдары менен сүйлөшөт. Мийзамдуу күздөгү күндү карайт. Тоолорду карайт. Асманды карайт.

Түшүндө да ойгонуп кетпесем экен деп көп коркчу. Түбөлүккө уктай берүүнү каалай турган.

Жакырчылык дүйнөнүн таштарын көрүү да зор рахат берет да.

...Азыр эсинен танып баратып да чоң эне акыркы жолу түш көрүүнү самады. Чоң эненин түшүндө чагылган кайрадан чартылдады... Чоң эне жөөлүй баштады.

– Касым! Касым!.. – деп чакырды чоң эне. Ааламды чоң өрт каптап келатканын көрдү.

– Өрт!.. Өрт келатат, ата!..

Чоң эне соо эмедей эшикке жүгүрүп чыкты.

Күн батышты карап кыйкырды: – Өрт! Жер өрттөнүп келатат! Өчүргүлө-өө!..

Жылаңаяк чоң эне жерге эт-бети менен жыгылды.

Экинчи турган жок.

Чоң эненин адамдарга кайрылып айткан акыркы сөзү – ушул. Адамдын эң акыркы кымбат сөзү:

– Өрт! Өрттү өчүргүлө!

13

Кара лента үзүлдү. Фильм бүттү.

Кабылан жалгыз калды. Ал ар түнү дале үйдөн алысыраак олтуруп улуйт. Айга карап улуйт.

...Дайыма эртең менен күн терезеден түшүп курут эзип жаткан чоң энени таппайт...

www.bizdin.kg

Күн автопортретин бүтпөй калды.

...Раман бир айдан кийин ооруканадан кайтты. Оорусунан айыгып кайтты. Чоң энесин угузганда ыйлаган жок. Көңүл айтканы келген адамдар үн-сөзсүз тарап кетишти. Жалгыз калгандан кийин өксүп-өксүп ыйлады. Көзүнөн жаш чыкпай калган соң, чарчаган Раман уктап калды. Ойгонгондон кийин дагы ыйлай баштады...

Эки-үч күн өткөндөн кийин чоң энесинин баштыгынан жалгыз сүрөт таап алды. Артындагы өчүңкү жазууну окуду.

«Чотбаев К. 1942-жыл».

– Атам турбайбы! – Раман эрксизден үн чыгарды.

Оодарып карады.

Көзү, оозу, мурдунан өйдө тааныш.

Раман чагылган тийгендей селдейди...

Бул Адам-жиндинин өзү эле. Раман сүрөттү тытып-тытып очокко ыргытты...

14

Рамандын турмушунда ушулар калды. Ал дайымкысындай эрте туруп окууга барат.

Бүгүн да баратты. Кабылан да артынан ээрчип алат. Анын да жалгыз калгысы келбейт...

«Эч кимдин жалгыз болгусу келбейт» – деп ойлоду Раман. Экөө үн-сөзсүз жолдо баратышты. Жолдон экөөнө күн кошулду.

– Ассалоом алейкум, Күн! – деди Раман.

Кабылан унчуккан жок.

Ал башканы ойлоп баратты...

– Чекит... –деди Раман.

«Жамбыдан башка бирөөгө минтип таптакыр чечилип салбайт элем» – деди ичинен өзүнө нааразы болуп. Өзүнүн начар жери эми эсине түштү.

Жердеги күндүн табы сууй баштады. Рамандын жамбашы үшүдү. Ал Жамбыныкы да үшүгөнүн сурагысы келди.

Бирок эч нерсе сураган жок.

Жамбы дале айды карап жатты...

Айдын нуру көкүрөгүнө тийип турду.

– Мен жөнүндө мындан кийин жаман ойлобо, – деди акырын, Жамбы баятан бери ойлонуп жаткан эле. Раман муну билген. Ушуну айтат го деп күткөн.

Мына, кудум күткөнүн айтты.

– Эч качан! – деди Раман.

Экөө көпкө дейре унчугушкан жок.

www.bizdin.kg

Жамбы айды карап ойлонуп жатты.

Айдын нуру дале көкүрөгүнө төгүлүп турду.

Ал Памирди сагынгандыгын ойлоду.

Тоолорун... Асманын. Катаал кышын...

– Памирди ошондон бери көрө элекмин, – деди Жамбы. Раман анын үнүнөн эң жагымдуу кусалыкты туйду.

– Балким, күйөөң аман-эсен келгендир, – деди Раман.

– Билем. Аман-эсен...

– Барасыңбы?..

– Менин да жалгыз болгум келбейт, – деди Жамбы.

Экөө дагы көпкө дейре унчугушкан жок.

Раман тегерегин карады. Айдын күңүрт нуру.

Дарактардын жерде жаткан көлөкөлөрү...

Алыста агарган кыргыз тоолору... Экөө...

– Тирүү декорация! Элестетип көрчү! Дүйнө – Чоң театр. Азыр экөөбүз сахнада ойноп жатабыз. Миллиондогон оюн көрүүчүлөр... азыр экөөбүзгө кол чабышат. Ана, угуп жатасыңбы, угуп жатасыңбы, Жамбы? «Бали!» – деп кыйкырып жатышат...

Рамандын ушунчалык берилип чын ыкласы менен сүйлөгөнү, таза кыялы Жамбыны таң калтырды.

– Угуп жатам, – деди Жамбы.

Анан экөө бирин бири карап жарыша каткыра күлүштү.

Раман ордунан турду.

– Сахнадан кетелиби? – деди Жамбы.

Раман «мейли» дегендей башын ийкеди. Жамбы виносу ада боло элек бутылканы жерден алды да, алыс ыргытты.

Раман карап турду.

– Рахмат сага, – деди Жамбы.

Ал карыган жөнөкөй аялга окшоду.

Үнү да мээримдүү чыкты.

Экөө эски достордой коштошушту.

Жамбы троллейбуска түшүп үйүнө кетти.

Троллейбустун ичинде адамдар көп эле.

Раман чоң-чоң арымдап басып баратты...

1963-жыл. Чоң-Алай, Жекенди

www.bizdin.kg

Казыбек МАМБЕТЕМИН уулу

Кыргыз казалынын классиги. Нарын облусу, Ат-Башы району, Четкелтебек жайлоосунда төрөлгөн. Жаш кезинде молдодон окуп, жаза билген, сабаты диний багытта ачылган.

1929-жылы байманаптын өкүлү катары кулакка тартылып (атасы менен бирге), Оренбург шаарына айдалган. 1931-ж. бошотулган. Ошол эле жылы басмачыларга кошулуп, Кытай тарапка кеткен. 1934-жылы Кытайдан кайра Кыргызстанга өтүп келе жатканда кармалып, атууга өкүм кылынган. Бирок өкүм 10 жылдык түрмө менен алмаштырылган. 1936-жылга чейин түрмөдө жаткан. Казалдары 1990-жылдан кийин гана жарык көрө баштаган. Кол жазмалары сакталбай калган. Казалдарын Кыргызстандын бүткүл аймагында, Кытайдын Кызыл-Суусунда бүгүнкү күнгө чейин жатка билгендер арбын. Каза болгон жылы белгисиз.

Казына

Казыбектин «кытайлык» казалынан

«Кытайлык кыргыз карыябыз Үсүп уулу Матек ашуу ашып, бел ашып эки дептер ыр көтөрүп редакцияга келиптир. Жерлиги Кызыл-Суу кыргыз облусундагы Корумду деген айылдан экен. Дептер толо ырлар Казыбектики болуп чыкты. Аны убагында казалчынын өз оозунан Токтосун Молдо деген киши жазып калган.

– Ушу бүгүн Молдокемдин көзү тирүү, 84–85терге келип калды, – деди Матек карыя.

Бу киши таланттуу комузчу, ырчы Нурак Абдырахманов менен жүрүптүр. Көрсө, Нурак Казыбектин ырларын обону менен ырдайт экен.

– Үнүн көчүртүп, Кытайга ала кетип уктурайын деп атам, – дейт ал. Биз чогуу сүрөткө түшүп, Казыбектин ырларын көчүрүп калдык» – деп жазган Эл акыны Шайлообек Дүйшеев. Анда 2003-жыл эле. Ал акылман карыябыз азыр барбы, жокпу (ылайым бар болгой!) билбейбиз. Бирок ал көчүртүп кеткен ырлар «тирүү». Айрымдарын сунуштайбыз.

Бир кезде

Кара-Суудан каз уулап,
Бойлоп жүрдүк бир кезде.
Калбасак деп катардан
Ойлоп жүрдүк бир кезде.
Катарында курбунун
Ойноп жүрдүк бир кезде.
Атып тылтык, салып куш,

www.bizdin.kg

Дуулап жүрдүк бир кезде.
Адырдын аркар, кулжасын
Уулап жүрдүк бир кезде.
Аркасы менен атанын,
Куунап жүрдүк бир кезде.
Жыбылжытып жоргону
Минип жүрдүк бир кезде.
Жергеси менен айылды,
Билип жүрдүк бир кезде.
Кызыл-тазыл ак үйгө,
Кирип жүрдүк бир кезде.
Кытбат баа асылды,
Кийип жүрдүк бир кезде,
Кыз-келинди кылгыртып,
Сүйүп жүрдүк бир кезде.

Эриктирип күлүктү,
Байлап жүрдүк бир кезде.
Эл ичинде эркелеп,
Сайрап жүрдүк бир кезде.
Арпа менен Ак-Сайды,
Жайлап жүрдүк бир кезде.
Ар ким малын төлдөтүп,
Айдап жүрдүк бир кезде.
Азаттык башта, мал колдо
Дөөгүрсүп жүрдүк бир кезде.
Ак теңгени каржылап,
Көөсүрсүп жүрдүк бир кезде.
Ар ким өзү мал сатып,
Пулдуу жүрдүк бир кезде.
Айрылып кайран дүйнөдөн
Муңдуу жүрбүз бул кезде...

✻ ✻ ✻

Кызыл-тазыл ак үйгө
Кылчая басып киргени.
Оюнда болсун ар кимдин
Ойноп-күлүп жүргөнү.
Ол күндөр кимден калбаган
Опаасыз, билгин дүйнөнү.
Берилчү эле пенденин

www.bizdin.kg

Бейлиндеги сүйгөнү.
Күлүктү кимдер минбеген,
Күүлөнүп кимдер жүрбөгөн.
Дөөлөтү барда башында,
Дөөгүрсүп жалган жашоого
Дооранын кимдер сүрбөгөн.
Оюна келсе жашчылык,
От чачып кимдер күлбөгөн.
Кабагын чытып түрбөгөн,
Какшыгын айтып күүлөгөн,
Кашкайып күлүп сүйлөгөн.
Какайган сулуу келинди,
Кайрылып кимдер сүйбөгөн.

Кештелеп жоолук түйлөгөн,
Кендирдей боюн түрлөгөн.
Кесирди көзгө илбеген,
Кемечтүү кепти сүйлөгөн.
Кеп айтардан уялып,
Кээ бир балдар сүрдөгөн.
Кезеги келсе ошондой,
Келинди кимдер сүйбөгөн,
Кетибей адам өтөбү,
Керексиз жалган дүйнөдөн,
Кеткен бир кезди ойлосом,
Кеч-кече ырдап сүйлөнөт.

Толкуган тойлуу күндөрдө,
Топ бузган жорго мингенге.
Томсортпой Алла жеткирсе,
Толук бир ойноор күндөргө.
Айт-арапа күндөрдө,
Алкынтып күлүк мингенге.
Зарлантпай Кудай жеткирсе,
Замандаш ойноп күлгөнгө.

Кеткен бир кезиң айланбас,
Кейиш менен зарланып,
Кетип барат кайран баш.
Эрчий берип ар кимди,
Эндекей болдук айланбаш.
Ат-Башы, Ак-Сай жол ушу,
Аралаш айыл конушу.

www.bizdin.kg

Күрпөңдөн болуп союшу,
Күндө ыракат болучу.
Кытыз чайкап ичишип,
Кыялдын дартын жоюучу.
Тартылчу түндүк ак үйдө
Таң-таташа болучу.
Калкылдаган ырчынын
Карагайдан комузу.
Толгоп чертер күүсү бар
Торгойдун туңдуу добушу.
Кашкайган келин, сулуу кыз
Капшытты курчап туруучу.
Казак менен кыргыздын,
Кадимден берки жолу ушул.
Кайран бир жаның каталып,
Капташкан темир тор ушул.
Конушу жайлуу тегизден,
Койлору баспай сетизден.
Которуп жайлоо эл көчсө,
Козголуп көңүл негизден.
Ат жабдыгы күпүштөн,
Ар боруту келишкен.
Булгары тери кундуздан,
Бурчуна себет жылдыздан.
Буластап чыгып кыз-келин,
Бурала басып ыргыштап...

Ат-Башы кандай жер эле?

Түбү жок тунук төл эле,
Түгөнбөс алтын кен эле.
Түшүңө кирсе чыккысыз,
Түйшүгүн тарттым дээр беле.
Караңгы токой чер эле,
Картаган калың чеп эле.
Ашуусу бийик бел эле,
Агыны катуу сел эле.
Алык-салык чыгымдан,
Алсыздары кет эле.
Карып менен тискинге,
Кайыры тийген эл эле,

www.bizdin.kg

Жардылар байдан саан алган,
Жалданып малын таап алган.
Азып-тозгон далайлар
Ат-Башыдан баар алган.
Коңуру салкын күз болгон,
Конушу жайлоо түз болгон,
Салганы тайган, куш болгон,
Самаганы туш болгон.
Казганактап үй тигип,
Калк чогулуп аш болгон.
Дөөгүрсүп нечен азамат,
Дөөлөтүнө мас болгон.
Жаштары кызмат кылышып,
Жакшысы журтка баш болгон,
Чалыштан күлүк ат болгон,
Чабышып ойноп таш болгон,
Бай, жардысы белгисиз,
Баарына ырыс, бак конгон.

Жылжытып жылкы айдаган,
Чыңыртып кулун байлаган,
Күңгөйдөн тилин кайраган,
Күкүгү муңдуу сайраган.
Көк өзөн шибер, көк өтөк,
Көркүнө чыгып жайнаган.
Жылып бир аккан суусу бар,
Жыргалдуу жерлер ушулар.
Оюнга канбай жүргөн күн,
Ойлосом көөнүм бузулар.
Кантейин Алла тагдырын,
Калемим жалгыз ушу бар...

Ага-тууган эл калды

Ала-Тоо ашуу бел калды,
Ат-Башы, Нарын жер калды.
Атадан туулуп бир өскөн,
Агайын-тууган эл калды.
Адыры тулаң, ою чөп,
Аркар жыт жайлоо тең калды.

www.bizdin.kg

Адамга жайлуу бейиштей,
Аргымак чапкан кең калды.

Буралып шибер жыш калды,
Буркурап ыйлап кыз калды.
Базардан чыгып топтошуп,
Баса түшүп коштошуп.
Байкуш эл калды кантейин,
Бакырып ыйлап боздошуп.

Ак шумкар торго тартылган,
Айлана албай талпынган.
Азиздик түшүп башыма,
Ажырап чыктым калкымдан...

Короосу менен тамды алып,
Кожосу сен деп жарданып.
Байлыгы менен тамды алып,
Бай-манап сен деп жарданып.
Жаман катын, жаш бала,
Жабыркап калды зарланып.
Ит дүйнөгө алданып,
Ишенип жүрдүк байланып.
Отунду албай мал багып,
Оокатты кылбай жан багып.
Ат токунуп мингенден,
Айбыкчу элек арданып.
Экинчи мартта биз кеттик,
Высылке болуп айдалып.
Кайран эл сени көрөмбү,
Кайтара келсем айланып,
Туз буйруп мында байланып,
Туруп калсам жайланып.
Керектүү тууган мен болсом,
Келерсиң бириң шайланып...

www.bizdin.kg

Проза

Дүйшөн КЕРИМОВ

АЖАЙЫП КҮНДҮН АЛДЫНДА

(Эссе)

(Уландысы, башы өткөн санда)

* * *

Топ да жыртылды. Биз айылыбыз менен журт которуп, жаңы жайытка – Чоң Каман-Суунун четки айрыгына көчтүк. Анда ат, төө менен журт которчубуз. Көч өзүнчө шаң, майрам эле да… Таңерте атакем кечээ жайыттан алып келип тиздеп койгон Акбуура менен Карабаш каймалды комдой баштайт. Төөлөр анда-санда «бауф!..» этип бакырса жар таштар жаңырып, бүт айыл үйлөрүн кызыл уук, керегелеп сыйрып, көчтүн камында азан-казан эл. Адатта алдыга үйүр-үйүр жылкы айдалып, артынан самсып уй, кой, эчки сүрүлөт. Болгон жүк ат, төөлөргө артылып бүткөндөн соң, кол чаначтагы ынак кымыз кыдырата сунулуп, суусун кангандан кийин, арбактарга багыштап куран окулуп, атам аягында жыйынтык батасын айтат: «Эй, жараткан Алла! Тоо-ташыңдан, ичер сууңдан айланайын. Эски журтта эсен кылып, ырыскыңдан аябадың, эми жаңы журтта жалгап, соо-саламат, тилеген тилегибизге жеткир. Аз айып, көп күнөөбүз болсо кечирип, ыйман жолуна башта…» Анан энелерибиз өздөрү баш болуп, эски журтта калган кагаз, чүпүрөк айрындыларын, чамынды, акыр-чикирден өйдө терип жыйнаттырып, өрттөөчүсүн өрттөп, кемегеге көмөбүз да, жолго чыгабыз… Жолдогата айылдардан кымыз, каймак, көмөч

www.bizdin.kg

нан, куймагын көтөрүп: «Көчүңөр байсалдуу болсун. Ак жалгасын. Суусун ичип кеткиле» – дешип жайдары, мээримдүү адамдар тосуп турушат. Атакем кымыз куюлган кесени ат жалына тийгизип, анан шашпай жутат. Биз да тай, кунан минген бир кур балдар чоң аталарыбызды туурап, ээр үстүндө сунулган даамдан каадалана ооз тийип, чыныдагы кымызды миңгичибиздин жалына чоңдорго окшоп, ырымдап тийгизерде төгүбалып, бул олдоксундукту узатып, бизди атайын ызаттап, урматтап, кубаттап, жадырап-жайнап, мактап, тамашалап, а балким сынап… тургандардын арасынан кыздар байкап калып, шыбырашып, шыңкылдашып, күлүп атканын көрөгалып, жүрөк толкуп, эки бет «дуу» этип кызара түшкөндө кеткиче шашасың. Мына ошол кыйчалыш, кыйын кезде ого бетер үнүн бек-бек чыгарып: «Ой, байбиче, өзүңдөй жакшы кызың бардыр… Мына менин Сарыбайым, куда-сөөк бололу, кызыңды көрсөт, оо айланайын, энеңди тартсаң жаман болмок белең, багың ачылсын!» – атам ансайын бакылдап, кетибаткан көчтү да, өтүбаткан убакытты да унутуп коёр эле да…

Барган, көргөн, таанышкан, чайлашкан жердин баарында атам мага колукту издөөнүн убайын тартчу. Чоңдор үчүн тамаша, а мен үчүн ыңгайсыз, уялып, кысылып, бышмыйып… көпчүлүктүн алдында далай кызарып, тердегенимди айтпа: «Ой, ата, сенден аял сурабатамбы?» – деп, ээнден эч ким жок, өзүбүзчө баратканда, мына эми алдыбыздан айыл, үй жолугат, адатынча атам кайрылбай койбойт, анан «баягысын» дагы баштайт деп, келаткан жолдо канча ирет тыйдым, бирок бакылдап, чөк түшүбалып кымыз ичип, чер жазып отурганда, баягы мага кыз караштырмай абыгерин кайра баштайт да турат. Дегеле аялзатын, көп аял алып жүрөгү калганбы, же табиятында аялкөй жанбы, өтө ардактап, аяр мамиле жасачу жарыктык. Мына мен кембагал эки аялды «энелеп» чоңойдум го… Энелерим – Сайра, Секей да абышкасына сый мамиле жасашты. Жакасын, шейшебин кирдетпеди, тебетей, калпагын жерге коюшпады. Атакем да ар дайым: «Байбиче, уй саасаң музооңду, бээ саасаң кулунуңду менеле салып берейин» – деп, алардын кызматына даяр турду…

– Ата, канча катын алдың...

– Өй, төбөңөн тийгир, аны сага ким айтты?

– Абдырай чоң ата: «Керимдин кайсы катынынан туулдуң эле» дебатпайбы…

– Оо, атаңдын оозчайын, ал сетер ошентип былжырай берет…

Мындай капылет суроого какап, туталана түшсө да, атам менин балалык аңкоолугумду ээн жерде, береги дүмүр оодарыбаткан токой арасында, эригип зериккенден, «ыйлар бала атасынын сакалы менен ойнойт» болуп тапанданып, кыйынсынып суроо берибатканымды түшүнүп, анын адегенде кызара ачуусу келе түшкөнүнөн коркуп кеткенимди аяп, жумшара мындай деди:

www.bizdin.kg

– Эмесе, угуп тур Сарыбай. Ажалы жетип күнү бүтсө, аласасы келгенде колунан тартып алып калалбайт экенсиң. Өз энең Саткан, чериктин Акчубагынан чоң Белек дегендин жалгыз кызы эле. Сен төрөлөрдө катуу оорудан өтүп кетти...

Дал ушул жерден кеп тизгинин тартып, мен эс тартканы атакем ошол чоң таятам чоң Белек тууралуу далай ирет айтып берген икаяны кошпосом баянымдын тузу кем болгону турат. Анан да жалгыз кызы Саткандан калган тукум биз, демек, арбак ыраазычылыгы үчүн да, атадан укканды урпактарга улап калтыруу парзы моюнда жана муну мен айтпасам ким айтат... Узун кептин кыскасы, чоң таятамдын күйөө баласы Керимге калтырган баатырдык баяны бул:

«Милдет, жүгүм – дубан бузган күлүк атты уурдап келүү. Жалаң түндөсү жүрдүм. Күндүзү элден далдоо карагай черди же аска таш арасын пааналайм. Азыгым мол. Алты күн дегенде мерчемдүү жерге жеттим. Акмаласам, күлүктү ээси түндөсү атайын өргөөнүн төрүнө акырга байлатып, күндүзү үч, төрт жигиттин кайтаруусунда бактырат экен. Мал издеген болуп, ошол аймакта жарым айча жүрдүм го... Бир күнү айылда той болду. Удулу ушул эмеспи деп, түн ортосу ооп, эл кызуу уйкуда жаткан кезде атымды коктуга калтырдым да, жеңил кийимчен колума жүгөн, камчы гана алып, ат байланган боз үйгө жылып жеттим. Кароол коңурукту кош тартып жатат. Аттап өтүп, күлүккө жүгөндү салып, жетелей эшиктен чыга бергенде эле жайдак жонуна жабыштым. Жаныбар канаттуудай жылкы эле. Айыл чуу түшүп, артта калды. Минип келген атымды да карабадым. Тулпарды өксүтүп, бузуп албайын деп ченеп келатам. Эртеси түш ченде чоң дайрага туш болдум. Артымдан куугун да жете келди... Амал жок. Тобокел деп, күлүктүн күчүнө ишенип, суудан сүзүп өтүп кеттим. Куугунчулар кечүүгө даабай, өйүздө дүргүп кала беришти. Ошондо күлүктүн ээси чебелектей, «Эй, Белек баатыр! Сени тааныдым. Эрдигиңе баракелде! Эми айла кылып, кайра ажыратып алгыча атымды арытпай жакшылап бактырып тура гөр...» деген кыйкырыгын уктум да, кайрылбай бастыра бердим...»

* * *

Ал жылдары айылыбыздагы жамандык-жакшылыкка небересиби же туугандарыныкыбы, кичинекей кыз жетелеп кара тору, чарчы бой, бакыраң көз, улгайган аял анда-санда келип кетчү. Бурмаке эже деген ысымы эсимде калды. Аны да апамдар: «Сенин энең...» – деп какшыкташчу да. Кийин-кийин мен киши куракка келгенде, Бурмаке – атамдын Черикбай деген согуштан кайтпай калган тууганынын

www.bizdin.kg

жесири экенин, төрөбөгөнүн, кайран атакем ал жеңесин да бир кезде алып, убактылуу бирге жашаганын, анан өз энем Саткан чыр салып, ага уул, келини – менин ата-энем Касый менен Батыш кошулуп жаңжал чыгарышып, атакемди бир далайга кагажыкташып: «Бирок ошондо да Керим куда кебелбей күлүп гана койгон...» – деп, Жумабай таякемдин айтканы бар.

– Уруштан кийин жесирлер көп болчу. Бирөө мени чанды, бирөөн мен чандым, бир-экөөнүн көзү өтүп кетти дегендей, башкасын алдым. Анан сен энесиз жүрмөк белең… Бирөөнүн ак никесин бузган жокмун, балам. Келе эми, кымызыңдан Сарыбай...

Ак нике демекчи, тээ Ботой-Ата тоосунун өңүрүндө бирге кыштап жүрүшүп, айтылуу Жумакун мергендин жапжалгыз кошунасы, бир чети кыйышпас досу Турдалыга кыянаттык кылганы, досунун каргышына калып, тукумга зар болуп кыйналып өлгөнүн айылдагы абышка, кемпирлерден далай уктум. Ботой тоо Ат-Башы дайрасынын баш жагында, Ак-Муздан атчан жүрсөң күнчүлүк аралыкта, кийиги, отун-суусу мол, касиеттүү жер. Мергенчилерди ээрчип барганда: «Жумакундун кыштоосу, бул үңкүрү» – деп көрсөтүшчү да, сөзсүз ал жөнүндөгү икаяны алымча-кошумчасы менен кайрадан айтып берише турган…

❊ ❊ ❊

Аңчылыктын ышкысы имерип, эки дос былтыр эл жайлоодон кыштакка көчүбатканда ушул уядай болгон арчалуу өтөктө калып калышты. Колуктулары – Зууракан менен Асел да каршы болушкан жок. Кыштын алты айын элден окчун жашап көрсө эмне болмок?... Карылуу мергендер желе боо тартар аралыкка кош жертөлө казып үй кылып, түтүн булатышты. Жер карада жакага каттап, ун-талкан, ширеңке, тузун демекчи, жетерлик камдагандай болушту. Отун, суу эшик алдында, кийик төштө… дагы эмне керек? Айымдары ийик ийрип, сайма сайса, мырзалар илбээсин уулап, упай ойноп, чүкө атышты. Соо-саламат шат күндөр өтүбатты. Бир гана жазга жуук ун, талкан азайды. Эл жайлоого келер кез али узак. Кыштакка эки мергендин бирөө барып келиши керек. Нөөмөт Турдалыда эле…

Күлазыгын белине бууп, мылтыгын асынып, буттарына тайтуяк тартынган Турдалы мерген дайра үстүндөгү көк жалтаң муз менен: «Ак-Муз кайдасың?» – деп сапарга чыкты. Башка жол жок, унаа да жок. Кар улуу түшкөн жыл. Ошентип, жолоочу мерген күн жүрдүбү, түн жүрдүбү, туура жарым ай дегенде алыскы айылдан азык-түлүгүн куржунуна аркалап, оорукка кайтып келди.

www.bizdin.kg

Жылдыз толгон жуукта жер төлөсүнүн астанасын аттаган Турдалыны үч уктаса түшүнө кирбеген тагдыр тосуп алды. Капыл-тапыл кирип келген аны аялы Зуура эмес, аяшы Асел очок боюнан жалт карады…

– Жакшысыңарбы, аяш? – Чаалыккан мерген куржунун жерге коё, эч камаарабай саламдашты. Аяшы үндөбөйт, жалдырайт да жалдырайт. Сүйлөй албай, көзүнөн жашы акты…

– Эй, эмне болду? Менин аялым кана? Сообу?

– Соо болбой соолусун. Ант урсун аларды…

– Эмне? Айтпайсыңбы бырылдабай…

– Эмнени айтайын… Экөө мурдатан тамыр экен. Сен кетериң менен биригип алышып, мени быякка айдап чыгышты. Ушунун баарын кылган сенин азыткың, албарстың…

Ушундай болгон, элсиз ээнде эки достун, эки кошунанын тагдыры. Аял сүйүүбү же азгырыкпы? Адам ата, Обо эне бейиштен кантип айдалды эле… Кандай болгондо да Обо эненин андагы «азгырыгынан» адамзат тукуму уланды. Демек, энебиз өзүнө өзү «чыккынчылык» жасады, биз үчүн жыргал турмушун курмандыкка чалды. Обо эненин үзүрү жана бактысы – Адамзат!

Ал түндө кошуналар укташтыбы, жокпу ким билсин, айтор, күн жарыктык кылтайып көрүнгөндө Турдалы үйүнөн чыгып, колдорун тескериленте бата кылды дейт: «Ким кимибизге чыккынчылык кылсак, Ботой-Ата бооруңа тарт! Оомийин…» Аяшын колунан жетелеп, кечээги келген из менен жакага мезгилсиз кайткан мергендин сабырдуулугуна тан бербеске айла жок, аттиң…

Ошону менен окуя өңүтү экинчи дос – Жумакундун кайгылуу өлүмүнө такалат. Албетте, өлүмдүн өзү кайгылуу. Бир келгени байкалбаган, өтпөчүдөй жайкалган өмүрдүн «жалп» эткен оттой өчкөнү өкүнүчтүү. Адам пенде ажалдын акыры келерин билип, аңдап турса да өзүнө жуутку-су келбейт ов! Жашоонун кызыгын, сызыгын, кумарын, кубатын, таттуусун караң… Өлүм – ак. Атам ушундай дечү. Өлүм – акка моюн сунуу, азбы-көппү береги жаркын жашоодо кылган-эткениң артта калып, актай кеткениңби? Акталганыңбы?... «Барып-келген киши жок, ушундай экен дүйнө шок…» делет улуу «Манаста»! Бирок да чын дүйнө бар экенине, басып өткөн жолуң үчүн акыр бир күн сурак берээриңе ишенесиң…

Жумакун мергендин өмүрүнө үч мерте капилет коркунуч келди. Ботой-Атада кийиктин кызыгына батып, жарадар текенин артынан калбай келатып, асканын арасында жаткан адам сөөгүн көрүп жүрөгү бир солк этти. Кундагы чирип, дат баскан бараң мылтык ташка жөлөнгөн бойдон туруптур. Күнгө какжырап, ак шагылда чачылып жаткан кишинин арбайган сөөктөрүн көргөндө илбээсиндин зору болгон аюу алдынан чыкканда да солк этпеген мергендин жүрөгү опкоолжуй түштү. Ылдыйда, оңой түшкөн тектирче көбөттүн алды, жан жагы жалама зоо экен, шарт

www.bizdin.kg

эле келген жолуна салып чыгып кетейин деди, бирок эки жолу жар таштан буту тайып кумайга түшкөндө жонунан каратер кетип, береги асман тиреген адам буту баспас, басса да минтип тамам болгон зооканын жаналгычтай колтугунда, мындай алды туңгуюк тиктен бир текенин этин мойнуна артып чыгып кетчү кажарлуу мергендин эки тизеси калтырап, өз сөөгү ак шагылда жаткандай коркунуч басты. Көрсө, мынабу сөөгү сөпөт болуп жаткан бейтааныш адам да ушул көбөттөн кайра чыгалбай калган турбайбы… Келме келтирип, биртике боюн токтотуп олтуруп, маркумга багыштап куран окуду. Сөөктөрдү жыйнап, мылтыгы менен бирге кумга жашырып, таш менен корумдады. Дагы да, куран окуду. Эми жүрөгү ордуна келип, жеңилдеди. Шыңга бой, шадылуу мерген шашпай «бисмиллахиррахманрахим» деп өйдөгө кол созду да, оңдой берди болуп, колдору урчуктарга илинип, чарыктары ташка жабыша көроозундай көбөттөн бу саам илериңки чыгып кетти…

❊ ❊ ❊

Сайра энем кышкы чыкыроондо, январдын капортосунда каза болду. Бөйрөгүнө суук тийип, райборбордогу ооруканада эле, сөөгүн борттуу машинага салып келишти. Боз үй, өткөн жайда өзү тигип, өзү түтүнүн булаткан, өзү чечкен боз үйдүн ички капшытында далай-далай жылдар бирге жүрүп эркелетип, өзү айткандай «элик сүтүн берген» энем жансыз жатса, үч күн бою тышкы капшытта балдар менен таяк кармап, «энекелеп» өкүрүп мен турдум. Оор, катаал, татаал, кайрымсыз, мээримсиз, мерез күндөр… Биздеги ушул үч күн бою сөөктү жерге бербей, аза күтүп, өкүрүп, кошок кошуп, боорсок жасап, мал союп, булоолонуп эт жеп, кеп жеп, бышакташып, ушакташып, кучакташып, бырылдап, чырылдап… олтурганды жек көрөм. Кайран кыргыз, ойрон кыргыз, сайран кыргыз, Салижан аке айтмакчы ушинтип өлмөгү да кымбат кыргыз…

Сайра энем жасап берген чокмордой болгон тери мээлейимди кийип, этегимди кымтылап, алдымдагы жээрде быштыны «чү» деп теминип, Кичи-Булактын оозундагы калың мүрзөдөн айылды карай элден озунуп жөнөй бергенде: «Ой, чоң баш жөнө, энеңе өкүр!» – деп бирөө атымды камчылап, кылчайсам, Иса агай экен, эрдемсий түшүп, энекеме күйгөнүмдү, менден башка өкүрүп барары жок экенин билгенимди эл-журтка, береги каралуу боз үй алдында, кимиси катуу өкүрүп келер экен деп, жарданып карап турушкан сансыз зайыптарга көрсөтөйүн, далилдейин деп, атымдын оозун коё берип чаап жөнөдүм. «Эсил кайран энекем, эми кайдан көрөйүн ой…» Айыл менен мүрзөнүн аралыгындагы апай талаада, кар калың түшкөн аппак талаада артыма карасам, атчандар алыс, машинечендер тээтиякты айланып келет, «эсил кайран энекем…»

www.bizdin.kg

үнүм элдир-селдир чыгып, кашайып көзүмдөн жаш акпай, үшүгөн мурдумдан суу агып, аны дамамат сүртүп, жаңсай берип, жедеп калыңдаган чокмордой тери мээлейим менен улам жанып, улуу «Манаста» айтылгандай олбуй-солбуй теминип, оң-тетири камчыланып келаттым.

Ошол кездерде кимдир бирөө көз жумуп, көргө жашыргандан кийин маркумдун жакындары дал мага окшоп күйгөнүн, сүйгөнүн, кайгырганын, айрылганын билгизип, ушундай ат коюп, жаны-алы калбай чаап келген, далайы аттан жыгылып азап да чеккен, Кудай урган бир адат бар эле… Келатам, тигине боз үй алдында аялдар аңырайып, бажырайып, сынап, ансайын кыйнап мени карап турушат. Касым чоң атамдын үйүнөн өтө бергенде, үйүбүзгө жете бергенде камчым колумдан түшүп кетпеспи… Оозун тарттым окшойт жээрде бышты союлгур тык токтоду. Ооп түшүп камчыны алдым. Кайран камчы кайра табылабы? Эми кантип миндим? Артымда атчандар, алды жакта аңкайган аялдар… Дөңгө же дөңгөчкө тартып минчү элем, бу ченде ал кайдан табылмак: «Эсил кайран энекем, эми кайдан табайын ой!...» – деп озондоп атымды жетелеп, камчымды жерге сүйрөлтүп келатам… Ары жактан машинадан жаңы түшкөн атакем да: «Эсил кайран Сайракем…» – деп бакырып келатса, менин да эми чындап муунум бошоп, чылбырды таштай салып, ээрчий чуркадым. Баратсак, өкүрүк арасынан аялдардын күбүр-шыбыры, бышактаганы, анан бир кемпирдин, «Ой, Керим! Ыйла, ыйла! Оо, кайраным! Эртең жаңы катын алам деп, сүйүнүп аткандырсың…» дегенин укканда бу күйгөнү, сүйгөнү, жүргөнү, кайгысы, тамашасы, азабы… аралаш ажайып дүйнөгө, бир келген кайталангыс, түбү өлүк (!) дүйнөгө ыйларымды, күлөрүмдү билбей делдейип, элейип, сербейип таңгалгам…

❊ ❊ ❊

Балалык кез, курак, доор дейбизби, кандай тагдырга туш болсоң да өзүнчө керемет, ажайып, татты эскерүүлөргө жык. Албетте, балалыгыңдын бактысы ата-энеңдин бары, дениңдин сагы, курсагыңдын тогу. Калганы жомоктогудай шатыра-шатман сонун күндөр…

Ошол Сайра энем капылет каза болгон 1968-жылы биздин үйдү мүшкүл басты. Кайриет, маңдай жарган кубанычы да болду дечи, бирок босогобузду ак жоолукчан келин аттап, алгачкы жеңелүү болгон кубанычыбызды да кайгынын кара туманы басып турду белем, аттиң… Адатыбызча жаз келгенде эле жайлоону эңсеп, камдана баштадык. Анда колхоздун ак коюнан кожолук малга жайыт тийбей, атам айтмакчы, жер тарып бараткан учур. Эсимде, эрте жазда атам экөөбүз жылкыларды көрүп келели деп, Бороондуну өрдөп баратсак, Кызылдын тоосу дечү жерге жеткенде секидеги эски көрүстөндү көрсөтүп мындай деди: «Ата-энемдин сөөгү ушул жерге көмүлгөн. Мына бул арал ата конушуң, биздин

www.bizdin.kg

там турган жер. Заман алда кандай болот, эстей жүр…» Таңгалдым. Атамдын, «биздин там турган жер» деген аймак түптүз жайык, арыда колхоздун мал сарайы, чарбанын байлыгы, сыймыгы, азабы да ак койдун төл өнөктүгү кызуу жүрүп, сакмалчылардын кыймылы алыстан эле көрүнөт. «Заман алда кандай болот…» Кызык… Кандай болмок эле. СССР, Ленин ата, компартия, космонавттардын атын кайталап баратам, Гагарин, Титов,Терешкова…

Каман-Суунун өрдөшүндө Сапарбек экөөбүз эртеден-кечке кой кайтарабыз. Сапарбек менден эки-үч жаш улуу, ордунда шүк отурбаган, кемпирлер айтмакчы шукшуңдаган, өтө шок, «кара чунак» атка конгон бала. Чоң атасы, алысыраак тууганыбыз Мамытбек устага малыбыз менен бирге мени кошуп, эртелеп жайлоого көчүрүп келишкенине жарым айча болду. Жалгыз үйбүз. Июнь айынын ондору, бирок ошол жылы кыш оор, кар калың түшкөндөнбү, бизден башка эч ким али бул жакка көчүп келелек, жер ээн. Каман-Суу да бир сонун жер. Сала-салаа коктуларында карагай, арча, четин, тал, шилби, карагат шактары тирелип, сайында суусу күркүрөп, даакысы түшөлек суурлары бура бастырбай кыйкырып, бир жактан чакчыгайлар не бир кубулуп ышкырып, чабалекейлер, апам айтмакчы, жакшылыктын кабарчысы, ананайын чабалекейлер алды-артыңдан кайкып учуп канчалык алаксытса да, өзүм ээн, эрме чөлдө калгандай, көктөмү саймадай жайнаган, абасы атыр тоо арасында кой кайтарып, эбиреп-жебиреп не бир ойго келбес оюн, окуяларды ойлоп таап, жанды жай алдырбас Сапарбек акемди ээрчип жүрсөм да, санаам алда кайда – алыскы борбордо мына айыгат, ана айыгат менен жаткан алтын апамда, эртеден-кечке көчөсүн чаңытып ойногон, көңкөсүнөн ысык нан буркурап, бирин-серин бактары, окшош тамдары сүйкүм, адамдары асылкеч Ак-Муз айылымда: «Сарыбай, артыңдан барам, анан сен энесиз жүрмөк белең…» – деп аял, омей баса, кемпир издеп калган атакемде.

– Ме, муну айраныңа, чайыңа кошуп ичегой. Тиги Сапарбек оңбогур канчалык катсам да таап алат. Кабагыңды ачып, күлүп-жайнап жүр балам. Жаш киши антип ойлончу эмес... – деп, Мамытбек устанын байбичеси Карыя чоң энем ушинтип мага катып жүргөн кантын берип, канчалык өнтөлөсө да баары бир жол карайм, жалгызсырайм. Чай, кымыз куюбатканда байкалып тургандай колдорун бырыш, сепкил желелесе да чоң энемдин сөйкө, шакек, билерик, чолпусу түптүз баскан бой-келбетине куп жарашып, «Уста» деп абышкасына, «балдарым» деп бизге асте кайрылган жүзүнөн мээрими төгүлүп турчу жарыктыктын. Ошентсе да устакемдин байбичесине илгертен кызганычы барбы, же мүнөзү ушундайбы өзүнчө күңкүлдөп, көбүрөөк жемелей берчү. Аргасы кеткен чоң энем, үндөбөй ийрип олтурган ийигин ыргытып жиберип: «Какмар, касам ичем…» дебеле эшикке жөнөп кетер эле. Ортодо Сапарбек экөөбүз эмне дээрибизди билбей бири-бирибизди карап калаар элек…

www.bizdin.kg

Сапарбегиң түшкүр, эмнени гана көрсөтпөдү. Шимүүрдүн мал туягынан сынып, саргайган жалбырагын күл майда ушалап, гезит айрындысына ороп чылым деп тарттырды, устанын мылтыгын уурдап чыгып, асказоону аралатып кийик уулатты. «Ак-Муз көрүнөт» – деп, капкайдагы чокуга чыгарды, «Аркы айрыкта айыл болуш керек, кыздарга барабыз» – деп, жер кездирди…

Чак түш. Булутсуз асман алдында жер жарыктык көлбүп, жан-жаныбар жыбырай жуушап, биз түштөнүп, жаңыле боз үй алдына чыгып, устакем менен кемпиринин кер-мур айтышын тыңдап олтурганбыз. Аңгыча тээ, Босогонун чоң көпүрөсүнөн бери жол чаңып, жүктүү машина жакындап келатты. Бортко тикелей жөлөнгөн боз үйдүн керегелери кызарып көрүнгөндө атакем көчүп келатканын сездим. Сезгеним менен атакемди далайдан бери күткөн сагынычым баягыдай кубанычка айланып кайкып учпай, сезимимде кандайдыр бир бүшүркөө, тосмо пайда болуп, түпөйүл ой бийлеп турду…

Кабинадан биринчи түшкөн ал адатынча бакжая басып келип: «Сарыбайым…» – деп төбөмдөн жыттады да: «Энеңе бар, учураш» – деди. Бу саам атакемдин буйругун илгеркидей шыр аткаралбай туруп калдым. Аңгыча машинадан жаңы түшкөн кара тору бейтааныш аял өзү илбериңки басып келип бетимден өптү да: «Эжең болом, айланайын. Ак-муздукмун. Каратон Дүйшөмбүнүн кызымын» – деди.

– Ээ, Кеке, жакшы болбодубу…

❊ ❊ ❊

…икаянын ушул жеринен калемим колдон түштү. Дегеним, ушул өзүм үчүн бирде улуу, сулуу, бирде баягы эле тапталган жолдогудай, ашкеби ойлордой сезилген жаман да, жакшы да чыгарма болумушум жазылбай, жазайын десем көңүлүм эки анжы, анан ары жагы кош, бош сезимдерди арак-шайтан азгырып, андан кеселдеп, бир келген жалгыз, асыл өмүрүм жар башына кептелип, оорукана шыпаа болуп, кайрадан жашоого жол таап чыккансыдым… Мына ошол үйүмө келген түнү кыйналган уйку арасындагы чалды-куйду түштөрдүн соңку таңга жууккусу дапдаана эсимде жаркып, эртеңкиге кадимкидей жетеледи эй!

…кандайдыр бир капчыгайда көч сыяктуу эл келатат. Мен алды жакта экенмин. Ал аңгыча кайдан-жайдан күн күркүрөп, жүрөктү солкулдаткан чагылгандар түшүбатты. «Бисмиллахир рохманир рохим, лаа илааха иллалоох, Мухаммадар расулулох!» – деп, тээ эс тарткандан атакемден жатталып калган келмени кайталап айтып, алды жактагы дөңсөөгө чыгып барып, боз үйгө кабылдым. Үйдө эки адам – Мамытбек уста, Карыя чоң энем. Устакем тааныбай: «Касыйдын, Керимдин баласымын…» десем

www.bizdin.kg

гана: «Аа…» – деп башын ийкеди. Карыя чоң энем болсо, «уста карыды да» деп, мага үндөбөй бир кесе сунду. Ичсем кадимки суу экен. Андан соң дасторкондон эки калама нан алдым да жолго чыктым… Элди ээрчип, өрүүгө чыгып келатсам, бир секелек наристе кызды жетелеп алыптырмын, ачкабы дегендей каламадан сындырып берип коём. Алды жактан таанышы жакын адам көрүнгөндөй болду эле ошону көздөй шаша бастым…

Көргөн өңдөгүдөй айгине түшүм ушул болду. Таң куланөөк маал. Төшөгүмө олтурган тейден эмелеки түштө жолуккан кайталангыс, эки асыл адамдын арбагына багыштап куран окудум. Арбак ыраазы болсун! Ыйык Аллах чагылганын чартылдатып колдоп, секелек наристе периштесин жибердиби… Токтобо, тажаба, алдыга бас, өрүүгө чыга бер, дегениби… Айтарым, жазарым, жакшылыгым алдыда экен да. Эмесе, жараткан Аллах өзүң жар бологөр, оомийин!...

✻ ✻ ✻

– Ээ Кеке, жакшы болбодубу! Жаманың күндө жол карайт. Мына уулум, атаң да, энең да келди. Үйүңөр эртең тигилер. Бүгүн келинди отко кийирели. Кана балдар, бир козу тандап келгиле. Кемпирим экөөбүз да сүйлөшөр кошуна жок, эки күндүн биринде чукчуңдашып аттык элек, бүгүн бир жаш шорпо ичип, чер жазышалы –деп, Мамытбек уста эч кимге кеңешпейле буйрук чыгарып салды. Атам устадан кичүүлүк кылып козу союп, жаңы энем Секей ичеги, карынын артты, Сапарбек баш куйкалап, мен отун жарып, суу ташыдым, уста адатынча насыбай ийлеп, байыркы зергерлигин кеп кылып бакылдаса, Карыя чоң энем чачпагын шыңгыратып казан асып, дасторконун жайната… айтор, боз төбөл жалгыз үйдө ал күнү кадимкидей майрам болду да калды…

Акыйкатта, жайлоодо боз үй ичинде уктаганды аябай сагындым.. Эсеби маселен жамгыр, жайдын сергилең, жумшак, эрке жамгыры үзүктү бир ыргакта дыбыратып жаабатат. Түндүк жабуу чүмкөлгөн. Эшик түрүлүү болсо да үй ичи күңүрт. Казанда эки, үчпү жилик эт секин кайнабатат. Энем чыгдан тарапта супарасын жайыбалып камыр ийлеп олтурат. Андан жогору атакем адатынча кынтайып жатат. Кээде байбичеси менен кобурашып, кээде көшүп кетсе сакал, муруту чулгаган оозунан «бу-уф» эткен үн беймарал чыгып турат. Менчи… Энемдин, «көбүргөн терип келегой, шорпого кошсок даамдуу болот» дегенинен төмөн, сай жээгине чуркап барып, жыты буруксуган көбүргөн пияздан бир тутам терип келегалып, энекем эркелете сунган чоң кесе саамалды ичип жиберип, атамдын чепкенине ороно жыпжылуу көрпөнүн үстүндө жүккө жөлөнө чалкалай жатсам, эмелеки саамал ичимди асте ысытып, көңүлүм кандайдыр бир жыбылжыган жыргал дүйнөгө жетеленип, түрүлүү эшиктен арыда сам-

www.bizdin.kg

сып өтүбаткан жөө туман арасынан кино экранындай түркүн элестер бүлбүл көрүнүп, оронгон чепкендин жакасынан атакемдин тер жытына түтүндүн, шорпонун, кымыздын, камырдын, кереге түбүнөн келибаткан чөптүн, жердин… деги койчу, керемет жыттардын агымы аралашып, жамгыр дабышы, сайдагы суунун күрпүлдөгөн күүсүн тыңшап жатып уктап кеткендей ширин уйкуну жарым кылымдан (!) ашык жашаган береги күлгүн өмүрүмдө али сезелекмин ов! А түнкүсүнчү… Негедир атакем ар дайым шар аккан сууну бойлоп конуш алчу. Жатарда, «кымыз жакшы чыксын» деп сабаны көпкө быштырып: «Сарыбай, эми саамалдан шашпай ичип жаталы» – дечү. Кечке маселен, кой кайтарыппы, отун алыппы, ышкын уулаппы, шернеге барып балдар менен алышып, кеч киргенде ак чөлмөк ойноппу… айтор, чарчап-чаалыкканыңды жаздыкка башың тиери менен уктап баратып элес-булас билип калчусуң да… А ойгонсоң сийгиң келип, табарсыгың ооругандан бир ойгоносуң. Ошондо да күн эбак чыгып, жайлоонун жашоо кыймылы азан-казан болуп калган болот. Бу түн кантип өткөнү, биздин үйдө, дегеле ааламда не болгону менен таптакыр кабарың жок, ишиң да жок… Бир гана кээде энемдин кошуна аялдар менен сүйлөшүбатканда, «Түндө абышкамды кириптим» же «Башымды жуудум…» дегендей кобураганын угуп, мен аларды сезбей калганыма тек гана таңданып койчумун…

Ошо атамдар келип, Мамытбек устанын үйүнө чогуу түнөгөндүн таңында ойгонсок жамгыр жаабаткан экен. Сапарбек экөөбүз төрдө бирге жатканбыз. Ал адатынча шоктонуп, тийишип, тыбырчылайт. Аңгыча, алгач энем төшөгүнөн туруп, эшикке камданыбатса, атам: «Секей, менин кемселимди жамынып чык, көйнөгүң суу болот» – деп калды. Анда оңбогон Сапарбек жуурканды чүмкөнө калып, мага минтип шыбырабатат: «Оме-ей, атаң энеңди сүйөт экен ээ…»

❊ ❊ ❊

Кубанычы, кайгысы, рахаты, азабы… аралаш бу сүйүү, арзуу, махабат аттуу аруу, татаал, дегеле адамзат акыл-эсин тумандаткан ыйык дейбизби, бийик дейбизби же бирөөнү шордуу, бирөөнү таттуу тагдырга жетелеген сезим мамилеси, көңүл паразаты менен анчейин ишибиз, түшүнүгүбүз да жок, санаасыз жүргөн жыргал кезибиз экен да, анда…

Мына, сүйгөн деп, анын кайгы-касыретин, азабын тартып, күйүттөн өмүр бою «Үкөйүм» деп какшап, жаңшап ырдап, бул керемет, классикалык ырдын төрт куплети жүз жылдан бери эл оозунан түшпөй кубулжуп, созулуп ырдалып келатканы, 1928-жылы Совет бийлигинин буйругу менен чегара районундагы эл башчылары – болуш, бийлер, бай-манаптар жер котортулуп айдалганда: «Айдалып кетип баратам, Ак-Музга сөөгүм

www.bizdin.kg

коюлбай…» – деп, айтып билгендей эле кийин Оренбургдан, кыргыздар Орунбор дешкен, сүргүндөн келгенден кийин, «Чегара районго өтүүгө тыюу салынат» деген НКВДнын катаал буйругунан, туулуп, өскөн, балалыгы, жаштыгы кең талаасында, жашыл төр жайлоосунда ажайып күндүн алдында, айлуу түндө ат үстүндө ыргалып кетип баратканда же сүлкүлдөгөн, кылыктанган, жадырап жайнаган кыз оюнда, топураган тойлордо сүт бото тайлактай боздогон, созгон, аска-зоолорду, ай-талааны жаңырткан аваны калган, ата-бабасынын сөөгү жаткан... кайран жер соорусу, сонуну – Ат-Башы, Ак-Муз, Ак-Сайына бир барууга, абасын, суусун жутуп, тулаңында оонап, топурагын көзүнө сүртүүгө зар болуп өткөн кайран, жайран, асыл абабыз Боогачыны айт…

Алалуу жылкы элде бар,
Ашыктык илдет менде бар.
Армандуу болдум жеталбай,
Үкөйүм, аз милдетим сенде бар…

Алтындан чачпак соорунда,
Ар күнү турат оюмда.
Алтынга окшош Үкөйүм,
Тетиги ай тийбес тоонун боорунда…

Ой-Карагай, Сары-Талдан,
Обдулуп көчөт канча жан.
Чок кылып, ичти күйгүзүп,
Үкөйүм, чолпусун кыя байланган…

Улуу тоонун боорунан,
Улар куштай үн салдым.
Урматтуу Үкөй дартынан,
Уруларча түн каттым…

Адамдан артык порумуң,
Атыңды уксам оорумун.
Армандуу дүйнө кантейин,
Ак алма жыттуу коюнуң…

… Май айынын жыйырмалары. Терезеден таң агарып келатканы көрүнөт. Эки бөлмө жылуу тамдын төркүсүнүн төрүндө улуу ырчы кыбыла баштанып, төшөк тартып жатат. Кечээ эл чогулуп, бүт айыл: «Боогачынын ырын өз оозунан бир угалы» – деп, түрүлүп келгенде, жөтөлдүн айынан, каргыш тийген кеселдин айынан, какап-чакап ырдай албай койбодубу…

www.bizdin.kg

«Азыр кайран Үкөй кайда болду экен?..» Ушуларды, дегеле арттагы аманат өмүрүн, «Журттун уюткусу» атыккан моңолдорду эрдиги, эпчилдиги, көсөмдүгү менен бийликтен атайын буйрук чыгартып, Ала-Тоо аймагына таруудай чачылып кеткен момун, калыс, акыйкат моңолдор уруусун чогултуп, эки суунун аралы – Нарын, Ат-Башы дайраларынын аралыгына жайгаштырып, эл-журт кылган атасы Жакыпбек жакшыны, алпештеп баккан ак элечек апасын, Бороондуда, касиеттүү олуя атыккан Матай аяш атасынын короосунда курдашы Базаркул экөө чүкө атыбаткан тээ секелек кезде: «Олдо кырк жаш ай, уулум кырк жашка жетсе кыргызды сурар эле… А сенин Боогачың думана пейил, элүүсүндө эл бийлейт. Бирок бийлиги узак болбойт го…» – деп, Матайдын Жакыпбекке кобураганын, айткандай Базаркул Базаркул болуп, черикке болуш болуп, кыргыздын кыйыны кадимки Шабдан илик алып, зоболосу көкөлөп бараткан отуз жаштын аягында Сары-Талда атчан баратып, жигиттеринин көз алдында бүк түшүп, мүрт кеткенин эстеп оор үшкүрдү. Өзүнүн тагдыры да ошондой болду да…

Касиеттүү ыр өзү келди. Адегенде жоро-жолдошторун, көрүп билгендерин, дегеле күнүмдүк турмуштагы көрүнүш, окуяларды жеңил-желпи жамак термеге сала коймо өнөрү бара-бара оңдолуп, түзөлүп жүрө-жүрө олуттуу санат, насыят, секетпай ырларына айлана берди. Анан…

Анан туура 47 жаш курагында, ага дейре төрт аялы, ар кимисинен балачакасы, очор-бачар дегендей байкер турмушта, касиеттүү өзөн Бороондунун оозуна аймакта алгачкы болуп там үй, медресе салдырып, ал кийин Ак-Муз айылы, Боогачынын мектеби атыгып, мына, эмдиги жылы болуштук шайлоого катышып бүтүндөй шаркыратма болуштугун – Ат-Башы, Нарын дайраларынын ортосун жердеген калың моңолдорго башчы болордо капилет көрүнгөн, ошол бир көргөндө эле өмүр бою издеп жүргөндөй жакын, ысык, асыл аялзатына, жандүйнөнү жалбырттаткан асыл махабат – Уулкан, эркелеткенде Укей, кийин «Үкөйүм» болуп кылымдарга ырдалып калган ырдын кейипкерин, ашыктык ырдын, өлбөс-өчпөс керемет ырдын булагын тапкан эмеспи. «Он сегиз миң ааламды куп жараткан дүнүйө, аял менен эркекти жуп жараткан дүнүйө» – деп, улуу Жеңижок нөшөрлөтүп төккөндөй аттиң, Үкөйү менен жуп, өмүрдүн, береги армандуу дүйнөнүн аягына дейре кол кармашып бирге жүрө албады Боогачы. Бири кем дүйнө… Чачын айт, назын айт, сөзүн айт, көзүн айт, жытын, басканын, турганын, жатканын…

«Кайран Үкөй, азыр кайда болду экен а…»

❊ ❊ ❊

Колхоз, совхоздордун калың малы жакадан улам көчүп келген сайын жайыт кысылып, Чоң Каман-Суунун берки айрыгына барганбыз. Жайлоонун окшош, көнүмүш турмушу өтүбатты. Ак жаан деп айтар элек, үч

www.bizdin.kg

күндөн бери күн жарыктык көрүнбөй, жамгыр көз ачырбай жаабатты. Койдун кезүүсү эле келбесе биздей балдарга мындай жамгырлуу күндөр да сонун, баягы эле аягы жок оюн. Ээн чатырга кирибалып, чуру-гүү түшүп, алышыбатсак энем мени издеп башбагып калды.

– Ие айланайындар, чатырды көтөрүп кетесиңерби?

– Ой, эне, жаан качан басылат?

– Аны Кудай билет да, жүрү, сени атаң чакырыбатат.

– Эмнеге? Курсагым тогеле…

– Жок, тамакка эмес. Бир кишини Босогонун көпүрөсүнө жеткирип келсин дебатат.

– Ой-ий, ошончо жерге, ушул жаандабы?

– Кой балам, атаң сага ишенгенден айтыбатат да…

Эзилген жолду таптай баскан жээрде кашканын ээринде олтурган бейтааныш, кемпир дейин десем картаңга окшобогон арыкчырай, шыңга бой, карасур аялга аргасыз учкашып, белге кеткен кыяда бараттык. Көрпөчөнүн бир өңүрү алдымда, үстүмө атамдын чепкени, башымдагы акемден арткан кайыш кепкамдан жылжыган тамчылар мойнума киргени анда-санда сезилгени болбосо беймарал, жанагы ак чатырдагы оюн кумарынан оолактаган сайын, капкайдагы кайтпас сүргүнгө айдабаткансыган атамдын мамилесине таарынычым тарагансып, көк тукаба кемселчен, кээде «чү» деген доошу болбосо жалгыз бараткансыган аялдын далысынан алаксый туш-тарапка көз жүгүртүп келаттым. Кыбыраган жан жоктой, айлана суз. Жадагалса жайыттагы мал теге да жамгырга баштарын ийип, кыймылсыз тургансыйт. Бир гана суур ийиндеринен башбаккан чакчыгайлар бизди шылдыңдагансып ышкырып, күчүкчө үрөт, балача күлөт… Дагы жакшы, булардын болгону. Болбосо, мазени алаар береги жымжырттыкта ичиң бышып, аттан ыргып түшүп, жөө чуркагың келет да…

– Жаман көрбө, айланайын! Кымыздан арбын ичип алыптырмын.. – деди аял туу белге чыкканыбызда аттан түшүбатып. Анын илбериңки, шамдагай кыймылдаганынан тизгинди кармап, ат үстүндө учкашкан боюнча олтурдум. Ал капталдагы коктуга кетти. Бу белден тээ, биз барар Босого тарап бүдөмүк көрүнүп, чоң жолдон караңдап машина өтүбаткансыйт. Бериде чачылган чакмак канттай боз үй, чатырлар өзөн бойлой агарып, андагы бейтааныш адамдардын турмуш тирлиги мага азыр жомоктогудай жыргал туюлуп, көңүлүмө өбөк, жөлөк. Сайдагы суу кээде «жылт» этип көрүнө калып, салаа-салаа карагайлуу колоттор көкмөк нурга тунуп жатат.

– Керим акем болбосо талаада калмак экемин да… – деп, эми аялдын үнү эңкейиште соёлонуп бараткан жээрде кашканын жүрүшүндөй шайдоот чыкты.

– Канчанчыда окуйсуң?

– Күздө бешинчи класска барам.

– Атаң жакшы киши балам. Мендей бейтаалайды колдоп, чү…

www.bizdin.kg

Аялдын далысы бүлкүлдөй түштү. Үнсүз ыйлабатат. Эмне дээримди билбей, камчы менин колумда эле, «чү» дебийдим…

– Атында айып жок, жакшы баратат, жөнеле гой балам. Аркы айылдагы бир тууганымдыкына отпускеде кымыз ичейин деп келдим эле. Жаман аялы кур дегенде бир жума батырган жок. Кудайга койдум… Эл бар, Кекемдей жакшы адамдар бар. Жакшынын баласы жакшы болот. Сен да атаңдай кең пейил, боорукер, жакшы бол, айланайын! Нарында турам, швейный комбинатта иштейм. Жайлоодон түшкөндө атаң экөөң келип кеткиле. Силерге ыракмат, минтип бир чанач кымызыңарды берип, капкайда жеткирибатасыңар…

Жол бою дээрлик ал сүйлөп баратты. Көңүлү ачылып, үнү шаңкылдап, көк тукаба кемселчен далысы көрктүү кайкалап, ак жоолукчан башын эми өөдө көтөрүп… Негедир апамды эстедим. Анын да ушундай көк тукаба пальтосу бареле. Ал дагы ушул аялдай түптүз, тез-тез басчу. Бек, таамай, ачык-айкын сүйлөчү… Апамды сагындым… Фрунзенин ооруканасында үч жылдан бери, ана айыгат, мына айыгат деп, саргарып жатат. Байкем менен кышкы каникулда барып келдим. Баспайт экен, гипсте жатат экен. Адатынча чекемден өөп койду. Чоң шаарды биринчи көрүп, эсим ооп, делдейген кебетеме күлдү. «Эмне оозунду ачасың, чоңойдуң, чыйрак бол!» – деди.

Баса, баягы жылы күздө апамдын урганын эстедим. Жайлоодон күздөөгө деп, Бороондудагы Усупбектин тегирменинин маңдайына көчүп келгенбиз. Күн батып баратканда. Үч музоону имерип, шар суунун боюнда тургам. Батып баратканда күн нуру суунун айлампа иримине чагылышып, каалгый сүзгөн кара жон балыктар бирде кылтылдап, бирде жылтылдап… мен да аларга кошулуп сүзүп, суу алдындагы биз билбеген сырдуу дүйнөгө аралашып кеткен экемин, «тарс» эткенде далым тилингендей ысый түштү. Жалт карасам апам, колундагы сабоосун кылычтай дагы шилтеп каларда жан айласы кылып, тыз койдум. Музоолору кактап ээмибаткан уйларды аралай качып баратып, чочуганымдан сабоо тийген далымдын туз куйгандай ачышканынан апамды жек көрүп, ал мага дүйнөдөгү эң катуу, таш боор адамдай сезилип турду…

Мына, быйыл апакемди аябай сагынып барсам, ошону өзү эстебедиби. Айтып, күлүп, көзү кылгырды… Апамдын ыйлаганын өмүрү көрбөгөм. Урса ургандыр да, ошол урганын сагындым. Мына, бул көк тукаба кемселчен, өз арманын айтып алдыда баратканбейтааныш аял апама окшоп кетти. Ат ыргагында кемселин кармап баратканколдорум кыймылдагансып, «апакелеп» кучактай калып, өңгүрөгүм келди…

Көпүрөгө жеттик. Чаначты да түшүрүп, зым карагайдын бооруна байладык. Басмайылды чечип көрпөчөнү оңдодум да, кайра чаболоңун кошуп, бек тарттым.

–Өмүрлүү, бактылуу бол, алдыңа кетейин. Керим акеме жакшылыгыңарды буюрсун. Атаңа ыракмат, салам айт! – дебатканда атты жолдун кырына тартып миндим да, чепкендин этегин кымтылап жөнөй бергенде: – Мегой

www.bizdin.kg

– деп, эки момпосуй сунуп, эңкейгенимде мойнумдан кучактап, жыттады да: – Кекеме ыракмат, садага кетейиндер… – деп, дагы бышактап жиберди. Жээрде кашканы теминдим. Адам гана эмес айбан мал дагы үйгө шашат. Шайбырлап, илгиртпей жөнөп берди. Кылчайбадым. Карасам ыйлар белем, айтор, көпүрөнүн кулагынан алыстаган сайын зор тапшырманы ийгиликтүү аткарып бараткан жоокердей жеңилдеп, делөөрүп кетибатсам, күн арты түрүлүп, үч күн бою түнөрүп, тынымсыз жаабаткан асмандын кыбыла чети көгөрүп келаткан экен, жарыктык…

❊ ❊ ❊

Сайдын өйүзүндөгү кыядан түшө бериштеги түзөңдө төмөн жакты карай токтоп турган машинанын бортунда жети, сегиз киши гүүлдөп арак ичибатышкан экен, мен жетелекте эле: «Ой, момунда бир баатыр келатат» – деп бирөө бакылдап, жалпы мага карап калышты.

– Салоомалейкумдар… – дедим, алардан үркө четтей баскан атымдын тизгинин тартып.

– Алейкисалам. Бу жаанда кайдан келатасың, дос? – деди, бери четтеги боз шляпа, плащ кийген толмоч киши.

– Көпүрөгө киши жеткирип келатам.

– Ой баракелде, азамат турбайсыңбы!

– Эй, бала, кел биз менен арак ич, – деди, ары жактан бирөө.

– Койсоңчу… – деди шляпачан аны тыйып, – азамат жигит арак ичпейт. Ажаат ачып, жакшы иш аткарып келатыпсың, нан ооз тий – деп, каймак сүйкөлгөн чоң сындырым нан сунду. Бирок жээрде кашканы камчылап темин сем да бортко чукулдабайт, аңгыча шофер кабинадан чыгып келип, нанды алып берди.

– Көпүрөдөгү кишиңди биз ала кетебиз – деди, дагы шляпачан ылым санай мен жөнөй бергенде, – кимдин баласысың?

– Керимдин.

– Кайсы Керимдин, ак-муздукпу?

– Ооба.

–Ой мурдуңду урайын, папаң Касый менен дос-жолдошмун, Касый кайда?

– Кыштакта.

– Аяш атама салам айт! Мен ача-кайыңдылык Өмөр…

Ары жагы угулбай калды, алыстап кеттим. Жээрде кашка жол сыртындагы дыңга салып, улам көкүлүн силке, желе жорто баратса үстүндөгү менин да кыялым канат байлап, артымда түрүлүп келаткан асманды улам кылчая карап ырдайм да, эмеле Өмөр деген жакшы байке берген каймак сүйкөлгөн нандан анда-санда бурдайм…

www.bizdin.kg

Туу белге чыкканда күн чайыттай ачылып кетти. Тээ күн чыгышка сүрүлүп бараткан тумандуу кара булуттар ак мөңгү кырка тоолорду илеңсалаң ашып баратат. Табарсыгым ооруганын эми сезип, аттан түштүм. Үстүмдөгү ным чепкенди чечтим да, бөктөрдүм. «Кыбыланы карап заара ушатпа» деген, атакемдин айтканын эстеп, тоо жакка бурулдум. Аттанарда көпүрө жакты карадым эле, бая зым карагай түбүндө караан дале тургансыйт. Же бетон түркүгүбү… айтор, алыста, алыста мен атын билбеген, ысмын айтпады да, көк тукаба кемселчен, ачык жүздүү, шыңга бой, кемпир дейин десем жашыраак, бейтааныш, антейин десем жана коштошордо мойнумдан жыттап жаш аралаш ысык деми менен: «Атаңа ыракмат! Салам айт….» – деп шыбырагансып айтканын эстеп, көөдөнүм жылып, жакынымдай сезилген аялзаты дале жол тосуп тургансып, кандайдыр бир аялуу нерсем алыста калгандай кылчактадым.

Күн жарыктыктын деми өткөн сайын жерден мончонукундай жыпжылуу буу чыгып, леп-леп соккон туу белдин желаргысы айдалып өтүбатса булут үстүндө каалгып учуп бараткансыйм. Туу белде турган кандай сонун… Бүт аалам алаканындагыдай, оюңда, боюңда бийикте толукшуп, эргип, сергип, алдында, артында кызык дүйнө. Деги койчу, мынабу балбылдап, бүт ааламга тептегиз жарык, касиеттүү аппак, жыпжылуу нурун төгүп келаткан ажайып, атакем айтмакчы, жарыктык күндүн алдында уза-ак тура бергиң келет…

❊ ❊ ❊

Мына, калемдин да сыясы түгөндү. Кудая тоб-ба... Экиленип не? Таңгалдым да, жылмайдым. Ушул чыгарма болумуш менен тээ бир жеринде жаздым да эле, бирде улуу, сулуу, бирде ашмалтай шилтемедей сезилип, далайга уланбай, акпай калган булак суусундай көлбүп, көрүнүп-көрүнбөй, билинип-билинбей, а бирок жадымдан таптакыр чыгып, унутулуп да калбай, эки жылдан бери колумдан жетелеп, соо-саламат, сергилең-сергек, кызык кыялдарга, үмүткө жетелеп, дамамат таңкы супада, сырдуу жылтылдап эң эле сулуу, эскерткич сары жылдыз, ананайын периште сары кыздай жымыңдап жылмайган, жарыктын ажайып, улуу Жарыктын – Жашоо Күндүн (!) жарчысы, кабарчысы, а балким, ар кимге эле көрүнө бербеген, абай салсаң, түштүк тараптагы терезеңе өзү келип ойготуп: «Тур, эсте, жаз...» – деп, түндөн күндүзгө, демек жаркын, таберик жашоого көпүрө – таңкы Сары Жылдыз шык берип, жазылып жаралган, жан азыгым ушул жаман чыгармама убактылуу, а чынында ыйык, ырайымдуу, мээримдүү Аллахтан башканын баары убактылуу эмеспи, сыясы түгөнгөн калемим да эс алсын бечара, иншалла, деп азырынча көп чекит койдум...

www.bizdin.kg

Дүйнөлүк адабияттан

ӨКҮМ

Жаркыраган жаз күндөрүнүн эртеси. Соодасатык иштеринин кызыгына жаңыдан бата баштаган жаш көпөс Георг Бендеманн жеңил-желпи бирдемелерден жапыз курулган үйлөрдүн биринин экинчи кабатындагы бөлмөсүндө отурат, бири-бирине улангансып, үйлөр дайра бойлото чубалыша салынган, алар бири-биринен бийиктиги жана сырткы түсү менен гана айырмаланышат, болбосо бир караганда коёндой окшош. Георг Бендеманн чет өлкөлөрдүн биринде жашаган бир теңтушуна кат жазып жаңы эле аяктады, экөөнүн бала чагы бирге өткөндүктөн бирин бири жакшы билишчү, жазып бүткөн катын бүктөп, кайра ачып дагы бир жолу көз жүгүртүп чыккандан кийин конвертке салды, анан эки чыканагы менен үстөлгө таянып отурган бойдон дайра тарапка терезеден көз чаптырды, дайрага салынган көпүрөдөн нары дөңсөөлөр жаңыдан көгөрүп, жаз белгиси даана сезилет, ошол дөңсөөлөрдү тиктей Георг Бендеманн бир топ отурду.

Теребелге көз чаптырып олтуруп, Георг ошол досунун чет өлкөгө, болгондо да Россияга кандай жагдайда кетип калганын эстеди. Соодасатык иштери аны Петербург шаарына айдап барып, анын иши ал жерде ириде оңдой берди болуп, ошол бойдон көпкө кармалып калат, кийинчерээк иши кетенчиктеп, жолу болбой жатканын анда-санда Мекенине келип-кеткенин

Франц КАФКА

(1883 – 1924)

Австро-Венгриянын Прага шаарында еврей бүлөсүндө туулган. XX кылымдагы көрүнүктүү немис тилиндеги жазуучулардан. Чыгармаларынын дээрлик көпчүлүгү көзү өткөндөн кийин жарык көргөн. Дүйнөнүн көпчүлүк тилдерине которулган.

www.bizdin.kg

теңтушу айтып калчу. Бөтөн эл, бөтөн жерде соода-сатыктан пайда көрүп, анчалык марып кете албагандай. Анын акыркы келишинде Георг курбусун жазбай тааныды, досунун бала болуп башына жүн чыккандан бери тааныш жүзүн, бети-башын каптап, карылыктын белгиси болгон сакал-муруту жаап-жашыра албагандай, оорукчан көрүнөт, эмнегедир өңү керсары. Орус жергесиндеги жердештери менен анчалык ымалада боло албай же жергиликтүү калк арасына сиңишип кете албай кыйналып, анын үстүнө жашырганда эмне, бойдокчулуктун азабын кантип тарткканын өзү саймедиреп айтып берген.

Соода-сатык артынан сая түшүп, эл-жеринен, тели-теңтуштарынан таптаза безип кеткен мыңдай немеге эмне деп кат жазса болоруна баш катырып ириде Георг ыргылжың болуп бир топ жүрдү, акыры чыгынып бүгүн кат жазып отурат. Георгдун ою боюнча андай немеге бооруң ооруйт арийне, бирок жардам көрсөтүшкө мүмкүн эмес. Чоочун эл, чоочун жерде жолу болбогон неме эли-журтуна кайрылып келип, турмуш-тиричилигин кайрадан баштаса болор эле, ошондо ал тели-теңтуштарынын кол кабышынан үмүт кылса болот, ошондо Георг орус жергесинен кайтып келген курбусуна кантип көмөк көрсөтүшкө башкаларга кеңеш беришке даяр. Баса, өз эл-журтуна кайра келишке тиги курбусуна эч тоскоолдук жок эмеспи, адашкандын айыбы жок, кайтып үйүрүн тапкан соң деп бекеринен айтылбаса керек. Душман сүйдүрүп айтат, тууган күйдүрүп айтат демекчи, мындай немеге катуу-катуу айтса, жүрөгү түшүп калбайт, ошондуктан Георг жазган катына өзү корстон, эгер аякта иши алга жылбай кетенчиктөөнүн үстүндө болсо, эл-жерине кайтып келүү абзел экенин, эгер ал эл-жерине кайрылып келсе, арийне, эл ага таңыркабай койбой турганын, анын акыбалын курбу-курдаштары, тели-теңтуштары гана туура түшүнө тургандыгы, анткени «эски дос эстен кетпейт, жаңысы баркка жетпейт» деген кепте калет жок экенин калтырбай баарын катка жазган.

Кызык, кайдагы бир неменин камын ойлоп, баш катырыштын деги кажети барбы? Аны эли-жерине кайрылып келишке үгүттөштүн эч кажети жок болуп жүрбөсүн, акыркы жолку келишинде Георгдун курбусу мекениндеги жагдайга эч түшүнбөй турганын, ошондуктан чет жерде жүрө бериши дурус көрүнөрүн өзү айтып бергени бар, кеп-кеңеш демекчи бири-биринен алыстап чоочункурап бараткандарды жакындатып, ымалаларын оңойт дешчү эле, тел-теңтушунун, дос-тууганынын кеп-кеңеши тиги немени, тескерисинче, ары алыстатып жаткандай. Чыны менен ал курбу-курдаштарынын кеп-кеңешине ынанса, анда ал эл-жерине кайтып келишти сөз жүзүндө ары-бери чойбой, иш жүзүндө бир жаңсыл кылмак, бирок андай болбой жатпайбы. Мүмкүн ал өз керт башынын кызыкчылыгын көздөп жаткандыр, бала күнүнөн бирге өскөн курбу-курдаштарынан, тууган-туушкан, жек-жаат уругунан, киндик каны тамган жер-суусунан таптаза кол үзүп кетиш анын керт башынын

www.bizdin.kg

кызыкчылыгы үчүн керектир, жалгыз башын бөтөн жерде эптеп-септеп калкалап оокат өткөрүш ага жагар, өз жеринде ултан болуштан көрө бөтөн жерде султан болуш кызык көрүнөр... Ушуларды ойлоп отуруп, курбусунун эл-жерине кайрылып келишинен Георг күмөн санап кетти, кат алчу неме же бир Георгдун алты тууган атасынын жакыны болсочу, кайдагы тентиген селсаякка боор тартып, ага саймедиреп кат жазып, ички сырын ортого салып, быяктагы жагдайлардын баарын төкпөй-чачпай катка жазып отуруштун кандай кажети бар экенине Георгдун акылы жетпей, башы маң. Георг теңтуш курбу катары эсептеген неме үч жылдан бери мекенинде боло элек, мунусун ал кайсы бир катында орус жергесиндеги саясый жагдайлар менен түшүндүрүшкө аракет кылыптыр. Орусиянын ички жагдайларына ылайык анчалык көзгө урунбаган, төбөсү көрүнбөгөн кайдагы бир соодагердин бир жакка чыгышына уруксат берилбейт имиш, жүз миңдеген орустар жер жүзүндө туш келди тентиреп жер кесип жүрүшкөн кезде кайдагы бир бечара соодагердин өлкөдөн бир жакка чыгып кетишке уруксат берилбегени акылга сыйбаган иш. Дал ушул кийинки үч жылдын ичинде Георгдун турмушунда бир топ өзгөрүүлөр болуп өттү, эки жылча илгери энеси каза болуп, ошондон бери Георг атасы менен эриш-аркак оокат-тиричилик өткөрүүдө, Георгдун энесинин каза болгонунан орус жергесинде жүргөн курбусу кабардар болгон, ошондо ал кат жазып, адаттагы көнүмүш куру сөздөр менен көңүл айткан, кыязы, тиги жакта аза күтүү жөрөлгөсүнө анчалык маани беришпейт көрүнөт, болбосо Георгдун энесинин көз жумганына байланыштуу жүрөк жылытар сөз табат эле го. Энесинин өлүмүнө байланыштуу өтө кайгырып аза күткөнүнө карабастан Георг соода-сатык ишине шымаланып киришкен, аза күтүп үңкүйүп отура бериштен эч пайда чыкпасын ал беш колундай даана билет, бөркүндөй көрөт. Энесинин көзү тирүү кезинде соода-сатык ишине аралашышка уруксат бербей, атасы бут тосуп келди, кемпири көз жумгандан кийин абышка токтолуп калса керек. Георгго тоскоолдук кылбай калды, атасынын Георгго тоскоолдук кылбай калышына энесинин өлүмүнөн башка дагы бирдеме түрткү болгондур, буга Георг анчалык кызыгып, аныгына жеткен жок, иши кылып эки жылдан бери соода-сатык иши илгерилеп, онолуп баратат, соода-сатыкта иштеген сатуучулардын санын эки эсеге көбөйтүшкө туура келди, каражатынын айланышы беш эселенди, алдыда дагы илгерилөөлөрдүн жышааны байкалууда. Георгдун ишиндеги өзгөрүүлөр, алга жылуулар туурасында тиги курбусунун эч кабары жок. Георгдун энесинин өлгөнүнө байланыштуу көңүл айтып жазган акыркы катында болсо керек эле, досу Георгду орус жергесине көчүп келишке чакырыптыр, Георгдун соода-сатык иштерин Петербургда кантип жайылтышы туурасында кеп козгоптур, эми минтип Георгдун соода-сатык иштери көчүп-конбой эле илгерилеп баратат. Ишинин илгерилеп бара-

www.bizdin.kg

тышы туурасында Георг катында сөз кылган жок, ишинин илгерилеп, ити чөп жеп калганын катка жазышты мактангандык катары көрдү, Георг мактанганды жаман көрөт. Жазган катында ал жөн гана өткөнкеткенден, тиричилик жагдайлары туурасында кеп салып, ден соолук, ал-акыбал, жай сурашып тим болгон, дем алыш күндөрүн кантип, кайда өткөрөөрүн кеп салган, кыязы, эли-жери туурасындагы досунун элесин бузуп, бушайман кылбайын десе керек, ошондон улам Георг көп нерсени катка жазган жок. Арасын создуктуруп жазган кийинки үч катында тең Георг өзүнө окшогон бир карапайым кызга үйлөнүшкө убадалашып, ылайыктуу ырым-жырымдарды жасап койгонун чарпып өткөн, анын дал ушунусуна тиги курбусу аябай кызыгып калыптыр, ийне-жибине чейин сурап кайра кат жазып жибериптир, курбусунун мунусу, арийне, Георгго жаккан жок.

Албетте, курбусунун үй-бүлөлүк турмушта боло берчү жоруктарга мынчалык ынтызарланып кызыгышында эчтеке жок дечи, оокаттуу үй-бүлөдөн тарбия-таалим алган бийкеч Фрида Бранденфельд аттуу кыз менен турмуш куруу алдындагы ырым-жырымдарын жасап коюш жашыруун сыр деле эмес, болгону колуктусу оокаттуу үй-бүлөдөн экенин Георг катында айткан эмес. Ошондон бери Георг колуктусу менен маектешип калса эле орус жергесиндеги курбусу туурасында кеп кылып калат, анын кыял-жоруктары туурасында кеп салат, ошондо колуктусу Георгдун досуна кызыкканын билдирип:

– И-ий, андай болсо ошол курбуң үйлөнүү үлпөтүбүзгө келип катыша албайт турбайбы, – деп калат колуктусу, – баса, сенин дос-курбуларыңдын баары менен таанышып чыгышым керек. Чын айтамбы?

– Аныңчын дечи, келип калышы ыктымал. Бирок ал тоюбузга келсе, анын өзүнө жаман кыйын болот, анткени ал анда менин бактыма көз артат, ичи күйөт, тойдун үлпөтүндө отуруп өзүн менден кем сезет, көз артма ич күйдүлүктөн кутула албай кыйналып-кысталат, акыры жападан-жалгыз жолго чыгышка мажбур болот, кокоюп жалгыз башы менен жолго чыкканына андан бетер кыжалат болот. Ойбо-ой, кокоюп жалгыз жол тартыш кандай азап экенин билесиңби? – деген Георг.

– Мындайды билгенде тойдун качан болорун ага айтпай деле койсоң болмок экен. Бирок тойдун качан болушун ал дагы бир башка жол менен билип алышы мүмкүн эмеспи же мындай болушу ыктымал эмес дейсиңби?

– Арийне, анын тойго келиш-коюшу өз иши, келеби-келбейби мага баары бир. Деги анын кыял-жоругу, ал тургай турмуш-тиричилиги башкача экенин эскертип коёюн дегеним, – дейт Георг.

– Георг, деги курбуларыңдын баары ушуңдай, мүнөздөрү кызык, турмуш-тиричиликтери да башкача болушса, үйлөнүү үчүн шаан-шөкөттү өткөрбөй койсоң болмок экен дегенде Георг колуктусун сөзүнүн аягына чыгарбай кыса кучактап борсойгон эриндеринен өөп жиберди, кыз-күйөө

www.bizdin.kg

биринин моюнуна бири колун артып, бир топко айкалыша өбүшүп калышты, колуктусу акыры Георгдун кучагынан акырын бошонуп сөзүн улады:

– Курбуңдун кыял-жоругу кызык көрүнөт, анын сага кылган мамилеси мындан ары мага да тиешелүү эмеспи.

Курбусунун кыял-жоругу чынында Георгдун тынчын алып, мазасын кетирбейт: «Курбумдун кыял-жоругунун мындай кызык болушу менин ага кылган мамилеме байланыштуу болуп жүрбөсүн», – деп, Георг өзүнчө ойлоно калды, бирок оюн ачык айткан жок, анын ордуна колуктусуна минтип айтты:

– Анын кыял-жоругу андай, тигинин жүрүш-турушу мындай деп, тели-теңтуштардан обочолой бермек белем, мүмкүн ушул курбум мага караганда досчулукка бектир.

Бүгүнкү жекшембинин шашке ченинде аяктаган катында Георг үйлөнүү убадасынын шаан-шөкөттөрү кантип өткөнүн узун сөз салып келип, катында андан ары:

«Досум, сен үчүн эң кызык кабарды катымдын аягына калтыргам: Оокаттуу үй-бүлөдөн тарбия-таалим алган Фрида Бранденфельд аттуу суйкайган сулууга сөйкө салуу шаан-шөкөтүн өткөрүп койдум. Бранденфельддердин үй-бүлөсү биздин калаага сен кеткенден кийин көчүп келишкен, ошондуктан аларды сен тааныбайсың. Колуктум туурасында мезгили келгенде толук айтып берермин, азырынча сага айтарым, мен өзүмдү ушунчалык бактылуу сезип жүрөм дейсиң, аны келиштирип айтышка сөзүм жетпейт, тилим келбейт. Эми мен баягы сен көрүп-билип жүргөн курбуң эмесмин, Фридага сөйкө салгандан кийин бактыга балкыганымдан өзгөрүп кеттим көрүнөт, ушинтип керт башымдын тагдыры күтпөгөн жерден өзгөрүп кетип, эми мен сенин бактыга балкып, махабат деңизинде чабак уруп бараткан досуңмун. Колуктум кандай жан экенин сүрөттөп айтышка тил жетпейт, кийинчерээк өзү кат жазар, колуктум экөөң дурус ымалада болуп, ынтымакта болушуңарга көзүм толук жетип турганын эскертип өтүштү туура таптым, сага окшогон карт бойдок үчүн болочок жубайым сыяктуу татынакай селки менен ымалада болуш жаман болбос. Жумушуң чачтан көп болуп, келип-кетишке чолооң тийбей жүргөнүн билип турам, ошондой болсо дагы мүмкүнчүлүк таап, үйлөнүү үлпөтүнө күбө болуп, тоюбузга келип кетсең сонун болбойт беле. Арийне, сени тойго сөзсүз келип кеткин деп зордой албайм, кандай кылсаң өзүң бил, келип-коюш сенин ишиң, чакырып коюш менин милдетим» – деп жазган.

Ушунтип жазылган катты колуна кармап, терезени телмире тиктеген Георг үстөлүндө олтурду. Көчөдөн өтүп бараткан кайсы бир өң таанышы терезеден Георгду көрө коюп салам айтты эле, Георг жылуу жылмайып алик алды. Анан колундагы катты төш чөнтөгүнө салып, бөлмөдөн чыгып, далистен өтүп атасынын үстүнө кирди, атасынын бөлмөсүнө Георг эки айдан бери башбага элек. Атасынын үстүнө бейчеки кире беришти Георг

www.bizdin.kg

жактырбайт, атасы менен дайыма дүкөндө кездешет, түшкү тамакты бирге ичишет, кечкисин ар кимиси өз алдынча алек, кээде Георг курбулары менен көңүл ачып кетип калат, кийинки күндөрдө кечти дайыма колуктусу менен бирге өткөрчү болгон. Эгер Георг эч жакка чыкпай үйдө калса, ар кимиси колундагы гезитке үңүлө тиктеп үңкүйүп отура беришет. Күн чон шашке болуп калганына карабастан атасынын бөлмөсү күңүрт экенин кирип келген Георг байкады. Короонун бийик дубалы күндүн көзүн тосуп калып, бөлмөгө жарык түшпөгөндүктөн күңүрт тартып турган экен. Георг кирип келгенде атасы бурчта колуна гезит кармап отурган, карылыктан көзү начарлап калгандыктан колундагы гезитти обочо кармап алган, көздүн курчу кеткенде кайбирлер алыстагыны жакшы көрө алышпаса, кай бирөөлөр жакындан ажырата көрө алышпай калышат эмеспи, Георгдун атасы жакындан жакшы көрө албай калган. Бурчтагы үстөл үстүндө жана дубал бетинде байбичесинен калган майда-чүйдө бирдемелер – сүрөттөр, аны-муну салчу кутулар, шуру-мончоктор, билериктер, шакектер, булардын баары а дүйнө кеткен байбичесин эскертип турат. Үстөл үстүндө эртең мененки тамактын калдыктары, ошол тамактан атасы анча-мынча эле ооз тийип жөн болгону даана байкалат.

– А-а, Георг, кел-кел, – деп, атасы ордунан өйдө болуп уулун утурлай басты. Төшөктө кийип жатчу узун халатынын эки өңүрү баскан сайын ачыла түшүп, эки шыйрагына ороло калат. «Атам алигиче күч-кубатынан тая элек турбайбы», – ичинен ойлогон Георг:

– Түн түшкөнсүп, мында капкараңгы турбайбы, – деди.

– Ооба, туура айтасың, караңгы, – деди атасы.

– Терезелерди эмне мынчалык тумчулап жаап алгансың?

– Жабык турганын жакшы көрөм.

– Тышта күн жыпжылуу болуп турса деле терезелерди тумчулап жаап отура бересиң, – деди Георг, орун алып отуруп жатып. Атасы Георгдун сөзүнө жооп бериштин ордуна унчукпастан үстөл үстүндөгү идиш-аяктарды жыйнай баштады. Атасынын кыймылына кайдыгер көз салып отуруп, Георг сөзүн улады:

– Сөйкө салуу шаан-шөкөтү туурасында Петербургга кабарлап коюшту туура тапканымды сага айтып коёюн деп келдим, – деди Георг, жазган катын төш чөнтөгүнөн алып чыгып, кармалап туруп кайра төш чөнтөгүнө салып.

– Петербургга дейсиңби? – деп, атасы таңыркай уулуна карады.

– Ооба, ошаяктагы досума кабар жиберип коёюн дегем, – деди Георг атасынын көзүнө тике карап, атасы эки колун кайчылаштырып коюп камырабай уулун тиктейт, үйдө отурганда атасынын көздөрү башкача көрүнөрүн Георг байкап отурду.

– Колуктуга сөйкө салыш шаан-шөкөтү туурасында ал досума кабар жибербей эле койсом дегем ириде, анын алдында мактангансып көрүнөмбү деп ойлогом. Аны билсең керек эле, мүнөзү оор неме өзү.

www.bizdin.kg

– Ошентип оюңду өзгөртүп, кабарлап коюуну чечтим дечи? – деди атасы, колундагы гезитти терезеге, гезит үстүнө көз айнегин коюп, көз айнегин колу менен басып туруп.

– Ооба, акыры башкача ойлодум, бир кишинин арысы кайсы, бериси кайсы көпчүлүктө, анын үстүнө экөөбүз бала күндөн ынак элек, ошону үчүн менин бакты-таалайыма ошол бала күндөн бери ынак досум ортоктош болсун дегеним. Убакытты талаага кетирбей ошо замат кат жазышка отурдум. Катты жазып бүтүп, почтого салардан мурун сага айтып коёюн деп келдим, – деди Георг, жайбаракат сүйлөп.

– Георг, – деди атасы, бир ордунан кыймылдабай, үнүн басаң чыгарып. Атасынын эмне айтмак болуп турганын баласы үнүнүн кыраатынан билет эмеспи, атасынын үнү чыгар замат Георг чөгөлөп отура калды да, башын көтөрүп атасынын чарчаңкы жүзүн тиктеди, атасынын көзүнөн заар чачырап, эки көзү чекирейип кетиптир, атасынын чанактарынан чыгып кеткен көздөрүн түз тиктей албай, Георг тайсалдап көзүн ала качат.

– Петербургда сенин эч кандай курбу-курдашың жок. Тамашакөй бала элең, ошол тамашакөйлүгүңдү карматып жатат көрүнөсүң, кээде ата сакалыма карабай мени да тамаша кыла кетчү элең, дагы ошол адатыңды карматып жатасың го, эмне десең ошо де, Петербургда теңтуш курбум бар эле дегениңе түк ишене албайм, – деди атасы.

– Ата, өзүң ойлоп көрчү, – деди Георг, өзү чөгөлөп отурган жеринен туруп барып атасын жөлөп-таяп барып керебетине жаткырып, үстүндөгү халатын тартып-чоюп, этек-жеңин оңдоп койду, анан кайрадан сөзүн улады, – унутуп жатат көрүнөсүң, мындан үч жыл илгери келип, конок болуп кетпеди беле, ошондо сен аны анчалык жактыра берген эмессиң, жаман көрүп калгансың, ошол курбум менин бөлмөмдө экөөбүз ардеменин башын чалып отурганыбызды мен сенден эки ирет жашырып, айтпай койгонум бар. Ал эми ошол досумдун кыял-жоругу башкача экенин сенден жаап-жашырбай эле айтып жүрбөймүнбү, сен аны жаман көрүп, жактырбай турганыңды жакшы билем, аныңды түшүнөм. Жаман көргөнүң менен ошондо аны менен өзүң кулак төшөп, кунт коюп баарлашып отурбадың беле, анын айткандарын кулак төшөй тыңшап, ардеме-бирдемелерди кайра-кайра тактап сурап, улам-улам баш ийкеп коюп отурганына быякта туруп өзүм кубангам, атама алыстан атайы ат арытып келген курбум жагып калган экен дегем. Эстеп көрсөң, ата, мүмкүн эсиңе түшөр. Ошондо ал орус революциясы туурасында үрөй учура турган нерселерди айтып бербеди беле. Соода-сатык иштери менен Киев шаарына барып калып, ал жердеги башаламандыктардын күбөсү болгонун, балконго туруп алып, элге кайрылып сөз сүйлөп жаткан бир попту көргөнүн, поп болсо алаканына чиркөө белгисинин сүрөтүн бычак менен кесип салып алып, каны шоргологон алаканын элге көрсөтүп, бир-

www.bizdin.kg

деме деп кыйкырып-өкүрүп жатканын көргөндө жүрөгү түшүп калганын досум сага саймедиреп айтып бербеди беле. Анын айтып бергендерин кийин өзүң көпкө кеп кылып жүрбөдүң беле.

Сөз арасында Георг атасын креслого отургузуп, трайке шымын, бутундагы байпактарын чечип койду эле, шымынын ичинен кийген батис ич кийими даана көрүнүп калды, анчалык таза эмес ич кийимин көргөндө атасына көп көңүл бөлбөй жүргөнүн эстеп, Георг өзүнөн өзү уялып кетти. Зээни кейип, ичинен өзүн өзү жемелеп да алды. Атасынын кийим-кечесине көз салып, аларды убагында алмаштырып туруш анын милдети эмеспи, ошол милдетин убагында аткарып турбагынына өзүнө өзү жини келди. Эми, Кудай буюруса үйлөнүп алса, атасынын камын көрүп, убагында көз салып туруш оңоюраак болор... Бирок Георг үйлөнгөндөн кийин атасына кантип көз салып туруш жаатында колуктусу менен али кеп-кеңеш кура элек, кантсе да атасы эски үйүндө жашай берет го, бу жагынан эчак бир бүтүмгө келишкен. Эми бүгүн атасынын кир болгон ич кийимин байкагандан кийин атасын жалгыз таштап кетишке болбой турганын ойлоп кетти, атасынын камын көрүп, ага күн сайын кам көрүп турбаса болбой калганына көзү жетти.

– Ушинтип ойлогон Георг атасын так көтөрүп керебетке карай басты, басып баратып байкаса, атасы уулунун чөнтөгүнөн чыгып турган саатынын чынжыры менен балача ойноп баратат, муну көрүп Георг эмнегедир чоочуп кетти да, атасын керебетке жаткыза албай буйдала түштү, көрсө атасы сааттын чынжырын коё бербей бек кармап алыптыр.

Атасы керебетине жатар замат тынчый түшкөнсүдү, шейшепти өйдө тартып жамынып алып, атасы Георгду жекире тиктеп калды.

– Эми эсиңе түштүбү? – деди Георг, атасына карай башын ийкеп.

– Жылуулап жамынбасам болбойт, – деди атасы Георгдун соболуна жооп бериш ордуна, анан бутунун башынын жабылганынан шек санагансып, аяк жагын карап койду.

– Ата, төшөгүң жайлуу эле көрүнөт, – деп, Георг атасынын үстүндөгү шейшепти кымтылап койду.

– Жылуулап жамындым бекен? – деп, атасы сурады.

– Жылуу эле жамындың, тынч жатсаң боло, – деди Георг.

Уулунун сөзү абышкага жакпай калды көрүнөт:

– Жылуулап жапкан жоксуң! – деп, атасы ачуулана үн салды да, үстүндөгү шейшепти серпип ыргытып жиберди, шейшеп желбиреп барып жерге түшкөндө атасы жаткан ордунан обдулуп өйдө болду, бир колу менен керебеттин катарындагы тумбочкада турган шам чырактын жапкычын кармап алыптыр.

– Кымтыламыш болуп жаткандай эле болдуң, бирок шейшепти дурустап жаппаптырсың, чырагым. Шейшепти дурустап кымтылаганга алың келбей калтансып, күч-кубатың ашып-ташып турган убагың бол-

www.bizdin.kg

гону менен бир шейшепти дурустап жапкандан колуңдун күчүн аяйсың! Кайдагы бирөөнү «досум, досум» деп какшанасың. Досуң болсо эмне кылайын?! Досуңду билсем, билгендирмин, чынын айтсам, ал жаман бала көрүнгөн эмес, ошону үчүн сен аны бир нече жылдан бери алдап жүргөн турбайсыңбы. Бул эмне кылганың? Ошондо, баягында досуң келгенде сен бекеринен бөлмөңө бекинип алган эмес турбайсыңбы. Бүгүн дагы кыйратып койгонсуп бөлмөңө бекинип алып, кат жазымыш кылган турбайсыңбы. Бул эмне кылганың? Мунуңду кандайча түшүнсө болот? Андай жакшы баланы, мен эмне, сагынган жок деп турасыңбы? Анан дагы бөлмөгө бекинип отуруп алып кат жазат имиш! Баса десең, унутуп жаткан турбаймынбы, сен эми чоң жетекчи эмессиңби! Ошондуктан сенин тынчыңды алып, алаксыта беришке болбойт да! Орус жергесине жибериш үчүн жалган сөзгө толгон катыңды бекинип отуруп жазган турбайсыңбы. Ар бир ата өз канынан жаралган баласын кантип жаман көрсүн! Ичинен чыккан баласын кандай көрүштү эч ким ата-энеге үйрөтө албайт, ичтен чыккан ийри жылан дегенди сен түшүнүп коюптурсуңбу! Сен аны: «Баш көтөргүс кылып тебелеп-тепсеп, кемсинтип салдым, эми аны көчүгүмө басып отурсам да «былк» эте албайт» – деп ойлойсуң го, баса, бу менин уул сөөрөйүм, үйлөнмөк болуп калган турбайбы!

Бети-башы кумсарып, жүрөк түшүрчүдөй кейипке калган атасын Георг эчтеке түшүнбөгөнсүп элейип карап турат. Петербургдагы немени досум экен деп жүрсө, ал атасынын уулу болуп жатканына Георг түшүнө албай турду, досум деп жүргөн немени атасы беш колундай билет турбайбы, буга Георгдун акылы жетпей абдырайт. Учу-кыйырына көз жетпеген орус жергесинде ошол досу адашып жүргөндөй элестетип кетти. Бир туруп ошол досу таланып-тонолуп эңгиреп ээн калган дүкөнүнүн алдында далдырап отургансыйт, бир туруп быт-чыты чыгып талкаланган дүкөн секилеринин, тамтыгы кетип тытылып чачылган кездемелердин арасында отургансыйт, арыктап аркайып сөөгү эле калгансыйт. Эмне үчүн ал ушунчалык алыс, кулак угуп, көз көрбөгөн жакка кетип калды экен?

Георгдун оюн ошол арада атасы бузуп жиберди:

– Бери келчи! – деди эле атасы, чалыштай баскан Георг атасынын керебети тарапка сендиректеген бойдон кадам шилтегенге араң жарады, анан эчтеке түшүнбөгөн немече аңырайып туруп калды.

– Колукту сөрөйү этегин көтөрүп койсо эле, – атасы заар аралаш сүйлөй баштады, каздай мойнун койкойтуп, этегин көтөрүп койсо эле, – деп атасы Георгдун колуктусу этегин кантип көтөрө турганын туурап, ордунан тура калды, анан шөлбүрөгөн көйнөгүнүн этегин жогору көтөрүп коюп, куйругун чайпаганда согуш жылдарынан калган жоон сандагы жараттын тырыгы даана көрүнө түштү: – Мына, минтип этегин көтөрүп, куйругун серпип койсо, көзү бозоргон байкуш эрип кетпедиби, ойнопкүлүп шапар тээп жан жыргатышка тоскоол болбосун деп, энеңди жутуп

www.bizdin.kg

алдың, жутуп алганың аз келгенсип, анын элесин эсиңден чыгардың, досуңа чыккынчылык кылдың, атаңды төшөккө кыймылдагыс кылып, сулк жаткырып салдың. Кана көрөлүчү, атаңдын кыймылдарга алы келер бекен же келбес бекен?! – деп, атасы ордунан жеңил-желпи тура калып, керебеттен буттарын жерге түшүрдү, мооку кана түшкөнсүп көздөрү жайнап, жүзүнөн шаттык чачырайт.

Георг эми атасынан обочолонуп бир бурчта бүрүшүп турат, атасы дагы кандай жорук баштаарын билбей апкаарыган Георг ага бирөө капысынан кол салып жиберчүдөй эки жагын элтеңдейт, ийнени учуктай албай жаткан немече демин ичине тартып турат.

– Баары бир досум деген кишиге карата кылган чыккынчылыгыңды аягына жеткире алганың жок! – деп айткан сөзүн атасы бармагын кесеп бышыктагансып койду, – эми мен анын атынан сүйлөп жатамын.

– Тамашалап жатасың го, адатыңча маскарапоздонуп, – деп, Георг үнүн көтөрүңкү чыгарып сүйлөп жибергенин өзү да байкабай калды, кескин сүйлөп жибергенин байкап коюп, Георг оозун жаба берерде тилин тиштеп алды.

– Ооба, туура айтасың, тамашалап жатам, маскарапоздонуп жатам! Маскарапоздонуп! Сөз болбосоң коё кал! Кемпиринен ажырап жесил калган байкуш чалга мындан башка сөз буйрубай калса кантейин! Өйдө чыксам өбөк, ылдый түшсөм жөлөк болчу уулдун оозунан ушундай сөз уккандан кийин, айла канча чыдайм да, чыдабастан башка арга жок. Көзүндүн алды ириңдеп, көкүрөгүң кирилдеп, карылык как желкеңден баскандан кийин мурда көзүмдүн агы менен тең айланган кызматкерлер тургай өзүмдүн карачечекей уулум сөзүмдү жактырбай, көзүмдү көргүсү келбей калса, амалыңдын кеткени, ажалыңдын жеткени деген ушул. Кантейин, караңгы тамда камалып отура берем да! «Ишенген кожоң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма» дегендей, ишенген уулум минтип шапар тээп, оюн-зооктон башканы билбесе, мурда кызылдай киреше берчү дүкөндөрүмдүн баарын бүлгүнгө учуратып жаап салса, жыргатып койгонсуп, эми минтип кайдагы бир немеге кат жаздым эле деп, калп айтып алдыңа келип турса, күйбөгөн жериң күл болбой кантип чыдап турасың! Бети чымырап койсочу! Атасы жыйган дүнүйөгө манчыркап: «үйлөнөм, катын алам!» – деп, каңгып жүрсө! Карыган атасынын ал-акыбалы кантип жатканынан кабар алып коюш оюна келбесе, акылына келбесе, уул ордуна улар багып калсамчы! Сен жолобой качып жүргөн атаң байкуш сени алпештеп баккан жок беле!

«И-ии, эми маскарапоздорчо ийилип, көрөрмандарга таазим кылгансып, жүгүнүп коймою бар эмес беле, эми ошентет», – деп Георг оюнун аягына чыккыча чын эле атасы артисттерче колун жаңсап, таазим кылгансып жүгүнүп койгондо: «Жүгүнөм деп кулап түшүп, күмжам болсо кана!» – деген ой Георгдун оюна кылт келе калды, бирок атасы жыгылган

www.bizdin.kg

жок, ошентсе да аны сүйөп калышка умтулуп бери обдулган Георгдун кыймылын көрө коюп:

– Жакындаба мага! – деди атасы, – турган ордуңдан жылба, тура бер ошол жерде! Көмөгүңө мен муктаж эмесмин! Ычкырына чалынган абышкага караганда алдуу-күчтүүмүн деп турасың го! Андай эмес, балам, жаңылышасың! Мен али ал-күчтөн тая элекмин, күч-кубатым Кудайга шүгүр. Арийне, күч-кубатка мен кокусунан ээ боло калганым жок, энең байкуш мага дайыма дем берип жүрдү, жанагы сен «досум» деп жүргөн киши менен дайыма жакшы алакада жүрдүм. Ал эми сен азыр «кардарларым» деп жүргөн кишилердин баары бир келип мына менин мобу чөнтөгүмдө!

«Жадагалса мунун көйнөгүндө да чөнтөгү даяр», – деп, Георг ичинен ойлоп кетти, оюнда Георг атасын эл алдында ашкерелеп, абийирин ачып жаткансыды, мындай ой Георгдун башына кылт келе калып, кайрадан ошол замат жок болуп кеткенсиди.

– Жанагы кылтыңдаган колуктуңду колтуктап алып көзүмө урунчу болбогун, анте турган болсоң колуктуңду колтугуңдан жулуп алып кишинин көзү көргүс, кулагы уккус жерге айдап жиберем! Ал эми кантип ошентеримди сен билмек тургай, түшүңө да кирбейт, билдиңби?!

Атасынын сөзүнө ишенбей жаткансып, Георг оозу-мурдун чүйрүп, атасынын сөзүн жактырбай жатканын туюнткансып койду. Атасы болсо оозунан чыккан сөзүн бекемдегенсип, колун Георг турган бурчка карай улам-улам жаңсап коёт:

– Сөйкө салуу шаан-шөкөтүнүн өтүшү досуна кабар жибериш-жибербеш маселеси боюнча эмне үчүн мени менен кеңешпейсиң я? Мадыра баш бойдон турбайсыңбы али! Колуктуңа сөйкө салыш үлпөтүнүн кандай өткөнүн ал беш колундай билет. ...Менден кагаз-калемди жашырып койгонду унутуп калыпсың, мен ага эчак кат жазып жибергем, билсең! Ошондуктан ал бир топ жылдан бери келбей, сенден боюн ала качып жүрбөйбү, ал сенин чоо-жайынды өзүнө караганда жүз эсе жакшы билет. Билесиңби, сенин катыңды сол колуна алып, менден барган катты оң колуна кармап, анан эки каттын кайсынысы жакса, ошонусун окуйт, албетте, ал сенин катыңды жактырмак беле! Абышка өз сөзүнө өзү корстон болуп кубанганынан эки колун көтөрүп, жаш балача жадырап-жайнап кубанып коёт:

– Сенин чоо-жайыңды ал өзүңө караганда жүз эсе жакшы билет деп жатпаймынбы!

– Мага десе миң эсе жакшы билсин, – деди Георг шылдың менен сүйлөшкө аракет кылып, бирок анын оозунан чыккан сөз шылдың-тамаша, мыскыл кырааты менен айтылбастан кайгырып капа болуш кырааты менен чыкты. – Мени сен дайыма жөн эле гезит окуп үңкүйүп отурат деп ойлойсуң го! Аңдай эмес, акыры бир күнү ушундай бир собол менен мага кайрыласың деп күтүп жүргөм! – деп, атасы колундагы

www.bizdin.kg

гезитти Георг жакка ыргытып жиберди. Атасы колуна кайдагы гезитти ала койгонун Георг байкабай да калыптыр, жана эле атасын көтөрүп барып керебетке жаткызганда аерден Георг эч бир гезит-мезит көргөн эмес, кыязы, атасы эски гезиттердин бирөөн керебеттин бир жерине атайылап бекитип койсо керек.

– Сен эс тартып, эр жеткениңче эчен суу агып өттү, эчендеген убакыт суудай агып өттү дегеним. Колуктуңа сөйкөнү өз колу менен сала албай бу ал байкушка буйрубаса керек, жарык дүйнө менен кош айтышып кете берди. «Досум» деген кишиң ошол арада учу-кыйыры чексиз орус жергесинде дарексиз жоголду. Ошол досуң мындан үч жыл илгери эле эл-жериме жетсем дегенде эки көзү төрт болуп жүрчү, муну мен жакшы билем, ал сенин мындан эч кабарың жок же муну түшүнүшкө сенин акылың жетпейт го деп чоочуйм. Менин кандай абалга келгенимди көрүп турбайсыңбы же буга да кудуретиң жетпейби? Ал эми сенин эмне кылып жүргөнүндү менден жакшы билген киши жок.

– Анда сен артымдан айгак коюп, мени аңдып жүргөн турбайсыңбы! – деп, Георг бир чаңырып алды. Георгдун чаңырганын атасы кайдигер эшитти да, үнүн жайбаракат чыгарып:

– Эмне чаңырасың? Эми чаңырыштан эч пайда жок, – деди да үнүн кайрадан көтөрүңкү чыгарып, атасы сөзүн минтип улады:

– Ушуга чейин кара башыңдын камын ойлоп гана карбаластап жанталашып жүрдүң. Жашың бир топко барып, эчак эр жетип калганың менен акылың наристе баланыкындай, бирок кулк-мүнөзүң, адамга кылган мамилең азезилдикинен айырмасы жок. Сен азыр сот алдында турганыңды билесиңби? Сен – сот жообуна тартылып жаткан күнөөкөрсүң, мен – сени соттоочу сотмун! Мен азыр өкүм чыгарып, сени жазага тартам, сенин кылгаң күнөөлөрүңдүң баарын таразалап отуруп, сени кандай жазага тартышка өкүм чыгарамын. Өкүмүмдү какайып түптүз туруп уккун. Сага чыгарылган өкүм: бүгүндөн калбай сууга чөгүп өлүшүң керек!

Уулуна өкүмүн угузгандан кийин атасы керебетине барып, эч нерсе болбогонсуп камырабай жатып алды. Сууга чөгүп өлүш жазасына тартып, өкүм чыгарбай эле атасы аны куйрук талаштыра тээп жибергенсип, Георг үйдөн атып чыкты, тепкич ылдый безилдеп чуркап түшүп баратып, Георг үй шыпыргыч аялды коюп кете жаздады, ал аял күндөгүсүнчө атасынын үйүн жууп-тазалашка келатса керек. Эки жакты карабай, эчтекеден элес албай тепкич ылдый чуркап бараткан Георг өтө бергенде үй шыпыргыч аял:

– Кокуй, Йезус Мария! Катыгын, бул эмнеси? – кыйкырган бойдон кала берди, анын кыйкырып чырылдаганына эч көңүл бурбастан Георг үйдүн дарбазасынан көчөгө атып чыкты. Артынан бирөө сая кууп келаткансып, жан алы калбай чуркаган Георг түз эле көпүрөнү бет алды. Ачкалыктан көзү карайган адам аш куюлган идишке кандай жабыша

www.bizdin.kg

калса, Георг да так ошентип көпүрөнүн тосмосуна жетер менен жабыша түштү. Георг турникте жакшы ойночу, ата-энеси буга абдан сыймыктанышчу. Турникте жакшы ойногонунун пайдасын Георг дагы бир жолу көрдү. Көпүрөнүн бийик тосмосунан колу тиер-тийбестен тосмонун аркы бетине артыла түштү да, көпүрөнүн тосмосунун кырына салаңдап илинип калды, бир саамга салаңдап суу үстүндө асылып тургандан колдору уюп кетти көрүнөт, муну Георгдун көз карашынан байкашка болот. Ошол арада көпүрөнүн үстүнөн омнибус өтүп бараткан, Георгдун эки көзү ошол омнибустан өтөт, бирок омнибустагылар Георгдун суу үстүндө салаңдап асылып турганына байкоос алышпагандай, Георгдун үнүн омнибустун калдыраганы басып кеткендей. Өзүнүн кандай абалга дуушар болгонун эми баамдаган Георг акырын шыбырады:

– Урматтуу ата, айланайын эне, мен силерди ушунчалык жакшы көрчү элем, – деди да көпүрөнүн кырын кармап турган колдорун коё берди.

Дал ошол маалда көпүрөдөн ары-бери өткөндөр көбөйүп, көчөдө кыймыл жанданып калган.

1913-ж.

Которгон **Абдыкерим ЖОЛДОШБЕКОВ**

www.bizdin.kg

Бакытбек БАЙМЫРЗАЕВ

1965-жылы Чаткал районунун Каныш-Кыя айылында төрөлгөн. 1991-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы КМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин ийгиликтүү аяктаган. 1991-жылдын сентябрь айынан бери аталган окуу жайдын кыргыз адабияты кафедрасында окутуучу, ага окутуучу, доцент болуп иштөөдө. «Кыргыз адабиятынын маселелери» (1995), «Азыркы кыргыз адабияты» (I том, 2005) окуу кураллдарын жазууга авторлош болгон. «Жапаркул Алыбаевдин чыгармачылыгы» (2003), «Кыргыз сатирасынын айрым айрым актуалдуу маселелери» (2003), «Абдылдабек Самудун уулу (Тайгуроңов)» (2006) монография, окуу кураллдары жарык көргөн. Үйбүлөлүү. Бишкек шаарында жашайт.

Жаңы тарых

НУРМОЛДО НАРКУЛ УУЛУ

(1838–1920)

XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башында жашап өткөн чыгармачыл инсандардын арасында аты элге акын жана «олуя», шарият илими боюнча көрүнүктүү адис катары таанылган адам – Нурмолдо Наркул уулу. Албетте, кыргыз эли бул аты аталган инсан жөнүндө чыныгы маалыматты өз убагында албагандыктан, ага жогоруда тырмакчанын ичинде көрсөтүлгөн багытта гана маани берилип, өткөн тоталитардык режим өзүнүн бир беткей баасын узак жылдар бою тажабай тоту куш сыяктуу кайталап келди.

Нурмолдо Наркул уулунун чыгармачылыгына болгон кызыгуу XX кылымдын 90-жылдары гана башталып, акындын адабий мурастары, андагы айтылган көз караштар, тигил же бул коомдук-саясий маселелерге карата болгон мамилеси, берген баалары, идеялык-эстетикалык деңгээли жөнүндө алгачкы макалалар жазылып, ой-пикирлер айтыла баштаган. Аталган акындын адабий мурастарын эл оозунан жыйноо, ирээтке келтирүү, жарыялоо иштерине өзүнүн эбегейсиз көп күчүн, шык-жөндөмүн, убактысын короткон адам белгилүү журналист Калмурат Рыскулов болуп саналат. Бул кадырлуу

www.bizdin.kg

карыябыздын чоң атасы Уста Жолдош өз учурунда Нурмолдо ырчыны көрүп, аны менен замандаш катары жашап өткөн. Ал эми өз атасы Рыскул да атактуу акындын чыгармаларын көбүнесе жатка айтып, ал да атасы Уста Жолдоштон укканын баяндачу экен. Кыскасы, эмнеси болсо да Нурмолдо Наркул уулунун чыгармаларынын бүгүнкү күнгө жетип, калың кыргыз окурмандарынын колуна тийишине жогоруда аттары аталган замандаштарынын, дагы башка «куйма кулак», зээндүү адамдардын, өзгөчө К.Рыскуловдун кошкон салымын унутта калтырууга болбойт. Мистикалык көз караштагы акын катары узак жылдар бою «кара сандыкка» катылып, тебеленип, басылып келген Нурмолдо акындын адабий мурасы канчалык кастарын тиккен заман каатчылыгына (идеологиялык көз караштан алганда) кабылбасын, эл арасында өмүрүн улап, өр тарта жашай берген. Албетте, ачык эмес жабык, жашыруун формада өз жашоосун улантып, «алтынды дат баспаган» сыяктуу эле бир беткей идеология, саясий кысым алп акындын ак дилдүү чыгармаларынын мизин мокотуп, өзүн биротоло «өлтүрө» алган эмес. Анын мындай абалга келишине, т.а., чыгармаларынын мезгил сынынан муюбай өтүп, өзүнүн тубаса өң-түсү, туруш-турпаты менен бизге жетишинин бирден бир себеби – көпчүлүк өзү олуя, акын, агартуучу аталган адамдын эл үчүн жасаган адал эмгегин, чыгармачыл жигер-жөндөмүн, адамдык ариет-ыйманын туура, калыс баалоо менен өзүнүкүн өзүнө гана ыйгарып берип, мындан карт тарых эзелки адат-нугунан тайбай ар кимдин алар ордун өз бүктөмүнөн так аныктап бергени болду.

Нурмолдо Наркул уулу бизге жеткен маалыматтарга таянсак, өз доорунун өтө билимдүү, ошол алган турмуштук тажрыйбаларынын, окуган илиминин таасири менен талант шык даарыган адам болгон. Нурмолдо жөнүндө буга чейин бирин-эки эмгек (макала түрүндө) жазышкан авторлор (А.Какеев, С.Байгазиев, А.Эркебаев, С.Тиллебаев ж.б.) негедир Нурмолдонун турмуштук мектебине көбүрөөк токтолушат да, аны акын катары тарбиялап чыгарган чыныгы чыгармачылык мектеби жөнүндө кеңири маалымат беришпейт. Болбосо, журналист К.Рыскулов чогулткан материалдардан маалым болгондой, Нурмолдо Наркул уулу өзүнүн устаттары катары Бекмурат, Чоңду ырчылардын атын өтө чоң урмат-сый менен атайт. Ошого карабастан акын Нурмолдо бул устаттары менен болгон акындык чыгармачылык байланышы кандай нукта жүрүп, кантип өнүп-өрчүгөндүгү жөнүндө толук мүнөздөп маалымат бербейт. Болгону Нурмолдо ырчы өзүнө устат катары эсептеген Балыкооз (Бекмурат) манасчынын алп өнөрүнө өзгөчө ыраазычылык менен карап, ал «Манас» айтып жатканда тышта Айкөл өзү айланып басып жүргөндөй элестер байкаларын учкай белгилеп: «Устазымдын айтканын, улантам кими сураса» – деп жалпы журтчулукка убада бергендей болуп сөз учугун жыйынтыктайт. Анын «Миңжашар. Манас, Зулкарнайн» деген кол

www.bizdin.kg

жазмасы ушул күнгө чейин жарык көрбөгөндүктөн улам ал жөнүндө (Манасчылык өнөрү жөнүндө – Б.Б.) так пикир айтуу мүмкүн эмес. Ал эми акын Нурмолдо өзүнүн дагы бир устаты Чоңду ырчы жөнүндө:

Узартып айтсам оң муну
Устатым улук Чоңдуну.
Аралап барып ырдашкам,
Арал, Орол, Омбуну.
Аралаштык Алашка
Арытып ырдап он жылы, –

деген кыска маалымат берет. Ырас, өзү Нурмолдо акын көрсөткөн он жылдык мөөнөт устат менен шакирттин ортосунда оозго аларлык эле окуя, өнөр таржымал калтыра турган убакыт эмеспи. Тилекке каршы, андай арымдуу чыгармачылык байланыштын илеби, жандуу таасирлери, аргумент-издери биз күткөндөй деңгээлде көзгө түшпөй жаткандыгын айтмакчыбыз.

Ошондон улам бул айтылган түшүнүктөр өзүнүн ишенимдүүлүгүн кыйла эле жоготот. Экинчиден, жогоруда аттары аталган төкмө акындардын (Бекмурат, Чоңду – Б.Б.) чыгармачылык стили, өңү-түсү, тематикалык-жанрдык сапат белгилери, аларга таандык эстетикалык сүртүмдөр да негедир байкалбайт. Мындай биз сөзгө алып, талап кылып жаткан ченөлчөмдөр өз устатынан шакиртине, билинбей агылып өтүүчү чыгармачылык процесс катары ар бир окурманды ойго салып үмүттөндүрөт жана күткөнүн, издегенин таптырбай түйшөлтөт. Демек, акын Нурмолдонун чыгармачылыгындагы устат жана шакирт маселеси кыйла эле күңүрт тартып көрүнөт. Ошондон улам бизге жогоруда айтылган ой тыянагын чыгарууга туура келет. Өз убагында Нурмолдо Наркул уулу азыркы Наманган шаарындагы атактуу молдо Кыргыз медресесинде сабак берген мударис, ойчул акын болгондугун айтышып, ошол ой, көз караштардын учугун улай иликтеп, илимий изилдөө жүргүзгөн адабиятчыбыз, профессор С.Байгазиев анын жөнөкөй эле агартуучулугун айтып тим болбостон, Нурмолдо өз мезгилинин чыгаан методист-мугалими, методика илиминин көч башында эне тилдин, элибиздин эртеңи үчүн чындап күйгөн патриоту катары мүнөздөлөт. Кыргыз коомчулугунда биринчилерден болуп сабакты методикалык планда уюштуруп, ага мүнөздүү талаптарды эске алуу менен бала окуткан адам – Нурмолдо Наркул уулу болгонун жогоруда аты аталган белгилүү адабиятчыбыз чоң ыраазычылык жана сүйүнүч менен көрсөтөт[1]. Мындан тышкары Нурмолдонун чыгармаларында заман, тарыхый окуялар, таасирдүү адамдар, чыгармачыл инсандар жөнүндө жеке өзүнө гана таандык болгон ойлору, көз караштары да атайын сөзгө арзып, философиялык аспектиден алганда анын ой чабыты кадимки Ка-

[1] *Байгазиев С.* Нурмолдо XIX кылымдын тунгуч агартуучу-педагогу жана эне тилдин даанышман патриоту. Бишкек, «Эркин Тоо» ААК, 2005-ж.

www.bizdin.kg

лыгул, Кыдыр аке, Арстанбек, Молдо Кылыч ж.б. өңдүү өңүттөн карап баалоочу ички рухий-дүйнө тааным түшүнүктөргө бай экендигин академик А.Ч.Какеев да өз учурунда учкай болсо да белгилеп көрсөткөн эле[1]. Ал эми анын нукура акындык көркөм дүйнөсүнө келсек, анда сөз учугу узакка уланып, көп убакытты талап кылышы айдан ачык болгон соң ал негизги маселе катары өз учуру келгенде кеңири баяндалууга тийиш.

Акын, апсун (олуя, сыйкырчы), мударис **Нурмолдо Наркул уулу** 1838-жылы Аксы өрөөнүндөгү Ала-Бука аймагына караштуу Кош-Терек кыштагында Темир уулу Наркул деген колунда бардар адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ал бала күнүндө эски мечиттен сабатын ачып, кат таанып, китеп окуй баштаган мезгилде Наманган шаарындагы Молдо Кыргыз медресесине окууга кирип, анда Жапмасалды кыштагындагы Кыдыраалы манасчы, Чанач-Миңжашар кыштагындагы Уста Жолдош өлөңчү сыяктуу чыгармачыл жаштар менен бирге окуп, ал медресени ийгиликтүү аяктаган соң ошол эле медресеге мударис болуп калтырууга сынакка түшүп, жогоруда аттары аталган таланттуу бүтүрүүчүлөр менен чогуу (үчөө тең) сынактан өтүп, мударис катары кабыл алынат. Албетте, Аксы, Чаткал өрөөнү үчүн эле эмес бүтүндөй Фергана боюнча алганда да бирден бир ишеничтүү билим берүүчү маданий борбор катары саналган бул молдо Кыргыз медресеси биз азыр түшүнүп жүргөндөй жалаң гана ислам дини боюнча маалымат, билим берүүчү шариятка негизделген диний окуу жай эмес, анда коомдук жана так илимдерден да тийиштүү сабактар берилип, ал жерде окуган өспүрүм-шакирттин көз карашы, дүйнө түшүнүгү бир кыйла өзгөрөрүн айтып өткөнүбүз жөндүү болмокчу. Нурмолдо Наркул уулунун түпкү тегине келе турган болсок, анда анын чыгармаларын эл оозунан тажабай, талыкпай жыйноочулардын бири Калмурат Рыскуловдун берген түшүндүрмөсү боюнча түпкү ата-бабасы ошол эле молдо Кыргызга барып такалат экен. Эгер ошол санжыра учугун улай жүрүп олтурсак молдо Кыргызбайдан Атыжок төрөлөт. Анын уулу – Керекычкач, андан эки уул – улуусу Сакбай уста, кичүүсү – Молдо Темир. Темирден Наркул, Наркулдун уулу – Нурмолдо ак эшен, акын-мударис, олуя деп билсек болот. Ал эми Сакбай устадан Узунбай (Узун молдо) молдо, андан Үчкемпир уста, андан Уста Жолдош өлөңчү, андан Рыскул, анын уулу Калмурат карыя-журналист, куйма кулак десек болот. Булардын баарысы Нурмолдо баш болуп уруусу – багыш, анын ичинен «Чычар багыш» деп аталышат. Мындай аталып калышынын себебин Калмурат аба өзүнчө түшүндүрөт[2]. Биз ал жагына токтолуп олтурбастан, түз эле акын, апсун, мударис Нурмолдонун алгачкы чыгармачылыгына келели.

---

[1] *Какеев А.Ч.* Нурмолодонун философиялык көз караштары. Китепте: Нурмолдо. – Б., 2003-ж., 495–505-беттер.

[2] *Рыскулов К.* Нурмолдо жана биздин таржымалыбыз. Китепте: Нурмолдо. Чыгарм. I томдук жыйнагы. Бишкек, 2003-ж., 573–577-беттер.

www.bizdin.kg

Бизге жеткен ырлардын арасында адамдын жаш мезгилинде ырдалуучу «Оттуу курак ырлары» да бар. Албетте, бул чыгармалар улуу ойчул, акын мударис Нурмолдо Наркул уулуна таандык катары айтылат. Бул мезгилди акын Нурмолдонун өмүрү, чыгармачылыгындагы I этап десек болот. Аталган акындын бүгүнкү күндөгү мурастарын кылдат окуп, баамдап караган адамга «Оттуу курак ырлары» ар бир айылда, ар бир жаш адамдын оозунда ырдалып жүргөн эски, элге кеңири таанымал ырлардай элес, таасир калтырат. Акын Нурмолдонун жаш кезинде ырдалган ырлары катары бизге жеткен бул элдик лирикалардын алгылыктуу жагы, балким, ушунда чыгаар. Эмнеси болсо да:

Кыдырып жүрүп элимен,
Арзыдым сага эми мен.
Айткан эл айта бербейби,
Артыкча сүйөм сени мен.
Кыдырып жүрүп жеримен
Кабарлап калың элимен.
Геп кылган кепшей бербейби
Керемет сүйөм сени мен[1], –

деген саптар ар бир адамдын көңүлүн өзүнө буруп, сезимди ойготуп, жаштыктын жашыл ыраңы жандүйнөңөн жай алып кадимкидей сергий түшөсүң. Жаштык деген «чоң дарыянын» шарына кабылып, андан өзүн жоготпой, аркы өйүзгө шаңдуу маанайда сүзүп чыккан Нурмолдо бабабыз жогоркудай чыныгы сүйүүнүн курмандыгына чабылып турганы анык болсо, анда «ашыктык», «арзуу» деген аруу дүйнө апсун, ак эшен, мударис, акын Нурмолдону да жайына жөн койбогону көрүнүп турат. Ошол эле учурда элдик күйгөн, секетпайларга жаш кезинде акын Нурмолдо бабабыз да бош келбегенин жогорку эле бирин-экин саптар так, таасын айгинелейт. Тескерисинче, өзүнүн оргиналдуулугуна караганда традициялуулугу менен көзгө түшүп, атактуу акындын ыр дүйнөсүндө жат эчкидей көрүнүп, обочолонуп, бөлүнүп турган төмөнкү саптар да окурмандарды ойлонтууга тийиш:

Кызыл-Кыя, Кум-Белден
Кыялай агып суу келген.
Кыдырып сендей таппадым,
Кыялы артык бул элден.

Алмалуу-Булак, Ала-Арча
Алмасы бышат жанаша.
Алмасы менен бир коюп
Адамга кылдың тамаша[2].

[1] *Нурмолдо.* Биз кардар. Нурмолдо. Чыгар. I томдук жый-гы. –Б., «Сүрөт-Басма-Салону» ЖЧК, 2003-ж., 18-бет.

[2] *Нурмолдо.* Жигитке кылдың тамаша. Китепте: Нурмолдо. Чыгармалардын I томдук жыйнагы. – Б., «Сүрөт-Басма-Салону» ЖЧК, 2003-ж., 12-бет.

www.bizdin.kg

Акын жашап өткөн аймактарга таандык болгон жогорудагы жер аттарын биз атайын энчилүү атоочтук катары баш тамга менен жазууга батындык. Чынында ушундай болуш керек эле. Бул ырлар биздин элде көп версияланып түрдүү обондо, ар кыл фондо ырдала берет. Алардын түпкү ээси (автору) айтылуу мударис, апсун, акын Нурмолдо экенин эч бир элес алышпайт, аныгын билишпейт. Ошол эле жаштык лирикаларынын («Оттуу курак обондор» – Б.Б.) арасында азырга чейин айтылып, ырдалып келаткан ыр түрмөктөрү кадимкидей сакталып, өзүнчө өң-түскө (соңку заман, шартка жараша – Б.Б.) ээ болуп олтурушу эле көп нерседен кабар берет. Болбосо, башында кыз-жигиттер эки тарап болушуп, үн алыша алмак-салмак ырдаша келген кадимки «Ой-бай, ай» ыры кийинки биздин доорлордо бактылуу жубай болуп ээрчише ырдап жүрүшкөн эл артисттери С.Андабеков менен К.Карасартова тарабынан көркүнө чыгарыла аткарылып келатканынын өзү бир чети таң калтырса, экинчиден, акын Нурмолдонун мындай чыгармаларынын ушул азыркы күндөргө кадимкидей келип жетиши биз үчүн кубанычтуу көрүнүш. Өзгөчө, аталган чыгарманын азыркы учурдагы ал-абалы менен абалкы жаңы ырдалып жүргөн мезгили боюнча салыштырганда акын Нурмолдо бабабыздын өздүк вариантында андай чоң айырмачылык байкалбайт. Болгону соңку мезгил-шартка жараша гана айрым алымча-кошумча киргизилгени көзгө урунбаса, негизинен, мурдагы үлгү маани-мазмундук жактан сакталып калганын көрүүгө болот. Аталган чыгарма өзүнүн ырдалыш орун-шарты боюнча алганда жогоруда сөз болгондой жаштар чогулуп, тойдогу кыз оюндарда эки жаат болуп ырдалып келгенин текстти өзүнөн көрүп, билебиз.

Уландар:

Оюн куруш тойдогу адат экен, кыздар-ай,
Уландардын өлөңү жагат бекен, кыздар-ай?
Ай, кыздар-ай, кыздар-ай,
Уктатпаган уздар-ай,
Катып жүргөн сырың көп
Айтасыңбы кыздар-ай?

Кыздар:

Кыздары көп кыштактар таза бекен, уландар?
Кубалашып ойногон маза бекен уландар?
Ай, уландар, уландар
Кууп жеткич куландар,
Эндигисин таппайсың
Ишиң түшсүн ой-бай-ай[1].

Демек, жогоруда аттары аталган эл артисттери, жубайлар С.Андабеков жана К.Карасартова уландар менен кыздар тарабынан хор болуп ырда-

[1] *Нурмолдо.* Ой-бай. Китепте: Нурмолдо Чыгармаларынын I томдук жыйнагы. «Сүрөт-Басма-Салону» ЖКЧ, – Б., 2003-ж., 13-бет.

www.bizdin.kg

луучу бул чыгарманы дуэтке айлантып, аны өздөрүнчө иштеп чыкканы көрүнүп турат. Мындан биз атактуу акын Нурмолдо бабабыздын оозунан ырдалган бул лирикалык кайым айтыш ыры эл арасына тарап, нукура элдик мүнөзгө ээ болгондугуна күбө болобуз.

Уландар:

Ак-Коргондун абасы таза экен, кыздар-ай,
Ак бетиңен өпкөндө маза экен, кыздар-ай
Ай, кыздар-ай, кыздар-ай!
Катарымсың, теңимсиң.
Эмдигисин айтсаңчы
Ишим түштү, ой-бай-ай?

Кыздар:

Ой, ха-ха-хай, ха-ха-ха-аа!
Уялбаган уландар!
Сөз кыябын билбеген анык айбан куландар!
Сыр алдырып койдуңар,
Куруп кетсин ойнуңар!
Эмдигисин айтпайбыз
Ишиң түшсүн ой-бай ай?[1]

Мына ушундай шайыр-шаттуу мүнөздөгү тойдо ырдалуучу кыздар менен уландардын кайым айтыш түрүндөгү тамашалуу ырынын башаты эми дайын болгон сыяктуу эле бул чыгарманын түпкү варианты ала-букалык акын Нурмолдонун өмүрү өлчөөсүз узун өлөңдөрүнө келип такалары да эч кимге жашыруун сыр болбой калды. Өзүнүн таасирдүүлүгү, лирикалуулугу менен жаштардын жандүйнөсүнө бүлүк салган мындай өлөңдөр акыры келип элге тарап, натыйжада жигит-кыздар чогулган жерде ошол аймакты шаңга бөлөп, шаңкылдаган таза үн, жалпы хор менен ырдалуучу кайым айтыш ырына айланган. Албетте, арадан аз убакыт өтпөгөндүктөн анын түпкү үлгүсү соңку заман-шартка байланыштуу айрым адамдар тарабынан өзгөрүлүп, ыңгайына жараша жаңы өң-түскө ээ болуп келе берген. Мунун далили катары жогоруда сөз болгон эл шайырларынын өтө ийкемдүү, жогорку чеберчиликте аткаруусундагы бир үлгүсү менен таанышбыз десек болот. Демек, «өнөрлүү-өлбөйт» деген нукура элдик сөздүн чын эле туура экендигин турмуштан дагы бир жолу көрүп олтурабыз.

Акындын лирикалык чыгармаларынын арасында өзүнүн көлөмү боюнча айырмаланган «Санамжан» деген дастаны. Сөз башында эле ачык айтып коюуга туура келет, бул чыгарма ички мазмуну, көлөмү жагынан алганда да өтө эле жупуну тартып, «дастан» деген жанрдык чен-өлчөмгө анчалык дал келе бербей турганын айтмакчыбыз. Бул чыгарманы Калмурат аба 1961-жылы 11-мартта чаткалдык ырчы, комузчу

[1] *Жогорку аталган чыгармадан. 14-бет.*

www.bizdin.kg

Качканак Салибай уулунан жазып алган экен. Ал эми Качканак аба болсо муну 1958-жылы Ноокат районунун «Өрнөк» колхозунда жашаган Анарбай Эргеш уулунан үйрөнгөн деген маалымат бар. Ал эми Маркум Качканак аба бул чыгарманы менин жеке байкоомдо дастан катары эмес, өзүнүн көлөмдүү күйгөн ыры катары берилүү менен ырдачу. Ага мен 1975-жылы өзүм күбө болгон жайым бар. Ал убакта жаш болгондуктан бул чыгарма кимдики, жалпы деңгээлине көп маани берген эмес экенмин. Калмурат аба өзүнүн чоң энеси кошокчу Сейде Дейди кызы (Үч кемпир келини) айткан үлгү менен Качканак аба ырдаган үлгүнү салыштырып, негизинен, мазмуну окшош экенин белгилейт. Көлөмүндө чоң айырма барын байкаган.

Өз мезгилинин өтө билимдүү, сезимтал адамдарынын бири катары жашап өткөн Нурмолдо Наркул уулунун чыгармачылыгы жөнүндө сөз учугун улай турган болсок, анда анын 1997-жылы Ала-Бука районунун ошондогу акими Темирбек Акматалиевдин демилгеси менен «Маданият» фондунун сүрөөнчүлүгү астында жарыкка чыгарышкан «Молдо Кыргыз медресесиндеги ырлар» жыйнагы жөнүндө айтпай кетүүгө болбойт. Бул ыр жыйнактын мындай аталышына түздөн-түз демилгечи, белгилүү журналист жана Нурмолдо таануучу Калмурат Рыскулов болгон. «Себеби китептеги чыгармалардын өзөгүн Алымбек датканын, Маргалаң шаарындагы созоктук Мырзагул байдын жана Намангандагы молдо Кыргыз медресесиндеги уламалардын, акындардын айтыштары түзөрүн»[1] китептин баш сөзүн жазган журналист Камчыбек Камбарбеков атайы эскертет. Демек, акын Нурмолдонун өмүрүндөгү экинчи этап – бул билим алуу, адамдык жана акындык жактан калыптанууга умтулган мезгили деп билсек болот. Ошол караңгы доорлордо мусулман элдеринен чыккан молдолордун арасында жалаң гана диний багытта үгүт-насыят иштерин жүргүзүп, элди исламга үндөп, Кудайдын ыраазычылыгын табуу жөнүндө кургак баян кылган исламдын «теоретиктеринен» айырмаланып, Нурмолдо Наркул уулуна окшогон адамдар ыйык китептерде жазылган жоболордон (хадистерден) тышкары да адамды аруу жолго үндөп, аны инсан катары толук калыптануусу үчүн түздөн-түз кам көргөн билимдүү, көз карашы жетик адамдар да аз болгон эмес. Булар да жалпы жонунан «Молдо» аталышканы менен, берки «касиеттүү» молдокелерден айырмаланышып, тегиз кат таанышып, окуган китептерин эркин сүйлөп чечмелөөгө, алардын ички маани-мазмунун түшүндүрүүгө жарамдуу, көз карашы кенен адамдар эле. «Медреселерде Кыргыздын молдолору жогорку маалыматка ээ болуп, дин гана эмес тил, адабият, тарых, табият таануу ж.б. илимдерди да окушкан»[2]. Ошондой билимдүү адамдарды окутуп, адис катары тарбиялап чы-

---

[1] *Камбарбеков К.* Нурмолдо жана мезгил. Баш сөз. Китепте: Нурмолдо, Молдо Кыргыз медресесиндеги ырлар. Ала-Бука, 1997-ж., 3-бет.

[2] Жогорку макаладан. 4-бет.

www.bizdin.kg

гарган өнөркана, окуу жайлары бүтүндөй Фергана өрөөнү боюнча алганда саналуу гана болгон. Өткөн XVIII–XIX кылымдарда тоолук кыргыздар үчүн эле эмес өзүнчө ажайып жайга айланып, бүтүндөй Аксы, Ала-Бука, Чаткал, ары жагы Талас, Олуя-Ата, Ташкентке чейин билим ордосу катары саналган айтылуу молдо Кыргыз медресесинин кабары алыскы Пакистан, Арабия, Татарстан, Ооганстан жактарга, Кашмир, Кашкар, Уфа, Мекке, Медина ж.б. чоң шаарларга, өлкөлөргө чейин кабары жеткен бул эски медресенин даңазасы анын узак жылдар бою бала окутуп, беш убак намаз үзүлбөй окулуп турганы менен элге дайын, алымдуу болбостон, ошол өзүнөн окуп, билим алган бүтүрүүчүлөрүнүн жалпы сапаттык деңгээли, инсандык жана адистик даярдыгы менен өзгөчөлөнүп, даңазаланып келген. Бул аталган медресе жөнүндө өз мезгилинде Нурмолдонун замандашы кадимки Кыдыраалы манасчы да өтө так, таасирдүү мүнөздөмө берип, ал айтылган мурда-кийинки ой-пикирлерге өзүнүн ташка тамга баскандай таасындыгы менен шоола чачып, улам илгерилөөгө, алдыга арымдоого жол ачып тургансыйт:

Учурган далай чеченди,
Улама кылган бечелди.
Урматтуунун уясы,
Урабас чебим десемби.
Молдо Кыргыз наамды алган,
Мекеним медресемби[1].

Чындыгында, өткөн XIX кылымдагы кыргыз жергесиндеги медреселердин маданий-агартуучулук маниси өзгөчө болгон. «Молдо Кыргыз медресесиндеги ырлар» жыйнагынын баш сөзүндө баяндалып өткөндөй «Китептеги айтыштардан ошол мезгилдеги медреселерге мартабалуу, кадырлуу адамдар чогулушуп, заманга баа беришкени, тарыхты, падышаларды улама кылып айтышкандарын, мындай учурда Нурмолдонун золобосу жогорулап, кадыр-баркы көтөрүлүп турганын билебиз»[2]. Албетте, Нурмолдо Наркул уулу ошол атактуу медресенин мудариси жана айтылуу апсун, философ акын катары элге таанылып калган соң көп талаш-тартыштуу, чалкеш маселелер улам артка жылдырылып олтуруп акыр аягында «маласын тартуу» дагы эле Нурмолдого туура келе турган. Ошондо акындын акындыгы, чечендин чечендиги, көсөмдүн акылдуулугу ашкереленип, көпчүлүк алдында көзгө даана тартылып көрүнгөн. «Элден өткөн сынчы жок» демекчи, мейли замандын оомал-төкмөл жагдайлары туурасында сөз болобу, мейли кызыл тилди бүлөгөн кыйын кысталыш чечендик айтыш болобу, же акыл таразасын теске сала ырдала келген фило-

[1] *Уламаларга учурашуу.* Китепте: Нурмолдо. – Б., 2003-ж., 223-бет.

[2] *Камбарбеков К.* Нурмолдо жана мезгил. Баш сөз. Китепте: Нурмолдо. Молдо Кыргыз медресесиндеги ырлар. Ала-Бука, 1997-ж., 4-бет.

www.bizdin.kg

софиялык ой жоруум болобу, же элдик нускоо менен инсандын инсандык башкы касиетин аныктап, таалим-тарбия береби же жандүйнө жаңырыгы болгон лирикалык «Оттуу курак» обонун созобу, кайсыл тарабын албагын, кандай карабагын кадимки акын, агартуучу, ойчул Нурмолдонун табигый чыгармачылык жүзү, дарамет деңгээли өзүнө жараша кашкайып көрүнүп турат. Болбосо, өткөн социализм доорунда оозго алып айталбай келген кээ бир кубулуштар, адамдарга таандык айрым касиет-белгилер соңку мезгилдерде ачык айтылып, алардын пайдалуу жагы, артыкчылык сапаттары атайын эл-журтка рекламаланып жатканына өзүбүз күбө болуудабыз. Айрыкча, адамдардын денесиндеги оң, терс энергиянын тең салмакта болушу анын саламаттуулугунун башкы критерийи катары саналат да, эгер ал өзгөрүлсө, кишинин ден соолугунда да сезилерлик абал пайда болуп, өзүн жамандыкка жоруйт. Илгери өткөн доорлордо эл арасынан чыккан бүбү-бакшылар, кыл тамырчылар, эмчи-домчулар адам оорусуна жогорку аспектиден мамиле жасоо менен тамырдын согушуна карап «ысык», «суук» деген эки эле медициналык аныктама менен эмдөө-домдоо иштери жүргүзүлүп келген. Ал эми азыркы медициналык тил менен айтканда ошол оң, терс энергияны адам денесиндеги балансташтырып туруучу илимдин (медициналык) бир түрү – мануалдык терапия (биоток) болуп эсептелет. Мында айрым адамдарда «плюс» энергиянын көбөйүшү менен өзүнүн (колунан, бутунан, көзүнөн ж.б) кандайдыр бир ашыкча жылуулук («Көздөрүндө огу бар, колдорунда чогу бар». Токтогул) бөлүп чыгарууга жөндөмдүү болушат. Албетте, мындай адамдар өзүндөгү артыкчылыкты туура жолго багыттоо менен аптанын бир күнүндө биотранс абалга келет да, өзүнө керектүү энергия топтойт. Бул кандайдыр бир керемет күчтүн негизинде (балким, дубалардын жардамы менен) ишке ашат. Мына ушундай табигый жөндөм, инсандык артыкчылык акын Нурмолдонун бир кумган муздак сууну тез эле шарактатып кайнатып жибериши, жаш балага же кээде чоң эле адамга көңүл назары түшсө катуу ооруп, айрым учуруларда көтөралбай мерт болуп калуусу ж.б. азыр анчалык деле чоң жаңылык болбой калды. Бул көрүнүштү жөнөкөй мисал менен салыштырып түшүндүрсөк, анда калың линзалуу лупаны күнгө каратып, андан түшкөн нурду кайсыл жерге кармасак, ал тез эле ысып, андан барып түтөп күйгөнүнө күбө болуп жүрөбүз. Демек, Нурмолдонун бул «касиети» («От болуп чыккан жашынан, Оттой күйгөн башынан». Коргоол ырчы) да дал ушундай планда түшүндүрүлүп, анын ар түрдүү ооруларга жасаган эмдөө иштери оң натыйжага ээ болгонун биз, азыркы муун дал ошондой туура кабылдап, түшүнүүбүз зарыл. Ал эми «Эшматтын эшекке айланышы», «Дудуктун сүйлөшү», «Шал адамдын басып кетиши», «Барик акчалар» ж.б окуя-көрүнүштөр атактуу акын Нурмолдо бабабыздын Кашмир, Уфа, Мекке, Медина ж.б. шаарлардан алган диний билимдеринин жана андагы айрым адамдардан үйрөнгөн көз байлоочулук (гипноздук) ду-

www.bizdin.kg

баларынын күчтүүлүгүн ашкерелеген айкын фактылар болуп эсептелет. Чындап келгенде Нурмолдо Наркул уулунун узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына атын дайын кылган артык сапаты анын акындыгынан да жогору турган апсундугу, исламдын анык билерманы экендиги болгон. Элдин караңгылыгы, медицинанын өнүкпөгөндүгү мындай түшүнүктүн бекемделиши үчүн ыңгайлуу негиз болуп берген. Ошондон улам Нурмолдо бабабыз менен көптөгөн акын-ырчылар бетме-бет келип айтышуудан, тигил же бул конкреттүү диний маселе боюнча талашып-тартышуудан четтеп турушкан. Олуя, көзү ачык деген түшүнүктөр мурунку Совет доорунда жалаң бир беткей аныктама менен түшүндүрүлүп, биздин аң-сезимибизге зыяндуу сапаттык көрүнүш катары сиңирилип келген. Ал эми бүгүнкү күндө андай адамдар жөнүндө ар тараптуу маалыматтар берилүү менен алардын зыяндуу жагына караганда пайдалуусу көбүрөөк сөз болгонсуйт. Чындыгында, азыркы көз караштар боюнча алганда андай көзү ачык, олуя даражасына жетүү дагы эле болсо окуу, билим алуу аркылуу ишке ашары белгилүү болууда. Ал эми акын Нурмолдо Наркул уулунун өмүр жолуна назар салган учурда азыр бизге жеткен маалыматтарга караганда ал көп жерлерде болуп, шарият илими боюнча көп окуп, керек болсо көз байлоочулук, жин жана анын түрүлөрү сыяктуу түшүнүктөрдү абстракттуу аңсезимден конкреттүү абалга келтирип элге жеткирүүдө өзүнүн башкалардан өзгөчөлөнгөн артыкча сапатын айгинелеп көрсөтүүгө жетишкендигин эске алганда жогорку айтылган ой-пикирлердин кайсы бир өлчөмдө бул акынга да туура келерин айтпай коюуга болбойт. Демек, «олуя», «үчүнчү көздүн ачылышы» деген түшүнүктөр соңку мезгилде кандайдыр бир касиеттүү күчтөр аркылуу болбостон, өз алдынча окуу, өнөр үйрөнүү менен ишке ашырылат деген пикир көбүрөөк орун алууда.

Аталган ыр жыйнактан орун алган негизги темалардын бири – заман темасы. Замана темасында ой жоруп, ал боюнча өзүнүн жеке көз караштарын эч кимди ээрчибей, аларды эч кимге таңуулабай эркин билдирип, көпчүлүккө туура түшүнүк таратууга умтулуп, ага байланыштуу ар кимге жаман-жакшы көрүнүүсүнө кайыл болгон, акындык жана турмуштук жактан тажрыйбасы арткан мезгил – бул акын, апсун, агартуучу Наркул уулу Нурмолдонун акын жана Адам катары биротоло калыптанып, жетилген курагы, т.а., өмүр жолунда III этап болуп эсептелет. Бул маселе акын Нурмолдо Наркул уулунун 1995-жылы Жалал-Абад шаарынан жарык көргөн «Замана» ырлар жыйнагынан да орун алып, көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө буруп келет. Акындын аталган тема боюнча ээлеген позициясын, көз караш түшүнүгүн аныктоодо анын Мырзагул байдын медресесинде Нурбай деген адам менен болгон айтышы мисал болуп бере алат.

Анда жогоруда сөз болгондой белгилүү маселенин айланасында ошол аймактагы таасирдүү адамдар чогулуп пикир алышуу, ой улоо, талаш-тартышуу көнүмүш көрүнүшкө айланганы байкалат. Нурбай заманга

www.bizdin.kg

карата болгон көз карашын төмөнкүдөй саптар менен түшүндүрүүгө аракеттенет:

Зарлантып аткан зар заман,
Зарың ушул эмеспи?
Тарытып баарын тар заман,
Шоруң ушул эмеспи?
Калтыраткан хал заман,
Коруң ушул эмеспи[1], –

деп улам алдыга карай арыш алып бараткан заман агымын, мезгил талабын бир беткей кабылдоо менен андан жогоркудай мүнөздөгү тыянак чыгарат. Ошол учурдагы болуп жаткан ар кандай терс көрүнүштөрдүн баарына заман көнөөлүү дегендей ой айтылат. Кыргызстандын түштүк аймагында жүрүп жаткан саясий-таптык иш-аракеттер, өзгөчө падышалык Россиянын баскынчылык саясаты, ошого байланыштуу адамдардын нравалык жандүйнөсүндөгү өзгөрүүлөргө акындар арасында да ар түрдүү көз караштарды пайда кылуусу мыйзамченемдүү көрүнүш. Ошолордун бир өкүлү катары жогорку аты аталган Нурбай дегенди айтсак болот. Бул ырчы жөнүндө бүгүнкү күндө бизде жарытылуу маалымат жок. Бирок ошондой болсо да акын Нурмолдо менен болгон айтышынан улам болуу керек, айрым аңыз кептер айтыла калып жүрөт. Эмнеси болсо да бул ырчы өзүнүн талант-дарамети жагынан бийик деңгээлге жетпей, ары кеткенде арең эле айыл ырчысы болуп күн кечиргендиги байкалат. Буга далил катары ошол Нурмолдо менен болгон айтышы, андагы чыгарган ой корутундусу, жалпы түшүнүгү башкы себеп болмокчу. Ал эми өз өнөктөшүнөн өзгөчөлөнүп Нурмолдо Наркул уулу жогоруда айтылган, чукул чыгарылган турмуштук тыянактардан чочулабай, ал өзүн өтө эле сабырдуу, токтоо кармоо менен:

Ыргагын таап черталсаң,
Күүң болгой замана.
Обонун таап ырдасаң
Үнүң болгой замана[2] –

деп түшүндүрөт. Мындан Нурмолдо акын өзү беттешип ырдаган Нурбайдан ички маданияты, дүйнө тааным түшүнүгү жагынан алда канча бийик турары ачык эле сезилет. Нурмолдо замананын ошол учурдагы Нурбай наалып түшүндүрүп жаткан ой-кырына кылдат баам салуу менен эгер туура саясат, адилет башкаруу болсо анда: «Тарбияңа жараша уулуң болгой замана» – деп мүнөздөйт. А эгер өтө эле «акылмандык» менен башкарып куулук, митайымдык дагы ушул сыяктуу жексур сапаттар жетекчилерге таандык болуп, элдин

[1] Нурмолдо менен Нурбайдын айтышы. Китепте: Нурмолдо. Замана.Жалал-Абад, 1995-ж., 23-бет.

[2] Ошол эле китеп. 25-бет.

www.bizdin.kg

эртеңи менен эсептешпей, жалаң гана өздөрү үчүн жан үрөп иштесе, анда: «Аста-секин жумшасаң, кулуң болгой замана» – деп мезгилдин табигый эрежелерине баш ийбей, алардан амалданып, айланып өтсө да болорун кыйытып, подтекст аркылуу баяндайт. Чындыгында, замана кандайча бузулат? Акын Нурмолдо Наркул уулу өзүнүн көз караш түшүнүгүндө анын себебин булардан көрөт:

Бийлик, байлык талашып,
Хандар бузган замана.
Эки жүздүү кошомат,
Жандар бузган замана.
Кара оокатка касташып,
Маңлар бузган замана.
Нурун көрүп билбей-ак,
Нурбай бузган замана[1].

Акын Нурмолдо замандын бузулушуна түздөн-түз катышы бар адамдарды жөн эле кургак айтып, аныктап көрсөтпөстөн ошол кемчилдиктерден арылуунун жолун, моралдык-нравалык бөксөлүктү толтурууну да ошол эле айтышында элге ачык сунуштайт:

Замана деген ушундай:
Колуңдагы кушуңдай.
Таптаганга жараша,
Түшүм берет кызылдай[2] –

деп замана көйгөйлөрү, алардын пайда болушу, чечүү жолдору бүтүндөй ошол коомдо жашап жаткан адамдардын өзүнө, алардын моралдык-психологиялык деңгээлине, саясий-мамлекеттик ишмердигине жараша болорун жогорку төрт сабында таамай таразалап бере алган. Мүнүшкөр кыраан кушту кандай кылдат таптаган болсо, эл башында олтурган адамдар да өздөрү жашап, күн кечирип жаткан заманга, анын оош-кыйыш жактарына ошондой чеберчилик, акыл парасат, эң негизи – көрөгөчтүк менен мамиле жасоосу зарыл экени айтылат. Эгерде мүнүшкөр же саяпкер алгыр кушту, сай күлүктү таптоодо бир жеринен өксүткөн болсо же аша чапса, анда ал куш канчалык бийик учуп, кайкып-шукшурулбасын жарытып эч нерсе алалбайт. Дубанды бузган дулдул жөнүндө деле ушул көз карашты айтсак болот. Демек, бардык нерсе таптоого, тарбиялоого, өлкө, коом башкарууга, анын метод, стилдерине жараша «түшүмдүү» болорун акын өз жообунда биринчи планга чыгарат. Бул жооптогу айтылган негизги ой корутундусу биринчи жолу Нурмолдо тарабынан айтылып жатпастан буга чейин эле эл арасында акылга дыйкан адамдар тарабынан кырдаал, шартка жараша айтыла келгенин да атактуу акын атайын эскертет.

---

[1] *Ошондо.*
[2] *Ошондо, 4-бет.*

www.bizdin.kg

Абалтадан акылдуу,
Ата теги накылдуу
Аталар айткан ышынбай.
Адыраңдабай ар дайым
Аңдай жүргүн сен, Нурбай!
Жакшыларга жаман сөз
Жабыштырган кем, Нурбай!
Соо болсо да көрбөгөн,
Эки көзү көр, Нурбай!
Байкай билсең буларды
Болор элең, эр Нурбай!
Заманаңа түшүнсөң,
Атыгар элең, шер Нурбай![1]

Натыйжада замана маселелери, анын оомал-төкмөл жактары эл арасында айтылып, андан адамдар өзү тийиштүү жыйынтыктарды чыгарып келгенин нукура философиялык нукта түшүндүргөн Нурмолдонун бул жообу өзү айткандай эки көзү туруп, көрбөй калган көкүрөгү сокур, көөдөнү чоң болгон менен ал көңдөй челекке айланган адамдардын аңсезими, түшүнүктөрү боюнча эл башкарган жакшыларга боор тартып, аларга кошомат кылып жаткандай туюлушу мүмкүн. Чындыгында, Нурбай түшүнгөндөй эл башкарган адамдардын туура эмес иш жүргүзгөнүнөн же элди эбегейсиз эзүүсүнөн же орус сыяктуу кайырдин капырлар менен аралашып турмуш кечирүүдөн же ислам дининин негизги эрежелеринен четтөөдөн улам ар түрдүү окуялар, элдин көз жашын, кызыл канын көлдөтүп төгүүлөр болуп жатат деген түшүнүктөн оолактап, акын Нурмолдо эл эсебинен жашап, байып, ыгы келсе-келбесе да өз бийлигинен пайдаланып, калың элдин канын соруп, жонунан кайыш тилген айрым кара жемсөө жетекчи-манаптарды жактап, мактабастан, тескерисинче, Нурбай сыяктуу эле ал да аларды айыптап жектейт жана алардын ичинен чындап эл-жер деп, эртеңки көрөр күн, ичер суу жагдайы туурасында акыл калчап, андан реалдуу жыйынтык чыгара билген чыныгы атуул, кашкөй жетекчи, инсан даражасына өсүп жеткен адамдар жөнүндө сөз болуп жатканын ар бир окурман туура түшүнүүгө тийиш. Бул аталган айтышта учурдагы болуп жаткан турмуш көрүнүшүнө, ар кыл окуяларга жараша ар кимдин көз карашы ар түрдүү багытка карай өзгөрүшү даана көрүнүп, анын бир мисалы катары 1916-жылкы Улуттук боштондук көтөрүлүш жана анда ким кандай позицияны ээледи, кимисиники туура, а кимисиники туура эмес жана тескерисинче, элге каршы иштелген аракет катары бааланды, мына ушул маселе боюнча да пикир келишпестиктер орун алганына күбө болобуз. Нурбайдын түшүнүгү боюнча ак падышанын регулярдуу армиясына каршы туруп, эл-жерди коргоо – бул бирден

[1] *Ошондо, 26-бет.*

www.bizdin.kg

бир туура иш-аракет, туура чечим. Чокунган орустар менен чочконун этин жеп жашоо, алардын айдаган жагына барып, сураганын бере берүү – бул чоң күнөө, мамлекеттик кылмыш. Ошондуктан, кыргыз эли түп көтөрүлө чыгып, көтөрүлүш аркылуу орустарды жок кылуу эң туура жол, мындан кайтууга болбойт деген принципти Нурбай бекем карманат. Албетте, мындай караган адамга бул принцип эң туура, керек болсо өтө зарыл сыяктуу туюлат. Ал эми ошол эле учурда Нурмолдо бул маселеге башка өңүттөн карап, Нурбай көтөрүп жаткан маселени канчалык турмушка, кырдаал-шартка ылайык келер-келбесине көңүл токтотуп, оруска каршы көтөрүлүүнүн азыр эч кандай натыйжасыз экенин төмөнкү ыр саптары менен билдирет:

Каяша айтып оруска,
Казак хандар не болду?
Аяк, башы белгисиз,
Айтышып жүрүп жоголду.
Салават, Балбай, Ормондор
Суюлуп баары кор болду!
Мардикерге барбаган,
Маң баштар кайдан оңолду?
Мардикер берип жигиттен,
Мардайсаң тирүү каласың.
Каяша айтсаң өлөсүң,
Кырсыкты башка саласың![1]

«Мардикер», «мандикер» деген түшүнүктөр мында ошол 1916-жылы ак падыша тарабынан 25-июнда чыккан кандуу Указда көрсөтүлгөн. Мында мурдагы Орто Азия элдеринен аскер ишине 19 жаштан 43 жашка чейин алуу (кара жумушка) жөнүндө сөз болууда. Ушул маселеге карата эл арасында, өзгөчө эл башкаруучулар арасында түрдүү пикирлер айтылып, талаш-тартыштын объектисине айланып келгени да чындык десе болот. Мунун аягы жер-жерлерде ички нараазычылыктарды пайда кылуу менен айрым тирешүүлөр, камчы үйрүшүүлөр да болгону жашыруун эмес. Кимге ишенерин билбей элдин башы айланган. Ар кимиси ар кандай маалымат таратышып, үрөйү учуп турган элди андан бетер үшүн кетирүүгө чейин барышкан. Дал ушундай түзүлгөн кырдаалга көпчүлүк эл падышалык Россиянын баскынчылык саясатына түп көтөрүлө каршы турушуп, өздөрүнүн эртеңки келечеги үчүн боштондук күрөшкө чыгууга бел байлашкан. Мындай чечкиндүү кадамга барууда эл, улут үчүн кандайдыр бир пайдалуу аракет, туура чечим сыяктуу кабыл алынган менен эгер чындап ой жүгүртүп, ошол мезгилдеги кырдаалга реалдуу баа берсек, анда орус менен кыргыз же жалпы эле мусулман элдеринин аскердик күчү бири-бирине дал келбей, падышалык орус армиясынын үстөмдүгү ачык

[1] *Ошондо, 33-бет.*

www.bizdin.kg

эле байкалып турган. Ошондон улам Нурмолдо сыяктуу алды-аркасын аяр карап, элдин эртеңки келечегине чырылдап-чыркыраган адамдар саны жагынан аз болсо да бирин-эки болду. Нурмолдо акын орус эли менен ойноого болбосун, андай түбү бекем, түптүү, көп элге каршы туруу негизсиз экенин өз ырында:

Каяшаң тиер ок болуп,
Алакандай аз элсиң,
Каласың дароо жок болуп.
Көп элдин чети оюлбайт,
Көңүлү турар ток болуп[1], –

деп белгилеп көрсөтөт. «Мардикерлик маселе, марттык болуп атпайбы!» – деп Нурмолдо акын түшүндүргөндөй, чын эле ак дили, көңүлү менен марттык кылуучу маселеби же ошол учурдагы түзүлгөн кыйын кырдаалдан улам арга түгөнүп, айла кеткендеги «марттыкпы» ? Муну да так ажыратып алууга туура келет. Биз жогоруда баяндагандай, бул айтылган «мандикерлик маселе» Нурмолдо акындын түшүнүгүндө төмөнкүдөй жагдайларга байланыштуу да «марттыкка» барууну өзүнчө туура деп эсептейт.

Саначы өзүң бактыңы!
Кырылса аз эл жакшыбы?
Акылды кайдан табасың
Аттырып ийип жакшыны.
Осмонбек, Баяз болуштар,
Ороз, Шатман болуштар,
Мадаминбек миң башы
«Март экен» – деди орустар
Мердикерликти жактады,
Байтуман, Шермат, Амандар,
Мадумар, Насыркан төрө
«Баргыла» – деди барбаңдай
Нускасаң деле түшүнбөйт.
Нурбай сымак арамдар![2]

Демек, мандикерликке баруунун реалдуу себептери бар экендигин Нурмолдо акын жогоркудай мүнөздө түшүндүрөт. Эл жакшыларынын орус менен тирешип, сураган-койгон талабын аткарбай, тескерисинче, жалпы куралдуу (Кыргыздын куралы камчы, союл, шалк этме, найза, айрым гана адамдарда түтөтмө кара мылтык болгон – Б.Б.) көтөрүлүшкө чыгуусу калың элдин канын бейкүнөө төгүү, алардын арасында эл башкарган адамдардын өмүрүнө да чоң коркунуч болорун Нурмолдо акын эскертет. Мындан айрым адамдар акындын ой түшүнүгүн, чыгарган бүтүм, тыя-

[1] *Ошондо, 33-бет.*
[2] *Ошондо, 33-бет.*

www.bizdin.kg

нагын ошондогу эл жакшыларына жан тартуу, курулай кошомат катары кабылдашы мүмкүн. Бирок мындан чындап ой калчап, ошондогу эл башына түшкөн оор кырдаалды эске алганда элди бөөдө кырып, жетим-жесирлердин санын көбөйтүүгө, элди жамандыр-жакшыдыр жетектеп турган адамдардын окко учуусу эл ичинде ашыкча түйшүктү, кайгы-капаны арттырарын ойлонуп айтып жаткандыгын туура түшүнүүбүз зарыл. Чындыгында, жогоруда аты аталган адамдардын эл арасындагы кадыр-баркы, башкаларга болгон ар түрдүү таасири жогоркудай ой-пикирдин жаралышына өзүнөн өзү шарт түзүп турат. Болбосо, Нурмолдо:

Орозматтан озбойсуң,
Колботодон калбайсың.
Байсай берсең ушинтип,
Баарысын бир күн жайлайсың[1], –

деп, белгилүү саяпкер Орозматты мисал келтирүү менен алардын арасында Нурбайдын кадыр-баркынын канчалык экендигин көрсөтүп, ошолордон өзүн өйдө санаган текебер мамилеси үчүн аны айыптайт жана бейчеки сүйлөөнүн аягы эч убакта жакшылык менен бүтпөшүн да көзүнө сая эскертет. Ал эми каралып жаткан маселенин өзөгүн, бири-бирине болгон пропорциялык катышын:

Орус мылтык бат атар!
Өнөрүн сага таанытар.
Сенин кара мылтыгың
Серпкениңче беш атар![2] –

деп салыштырылып, түзүлгөн кырдаалдын реалдуу ал-абалы ачык, даана көзгө тартылып көрсөтүлөт. Регулярдуу орус армиясынын күчү, артыкчылыгы эч кандай апыртуусуз, аша чабуусуз, болгонун болгондой айтып, аны менен биздин кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн күчү бири-бирине тең келбесин көрсөтөт. Эң аягында келип: «Элиң азыр аманда, эсире бериш жаманда» – деп Нурбай менен болгон айтышты жыйынтыктайт. Албетте, элдин баары «өңү сары, көзү көк» орус деген капыр менен катуу кармашып, аларды өзү туулуп өскөн жеринен чыгарып, келген жагына карай жапырып айдоого бел байлап, башты сайып коюп каршылык көрсөтүүгө өтүп жаткан убакта Нурмолдонун «тескериленип» турушу эч бир жергиликтүү адамга жакмак эмес. Ошого карабастан акын Нурмолдо өзүнүн көзү жеткен реалдуу чындыкты, түзүлгөн кыйын кырдаалды так, туура баамдап, элдин эртеңки келечек тагдыры үчүн чырылдап-чыркырап күйүп, эл башында турган айрым жетекчилерге кайрылып көтөрүлүшкө чыгуунун аягы жакшы натыйжа бербесин да ачык эскертет. Акындын мындай стратегиялык алдын-ала көрөгөчтүгү, албетте, жогоруда сөз болгондой айрым жерлердеги көтөрүлүштү жетектеген адамдарга жакпайт.

[1] *Ошондо, 32-бет.*
[2] *Ошондо, 34-бет.*

www.bizdin.kg

Алар өз мүдөө-максаттарына бекем туруу менен элди куралдуу армияга каршы көтөрөт. Эл азып-тозуп, падышалык аскер күчүнө туруштук бералбастан жан аргасын издеп Кытай жерине качууга мажбур болушат. Ач бел, куу жондо карга-кузгунга жем болуп, атылган октон, борошобурганактан кырылышат. Демек, Нурмолдонун акыл парасаты Нурбай менен болгон бул айтышта кандай көрүнгөн болсо, ошол эле 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүш маселесине келгенде далилденет. Албетте, бул Нурмолдо тутунган позиция жоого багынып берүү эмес, элдин эртеңки тагдыры үчүн кам көрүүнүн өзүнчө реалдуу жолу, жан айласы болгонун унутпашыбыз керек. Акындын мындай алгылыктуу иш-аракети, ээлеген турмуштук позициясы анын «Калктын каны кутказбайт сени, Канат хан» аттуу айтым күүсүнөн да ачык көрүнөт.

Эл башына оор мүшкүл иш түшүп турган чакта анын жүгүн көтөрүп, оң жолго баштаган, жоодон сактаган эр азаматтар ар дайым урмат-сыйга ээ болуп, аты эл оозунда айтылып жашап келген. Ал эми өткөн XX кылымдын башында кыргыз элинин түндүк бөлүгү үчүн чоң жоготууларды алып келген 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүштү жетектеп, элди пулемет, замбиректин огуна каршы үндөө менен өзүнүн мурдагы мансап-даражасын сактап калуу үчүн элди садага чапкан бай-манаптар, айрым «патриоттор» болду. Ошолордун арасында чын эле арка-бел болуп, тынбай атылган октун алдында калың көч ашуудан, чек арадан өтүп кеткенче баскынчыларга каршы арстан айбат көрсөтүп, өз башын эл үчүн сайган азаматтар да аз эмес эле. Тескерисинче, Канат хан өңдүү өзүн элге «хан, баатыр» жарыялап, бардык жоопкерчиликти өз моюнуна алган адам кара жанын, коколой башынын аманын көздөө менен элди жамгырдай жааган калың октун алдына салып берип, өзү аман калса эртең да ошол ооматын жоготпой сактоонун камын жегендердин бири – Канат хан десек болот.

Топто сүйлөдү чечен,
Баатыр болсунчу бекем.
Калмакты жеңген жетең,
Орус калкы
Калмак эмес экен:
Колундагы тез атар мылтык,
Замбиреги дүңгүрөп,
Көзү көргөндү кутказбай терген
Деп айттым саган атайын барып,
Кайтпадың артка пейилиң тарып[1].

Келтирилген мисалдан маалым болгондой акын Нурмолдо ошол хан көтөрүлгөн Канатка барып жогоруда сөз болуп өткөндөй, буга да орус армиясына каршы туруп, элди көтөрүлүшкө баштоо акылсыздык, азыр-

[1] Калктын каны кутказбайт сени, Канат хан. Китепте: Нурмолдо. Чыгармалардын толук жыйнагы. – Б., 2003-ж., 203-бет.

www.bizdin.kg

кы (ошондогу – Б.Б) кырдаал-шартты аңдап, түшүнбөгөндүк болорун айтып, элди бөөдө кырып аларын эскерткендигин баяндоодо. Бирок ал алдын-ала эскертүүгө маани бербеген «хан» тынымсыз тытырап атылган пулемётко, жер силкинткен замбирекке карай найза сунуп, союл шилтөөгө өттү эле орус падышалык армиясы өзүнүн күчүн тез эле көрсөттү.

Натыйжада:

Кутулбас куяга калдың, Канат хан!
Калкыңды бейпайга салдың, Канат хан!
Колуңду кырды кафирлер
Алсыз Канат хан!
Кытайга качтың куткарып башың
Арсыз Канат хан![1] –

экенин мезгил өзү ошондо эле далилдеди:

Миң жердешиң ашуудан өлдү, Канат хан!
Миң жердешиң атуудан өлдү, Канат хан!
Кыянатчы Канат хан!
Кыялыңа тозок гана жарашкан
Канат хан!
Калктын каны кутказбайт сени,
Канат хан![2]

Аталган күүнүн текстинен маалым болгондой кандуу кыргын окуянын жүрүшү эл башына түшкөн трагедиялуу мүшкүл иштин реалдуу жүзү бул чыгармадан да ачык көрүнөт. Өзгөчө, эл башында турган жетекчинин кыйын кырдаалда өз башын куткарып, башка элге качышы көпчүлүктү кандай абалга салганын жогорку эле келтирилген мисалдан даана билүүгө болот. Мында элдин ак кийизге салып көтөргөн өз «ханына» болгон ички жек көрүү сезими, каргышы баяндалат. Канат өзү «хан» башы менен элди таштай качышы бул өз башынын жеке кызыкчылыгы үчүн эле эмес, анын чыккынчылыгы катары да мүнөздөлөт.

Сен өзүң кыргыз эмес
Калмак белең, Канат хан!
Көркоо Канат хан!
Касым белең сен өзүң
Аксак, Канат хан!
Кор кылдың миң кызымы
Акмак, Канат хан!
Түбөлүк сен тозокусуң,

[1] *Ошондо, 204-бетте.*
[2] *Жогорку аталган чыгармадан. 205-бет.*

www.bizdin.kg

Канат хан!
Уккандардын жүрөгүн канаткан![1]

Демек, «хандын» кыргыз элин таштап өз башын сактап качышынын башкы себеби катары анын кыргыз эмес экендигин Нурмолдо баса белгилейт. Мындай «хандардын» кыргыздарды таштай качышы тарыхта боло келип, анын азыркы биздин күндөрдө да дал өзүндөй кайталанып жатышы өзүнчө «уникалдуу» көрүнүш десек болот. Карт тарыхтын бизди таң калтырган жагы да ушул. Нурмолдо өзүнүн башка да чыгармаларында кол курап, чабышуудан Фергана эли эмнеге жетишип, эмне пайда тапкандыгын башкы суроо катары коюп:

Кол көтөрүп койкоңдоп,
Чабып жүрүп не болдук?
Бирибизди бирибиз
Кабып жүрүп не болдук?
Парикана толгон эл элек
Бүт кырылып жоголдук[2], –

деп өзү жыйынтык чыгарат. Демек, элди ынтымакка, тынчтыкка үндөгөн акындын үнүн ал заманда кимдер угуп, кимдер мындан сабак алганы эми гана айтылууда[3]. Анан калса, «айласы аз не чара, адам деген бечара» экендиги да Нурмолдо тарабынан эске алынып, адам баласы башка түшкөндү көтөрбөөгө чарасы жок, баарынан улуу, баарынан күчтүү жазмыш мыйзамы деп түшүндүрөт. Нурмолдонун бул күүсүн улуу комузчу Ниязалы Борош уулу баштап Уста Жолдош, Орозбай, Түлөберди, Кушназар, Акматалы, Батырбек сыяктуу шайырлар ырдап чертип келишкен. Сөзүн 1962-жылы июль айында К.Рыскулов Кушназар комузчудан жазып алган экен.

Социализм мезгилинде жарык көргөн илимий эмгектердин көбүндө Нурмолдо Наркул уулу жөнүндө такыр өзүнчө сөз болбогону менен Жеңижок (Өтө) жөнүндө аздыр-көптүр айтылып, анын тунгуч чыгармалар жыйнагы 1982-жылы Фрунзе шаарынан жарык көргөн. Мына ушул Жеңижок жөнүндө жазылган айрым эмгектерде ал Анжиян же Аксы тарабынан чыккан динчил акын Нурмолдо менен Кербендин базарында айтышып, аны ооз ачкыс кылып жеңет, ошондон Өтө аты калып Жеңижок деген жаңы ысымга ээ болот деп айтылат. Демек, ал эмгектерде бул эки ырчы буга чейин бирин бири такыр көрбөгөндөй, буга чейин таанышпыгы болбогондой мүнөздөлөт. Соңку маалыматтарга таянсак, өзгөчө журналист Калмурат Рыскулов аксакал менен белгилүү адабиятчы, профессор Советбек Байгазиевдердин эмгектеринде (Байгазиев С. Нурмолдо – XIX кылымдын тунгуч агартуучу-педагогу жана эне тилдин даанышман па-

[1] *Ошондо, 206-бет.*
[2] *Нурмолдо.* Шүгүр кылың буга да. Китепте: Нурмолдо. Чыг.толук.жый. – Б., 2003-ж., 244-бет.
[3] *Эркебаев А.* Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары. – Б., 2004-ж., 150-бет.

www.bizdin.kg

триоту. Бишкек, «Эркин Тоо» ААК, 2005-ж.; Рыскулов К. Нурмолдо жана биздин таржымалыбыз. Китепте: Нурмолдо чыгармаларынын I томдук жыйнагы. Бишкек, 2003-ж., 540–585-беттер) Жеңижоктун өтө терең урматтаган акындарынын бири Нурмолдо Наркул уулу (1838–1920) экендиги баса көрсөтүлүп келет. Бул маалыматтарда Өтө (Жеңижок) Нурмолдо Наркул уулун чоң акын, эскиче сабаты ачылган мударис же шарият (ислам дини боюнча) илими боюнча жогорку чек – олуялык касиетке ээ болгондугу үчүн сыйлап, этегине таазим кылбастан Жеңижок ырчы олуя Нурмолдо Наркул уулун өз устаты катары сыйлап, анын диний жана табият илимдеринен, эң башкысы рухий-эстетикалык көрөңгөлөрүнүн алтынга алмашкыс нарк-насилин баарынан жогору коёт. Жеңижокту Жеңижок катары таанытып, анын акындык көзүн ачкан да Нурмолдонун таалим-тарбиясы, окуган дарстары экендигин Жеңижок өзү оозунан түшүрбөй айтчу экен. Анткени айылдык молдодон кат сабаты ачылган Жеңижок ырчы ошол убакта атак-даңкы айтылуу Фергана өрөөнүнө дайын болгон Кыргызбай молдонун Наманган шаарына салган атактуу медресесинен эки жыл билим алган. Ал жерде ошол эле аймактан чыккан көрүнүктүү мударистер, уламалар сабак бербестен бүтүндөй Орто Азия чөлкөмүнө таанымал илимпоздор, таланттуу адамдар дарс окушуп, чоң илимий, маданий борборго айланган. Мындан биз орошон төкмө, ойчул акын катары таанылган Жеңижок (Өтө) Көкө уулунун азыркы адамдарга албан-албан шык-жөндөм, бийик чыгармачылык таасир ыроологон алп акындын аруу, ары бийик ички көркөм дүйнөсү ошондой нукта, ошондой чен-өлчөмдө калыптангандыгын айтканыбыз алда канча жөндүү болмокчу. Демек, биз бүгүн бир чети таң калган улуу төкмө, орошон ойдун ээси аталган атактуу Жеңижок (Өтө) Көкө уулун да бир кезде мугалим окутуп, устат тарбиялаганын көп этибарга албай келебиз.

Алиппени үйрөтүп,
Арапчаны сүйлөтүп,
Кат жаздырып көрдүңүз,
Кош-кош тамга сыздырып.
«Ажынааме» а түгүл
Айттырдыңыз түз кирип.
Не десеңиз ошону
Ниет кылдык биз билип,
Алдык күчтү үрөп да,
Ар кыл өзүм сүрөп да,
Аалымдыктын ушпасын[1], –

деп ырдап олтурган жаш акынды өз устаты менен айтыштырып, аны «эл алдында сөзгө жыгып, жеңип кеткен, ошондон Өтө Жеңижок ырчы

[1] *Нурмолдого Жеңижоктун алгач учурашып ырдаганы. Китепте: Нурмолдо. Чыг. I томдук жыйнагы. – Б., «Сүрөт-Басма-Салону» ЖЧК, 2003-ж., 101-бет.*

www.bizdin.kg

аталып, акындык чоң аброй тапкан» деп элге түшүндүрүшүбүз кайсыл эрежеге сыят? Акыркы жарык көргөн маалыматтарга таянсак (Абдыразаков А. Өтө (Жеңижок) Көкө уулу. Китепте: «Залкар акындар» сериясы. Жеңижок I китеп. Бишкек, 1999-ж. Тиллебаев С. Нурмолдо Китепте: Тиллебаев С. Унутулган адабият. I китеп, Бишкек, «Бийиктик», 2006-ж., 143-бет) анда биздин буга чейинки айткан-дегенибиз, макалалардан, китептерден алган жогоркудай такталбаган түшүнүктөр менен ой корутундусун чыгаруу бул өтө эле опурталдуу, анан калса илимий олдоксон мамилеге жатарын моюнга алышыбыз керек. Андай болбосо, жаңыдан элге үнү угулуп, жаш ырчы аталып, «жээн келгенче жети бөрү келсин» демекчи таякелеринин доорунда өзүн эркин сезип, бет алган жагынан кайтпай ырдаган ырчы Жеңижок менен айтышып, андан жеңилип олтурган Нурмолдо ким? Бул кадимки ойчул, агартуучу, тунгуч педагог, апсун акын, кадимки Жеңижоктун устаты Наркул уулу Нурмолдобу же айрымдар айтып жүргөндөй ал башка Нурмолдобу? Же болбосо, Наркул уулу Нурмолдо өз шакирти Жеңижок ырчыга карай:

Чоң атаң Күсөй курч эле,
Чоо-жайды билген сырчы эле,
Молдо Кыргыз Медресе,
Окуган укмуш ырчы эле[1], –

деп эскерип олтурушунан дайын болгондой Жеңижоктун акындык өнөргө аралашып, илим-билимге умтулуусу да бекер жеринен эмес экен деген ой туулбай койбойт. Караңгылык каптаган доордо айрым окуя, фактылар чаташып, эл оозунан алынган маалыматтар так болбой, орун алмашып айтылып калышы да мүмкүн. Муну айтып жатканыбыздын себеби жогоруда мисал келтирилген Нурмолдо Наркул уулунун ырынан улам белгилүү болгондой атактуу ырчы Жеңижоктун (Өтө) чоң атасы Күсөй да билимдүү, акын адам болуп, ал да андагы элге белгилүү болгон Намангандагы молдо Кыргыз медресесинен окуган экен. Насип кайып демекчи чоң атасы билим алган ыйык окуу жайдан арадан канча жылдар өткөн соң небереси Өтө (Жеңижок) Көкө уулу да анын улагасын аттап, акын катары ата жолун улап олтурат. Ошондон улам маалымат берген айрым адамдар чоң ата менен неберенин оозунан чыккан сөздөрүн, эсепсиз кумдай төгүлгөн ырларын, айрым адамдар менен болгон мамилелерин, өзгөчө айтыштарын чаташтырып айтып, азыркы муунду туюк түшүнүккө туш кылып олтурабы деген ой да туулбай койбойт. Кандай болсо да бүгүнкү күндө атактуу ырчы Нурмолдо Наркул уулу жогору баа берип олтурган («Окуган укмуш ырчы эле») Күсөй ырчы жана анын чыгармалары жөнүндө бүгүнкү күндө бизде жарытылуу маалымат жок десек болот. Эгерде чын эле ошончолук оозго алымдуу, билимдүү-илимдүү, «укмуш ырчы» (Күсөй) болсо кантип эле эл оозунда бир-эки сап ыры, баштан кечирген көргөн күнү айтылбай,

[1] Жогорку аталган айтыштан. 112-бет.

www.bizdin.kg

эскерилбей калат деген түпөйүл ой-сезим да пайда болбой койбойт. Мурунку доорлордо жашап өткөн атактуу өнөр адамдары, акын-ырчылар, комузчулар, чоорчулар, куудулдар, жез таңдай чечендер биздин күндөрдүн (XX кылымдын) алп акындары Коргоол («Сен, сен дүйнө»), Ы.Борончиев («Кош, Алымкул») ж.б. өздөрүнө чейинки залкарлардын аты-жөнү, жеткен өнөр чеги жөнүндө учкай болсо да маалымат берип ырдаган чыгармаларында да бул биз сөзгө алып жаткан «укмуш ырчынын» (Күсөйдүн – Б.Б.) аты-жөнү бир да жерде эскерилбейт. Улуу муун акындардын соңку өкүлү катары арабызда жашап, өз чыгармачылык жүзү боюнча залкарлардын тобунан орун алган айтылуу төкмө Ысмайыл Борончиевдин жогоруда көрсөтүлгөн белгилүү чыгармасында Нурмолдо ырчы жөнүндө да кезектүү маалымат берилип, анда:

Акындыгы зор экен.
Ак-кыялык Нурмолдо
Аргендей үнү шаңкылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Карганда өттү дүйнөдөн.
Эски динге алданып,
Эзилип башы айланып,
Эчен мындай акындар,
Арманда өттү дүйнөдөн, –

деп айтканына караганда мындагы Нурмолдо өзүнүн туулуп, турук кылган жери боюнча ала-букалык Наркул уулу Нурмолдо эмес башка эле аты уйкаш Нурмолдо сыяктуу, б.а., ак-кыялык Нурмолдо жөнүндө сөз болуп жаткандай туюлат. Ал эми Ак-Кыя жайлоосун Нурмолдо акын жайлаган, ата-бабасы жердеген, Аксы, Ала-Букага тең орток жайлоо болуп саналат. Демек, сөз Наркул уулу Нурмолдо жөнүндө болууда. Ал эми атактуу акын жана комузчу Арстанбек Буйлаш уулу Нурмолдо (Наркул уулу) жөнүндө:

Адигине Нурмолдо,
Аят сөзү бир жорго,
Сымбаты ашкан жан экен,
Шарияттан шар экен.
Сүйлөгөнү курч экен,
Кол жетпеген мүлк экен,

– деп жогору баа берген. Ал эми «Өз шакиртинен жеңилип калган» – деп бүгүнкү күнгө чейин какшап, кайталап келаткан биз үчүн жез таңдай акын Жеңижок өз устаты Нурмолдо Наркул уулунун акындык жана педагогдук, жалпы эле инсандык аброю жөнүндө билбесе же билгиси келбесе эч убакта минтип зор ыраазычылык менен ырдабас эле деген ой туулат:

Ыргап колдо каламды,
Молдо кылып чыгарган,

www.bizdin.kg

Караңгыдагы адамды
Илимий жолго жетелеп,
Тай-тайлатып кадамды.
Түбөлүк кантип унутам,
Нурмолдодой абамды[1].

Мында «молдо» деген түшүнүк өзүнүздөр баамдагандай, ыйык Курандын бир-эки сүрөөсүнүн ички маанисин өзү так ажыратып түшүнбөй, аны кургак жаттап, кайталаган илгерки «молдокелер» жөнүндө эмес, караңгыдан жарыкка кадам койгон, илим-билимге умтулган чыныгы интеллектуалдуу инсан жөнүндө сөз болууда. «Атамдай болгон устатым» деп ырдап, жолунан кыя өтпөгөн («Пайгамбар мөөрүн көрсөткөн, карматып калем оң колго. Илимий жолго жетелеп, Тай-тайлаткан Нурмолдо» – Жеңижок) Жеңижоктун устаты болгон Нурмолдо Наркул уулу Орто Азияны толук аралап, Үрүмчү, Кашкар, Казанга барып, ал эмес Индиянын Кашмир шаарында беш жыл жашап, өнөр билим жана көп тил (араб, перс ж.б. тилдерде эркин сүйлөп, ырдаган – Б.Б.) үйрөнүп, Мекке менен Мединага чейин жетип, турмуштук жана чыгармачылык жактан кеңири тажрыйба топтоп, терең аң-сезимге ээ болгон Нурмолдо Наркул уулу өз шакирти Жеңижоктон жеңилиши акылга сыяр көрүнүш эмес. Эми жаңы элге таанылып, азаптуу ала оорусунан элдик дарыгерлердин күчү менен айыккан (анын ичинде ырым-дарымдар, касиеттүү дубалар сөзсүз болот – Б.Б.) жеңи жок кемселчен бала олуя атанган улуу акын; дин, шарыят илими боюнча өз мезгилинин чыгаан профессионал адиси саналган кадимки Нурмолдо Наркул уулуна адаттан тышкары суроо салып, текеберлик көрсөтүүгө чамасы жетмек эмес. Ошондой болгон күндө да андай көнүмүшкө айланган мазактуу суроолорго олуя акын атанган Нурмолдо Наркул уулу биринчи жолу туш болуп, мындай жеңи жок кемсел кийген жаш ырчыны ал жаңы көрүптүрбү?.. Соңку мезгилдеги Нурмолдо ырчынын адабий мурастарынан маалим болгондой өз шакирти Өтөнүн чолок жең кемселчен жүрүшү алар айтышканга чейин эле устаты тарабынан «Жеңи жок бала» деп чакырып, сабак берүүсүнөн улам атыккан экен. Акын Нурмолдо Наркул уулунун 2003-жылы Бишкек шаарынан жарык көргөн чыгармалар жыйнагына кирген бул алгачкы айтыштын тексти менен таанышкан адам мурда сөз болуп келгендей курч маанайдагы кырдаалга туш болбостон устат менен шакирттин ортосундагы салттуу мүнөздөгү айтыш катары кабылданат[2]. Эми келип биз эч нерсени элес албай туруп устат акын, улуу Нурмолдо өз уулундай болгон шакирти Жеңижоктон жеңилген деп тоту куш болуп кайра-кайра кайталап жазып келебиз. Мындай

[1] Жогорку аталган айтыштан. 106-бет.

[2] Нурмолдого Жеңижоктун алгач учурашып ырдаганы. Китепте: Нурмолдо. Чыгар. жыйнагы. – Б., «Сүрөт-Басма-Салону» ЖЧК. 2003-ж., 100–115-беттер.

www.bizdin.kg

акылга, турмуш-тажрыйбага, улуу чындыкка сыйбаган көрүнүш соңку «гүлдөгөн социализм» доорунда бир акынды бир акындан өйдө-төмөн коюп, бирин демократ, элдик акын кылып көрсөтүүнүн, экинчисин элге, саясатка каршы ырдаган реакционер деп түшүндүрүүнү көнүмүш адатка айлантып, айрым адабиятчы-окумуштуу деген адамдарыбыз айтып, жазып келгенин калп дейбизби? Экинчиден, эл оозунан мурда көзү өткөн акын-ырчылардын адабий мурастарын жыйноо, жарыялоо ишинде да көп көңүлдү өйүгөн жагдайлар болуп келгенин жакшы билебиз. Өзгөчө, «Өз короомон кочкор саламын» деген кыргызбай түшүнүк менен кокту-колотко, уруу-урууга бөлүнүүнүн кесепетинен эл оозунан жыйналган адабий материалдарды каалагандай калчап оңдоп-түзөп, биринин чапанын бирине «кийгизе» беришкен. Өзүбүздөгү ушундай олуттуу көйгөйлөрдүн терс таасири ала-букалык ырчы, алгачкы агартуучу-педагог Нурмолдо Наркул уулунун адабий мурастарына, адамдык аброюна да тийген деп бүтүм чыгарууга жогоруда биз учкай сөзгө алган бир эле жагдай (Нурмолдо жана Жеңижок) далил болот демекчибиз. Болбосо:

Изгилери адамдын,
Изин сезип ааламдын,
Түрүн көрүп пенденин,
Тамырын кармайт замандын.
Ажырымын көрсөткөн,
Жакшы менен жамандын.
Алып барар чегин аныктайт,
Адымдаган кадамдын, –

деп чоң философиялык ой-санаа менен жашаган Нурмолдо Наркул уулунун жүзү элге так өзүндөй таанылууга тийиш.

Акындын өмүр сапарынын дагы бир этабын түзүп турган анын нускоолору, диний көз караштары десек болот. Анткени акындын таалим-тарбиялык нуктагы ишмердиги анын нускоолорунан, бала окуткан практикалык иш-аракеттеринен ачык көрүнөт. Анын диний мотивдеги чыгармаларынын түпкү тогошкон жери деле адамды инсандыкка, түбөлүк бактылуулукка, аруулукка, каниеттүүлүккө, жөнөкөйлүүлүккө тарбиялоого, т.а., нускоолоруна келип такалат. Акын бул эки түшүнүктү өз чыгармачылыгында бир катарга коюп кароо менен алар бирин бири улам толуктап туруучу мүнөзгө ээ кендигин тынымсыз далилдеп жүрүп өткөн. Нурмолдонун адабий мурастарынын арасында анын санат-насыят, нускоолору, агартуучулук ишмердиги атайын өзүнчө сөздү талап кылат. Дээрлик бардык акын-ырчыларга мүнөздүү болгон негизги темалардын бири катары санат-насыяттар, нускоолор Нурмолдо акындын чыгармачылыгында да башкы орунда турат. Чындыгында, айрым изилдөөчүлөр Нурмолдо Наркул уулун алгачкы агартуучу деп эсептөө менен анын пе-

www.bizdin.kg

дагогдук ишмердүүлүгүнө кеңири токтолгон[1]. Мындан дайын болгондой, акын Нурмолдо жалаң гана ырдоо менен чектелбестен ал өз кезегинде бала окутуп, шакирт даярдоого да көп көңүл бургандыгын айтпай коюуга болбойт. Ал эми анын акын катарында айтылып бизге жеткен санат-насыят ырлары жөнүндө азыноолак сөз козгой турган болсок, анын бул багыттагы чыгармаларынын түпкү негизи акыры диний көз караш, түшүнүктөргө келип такаларына күбө болобуз.

Аллах чачкан насиптен
Ашык да, кем жебейсиң.
Бузулбагай ак жүргөн
Буйрук ушу дегейсиң[2], –

деп адам баласынын бул жарык дүйнөдөгү ырыскысы «Аллах чачкан насиптен» болору, андан ашык да, кем да алып жебей турганыбызды айтып, бул буйрукка пендезат көнбөөгө эч бир чарасы жок экендигин ырдайт. Бул жашоодо ар күнөөгө кириптер болбой ак жүргөн адам бузулбай, таза бойдон калары да жогоруда эскертилүүдө

Өзгөлөрдүн акысын
Азгырса татпа эмесе.
Адептүүлүк башкысы
Өлөсүң насип түгөнсө[3], –

деп акын бирөөлөрдүн акысын жебөө – адептүүлүктүн башкы белгиси катары каралуу менен эгер Аллах берген насип түгөнсө ал пенденин күнү бүтүп, ичер суусу түгөнөрүн белгилейт. Акын Нурмолдо андан ары өзүнүн көз карашын төмөнкү планда жыйынтыктайт:

Ак сүйлөп адил жашагай
Арам болсоң четтегей.
Уурулуктан жыйганды
Гөрүнө алып кетпегей, –

деп бул жашоонун эң башкы критерийи – ак сүйлөп, адил жашоо экендиги, эгер арам оокатты көздөсөң, эл-журттан четтеп, Адам санынан чыгарың айтылат. Эң негизги түшүнүктөрдүн бири катары Нурмолдо өзүнүн көз карашында – уурулуктан, арам оокаттын эсебинен чогулган дүйнөнү көзүң өткөндө аларды гөрүнө, тигил жакка ала кетпей турганыбызды эскертет.

Акын Нурмолдонун насыяттарында өзүнө чейинки жана өз замандаш акындардын чыгармаларында кездешүүчү ой-түшүнүктөр, философиялык тыянактар кайсыл бир өлчөмдө башбактап көрүнүү менен аларга болгон үндөштүк ачык байкалат. Мисалга алсак:

---

[1] *Байгазиев С.* Нурмолдо XIX кылымдын тунгуч агартуучу-педагогу жана эне тилдин дааныштман патриоту. – Б., 2005-ж.

[2] *Нурмолдо.* Насип буйрук. Китепте: Нурмолдо. Чыгармалардын толук жыйнагы. – Б., 2003. 83-бет.

[3] Ошондо. 85-бет.

www.bizdin.kg

Жүгөнү жок атка окшойт
Тыйылары болбосо,
Сооп болот өмүргө
Бузулган ишти оңдосо.
Жакшыларды жандагын
Башыңа бакыт конбосо,
Асти бир киши жарыбайт
Сыйынары болбосо[1], –

деп ырдоо менен акын Нурмолдо адамдын оңолуу жагына бет алуусу анын өзүнө байланыштуу экендигин айтып келип, «асти бир киши жарыбайт, сыйынары болбосо» деген тыянак чыгарат. Албетте, бул айтылган акыркы саптан улам адам өзү жашаган коомдо бир нерсеге байыр алып, бир түшүнүктү өмүр жолунда карманып, караан тутуп жашабаса ал көп кыйынчылыктарга дуушар болорун биздин өзүбүздүн азыркы жашоотурмушубуз да айдан ачык далилдөөдө десек болот. Ырдын төмөнкү саптары жогоруда айтылган ойлорду андан ары кынаптап улоо менен:

Тапканың кайра чачылар,
Жыйынарың болбосо.
Абийириң ачылар
Кыйын арың болбосо.
Бузулар, алкың ачылар
Сыйынарың болбосо[2], –

деп эч нерсеге сыйынбай, өзүн өзү билген адамдын «алкы ачылып», «бузулууга» бет аларын кайра дагы бир жолу эскертүүгө аракеттенет. Жогоруда айтылгандарды оң жолго салып, андан адам баласына пайдалуу гана тыянактардын чыгышын камсыз кылуучу улуу күч – Аллах экендигин, ал эми тыйыларың – Атсалату Расул Аллах-Мухаммед пайгамбарыбыз экенин ачык баяндайт («Сыйынарың – бир Аллах, Тыйыларың – Пайгамбар»). Демек, Аллахка сыйынуу менен адам эки дүйнө бактылуулугун камсыз кыларын, ал эми аны жаман иштерден тыйып, эсине келтирүүчү күч – Азирети Пайгамбарыбыз жана анын осуяттары (Хадистер – Б.Б.), өзү жасаган сүннөт иштери экенин айтат. Өз заманында акын Нурмолдо адамдын сыйынуудагы жана ар кандай арам иштерден тыйылуудагы жасаган иш-аракети акыры келип бир Аллага, анын элчиси Мухаммед Пайгамбарыбызга такаларын, бул эң бир туура, калыс, жол экенин айтууга аракеттенген. Тилекке каршы, улуу ойчул акындын айла кеткендеги бул акыркы тыянагын ошол өзү жашаган доордо да, кийинки гүлдөгөн социализмдин кеңири кулач жайган мезгилинде да эч ким этибарга алган эмес. Биз бул улуу түшүнүккө эми гана акырындап баш коюп келаткандайбыз. Албетте, акындын диний мотивдеги

[1] Ошондо. 85-бет.
[2] Нурмолдо. Насип буйрук. Китепте: Нурмолдо. Чыгармалардын толук жыйнагы. – Б., 2003-ж., 86-бет.

www.bizdin.kg

чыгармалары жөнүндө адабиятчы С.Тиллебаев өзүнүн Нурмолдо Наркул уулу жөнүндө жазган адабий портретинде[1] кеңири токтолгон экен, биз ал жагына көп басым жасаган жокпуз…

Нурмолдо Наркул уулунун чыгармачылыгында өзүнчө бөлүп кароону талап кылган жагдай – анын нускоочулугу. Нускоочу деген түшүнүк бизге акындар поэзиясындагы «устат», «тарбиячы, таалимчи» деген түшүнүктөр менен катар түшүндүрүлүп келди. Көбүнчө ырчылык өнөрдө өзүнүн аркасынан шакирт даярдаган адамдарга мүнөздүү сапат катары караган учурларыбыз да болду. Биз бул түшүнүктөн азыр деле айныбай, ошол нукта келатабыз. Ал эми Нурмолдонун нускоолору биз жогоруда айтып өткөн чен-өлчөмдөрдөн айырмаланып, аны өзүнчө бөлүп кароого чакырат. Анын башкы белгиси – Адамды же инсанды калыптандыруу-га багытталгандыгы болуп саналат. Адабиятчы С.Байгазиев белгилеп көрсөткөндөй акын Нурмолдо Наркул уулу өзүнүн адамдык жана акындык тагдырында «молдолук» кесипти аркалап, мурунку молдолордон айырмаланып бул киши жаш өспүрүмдөрдү окутуп, чоң турмушка багыттап сабак бергендиги, аларды жалаң эле дин, шарият илимине каныктырбастан башка коомдук жана табигый илимдерден да кабардар кылып, өзүн алгачкы методист-мугалим катары тааныткандыгы көңүлдү өзүнө бурат. Бул жөнүндө Жеңижок акын:

Пайгамбар мөөрүн көрсөткөн
Карматып калем оң колго
Жетелеп илим жолуна
Жетектеген Нурмолдо
……
Билим берип жети кыл
Окуттуңуз эки жыл,
«Алиппени» үйрөтүп
Алладан келген ачык сыр.
……..
Ар баланын зейнине
Ар тамганы дээрине
Аңдата билген акылчыл
Атамдай болгон устатым,
Аңдадым сизден кушкатын
Аянбай жазып күнү-түн
Алдым билик нускасын[2], –

деп ырдап өзүнүн улуу устаты Нурмолдого терең ички ыраазычылыгын билдирген экен. Жогорку ыр мисалдан байкалгандай Нурмолдо

[1] Тиллебаев С.А. Нурмолдо Наркул уулу. Китепте: Тиллебаев С. Унутулган адабият. – Б., «Бийиктик», 2006-ж., 115–125-беттер.

[2] Нурмолдого Жеңижоктун алгач учурашып ырдаганы. Китепте: Нурмолдо. Чыгармалардын толук жыйнагы. – Б., 2003-ж., 101-бет.

www.bizdin.kg

Наркул уулу жети түрдүү билим берип, анын ичинде ата тек (тарыйхат), исламият, билегения (философия), эсеп-кысап (алхораний-алгебра), жуграпия (география), каинат (асмания), айнааме (агрономия, малчылык) сыяктуу билим тармактары боюнча жаштарга жеткиликтүү маалымат эле бербестен аларды кадимкидей ошол багыттар боюнча каныктыра адистештиргенге жан үрөгөнү анын чыныгы педагог, усулчу-мугалим болгондугунан кабар берет. Өзгөчө, соңку маалыматтардан улам белгилүү болгондой Нурмолдо Наркул уулунун сабак өтүү ыкмалары, айталы, «Манас» эпосу жөнүндө өтүүчү сабагын ошол аймактан орун алган ыйык деп саналган жер-сууларга саякат жасап, балдарга тааныштырып, маани-мазмунун ыр менен түшүндүрүп сабак өтүүсү – көрсөтмөлүү сабактын чыныгы үлгүсү болгон. Ал өзүнүн педагогдук ишмердигинде элдик педагогиканын (этнопедагогика) негиздерине таянуу менен бала окутуп, сабактары азыркы методикалык жоболор, илимий түшүнүктөр менен үндөштүрүлүп-өтүлгөндүгү ар тараптуу кубаттоого арзыйт. Анын нускоолору бир караганда кадимки эле макалдарга окшошкону менен айрымдары эл оозунда кеңири жашаган өлөңдөргө, кадимки Калыгул, Арстанбектердин маселдерине да үндөшкүнсүп турат. Бул нускоолордо өзүнүн тематикасы, алган багыты боюнча кадимки акын Нурмолдонун чыгармаларына мүнөздүү болгон башкы касиет-белгилер, негизги идея, көз караштар мында да сакталып, кадыресе башбактап көрүнөт.

Мисалы:

Каргалардын арасында
Шумкар карып.
Качырлардын арасында
Тулпар карып.
Калыстыкка чыкпасаң
Кусур урат,
Кор кылбастан асылды
Куткар барып[1], –

деген өңдүү саптарды муун бирдигине карап бөлбөй ар бир эки сабын узун бир сапка сыйдырып жазып, окуй турган болсок кадимки өлөңдөргө ички мааниси-мазмуну боюнча да, ыр түзүлүшү жагынан, муун өлчөмү боюнча да бап келе түшөт. Демек, анын чыгармалары эл арасында кеңири тарап, элдик мүнөзгө ээ болуп кеткендигин да байкоого болот. Мындан тышкары Нурмолдонун саясий көз караштары, өзгөчө ошол мезгилдеги орус падышачылыгынын кыргыз элине жасаган үстөмдүк саясаты жөнүндө башка чыгармаларында кандай сөз болсо ошол ойлор, идеялар анын нускоолорунан да орун алуу менен өзүнчө бир бүтүндүктү түзүп турат. Албетте, бул ойлор, түшүнүктөр мурунку социализм доорунда бааланбай, эски, зыяндуу көз караштар катары каралып келген болсо,

[1] Ушул эле жыйнакта, 315-бет.

www.bizdin.kg

бүгүнкү күндө ошол «эски», «зыяндуу» деген пикирлер, сунуштар өз актуалдуугун арттырууда. Атап айтканда:

Калкыңа жатты аралатканың
Келе жагыңы жаралатканың.
Ушуну унутканың
Укум-тукумуңу курутканың, –

деген нускоосу Нурмолдонун улут келечегине болгон көз карашын, так позициясын аныктап турат. Нурмолдо акын жогоруда сөз болгондой орустардын келип, кыргыз жергесинен биротоло орун-очок алышына, негизинен, каршы болгон. Ал эми 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүшкө байланыштуу жергиликтүү элдин куралдуу орус падышалык армиясына бетме-бет туруп, андан катуу каршылык көрүп, карапайым элдин канынын төгүлүшүнө да Нурмолдо Наркул уулу макул болгон эмес. Демек, Нурмолдонун бул маселеге (орус-кыргыз мамилелерине – Б.Б.) байланыштуу өзүнүн жеке пикири, так позициясы болгондугун дагы бир жолу айтып өткөндүгүбүз ашыкча болбойт. Анткени анын мындай турмуштук так мамилеси айрым адамдар тарабынан бир беткей караланып түшүндүрүлүшүнө эч кандай негиз түзүлүп, бүтүм чыгышы мүмкүн эмес. Ал маселе Нурмолдодо алда качан эле чечилген. Анын дагы бир мисалы катары Нурмолдо Наркул уулунун «Жар чакырам, жарандар» («Март жигиттер – марткерлер»)[1] деген чыгармасын көрсөтүүгө болот. Анда акын, апсун Нурмолдо Наркул уулу падышалык Россиянын кыргыз-казактардан аскер ишине адам алуу жөнүндөгү 1916-жылкы кандуу Указы жөнүндө, анын саясий-социалдык мааниси боюнча көп жерлерде жар чакырып ырдап, өзүнүн жеке көз карашын реалдуу мүнөздө элге түшүндүрүп айтууга умтулган. Бул жагынан Нурмолдо акын көп адамдардан, чыгармачыл жандардан айырмаланган.

Нурмолдонун адабий мурастарына болгон мамиленин чоо-жайына токтолсок, анда төмөнкү жагдайларды көрсөтүүгө туура келет. Акындын Бишкек шаарынан жарык көргөн чыгармаларынын жыйнагына (2003-ж.) адис редактор болгон белгилүү адабиятчы Омор Сооороновдун «Редактордон» аттуу түшүндүрмөсүнөн маалым болгондой бул аталган китепти редакциялоого келгенде Нурмолдо Наркул уулуна таандык болгон кол жазма материалдардын көлөмү өзгөчө мүнөзгө ээ болуу менен аябай эле көп экендигин эскертет. Ал материалдарды толугу менен бул жыйнакка киргизүүгө такыр эле мүмкүнчүлүктүн болбогондугун бегилеп көрсөтөт. Ал жөнүндө: «Баштаганда эле 110 беттен турган Нурмолдо менен Кыдыраалы манасчынын «Миңжашар. Манас. Зулкарнайн» деген эпосун, 100 беттен турган Нурмолдо менен Уста Жолдоштун «Кыргыз салт ырлары» (Мектеп окуучулары үчүн) деген бир китепке ылайыкталган чыгармала-

[1] *Нурмолдо.* Жар чакырам, жарандар. Китепте: Нурмолдо чыгар.тал.жый-гы. – Б., 2003-ж. 172-бет.

www.bizdin.kg

рын, Калмурат акенин Нурмолдонун апсундук, мударисттик касиеттеринен мурас катары калган илиминин негизинде жараткан «Жылнааме» деген 90 беттик календарын алып таштоого туура келди. Ошондой эле, «Оттуу курак» деген бөлүмдөн 10 бет, «Нурмолдонун нускоолорунан» 13 бет, «Өлөңдөрдөн» 34 бет, «Эскерүүлөрдөн» 16 бет материалдарды жана 22 беттен турган «Санжыра» деген бөлүмдү бүт бойдон алып таштадым. Жалпы алганда 400 беттик материал бул китепке батпай калды»[1]. Албетте, өткөн Социализм доорундагы бир беткей идеологиялык кысымдардын кайып-каскагынан улам элге өз жүзүн толук, даана тааныта албай келген акын Нурмолдонун мындай өтө бай адабий мурасы бар экендигин да кыргыз коомчулугу толук билбесе керек. Өткөн доордо (XX кылымда – Б.Б.) бул кол жазма материалдар эл оозунан чогултулуп, бирок аларды өз аты, автору менен атап көрсөтүү, коомчулукка таныштыруу мүмкүнчүлүгү болгондугунан улам жыйноочу-фольклорист К.Рыскулов Нурмолдо акындын көптөгөн чыгармаларын «элдик ырлар» деген аталыш, түшүнүк менен, айрымдарын башка бирөөлөргө телип басма бетине жарыялаганын айтып жазууда. Аларды Калмурат аба 1990-жылдардан баштап гана өз калыбына келтирип (кээ бир сөздөр, саптар жыйноочу тарабынан алынып же ордуна ошол мезгилге ылайыктуу сөздөр пайдаланылган экен – Б.Б.) баштагандыгын да эми эскертүүдө: Жогоруда китептин адис редактору катары адабиятчы О.Сооронов баса белгилеп көрсөткөн көлөмдүү кол жазмалар бүтүндөй акын Нурмолдого таандык болсо, анда ошондон бери аз болгондо 5 жыл өтүптүр. Бирок ушул күнгө чейин атайын редактор О.Сооронов санап өткөн али жарык көрбөгөн акын Нурмолдонун адабий мурастары ар кандай оңдоо-түзөөлөрдөн (туура мааниси, айтылышы кандай болсо ошондой жазылууга тийиш – Б.Б.) тышкары элге жетиши зарыл. Демек, кадимки улуу калыс мезгил өзү ар кимди өз-өз ордуна коюп, тарыхтан алган ордун аныктоодо десек болот. Экинчи бир айта кетүүчү жагдай, бизге чейинки изилдөөчүлөр баса белгилеп көрсөткөндөй, акын Нурмолдонун жеке өзүнө таандык чыгармалары менен элдик оозеки адабиятка таандык адабий мурастардын арасын ажыратып, тактап берүү зарылчылыгы бар экендиги байкалат. Мындан ары акындын адабий мурастарын өзүнчө китеп кылып жарыкка чыгарууда түзүүчүлөр, адис-редактор муну атайын көңүл буруучу жагдай катары эстерине алуусу лаазым. Болбосо, колубузда турган 2003-жылы жарык көргөн акын Нурмолдонун чыгармалар жыйнагынан орун алган «Салт», «Айтымдар», «Кол тамга кошоктор», «Ырым-жырымдар» деген бөлүмдөр көпчүлүк учурда окурмандарды эки анжы ойго салып, булардын чын эле жеке Нурмолдонун өзүнө таандык экенинен да күмөн санатат. Ошондуктан, айтылуу акын Нурмолдонун адабий мурасын ар кайсыл эски, элдик материалдар менен толтура берүүнүн зарылчылыгы

[1] *Сооронов О.* Кутулуп кетет кууганың *(Редактордон)*. Китепте: Нурмолдо. – Б., 2003-ж., 508-б.

www.bizdin.kg

жок. Башкы максат – анын санынын көптүгүндө, чоң көрүнгөн көлөмүндө эмес, сапатында, аларды туура, өзүндөй баалап түшүнүүдө турат.

Сөз соңунда белгилеп көрсөтүүчү дагы бир жагдай – акын Нурмолдонун диний көз караштары. Албетте, бул тема боюнча атайын өзүнчө сөз болууга тийиш. Ошондон улам акындын «Азиретаалы-Дарийка» дастаны жөнүндө да болуучу сөз кийинкиге калтырылды. Бул дастанды фольклор жыйноочу К.Рыскулов 1956-жылы Ала-Бука районунун Айрытам кыштагындагы Биринчи Май орто мектебинде мугалим болуп иштеп жүргөн жылдарында ырчы, манасчы Камчыбектен он күн (1–11-январь) отуруп жазып алган. Камчыбек ырчынын айтуусунда бул дастан түбү Сайпидин Аксыкентиге келип такалат экен. Андан уулу Нурмухаммедге калып, андан уулу Молдо Кыргызга өтөт. Молдо Кыргыз өз уулу Атыжокко калтырат. Дастанды К.Рыскулов 1992-жылы диний сөздөрүн өз ордуна келтирип, мурунку аталыш боюнча «Азиретаалы-Дарийка» деп атаган. Ушул жогоруда айтылган акындык-чыгармачылык салаалар толугу менен эске алынып, бааланган учурда гана акын, апсун, мударис, педагог Нурмолдо Нуркул уулунун чыгармачылыгы калың окурмандарга өз жүзүн ачып, тубаса туруш-турпаты, табияты такталат. Бул багытта дагы сөздү улап, тереңдетүүгө иштин жалпы көлөмү жол бербеди. Аманчылык болсо аларга да атайын кайрылып, сөз учугун улаарбыз.

Дегинкиси, акын Нурмолдо Наркул уулунун азыркы бай адабий мурасы аны өткөн XIX кылымдагы өнөр адамдарынын арасынан өзүнчө бөлүп кароого, көп кырлуу жандүйнө, чыгармачылык табиятын туура түшүнүп, өзүнө тете чен-өлчөм, ички рухий даярдык менен баалоо зарылчылыгы бар экендиги байкалды. Анын элүүдөн ашык обондуу ырлары, өлөңдөрү болгонун эл арасында жашап өткөн «куйма кулак» адамдар айтышып, алардан К.Рыскуловдун жердештери Түлөберди комузчу, мугалимдер Нурман, Жолчубек Бешимов, Боронбай дегендер улантышып ырдашкан. Алардан К.Рыскулов үйрөнүп, жыйырмадай обонун өзү да аткарып келген. 1980-жылдардын аягында журналисттер А.Матисаков, Э.Калдаровду ортого салып, композиторлордун айрымдары бул чыгармаларды жазууга (нотага түшүрүүгө) дилгирленет. Фольклорист Б.Сабыровдун коштоосу менен барып К.Рыскулов билгендерин жаздырат. Кийин бул чыгармалар ошол композитордун чыгармасы болуп эфирден берилет. Буга таң калуунун зарылчылыгы деле жок. Биздин кандай эл экенибиз ушундан эле ачык көрүнөт… Нурмолдонун чыгармалары эл арасында ушундайча жашоодо. Ошондон улам, мындай бийик чыгармачылык чекке жеткен акындын адабий мурасы, адамдык табияты дал өзүндөй талданып, бааланууга тийиш. Демек, Нурмолдо Наркул уулу XIX кылымдын II жарымы, XX кылымдын башында жашап өткөн кыргыздын таланттуу адамдарынын арасында өзүнчө орду бар, өзгөчө касиет, шык-жөндөм даарыган улуу инсан болгон. Акын, мударис Нурмолдо Наркул уулунун бүгүнкү күндөгү

www.bizdin.kg

урпактары жөнүндө сөз кылсак, анда ал төрт уулдун, бир кыздын атасы. Уулдары: Сулайман, Төрөбек, Омор, Карабектер, кызы Айсулуу жакынкы эле күндөрдө о дүйнө салышкан. Алардан Усупбек (Сулаймандын уулу) калып, андан эки кыз (Таалайкан, Сайракан) төрөлөт. Төрөбек менен Оморунан бала калган эмес. Кичүү Карабек үйлөнбөй туруп бул дүйнөдөн өткөн. Бүгүнкү күндө акындын кызы Айсулуудан Шабдан агай бар, ал Айрытам кыштагында жашайт. Ал эми уулу Мелис Шабданов менен 1981–83-жылдары Чаткал райком комсомолунун биринчи катчысы болуп турган мезгилинде бирге иштештик. Ал учурда бул маселелер боюнча ооз ачып, сөз кылуу мүмкүн эмес эле. Акындын урпактары ал заманда өздөрүнүн ата тегин жаап-жашырып жүрүүгө аргасыз болушкан. Ал көрүнүш ошол доордун орду толгус оор трагедиясы болчу.

Биз, азыркы муун, акын, мударис, педагог Нурмолдо Наркул уулунун айтып, жазып кеткен алтынга бергис чыгармаларын, адабий мурасын туура баалап, өзүндөй түшүнсөк – бул улуттук чоң жетишкендик болмокчу.

www.bizdin.kg

Публицистика

XXI КЫЛЫМДЫН МИФТЕРИ...

Курманбек АБАКИРОВ

Кийинки 15–20 жыл аралыгында республикабызда өзүлөрүн көзү ачык, парапсихолог, айтымчы, касиет таануучу, манасизилдөөчү, экстрасенс, олуя (!), алдын-ала айтуучу, гипнолог деп аташканы менен ой-максаты окшош, ой жоруулары тектеш «адистердин» жоон тобу пайда болуп, алар улам кеңири кулач жайып, жолдоочуларынын саны арбып, массалык маалымат каражаттарын (теле, радио, гезит-журналдар, интернет) кадимкидей эле ээлеп алышты да, караламан элдин үстүндө турган өзүнчө бир күчкө айланды. Алардын айткан-дегендери адамдын психологиясындагы талуу жерине багытталгандыктан кой-ай деп акаарат айтуу, же талаш-тартышка түшүү кыйын иш болуп турат. Анткени алар тикелей эле Манас, Бакай, Кошой, Каныкей, Кызыралейхисалам сыяктуу элибизде ыйык саналган инсан-образдардын гана эмес, Мухаммедалейхисалам пайгамбарыбыздын, Көк Теңирдин, ал түгүл Алла Тааланын өзүнүн атынан сүйлөп, жазып турушса, айлаң кетип, амалың түгөнөт да! Анан да кыйналып-кысталып турган элибизде эмне болуп эле Манас жана анын нөкөрлөрүнүн же түз эле Алла Тааланын кеңешин угуп эле тим болбой, буйруктарын элге жеткирип жаткан бизге окшогон эле айры буттуу, алма баштуу жандар жамырап кетти деп ойлойсуң да, анын эбеп-себебин издеп көргөнгө аракет кыласың!

Карап отурсаң, аларды дүйнө элдерин таң калтырган, бирок касиеттүүлүктөрү дагы эле талаш-тартыштын объектиси болуп

www.bizdin.kg

келген көзү ачыктар Нострадамус, Вольф Мессинг жана Вангага жакындаштыра алчудай эмессиң, маг, жрец, шаман, бүбүбакшыларга деле окшошпойт, спиритизм же алхимия менен да алектенишпейт экен. Алардын көбү өзүлөрүн транс абалында арбактар менен байланышып, алардын айткан-дегендерин бул дүйнөгө жеткире тургандыгын айтышат, б.а., өзүлөрүн медиум (парапсихолог) дешет экен. Бирок аларда өзүлөрүнүн касиети жөнүндө биримдик, бирдиктүү пикир жок болуп, жогоркудай аталыштардын бирин (М., гипнолог же көзү ачык же касиет таануучу ж.б.), кээде эки-үчөөнү тең өзүнө (парапсихолог, гипнолог, торолог) ыйгара беришет. Манасизилдөөчүлөр деп аталгандары биз билген М.Ауэзов, Б.Юнусалиев, В.Жирмунский, С.Мусаев, А.Бернштам, М.Борбугулов, Р.Кыдырбаева, М.Мамыров, Ш.Акмолдоева сыяктуу илимпоз манасизилдөөчүлөргө жакындабай тургандыгы айтпасак деле түшүнүктүү. Хиромантия, астрология «жыттангандары» да бар. Кыскасы, алардын окуусун түшүнүү оңой-олтоң иш эмес. Күйдүргөнү – алар дээрлик бардыгы элибиздин ыйык китебиндей болгон «Манасты» оңду-солду пайдаланышат да, жок нерселерди ага чапташып, элдин башын маң, дилин чаң кылган бирдемелерди убап-чубап, аңтарып-теңтерип, асмандатып айтышат, өзүлөрүнчө көкөлөшүп, манчыркап жыргай беришет. Анысы менен бизди да жыргаткысы келишет. Мындай жакшы тилектери турмуш чындыгынан көз жеткис аралыкта алыс жаткандыгы аларды түйшөлтпөйт, ойлонтуп убара кылбайт. Эл өз көйгөйү, өз тирилиги менен алек. Көзү ачыктар болсо (жалпысынан ушинтип атасак болчудай – К.А.) өзүлөрү менен, өзүлөрү жаратып алган жомок – миф дүйнөсү менен алек. Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы дегендей эле кеп.

Ошентип, азыр бизде көзү ачыктардын доору күркүрөп жүрүп жатат. Элдин болсо, Алла менен, Манас менен «омуроолоп» коркутуп турган көзү ачыктарга «аа» дей албай тунжурап турган кези. Айтпадыкпы, алардын көбү бабабыз Манастан башташат, ага таянышат, аны калканчы, жамынчы кылышат да, өзгөчө өктөм, өзгөчө «баатырлары» Алла Тааланын сүйгөн жана ишенген бирден бир пендеси болуп чыгат. Анан да «Манас» эпосун элдирселдир билгендери деле, ал шык-жөндөмдөн куру калгандары деле – баарына шатырап аян түшүп, периштелер тургай Алланын өзүнөн кат-кабарлар келип, туш-тарабын кут курчап, нурдана бергендеринен уялып кетишеби же «неудобно» сезишеби, балким, мындай үлүштөн куру калтырбайлы, ыгы жок өзүмчүл болбойлу дешеби, айтор, кээ бирлери, кутту бүтүндөй кыргыз жерине ыйгарып, аны «Нур эл» деп да жарыялап жиберишет. Андан да бул

www.bizdin.kg

бузулган бүткүл Адамзат коомун кыргыз гана оңойт, бул көзүбүз жеткен Ааламдын тагдыры, эртең бар же жок болору кыргыздын колунда дегенде териңе батпай, семирип кетесиң!

Анан бир аз эсиңе келип, этегиңди жаап, айлана-тегерегиңе көз салып, ойлонуп көрөсүң! Жалаң көр оокат менен тириликтин азабын тартып, азып-тозгон, жүдөп-какаган абалга жетсе да, башын жерге салып чөкпөгөн, бөтөнгө тизе бүкпөгөн, эли-жери дегенде башын канжыгага байлоого даяр турган эр көкүрөк, дили таза, пейили ак азамат уул-кыздарды (аксакалы да, жашы да аралаш) эмгекчил, чыдамкай, салабат-сабырдуу, калыс, токпейил, акыл көрөңгөсү, адамгерчилиги терең, карапайым элди көрөсүң да көңүлүң көтөрүлүп, дүйнөгө сергек карайсың! Ал эми карайлаткан көрүнүш-иштердин көптүгүн, иш жүзүндө элдин, жердин тагдырын көпчүлүгү ашынган ач көз, ыймансыз, нысапсыз, саткын, эки жүздүү атка минерлер, арам акчага семиргендер чечип, ошолор бүтүндөй элди каалагандай калчап жаткандыгын көрүп, жогоркудай балкыган маанайың чар учкандай жок болот! Мансапкордук менен байлыктын сормо сазына белчесинен баткан, ал үчүн элин, жерин, тилин, дилин сатып келген жана сатып жаткан кыргыздардын саясий, маданий, илимий, бизнес, чарба элитасынын, аракечтик менен баңгиликке, көшөкөрлүк менен бакааноздукка, сойкулук менен ууру-кескиликке оогон, дили да, дени да оорукчан адамдардын уламдан-улам көбөйүп баратканын көргөндө азыркы эле кубанчыңдын изи да калбай, көзү ачыктардын эйфориялык философиясынын таш-талканы чыгып, жайрап жатып калат.

Мунун баарын көрүп, билип, аралашып жүрүп эле өзүлөрүн биз укпаган, биз көрбөгөн планетада жашап жүрүшкөнсүгөн көзү ачыктардын көкөлөгөн, көйкөлгөн, жыргализмге сугарылган, улам бир нерсени, бир ойду оодара салып, маашырланып кеп кылышкан «Нур элди», «Кутту» таппай, балким, акылыбыз жетпей жатабы деп өзүңдөн өзүң шектенип, өзүңдү өзүң жекирип да жибересиң. Кашкайган турмуш чындыгы саат сайын, күн сайын тиги көзү ачыктардын жомоктогудай ой-туюмдарына дал келмек тургай, жакындабаган, терс, ыплас көрүнүштөрдү, фактыларды көзгө сайгылап көргөзүп, кулагыңдын кужурун алып угузуп жатса кантесиң! Баарынан да теңирчилик менен мусулманчылыктын, христианчылык менен буддизмдин аралашмасынан тургансыган, ой-тоодон алынган, билим-илим сыяктанган баш-аягы жок ой-жоруулардын винегрети бүтүндөй элге зордоп таңууланып, анын авторлору Алла Таала, Манас менен коюн-колтук алышып, аңгемелешип: «Ал андай деди, мындай деди, ишенбесең...», – деп кол кезеп турса, дүйнөң куушурулуп, кирерге жер таппай каларың турган иш.

www.bizdin.kg

Ошентип, элибизде Алла Таала менен түз эле баарлашкан адамдар бар экен! Эгер бул чын болсо, ал адам Пайгамбар болуш керек. Азамзаттын бизге үзүл-кесил белгилүү болгон тарыхында сөздүн толук маанисинде, б.а., өз «статусуна» толук жооп бере турган эки эле пайгамбар белгилүү. Алар, жаңылбасам, Иисус Христос менен Мухаммед алейхисалам! Көзү ачыктардын бири пайгамбарлардын санын 240 миңге жеткирип, тарыхыбызды да миллион-миллион деген жылдарга оңдоп-түздөп салыптыр. Ага бул маалыматты ким берди экен, анан ал кантип далилдейт болду экен деп эле башым маң. Кыскасы, жаңы пайгамбар бизде жашап жатканы чын болсо, Аалам элдери эмнеге аны тааныбайт! Анткени анда Алланын «мандаты» бар болуп жатпайбы?! Эмнеге нурданып, дембе-дем кут түшкөн шордуу кыргыздардын иши оңолуп, душмандары жоголуп, дүйнө элдери аздектеп калышпайт?! Эмнеге, алар дүйнөнү биз сактап каларыбызды, эртеңби же бүгүнбү – тизебизди кучактап, жалдырай турганын билишпейт, жанды кашайтып! Эмнеге, эмнеге деп кайра-кайра өзүмдөн сурасам да, жооп жок. Анан ойлойсуң да, биздин киргиздер айтмакчы – «здесь что-то не то!»

* * *

Эми Манас бабабызга, оозеки чыгармачылыктын кайталангыс үлгүсүндө ырга салынып, жүздөгөн жылдар аралыгында элдин нагыз уулу катарында идеалдаштырылган, ыйык, касиеттүү даражага жеткирилген Манас баатырга, шер, эр, канкор, арстан, кабылан, айкөл Манаска келели. Анткени көзү ачыктардын ой-жорууларында Манас оңбогондой көп орунду ээлейт, ыгы келсе да, келбесе да керектүү куралдай, кол жоолуктай колдонула берет. Аны-муну айтып келип эле, элибиз кастарлаган Манас менен жаба коюу, аны күбө да, далил да катары көрсөтүү көзү ачыктарда демейдеги эле көрүнүш. Мында да жогоркудай эле угарман-окурмандарды, б.а., элди сакралдуу инсандын образ-элеси менен коркутуп-үркүтүү, же айтканына ишендирүү тенденциясы көмүскөдө бугуп жатат. Манасты бетке кармап жөндүү нерсени да, жөлөксүз нерсени да уялбай эле айта берсең болот, сага Манасты билген, түшүнгөн бирөө да ай-уй дей албайт деген көз караш да аны менен кошо бир чуңкурда кучакташып жатат.

Аянчыл манасизилдөөчүлөрдө алардын тутунган көз караштарына ылайык чыгарманын тулку-боюна сиңирилген ой-маанилерди чаргытып түшүндүрүү, башкы каармандардын сакралдуулугуна

www.bizdin.kg

басым жасап, опсуз апыртуу менен маашырлануу, өзүнө өзү суктануу аракети күч. Мындай ой-сезим элибиздин көпчүлүгүнө жагып, позитивдүү маанай тартуулаганы менен ал бүтүмдөр жалаң жылаңач ой-жүгүртүүлөрдүн, түкшүмөлдөп түшүндүрүүлөрдүн туткунунда калганы ачык көрүнөт. Мындай тилеги жакшы, бирок далили жок ойлордун учугун каалаган нукка салып алып каалашыңча, тажагыча узарта берсең болот. Анын үстүнө көзү ачыктардын ой-жорууларын түшүнүү оңой да эмес, алар бирде космологиялык, бирде мифологиялык трактат түспөлдөнсө, бирде айрым теологиялык, психологиялык эмгектердин, болгондо да алардын алешем, ыраатсыз котормосун эске салат. Кээде алар өзүлөрү жазгандарын өзүлөрү түшүнөбү, тигил же бул ой жорууларын баш-аягы кайда экенин аңдашабы деген собол ташташка да аргасыз болосуң.

Көзү ачыктар эпостун касиеттүүлүгү, энергетикалык күчү, сыйкыры тууралуу сөз кылышканда анын ичиндеги мифтик (аңсезим, сюжет, образ, деталь, эпизод, символ, мотив), жомоктук-фантастикалык деп аталган учурларына жыш кайрылышып, аларды өз максаттарына жараша көбүнесе башаламан, туш келди жана абстракттуу трактовка жасашат. Дүйнөдөгү даңазалуу китептердегидей эле («Курани карим», «Инжил», «Авеста» ж.б.) мазмуну, ой-катмары айрыкча терең, көп кырдуу «Манас» эпосунда элибиздин көп кылымдардан берки турмуш-тиричилигинин, тарыхынын гана эмес катмарланган, трансформацияланган көөнө жана кийинки коомдук аң-сезиминин, руханий түшүнүктөрүнүн өзү да, изи да жатат. Бул жагынан алганда «Маناста» турмушта, тарыхта эл башынан өткөн иштер, даңктуу инсандар тууралуу кооздолуп, шөкөттөлгөн баяндар менен катар адамдын чексиз кыялында жашаган, реалдуу болбосо да, учкул кыял жүзүндө мүмкүн болчудай болгон касиеттер, сапаттар (табият, аалам, адамдар, жан-жаныбарлар жөнүндө), кереметтүү көрүнүштөр тууралуу кыйыта айтылган, угарманга жем таштап, аны өзүң чечмелеп, өзүң өнүктүрүп ал дегендей ыңгайдагы маанилер бар экендигин көрөбүз. Алардын дээрлик бардыгы мүмкүн болгон жана иш жүзүндө мүмкүн болбогон көрүнүш, түшүнүктөрдүн рационалдык угуту бар ырааттуулугунан же алардын тыкан системасынан турат. Аларда элибиздин миңдеген жылдардан берки ой-санаасы менен дүйнө түшүнүгүнүн кенчи жатат да, айрымдары түр-түспөлүн өзгөртүү менен айрымдары башка образдардын, сюжет-мотив-эпизоддордун курамына кылдат киргизилүү менен эпосто орун алган. Ал эми аларды чыгарманын жалпы сюжеттик курамынан, идеялык мазмунунан ажыратып алып, абсолютташтыруунун, аны эли-жери үчүн, анын эркиндиги жана бүтүндүгү үчүн жан аябай күрөшкөн, элге асылзаада сапат-

www.bizdin.kg

тарды сиңирген баатырлардын жана айымдардын образдарын идеалдаштырылган эпос эмес эле жалаң мифтик мүнөздөгү сырдуу көрүнүш-түшүнүктөрдү камтыган космологиялык, футурологиялык манифест же программа иретинде мамиле жасоонун эч кандай зарылдыгы жок болчу. Бирок...

Ырас, «Манас» жөнүндө ошол эле көзү ачыктардын айткан-жазгандарында омоктуу ойлор бар. Бирок кеп азыр алар жөнүндө эмес, кеп «Манастын» тегерегинде сөз кылып, алып учма, асмандаган ой-толгоолор, ой жоруулар жөнүндө. Алар оголе көп жана тексттери узун болсо да айрымдарына назар салып көрөлү. Г.Мамбеталиева (манасизилдөөчү) буларды жазат: «... Жерге 2000-жылдын 4-августунда Манас баатыр келген. Анан «Манас» дастанындагы кыргыздын бардык улуу Рухтары Жерге Орион топ жылдызынан Венера (Чолпон жылдызы) жана Юпитер планеталары аркылуу келишкен. Ошол мезгилде Кайыптар дүйнөсүнөн авторго берилген Манастын, башка улуу Рухтардын жерге келгендиги тууралуу аян-кабарларда алардын мындан 18 млн. жыл мурда Жерге келгендиги, ошондо алар Кыргыз жерине келип түшүп, кадимки адамдардай эле тыгыз материя денеде кыргыз болуп кыргыздардын арасында жашагандыгы айтылган. Ааламдын Улуу Рухтары ошондо өзүлөрүнөн нур чачыратып турушкан. Ошол нурлардын таасири астында биринчи болуп кыргыздар акыл-эске – Манаска ээ болушкан». (Автордун орфографиясын бузбай сакталды. Мындан кийин да ушундай – К.А.). Андан ары башка элдер, адамдар жана элдер кыргыздар аркылуу тилге, илим-билимге ээ болгондугу, Жер планетасы Аалам менен биздин жер аркылуу байланышары, Ысык-Көлдүн астындагы Шамкалаа планетабыздын руханий борбору экендиги жөнүндө сөз болот. Автор «Манас» дастаны элибиздин 18 млн. жыл илгерки тарыхы да болуп эсептелет», – деп жазат (1). Г.Мамбеталиева мындай маалыматтар Е.П.Блаватскаянын «Тайная доктрина» аттуу китебинде жана Зульфия Ибраим кызы кабыл алган аян-кабарларда, Саймалы-Таштагы петроглифтерде айтылган дейт, бирок Е.Блаватская түз эле кыргыздар жана анын «Манасы» жөнүндө сөз кылып жатабы деген маселени унутта калтырат. А.Сариевдин «Жашыл китебин», Бүбү Мариям Муса кызынын «Айкөл Манасын» да далил кылат. Жогорку ой-пикирлер жүздөгөн жылдардан бери кыпындайдан чогулткан илимий маалыматтарга, кабылданган тарыхый көз караштарга таптакыр карама-каршы келип, «оозубузду Ошту каратарын» айтпай эле коёлу, алар эсиңди эки эмес, эки жүз кылары анык. Автор өзү келтирген сенсациялуу маалыматтарга ким ишенет, ким ишенбейт деп бир саам ойлонуп да койбойт.

www.bizdin.kg

* * *

Кыйла манасизилдөөчүлөрдүн же көзү ачыктардын ой жорууларына Бүбү Мариям Муса кызынын (Жайсаң Үмөт уулунун арбагына авторлук ыроолонгон) «Айкөл Манас» аттуу он китептен турган дастаны таяныч катары кызмат кылып келет. Алардын пикиринде бул китепте Жайсаңдын рух-арбагы «асмандан түшүргөн», б.а., айтып берген, Бүбү Мариям менен Ш. Эсенгулов кагазга түшүрүшкөн «нерселер» талаш туудурушу мүмкүн эмес экен, анын баары таптаза «чындык» имиш. Мындай акылга сыйбаган экстремисттик позициянын өзү эле кимди болбосун таң калтырып, кыжалат кылбай койбойт.

Баштан-аяк кашкайган калптарга, оорукчан кыялдан жаралган «тарыхый» өмүр-баяндар менен жер-суу, адам аталыштарына, текши сыйкыр жана көзү ачык касиеттерине ээ болгон дубаналар менен аярларга, сырдуу үндөр менен адамча сүйлөп, окуялардын жүрүшүн ой келди өзгөртүүгө катышкан жан-жаныбарларга (жыландар, куштар, кайберендер ж.б.), арбактар менен дубаларга, байыркы грек, индус, кытай, тибет, фарсы, түрк-монгол аңыз-болмуштарына, перилер менен көздөрүнүн жашы кургабаган «баатыр» сөрөйлөргө (Манас, Алмамбет, Бакай ж.б.), хан тукумдары деп эсептелген кыздарды уурдап, колдон-колго өткөрүп, соодалап сатып отуруп, Манас, Алмамбет ж.б. чоң эне, таэне кылып чыгарууларга, каргыш, дуба, арбактар менен коркутуп, кайра аларга сыйынууларга, асмандан тынымсыз куюлуп түшкөн түркүн нурларга ж.б. ушу сыяктуу «жаңылыктарга, тактоолорго, оңдоолорго» жыкжыйма толтурулган бул дастансымал чыгармада Манастын руху тургай эпкини да жок экенин, ал чыныгы элдик эпосту, ал аркылуу кыргыз элин арам күлкүнүн объектисине айландыруу максаты менен жазылганын аны ынтаа коюп окуп чыккан ар бир адам көрбөй коё албайт. Ошентип, «Кылым көчү» деп аталган коомдук бирикме «Манас» эпосун керемет-сыйкырдуу, таптаза мистикалык-эзотерикалык чыгармасөрөйгө айлантышып, аны уялбай-этпей эле орус, казак, уйгур, англис, кытай ж.б. тилдерге котортууга жан үрөп (акчанын күчү менен), ошол элдерге да «чыныгы Манас – ушул», «кыргыздын чыныгы тарыхы – ушул» деген көз карашты сунуштап турушат. Алардын бул мүдөөсү ишке ашса, алыскы-жакынкы элдерге «атагыбыз» чыгып, мактанган «Манасыбыз» тарыхтын акыр-чикир төгүлгөн чуңкуруна ыргытылары, ушундай «эпосту» (дастансымал чыгарманы) жараткан элибиз (тиги авторлор элдин атынан сүйлөп турушат – К.А.) «айный баштаган же айнып калган» эл наамына ээ болору шексиз.

www.bizdin.kg

Чыныгы «Манас» эпосун эч качан алмаштыра турган көркөм-идеялык, маданий-философиялык дарамети жок, эпикалык салтка таптакыр туура келбеген, элдик эпосту каалашынча ревизиялаган бул чыгарманын бир автору адабият майданында жок дегенде кырк жылдан бери аралашып жүргөн жазуучу Ш. Эсенгулов экенин эске алсак, анын кантип кыйла «билгичтик» менен кооздолуп жазылганы түшүнүктүү болуп калат. Бирок Ш.Эсенгулов жана анын өнөктөштөрү жок дегенде эпосту мыктылап окуп чыгып, анын туруктуу салттык формулаларын, анын бири болгон ыр түзүлүшүн эске алса болмок экен. Ошондо көңүлчөөк жана энөө элибизди «чыныгы «Манас» – ушул» деп ишендирүү жеңилирээк болмок. Болбосо, ойдон чыгарылган, «Манаска» оңбогондой жана орой оңдоп-түзөтүүлөр киргизилген бул чыгармадагы «жаңылыктардын» бардыгын Жайсаңдын рух-арбагына шылтай берүү кимди ынандырмак эле. Анын үстүнө рух-арбак айтты деген нерселер качантан бери акыркы инстанциядагы чындык болуп, элибиз качантан бери Манастын көп чоролорунун бири Жайсаңдын рух-арбагына сыйынып калган, качантан бери анын көрсөтмөсү менен жашап, тарыхыбызды жазып калганбыз деген жөпжөнөкөй эле суроолор кашкайып баш көтөрүп турат. Демек, бизге тарыхчы окумуштуулардын деле кереги жок экен. «Жайсаңчылардын» укмуштуудай «эрдиги» элибиз кылымдардан бери аздектеп келген, анын кан-жанына сиңген «Манаска» тартынбай, элдин ой-санаасы менен эсептешпей туруп кол салышкандыгында турат. Бул үчүн жүрөк керек, же элди урматтоо сезиминен алыс болушуң керек, же мындай иштен кайра тартпоого аргасыз кылган «өтө чоң кызыкчылык» болуш керек. Аларга: «Сагымбай менен Саякбайдын «Манасы» жарабайт, жаңы «Манасты» жараткыла» – деп ким тапшырма берди экен? Кыргыз элиби? Же Жайсаңдын рух-арбагыбы? Же Бүбү Мариям менен Ш.Эсенгулов Жайсаңдын рух-арбагына заказ беришти бекен?! Эмнеси болсо да, «ур, добулбас, тарт, сурнай» деп эле анын даңазаланып жатканы, аны эпос менен ушул чыгарманы чала-була билгени деле, билбегени деле топурап көкөлөтүп жүрүшкөнү өкүнүчтүү. Мунун өзү жөн эле дуулдата бербей «дастан» делген бул чыгарманы дыкат иликтеп, ак-карасын ажыратуу зарылдыгы бышып жетилгендигин айгинелейт. Болбосо, бүгүн-эртең Жайсаңдын рух-арбагына сыйынып, анын «кеп-сөзү» менен элибиздин узак тарыхын жазып калышыбыз мүмкүн.

«Кылым көчү» аттуу бирикменин мүчөлөрү (жайсаңчылар) секталык мүнөздөгү ритуал аткарышып, чыпалактан кан чыгарып, Жайсаңдын арбагына ант берип жатышкандан кийин дастан сымал бул чыгарманы өлө-тала жактап-мактай беришери анык. Ант берүү ритуал-ырымы бул чыгармада майда-баратына чейин

www.bizdin.kg

сыпатталат. Анын кусурунан корккон авторлор менен алардын колдоочу-сүрөөнчүлөрүн бул жагынан түшүнсөк болот. Анткени алар артка чегинүүдөн, кабат-кабат калптарын моюнга алуудан намыстанышып, антишсе элге шерменде болорун сезишип, бардыжокту койгулаштырып, жандалбастап отурушат. Ушундан-улам ушул ант жөн эле «пионерлердин анты» эмес, тамыры алда канча терең диний-мистикалык ритуал экендигин, жайсаңчылар салттуу исламдын жактоочулары болбостон, бирде саентология, бирде мунизм (Мун – олуя деп жазылган жери бар), бирде теңирчилик «жыттанып» турганын баамдап, ошол идеяларды бул чыгармага сиңирүүнүн аксым аракетин көрөбүз.

Бирок баарыдан да бул чыгарманы «баштапкы жана ишенимдүү» тарыхый, географиялык, биографиялык, диний, медициналык ж.б. булак, талашсыз чындык катары тутунган айрым илимпоздордун (тигил же бул илимдин кандидаты, доктору дегендей) позициясы, түшүнүк деңгээли таң калтырбай койбойт. Алардын бир даары жөн эле атактуу тарыхчылар, географ-саякатчылар Сым-Цзяндын (биздин доорго чейин), Ли Дэюй менен Юэ Шинин (9–10-кылым), Джувейни менен Рашид ад-Диндин, Абуль-Гази менен Марко Полонун (13–15-кылым), алардан кийинки Н.Бичурин, В.Бартольд, Ө.Караев, Л.Гумилев, Т.Чороев, Ю.Худяков сындуу илимпоздордун кыргыздар тууралуу нагыз тарыхый эмгектерин, же байыркы жана кийинки араб, кытай, индус, фарсы, монгол, тибет (ж.б.) жазма булактарын колдоруна кармап турушкансып, арбак айтып берди делген ушул китептин «бул жеринде Манас баатыр төрөлгөн жыл, ай, жер таптак көрсөтүлүп жатпайбы, тигил жеринде Алмамбет кыргыз болгон деп жазылып, энелери, таэнелери кайдан чыкканы даана айтылып жатпайбы» ж.б. дешип аны чындык катары сунуштап турушса, күйбөгөн жериң күлгө айланып, ушундайча «кор болгон кайран илимге, кайран илимий даража-наамга» бир боор толгоп аласың. Алар өзүлөрү бул чыгармадагы мындай «ачылыш-жаңылыктарга, маалыматтарга» ишенбеси булайып көрүнүп эле турат. Бирок болбой эле көшөрүп, аны «болгон чындык» деп жандалбастап жаткандарын көрүп, кеп башка жакта, кызыкчылык башка тилкеде жатканын, алар барып-келип эле бу түбүң түшкөн көр оокатка барып такаларын байкайсың, баары сатылып бүтө жаздаган бул заманда кыйла инсандардын акылы менен абийирине, аброю менен намысына, билими менен илимине бүгүнкү күндүн мефистофелдери эчак эле дүңүнөн кожоюн болуп алганбы деп ойлойсуң.

Бул суррогат чыгарманын автору делген Жайсаңдын, болгондо да эч качан ырчы болбогон, көп чоронун катарында эле жүргөн үйшүндөрдүн (маңгул уруусу – К.А.) Үмөтүнүн уулу Жайсаңдын

www.bizdin.kg

арбагы билбеген эчтеке жок. Ал бүтүндөй Евразиянын байыркы, кийинки жана азыркы тарыхын беш колундай «билип», баарына аралашып жүргөн болуп чыгат да, аларды бирде кубанып, бирде кайгырып, бирде көзүнүн жашын көлдөтүп Бүбү Мариямга айтып бере берет, ага айлап-жылдап, тынбай жолуга берет, бүгүнкү турмушка, а түгүл саясатка да «кызыгат». Ушул маселелерде ага Сым-Цзянь, Рашид ад-Дин, Марко Поло, Н.Бичурин ж.б. сыяктуу тарыхчылар караандабай калат. Мындай шумдуктуу арбак дүйнөлүк тарыхта, дүйнөлүк диндердин биринде да кездешпейт. Жайсаңдын арбагы жада калса өзү жөнүндөгү дастандын чыгышына көзөмөл кылып, Бүбү Мариям менен анын Шакин агайын тескеп, кеп-кеңеш, көрсөтмөлөр берип турат. «Манас» эпосунда болгон жана анда жыт-жыбыры жок толгон-токой персонаждарынын жети атасына чейинки тарыхын билип, сайрап айтып берет да, өзү ичи тар, көралбас Ырамандын ырчы уулунун колунан өлгөн болуп чыгат. Өзүнүн, Манастын ж.б. сөөктөрү кайда коюлганын да божурап айтып берет. Мына ушундай шумдуктуу калмактын арбагы «чыныгы эпостун» биринчи айтуучу-жаратуучусу деген статусту өзүнө ыйгарат да, аны 1400 жылда араң бир кезиккен Бүбү Мариямдын жардамы менен ишке ашырат. «Айкөл Манас» – мына ушундай шумдуктуу дастан, үйшөндөрдүн Жайсаңынын арбагы – мына ушундай шумдуктуу персонаж. Булар ушул чыгармадагы «жаңылык, тактоо, жомоктон арылтуу» деген былык-чылыктардын чет бучкагы эле экендигин айта кетейин.

* * *

Сөзүбүздү андан ары улайлы. Маселен, манасизилдөөчү Гүлсина Өмүрбек кызы «Манас» эпосун көп эле оозго алганы менен негизинен «Айкөл Манас» дастанына кайрылат, андагы сүрөттөөлөрдү, философиялык, космологиялык ойлорду талашсыз чындык, өз пикирин биротоло бекемдөөчү фактылык негиз катары карайт да, карапайым окурман оңой менен түшүнө бербеген түшүнүктөрдү байма-бай кайталайт. «Циклдер, доорлор аралык мезгилдерди жылоологон түгөнгүс Манас ырларын ырдап, Манас КУТунун төрүн суутпай, анын Очогун улам жаңыртып, тутантып туруучу манасчылар – булар манасэнергоинформациялык өткөргүчтөр (телепатические провода). Мындан тышкары, манасчылар – Улуу Баян накылдарынын нугу (резервуарлары) болгон Манас сактагыч элдин руханий тутумун бириктирип кармап турган Манас Уюмдар» (2). Орфографиясы, б.а., автор өзү негиздеген жаңы жазуу эрежеле-

www.bizdin.kg

ри боюнча дагы төмөнкүдөй ой жоруулар окуп көрөлү. «Манас – генетикалык тукум куучулук – кандан канга, укумдан тукумга, муундардан муунга берилип келүүчү физиологиялык кубулуш гана эмес, адамзат жаралганы эң эзелтен (изначально) эле кыргыз баласынын эс-тутумуна (подсознание), жан-рух дүйнөсүнүн терең сфераларына (в глубинных кодовых сферах) Улуу Күчтүн Өзүнөн түшүрүлгөн МАНАС ТАМГА же МАНАС КУТ (энергетический КОД МАНАСА от Владычества Вселенной)». «Кыргыз эли Табигый МАНАС сактап, МАНАС багуучу (природные хранители МАНАСА) – УЛУУ Аалам-Теңирдин жердеги СӨЗ казынасын асыроочу эл (т.е. Кыргызы – это Народ-Хранитель Сокровища Великого Божественного СЛОВА на земле)» (2) Г.Өмүрбек кызынын макаласы баштан аяк мааниси анча-мынча түйшүк менен боолголоп түшүнүүгө жарагыдай ушундай бийик сөздөрдүн шагыраган тизмегинен туруп, өзөктүү делген жерлери орусча таржымалданган экен.

Өзүн сүрөткер жана мекенчил коомдук ишкер иретинде таанышпырган Б.Жакеева адегенде Кудай анан Манас деп жандүйнөбүздү тазалашыбыз зарыл деген алгылыктуу ойго жетеленет да: «Манас – бул Мен Эс, Мен-Жогорку Акыл -эс» – деп жазып (3), диний-этикалык багытта сөз уласа, Н.Жакыпбеков буларды жазат: «Манас – бул энергия, бул улуу Рух. ...Интегралдуу дүйнөдө доордун алмашуусу менен бирге Жер планетасына келип катаклизмдерди туудуруп коркунуч туудурган энергетикага карама-каршы туруп бере ала турган жети түрлүү түстүү энергия – нурларын жаратуучу – бул Нурдан жаралган Кыргыз эли» (4).

Өзүм да, окурман да тажаса да, тажабаса да эриктирбеген мындай ой түрмөктөрүн дагы улап көрөлү да, айтымчы Б.Төлөмүш кызына кезек берели. Ал Аллага сыйынуу менен сөз баштап, адамзат жаралгандан бери 224 миң пайгамбар келип кеткенин, «Ааламдык улуу көчтүн башында Манас атабыз баш болгон бабалар тургандыктан кыргыз элине түгөнгүс мээрим төгүлүп, кыргыз жери бийликтин төрүнө» айланганын, «адамзат тукуму кыргыз эли менен даңкталарын», «ааламдашуу тили кыргыз тили» экенин баса белгилейт (5). Ал эми «Айкөл Нуру» коомдук фондунун төрайымы Э.Мураталиева андан да өткүрлүк, баатырдык кылып: «Улуу кыргыз жүрөгү өрт, ажалды качырган Манастын турпаты, улуу Кыргыз Көк Теңирдин таразасы, Обо эне коломтосу, улуу кыргыз ааламдын адамзаттын табиятын, сырын ачуучу ачкычы» – деп эргип кетет да (8), «кыргыздын ар бир сөзү мыйзам», «кыргыз баласы Манас ата деп атын атаганда эле көлкүгөн улуу нурга бөлөнөт», «ар бир кыргыз Манастын жердеги кичирейтилген үлгүсү» – дейт (5).

www.bizdin.kg

* * *

Биз келтирген мисалдардагы жакшы тилек менен кыргызды, Манасты даңазалоо аракеттери мага деле майдай жагып турат, ылайым элибизди дүйнөдөгү көпкөлөң, зор мамлекеттерден тартып бизге окшогондору, бизден чабалдары деле пир тутуп, астыбызда бөйпөндөп турса дейсиң. Бирок ансыз деле чайналып, эзилип турган элибизди XXI кылымдын жаңы жомок-мифтери, ниет-тилеги дурус, жакшы болгону менен суу кечпеген кооз сөздөр, мааниси кимге болсун бүдөмүк ой түрмөктөрү менен сугара берүү, башын маң кылып, анча-мынча сезимтал жарандарды ээликтирген, жээликтирген абалга жеткирүү зыяндуу гана эмес, күнөө десем болчудай. Эл эмне дээр экен, же элибиз ушунчалык эле макоо, ушунчалык эле түркөйбү деген суроо алардын оюна да келбейт окшойт. Эл дегениң бир караламан сүрмөтоп (толпа), ал эмнени айтсаң уга берет, а мен болсо ошол элге таанылам, кыйын болуп көрүнөм, кадыр-барк, ал түгүл байлык күтөм деген сокур саясат бул жерде жок, баары таза, баары чындык деп ким кепилдик бере алат?! Жогорку мисалдардагы ойкуп-кайкыган ойлорду ким бекемдеп бере алат?! Же анык күбөлөр барбы?! Демек, кээде таза ээликме-жээликмеликке чейин барган жогорку ойлорду, бүтүмдөрдү, фактыларды эч ким, ошону айтып, жазып отурган көзү ачык да далилдей албайт.

Мындай баяндардагы дегеле сын көтөрө албаган учурларды тизмелеп, аңтарып-теңтерип отурсаң, кагаз түтчүдөй эмес. Көзү ачыктардын (жалпысынан ушундай атабадыкпы – К.А.) бир өзгөчөлүгү – алар «миф, жомок, сыйкыр, фантастика» деген сөздөрдү дээрлик колдонушпайт. «Манастагы» мифтер, жомоктук элементтер алар үчүн эч кандай далилдерди талап этпеген чындык. Кайчы пикирдин болушун алар алдын-ала эле жокко чыгарып коюшат. Кызык жери – алардын ой жорууларынын өзү, алардын бирөөсү айткандай «ой түрмөктөрү» мификалык мүнөздө, б.а., иш жүзүндө алардын көбүн мазмуну боюнча байыркы коомдук, баяндоо формасы боюнча жаңы чапан кийгизилген XXI кылымдын мифтери десек жарашат. Алардын бүтүмүндө «Манас» эпос, элдик оозеки чыгармачылыктын залкар үлгүсү эмес, ал бүт турпаты менен чала-моңол космологиялык, чала-чарпыт психологиялык, фаталисттик, жармач философиялык, футурологиялык программа – манифест, илим сымал трактат, астрологиялык төлгө, купуя сырлар шифрленген, катылган компьютердик сайт болуп чыгат. Эгер Манас Рух, акыл-эс (эпос акыл-эстүүлүккө тарбиялайт десек да бир жөн), илим, биобомба, энергия болсо, реалдуу эл тарыхы дегенибиз кайда калат?! Рух менен акыл-

www.bizdin.kg

эстин тарыхын, алардын ордун, мезгилин кантип көрсөтөбүз, кантип жазабыз?! Мындай бир жактуулук, мен билемдик «бөрк ал десе, баш алуучулукка тете болуп» эпостун жалпы мазмунуна же анын баш каарманы Манастын образына коошпой, табияттын ысык-суугунда бышып, жашоо-тиричиликке реалдуу мамиле жасаган элибиздин көкшүнүн суутуп, «Манас» чын эле жомок-миф, чылгый мистика турбайбы деген тескери (көзү ачыктар күткөндөй эмес) натыйжага алып келиши ыктымал го! Жогоркудай ойкуп-кайкыган, асмандаган ойлорду кайра-кайра, дембе-дем кайталап, Манасты бирде улуу Рух, бирде чексиз энергия, бирде ченемсиз Акыл-эс, илим, дүйнөнү Манас аркылуу кыргыз эли сактап калат, башкарат, оңдойт, бүгүн-эртең дүйнө элдери жалдырап эле кыргызды карап калат, оо-уу, көз да, ой да жетпеген атам заманда, жер каймактап жаралганда кыргыз биринчи жаралган, калган элдер тилди да, акыл-эсти да кыргыздан, Манастан алган, Манас – бул Кудай дей берсек эле Манасыбыздын, элибиздин баркы көтөрүлүп кетеби?! Башка элдер биздин минтип көкүрөк каккылап, бүт дүйнөнү «сактап, кармап» турганыбызды билсечи да, сезсечи! Же ыкшып күлүп атышты бекен, уккандары болсо. Өзүбүздү өзүбүз мазактап, шылдыңдап жаткан жокпузбу?!

* * *

Мынча болду, көзү ачыктардын узун-узун сөздүү эмгектеринен алынган мисалдардын айрыкча мүнөздүүлөрүнүн бирине назар таштай кетели. Эпоско гипнологдук дейбизби, кыскасы, жогоркудай көз карашты активдүү негиздөөчүлөрдүн бири, бир кыйла парапсихологдордун устаты (мен үчүн булар бир уядан чыккандай көрүнөт) Абдымамбет Сариев Кенжебек Алдаяр аттуу комузчунун «Манас» темасына арналган күүлөрү тууралуу минтип жазып жатпайбы: «Кудурети күчтүү улуу Кудайдын кереметтүү Манас ырындагы (эпосундагы) башкы каарман Манастын Жер планетасына Нур денелүү кыргыздарды сактап калуу үчүн Кудайдын Буйругу менен Өзү аткарып жаткан Эки Кызматты – Кудурети күчтүү улуу Кудайдын жарым Кудайлык бүткүл Аалам-Асман боюнча Башкаруучулук – Жаратуучулук, Талкалоочулук Кызмат –Милдетин жана Бүткүл Аалам асман боюнча Түзүлгөн Кудурети күчтүү Кудайдын Жогорку Акыл-Эс жана Жогорку Дил казынасынын Башкаруучулук – Үлөштүрүүчүлүк – Бөлүштүрүүчүлүк Кызмат Милдетин таштап, Кудайдан Бир Көз Ирмемчилик убактысында Кыргызга Баатыр, Кол Башчы, Хан катары келип кетишиндеги Жер Кишисине Таандык сапаттары, согуш окуялары, кубаныч-кайгысы, айкөлдүгү, каардуулугу, баатырдыгы,

www.bizdin.kg

кыргыз элинин сүйүүсү баяндалат» (6). Муну окуп: «Оо, Алла!» – деп жакамды бир кармап алып, А.Сариев комуз күүсү жөнүндө эмнени айткысы келгенин түшүнүүгө аракет кылып, аяккы саптар гана ага тиешелүү экендигин эптеп баамдадым. Сөздөрдүн дээрлик бардыгын чоң тамга менен жазса эле, анын мааниси салмактанып, өзгөрүп кетпестигин, автор аны менен өтө олуттуу деп эсептеген бирдемелерди айткысы келип жатканын да сездим. «Манас» кыргыз элинин эмес, Кудайдын ыры экендигин түшүнсөм да, нур денелүү бир да кыргыз көрө албай шайым ооду. Аны бардыгынан, деги койчу, эсиме түшкөн жана чала-чарпыт тааныган аттуу-баштуулардан тарта тууган-туушкан, коңшу-колоңдордон, көчөдөгү кыргыз кебетелүү адамдардан издеп көрдүм. Эми алар жылаңач жүрбөгөндөн кийин кабаттап кийинип алышып, нурларын жашырып жатышат го деп шектенип, үңүлүп карасам да (нурдан жаралгандан кийин нурданып турушубуз керек эле), нур тургай анын шек-шыбасы да жок. Кайра өзүмдү жубатып, нур денелүү кыргыздар эбак күм-жам болушса керек, алар калбай калып, ошон үчүн турмушубуз оңолбой чайпалып, чарпылып келатабыз го деп койдум. А.Сариев андан ары: «Бул Күүдө Манас согуштук Баатыр гана эмес, Кол Башчы, Хан гана эмес, киши баласы баатыр. Кол Башчы, Хан катары Бул дүйнөдөн өткөндөн кийин Кыргызды Колдоочу, коргоочу, Сүйүүчү, Камкордук көрүүчү кыргыздын Теңири Кудайына айлангандыгы баяндалат» (6) дегенин окуганда «оо, Жараткан» дегенге да алым келбей деңгиреп отуруп калдым да, ошол күүнү уксак кантер экенбиз деп, ошону түшүнүп, ошону А.Сариев айткандай кабылдоого алыбыз, дараметибиз жетер бекен деп сарсанаа болдум, Манасым – менин дилимде эл-жеринин кеменгер уулу катары кастарлаган Манасым Теңири Кудай (бул эки сөз маанилеш болсо да, ар башка жагдайда колдонулчу эле) экендигин түшүндүм, же ошого жакындадым окшойт. Мындай философиялаштырылган ой түрмөктөрү А.Сариевде эле эмес, көптөгөн көзү ачыктарда тойго келгендей эле жайнап жүрөт.

Дагы да З. Муратбекованын «Урматтуу Кыргыз, Сиз кимсиз?!» аттуу макаласы автор өзү белгилегендей Теңир, Манас, Улуу Кыргыз, Азиз Уюл, Кут Мээрим, Шам Бала, Айкөл Нур, Манас Ата, Тай Тебиш, Дөөтү ж.б. ордолордун атынан жазылган, көзү ачыктардын программалык документи көрүнөт. З. Муратбекова петроглифтер (таштагы жазуулар) бардык жерде бирдей, демек, дүйнөдө илгери бир эле тил, бир эле маданият болгон, аны кыргыздар сактап калган дейт да, кантип деген суроо коюп, ага өзү минтип жооп берет: «Жараткандын буйругу менен Анын Мээрими, Куту ушул момун элге түшүп, Улуу Кудурет Күч кыргыздарга эпосторду касиет (айтуучулук, жарчылык) менен айттырып, баштапкы тилди биз аркылуу

www.bizdin.kg

сактап келиптир. Теңир Тоонун койнуна катып, биз аркылуу Нур тукумдун ДНКасын, генин, матрицасын, кодун десек дагы болот, сактап келиптир». Андан ары ал мындайча улантат: «Биз Нур эл болуп Алтын Доор куруп турганда ошо ДНКабыз 12 эшилген жиптен турган. Ар бир Нур тукум 41 өзгөчө руханий таланттарга ээ болгон» – дейт да, ошол 12 ДНКабызды толук иштетип, 41 Руханий сапаттарыбызды ачып, «кыргызчылык Манас илимибизди колдонуп, ушу Өтмөктүү Доордон Планетабызды, адамзатты Аман-эсен өткөзүү жана Алтын Доор куруу» миссиябызды жүзөгө ашырабыз деп жазат (7). Кыргызчылык дегенибиз, көрсө, анын гениндеги Алтын Доор кура турган жөндөмү жана Манас илими деп чечмеленет экен, биз аны бир убакта эсирип кетип жоготуп алыптырбыз, ошон үчүн Жараткан Кудурет биздин 40 касиетибизди, 10 ДНКабызды уктатып салыптыр. Менин эсебим боюнча ошондо бизде 2 ДНК, 1 руханий касиет эле иштеп жаткан экен. З.Муратбекова оюн андан ары тереңдетип, Жараткан кыргыздарга Чоң Талап коёрун айтып, аларды түшүндүрүүгө өтөт (10 ДНКаны, 40 касиетти, Дилибизди ойготуу үчүн), бирок Жараткандын талаптарын ким, качан, кантип бергенин же алганын айтпай кетет. Кызыгы ошол 40 касиеттин арасында Алтын Доор кура турган «химик (алхимик) деген касиет дагы бар экен». Анан да Нур Эл болуш үчүн күү угуп, дастандарды жаттоо, мазарларга баруу, эртең менен күндү тиктеп сырдашуу, түшаяндарды талдоо, көзгө көрүнчү, көрүнсө чочубай, кыргызчылыгым ойгонуп жатат деп жазып алуу, туура, кең, бийик түшүнүккө жетүү, мен чынчылмын, ойлорум асыл деп өзүн ишендирүү жана да ислам, христиан, бахаи ж.б. диндердеги асыл баалуулуктарды жакшылап үйрөнүү өңдөнгөн «вполне безобидный» нерселер менен катар «Кут», «Ордо», «Аалам», «Аалам кыргыздары», «Нур Эл», «Сыр дүйнө», «Шамбала», «Форум» ж.б. гезиттерди окуу сунуш этилет. Булардын баары «Манас илиминдеги Баш Кабардын түшүнүктөрү» болуп эсептелет экен. Кызык бекен, урматтуу окурман?! Мындай «кызыктар» көз ачыктардын ар биринде арбын, мол болгону менен жогортодо белгиленгендей, дээрлик баары коёндордой эле опокшош. Дагы бир «кызыгы» – алардын кайсы динди карманаарын бир Кудай жана өзүлөрү гана билбесе, биздин башыбыз жетчүдөй эмес.

Так ушундай болбосо да, ушуга жакын ойлорду аттуу-баштуу адамдарыбыз айта баштаганда бул мен такыр артта калган экем деген ойлор да келди. Анан кантесиң белгилүү сүрөтчү Ж.Кадыралиев: «Манас – аалам түзүлүшүнө байланышкан илим. Манас – жалпы адамзатка Кудай тарабынан берилген түбөлүктүн улуу илими», – деп жазып жатса. А.Сариев Манас-Теңири Кудайдын өзү, дагы бири акыл-эс, дагы бирөөсү энергия, дагы бири биоэнергетикалык

www.bizdin.kg

бомба, дагы бирлери илим деп атышпайбы?! Эми эмне кылабыз? Эмне дешибиз керек? Эстеликти, сүрөттү көрсөтүп, бул Теңири Кудайдын, рухтун, акыл-эстин, илимдин, биобомбанын эстелиги, сүрөтү дейбизби! Же Кадыралиев агабыз «Манас» боюнча өз сүрөттөрүн кантип түбөлүктүн улуу илими деп түшүндүрөр экен?! «Түбөлүктүн улуу илими» дегенибиздин өзү деги эмне болду экен? Адамзат тарыхындагы жаңы илимби? Мен түшүнүп турам – алар биз «Манастын» тереңдеги купуя касиети, маани-маңызы жөнүндө сөз кылып жатабыз деши мүмкүн. Бирок Манастын образы болбосо, ал эпос азыркыдай залкар, кереметтүү чыгарма болбойт эле да. Муну алар эң сонун түшүнүп турушат.

Кокус, бир күнү алардын эртеден берки ушундай «ачылыштары» боюнча дүйнө жана кыргыз тарыхын, өзгөчө «Манасты» жаш муундарга окутуп калышыбыз мүмкүн экендигин бир саам ойлогондо төбө чачым тик турганын айтпай эле коёюн. Шылдың боло келген жаныбыз ошентип түбөлүккө «даңкталат» окшойбуз.

* * *

Бул айткандарымдын баары какшык деле эмес, ардангандан айтылган сөз болду окшойт. Анан кантесиң, эстелигин орнотуп, китеп түрүндө окулуп, оозеки дүпүлдөп айтылып, элибиздин өткөндөгүсү жана бүгүнкүсү менен, турмуш-тиричилиги жана ой-санаасы менен өтмө катмар байланышып, аны менен айкалышып турган идеал Адам-Манасыбыз элден, коомдон ажыратылып, көз көрүп, кулак укпаган виртуалдуу дүйнөгө «отправить» этилип жатса, «Куран, Инжил сыяктуу касиетке ээ, тулкуна зор маанилерди каткан адабий мурасыбыз» (М.Убукеев) оңой менен адамдын акылы жете бербеген, мааниси бүдөмүк жана чар-жайыт бирдемеге айланып калса. «Манасты» мыкты түшүнгөн, ага өзгөчө таазим кылып жүрүп өткөн М.Убукеев анда сакралдуу катмар, кубаттуу күч бар экендигин айта келип, анын семантикасын түшүнүү керектигин белгилеп, аны көркөм-рухий мурас катары карайт. Бирок ал эпостогу метафоралар менен символдорду адам турмушу ажайып сүрөттөлгөн эпостун турпатынан ажыратып, асманга чыгарып жибербей, аны жараткан элдин аң-сезиминин тереңдигинин, кооз-көркөмдүүлүгүнүн, кыялынын учкул экендигинин, эпостун нагыз гениалдуу чыгарма экендигинин далили иретинде мүнөздөп, «Манаста» да «магикалык реализм менен комедиядан тарта сюрреализм менен трагедияга чейинки акылга сыяр да, сыйбас да стилистикалык, жанрдык түрдүү багыттар бир тутумда сакталган», – деп жазат (8).

www.bizdin.kg

«Манасты» жараткан эл гениалдуу экендигинде шек кылбасак, анда кайсы бир көйгөйлөр көмүскө формага салынганы да калетсиз. Эгерде бардык элдердегидей эле тарыхта болгон (болбогон да) залкар инсандар кийинки муундар үчүн түркүн түспөл, сыпатта мүнөздөлгөн даректүү же көркөм образ катары жашай тургандыгын көңүлгө алсак, кыргыздарда Манастай туу көтөрүлгөн бир да образ жок экендигин моюнга алышыбыз керек. Алладан кийин эле кыргыз үчүн Манас ыйык, бирок кыргыздар ага Кудай катары сыйынышкан эмес. Ал көркөм-эпикалык, көркөм реалдуулугу шексиз инсан катары, кылымдарда иргелип, эркиндик, теңдик, биримдик идеалдарын өзүнө сиңирген, Адам жана Элдин уулу болуунун үлгүсүн көрсөткөн образ иретинде ыйык. Бул жагынан Манас уникалдуу, сейрек образдардын катарына кирет да, бул анын элдин аң-сезиминен биротоло орун алгандыгына байланышат. Мындай процесстен тарыхта болгон (болбогону да бардыр) Соломон, Будда, Конфуций, Иисус Христос, Зараштрута, Александр Македонский, Чынгыз хан ж.б. да өткөрүлгөн. Бирок алардан айырмаланып, Манас жашоо-өмүрдүн чектелген, бир тармагына сыйбаган нагыз элдик лидер даражасына жеткирилип, ошол деңгээлде идеализацияланган. Эгерде бир күнү Манастын тарыхта болгону так далилденип, ал бул заманда жашаган, мындай-тигиндей иштерди жасаган, бою мынча болгон, беш-он аял алган, карындашы же иниси бар эле деген өңдүү фактылар ачыкка чыкса, элдин аң-сезиминдеги Манастын элеси, образы түп-тамырынан бери өзгөрөт, өлчөөсүз трансформацияга учурайт. Менимче, ал жакшы жагына эмес, тескерисинче, тетир жагына бет алат, кыялдагы жаркыраган образ жерге түшүрүлүп, көптөгөн асыл, нарктуу касиеттеринен ажырайт, ажайып ореол жокко чыгат. Бирок Манас баатырдын тарыхый инсан болгону эч убакта тастыкталбай көрүнөт. Анда ал элдеги, элдин адамзат уулдарынын эң бир кымбат, асылзаада сапаттарын өзүнө топтоштурган инсан образы катары ошол сакралдуу касиетин сактап калат.

«Манастын» сакралдуулугу дегенде мен ириде Манастын өзүнүн образын, эпоско сиңирилген идеялардын асылдыгын жана түбөлүктүүлүгүн түшүнөм. «Манас» эпосу ириде адамды адам кылган Сөздүн үлгүсү. Ал бир эле учурда түркүн маани-сапаттарга эгедер: уккулуктуу жана ширин, таза жана күчтүү, учкул жана терең, ачуу жана таттуу Сөздүн, адамды ооруткан жана дарылаган, сүйдүргөн жана күйдүргөн, тирилткен жана шал кылган, ысыткан жана үшүткөн, ченемсиз сыйкыры бар, көп катмарлуу, жаркылдап жанып шоола чачкан, шурудай тизилген, куюлушкан Сөздүн, болгондо да анын эң жогорку үлгүсү, баскычы болгон поэтикалык сөздүн үлгүсү! Анын эч нерсе алмаштыргыс касиети, көзү ачык-

www.bizdin.kg

тар да, башкалар да тамшанган энергетикасы ошол Сөздө, кыргыз Сөзүндө жатат. Анын башка элдерге жетпей, жетсе да кыргыздардай аздектеле бербей аткан себеби да ал өзүнүн кыргыз сөзү касиетинен ажыратылып которулгандыгында, которулса да оригиналынан алыс болуп жаткандыгына байланыштуу болбосун! Демек, «Манас» кандай айтпайлы, кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүнүн кол жеткис бийиктиги болуп кала берет. Анын керемети менен кымбаттыгын мен ушундай түшүнөм!

* * *

Кыргыздар сыяктуу эле эпикалык поэзиясы дүркүрөп өнүккөн абакандык же минусиндик татарлар менен кыргыздарды салыштыра келип, мындан 150–160 жылдар мурда В.В.Радлов абакандык татарлардын жомокторунда (эпосторунда) бу жердеги көртириликтин көйгөйлөрүнөн алыс турган жомоктук, фантастикалык, жыргалдуу дүйнө-турмуш сүрөттөлөрүн, андагы тири укмуштар угуучулардын эсин эки кылып, жүрөгүн түшүрөрүн белгилейт. Ал эми кыргыздарда эпикалык ырлар бир бүтүндүккө биригип, элдин чыныгы рухун чагылдырарын айта келип, В.В.Радлов «Манастын» мисалында буларды жазат: «Киргиз ценит в своих песнях не какой-то чудесный и страшный сказочный мир, напротив, он воспевает в них свою собственную жизнь, свои собственные чувства и стремления, те идеалы, которые живут в каждом отдельном члене общества. Не колоссальное и не сверхестественное доставляет наслаждение слушателям, а естественное и истинное существующее. Несмотря на чудесные и отчасти невероятные приключения, богатыри этих песен являются настоящими людьми, одаренными великими качествами и в то же время людскими слабостями и недостатками. Преувеличенное и сверхестественное служит только украшением набросков жизни, отвлекает своим резким освещением слушателя от суровой действительности...» (9). Негедир «Манас» изилдөөчүлөр көз жаздымында калтырып келишкен улуу окумуштуунун калетсиз бул сөздөрүндө «Манастын» элдин жашоо-турмушунан бөлүнбөс көркөм-эпикалык реализми кашкайта көрсөтүлгөн жана ушул касиети үчүн эл аны өзүнүн башынан өткөн тарыхындай кабыл алып келген. Дегеле, көзү ачыктар болобу, караламан эл болобу, же тигил же бул тармактын адиси болобу – «Манас» – биздин тарыхыбыз» дешкендеринин башаты ушул жерде жатат. Эл Манасты турмуштан ажыратылбаган, тескерисинче, аны менен жуурулушуп турган, көркөм реалдуулугу талашсыз идеал – образ иретинде ушундайча кастарлап келген.

www.bizdin.kg

Ушул жерден мамлекеттик ишмер, белгилүү адабиятчы жана публицист Осмонакун Ибраимовдун ынанымдуу пикирине назар сала кеткенибиз жөндүү болуп турат. Ал адам жашоосунун моралдык-философиялык негиздерин, өмүр менен өлүмдүн бүтпөс күрөшүн, түбөлүктүү жана ачуу чындыктарды камтыган бул эпостун идеялык-көркөмдүк архитектоникасында элибиздин көп кылымдык жана бүгүнкү күн үчүн сабак болчу жактары, көп сырлары катылып жатат дейт. Бирок ал сырлар көз ачыктардын эпостон тапкан «сырларына» окшобойт. Ал ачык эле жана кескин түрдө буларды жазат: «Я утверждаю, что в эпосе кроме чистой литературы и высокой поэзии, оказался скрытым некий смысловой пласт, этнокультурный код, привнесенный временем и его сказителями, которые пытались хотя бы косвенно повлиять на кыргызов и их правителей... Эпос оказался неким национальным духовным Завещанием, пророческим Предупреждением, вещим Словом, забыть которыми чревато самыми плачевными последствиями для кыргызского народа, его национального единства, духовного здоровья, сохранения и сбережения национальной государственности» (10, 246-б).

Бүтүндөй элибиздин жашоо-тирлигин төбөсүнөн басып келген мансапкордук, ынтымак-ырктын жоктугу (кокту-колотко, уруулуктууганчылдыкка, өзүмчүл топторго бөлүнүү), эки жүздүүлүк, саткындык, ач көздүк, кутумчулук, баканооздук сыяктуу ыплас көрүнүштөр, сапаттар элди туңгуюкка кептеп, азапка саларын эпос тикелей да, каймана да, көмүскө да (керегем сага айтам... дегендей) кайра-кайра эскертип турганынан улам О. Ибраимов ушундай жөндүү тыянак чыгарат, анда бүткүл кыргыз коомунун, өлкөнүн бүгүнкүсү жана эртеңкиси, алардын дээрлик бардык тармак-тарабы үчүн сабак алчу жактарынын молдугун, алардын тереңдигин, чексиздигин, түбөлүктүүлүгүн белгилейт. Демек, эпос бүгүнкү элибизге, келечек муундарга ташталган поэтикалык чакырык, эскертүү жана сабак! Ал ушунусу менен улуу, ушунусу менен кереметтүү жана сырдуу. Ал ушунусу менен өлбөстүктүн рухий-көркөм символундай, түбөлүктүүлүктүн мукам жана муңканган ырындай сезилет. Көрүнүп тургандай илимпоз О.Ибраимов «Манастын» коддорун, тири укмуш сырларын издеп Аалам кезип, же Жердин жети катар түпкүрүнө түшүп кеткен жок. Ал анын керемет-сырдуулугун, касиеттүүлүгүн эл башынан өткөн жана өтүп жаткан «жеңиш менен жеңилүүлөрдү», «башталуу менен аяктоолорду» өзгөчө көркөм-кооз сүрөттөсө да, таң каларлык түрдө азыркы учур менен кынтыксыз байланышып турганынан көрүнүп турат. Менимче, бул калетсиз пикирге бирдеме кошумчалаш да кыйын!

www.bizdin.kg

Соңку сөз

Адамзат коомунун тигил же бул учурунда мүмкүн болбочудай көрүнгөн таңгалыштуу, табышмактуу, сырдуу көрүнүштөр, окуялар, рухий жана материалдык эстеликтер, айрым адамдардын өзгөчө сапат-каиеттерге ээ болушу ж.б. – баары биригип келип, өз-өзүнчө же дүңүнөн түшүндүрүүнү талап кылып, адамдарды ойго салып, ар кыл жана эсепсиз окууларды, көз караштарды жаратты. Бул да бир чети таанып-билүүнүн табигый жана түйшүктүү, түгөнбөс жолу болуп, адамзат тарыхын коштоп келди. Аларды санактан өткөрүүнүн кажети деле жок. Башкасын айтпасак да, бул жерде биз маданиятын, тарыхын, тилин, философиясын дурусураак билип калган орустардагы ушуга окшогон процесстерди эскерте кетүү жөндүү. XX кылымдын I жарымынан тарта жарык көрүп, кийин бир кыйла колдоочуларга ээ болгон Е. П. Блаватскаянын «Жашырын Доктринасы», өзгөчө рерихтердин (С. Н. Рерих, Н. К. Рерих, Е. И. Рерих) байыркы индус мифологиясы менен философиясын таяныч кылган окуулары таратыла баштаганы белгилүү. Бир катар психолог, философ ж.б. илимпоздор да салым кошушкан (аларга чейин жана кийин) бул окуу «космикалык дүйнө туюму» (космическое мироощущение, сверхнаука, метанаука) деп аталып жүрөт. Бул сөздүн түз маанисинде илимий эмес окуунун эзотерика, оккультизм, мистикага жакын экендигин, анын негизги методу акыл-эс, ойлом чабытына гана негизделип, ал космизмге сугарылгандыгын, фактылык, б.а., кармап көрсөтүүчү далили жок экендигин анын жактоочулары моюнга алышат. Бул көз караш же окуу бүткүл ааламды бирдиктүү энергетикалык система, ал эми адамды ошол космостун бир бөлүкчөсү, рухту адамдын жандүйнөсү менен космосту байланыштыруучу көрүнүш деп эсептейт. Бир карасаң жөнөкөй жана туура. Бирок адам руху космос менен кантип байланышып, аны менен кантип бир системаны түзөт, эмнеге адам алигиче Космос жөнүндө эч нерсе (?!) билбейт, деги ал каерден башталып, каерден бүтөт, мезгил менен мейкиндиктин өзү деген эмне, дегеле космикалык ой-туюм кайсы жерден, эмнелерден жана кантип көрүнөт, сырдуу, табышмактуу көрүнүштөрдүн, фактылардын себеби эмнеде ж.б. деген маселелерге келгенде эле чатак башталат да, бул окуунун өкүлдөрүнүн бири Кудай менен, бири анын өкүлдөрү менен, дагы башкалары башкача бир жол аркылуу «көздөрү ачылып», бизге алар алган, билген, көргөн, сезип-туйган маалыматтарды жарыша түшүндүрө башташат. Аны өзүлөрүнө окшош акыбалдагылар эле түшүнбөсө, калгандарыбызга бул иш өтө кыйындыкка турары чын.

www.bizdin.kg

Ошентсе да, биздин кыргыздын «көзү ачыктарынын» башаламан жана чаташкан ой жоруулары жогоруда айтылган Е. Блаватскаянын «Тайная Доктрина» жана Н. К. Рерихтин «Живая этика» сындуу эмгектеринин (орус тилинде бул темада жайнаган китептер бар) көчүрмөсү жыттанып турат. Бирок аны өзүбүздө кеңири тамырлай баштаган Теңирчилик, буддизм, индуизм, ламаизм, ал түгүл коммунизм ж.б. окуулары менен аралаштырып туруп, ылайыктап бир нерсеге чапташ керек, кыргызча чапан кийгизиш керек болот. Болбосо, бу «кежир» кыргызың аларды укпай, окубай коюшу турган нерсе. Кыргыздын боз үйү, анын ичиндеги эмеректер, жер-суунун өзү, ичкен ашы, минген аты, кийген кийимдери, накыл сөздөрү ж.б., анан алардын баарын камтыган «Манас» эпосу жогорку окууга куп жарашып калып жатса, аны космикалык деңгээлде каалагандай чоё берсең, Манас атабыздын, Бакайдын, Каныкейдин, Баатыр чоролордун рухтары аларга каршылык көрсөтүп, кой-ай деп алышпаса, биз да оозубузду ачып карап турсак, дендароо болуп – дагы эмне керек «метаилимдин» же «сверхнауканын» биздеги өкүлдөрүнө? Чынында алардын азыр өзүлөрүн жогортмодон көрсөтмө алып, бүтүндөй эл тагдырын чечип тургандай сезип калышынын, менимче, ушундай себептери бар сыяктанат. Анын үстүнө алар бирде Кудай, Алла Таала, бирде Теңир, бирде рухтар менен кошунасындай эле жолугуп, эртели-кеч сүйлөшүп, кеңешип, көрсөтмөлөрүн алып жатышса, таң калып, жакаңды кармабашка аргаң жок!

Ар бир эл, улут өзүнүн өткөндөгү жана бүгүнкү күндөгү алгылыктуу иштери, өнөрү, даңктуу адамдары менен сыймыктанууга, мактанууга акылуу. Бирок ошол сыймыктануунун, мактануунун да акыл-эске сыярлык чеги, турмуштун илгерки жана бүгүнкү чындыгына шайкеш келген реалдуулугу болгону абзел. Египеттин фараондорунан тарта америкалык индеецтерге чейин «кыргыздаштырып» салып, эл аралык баркыбыз көтөрүлүп кетпейт, дүйнөдөгү элдердин баары кыргыздан тараган, акыл-эске, тилге кыргыздар аркылуу ээ болгон дей берсек эле: «Ие кокуй, ушундай турбайбы, кыргыз Адам атабызды билбей ит болуп жүргөн турбайбызбы» – деп еврей менен япондор, англичан менен кытайлар, арабдар менен перстер бизге сыйынып калышпайт. Ааламды бүгүн-эртең кыргыздар сактап калат десек эле алар бизге кулдук ура башташпайт. Ошол сыңары алардын биз Манасты эмне кылып жатканыбыз менен иштери да жок. Кыскасы, биздин кыйкырыгыбыз, көкүрөк каккылаганыбыз өз корообуздан чыкпайт. Бир чети ошонусу да жакшыбы дейсиң! Кокус Африканын, Европанын, Азиянын, дегеле бүт дүйнөнүн элдери бежиреп кыргызча сүйлөп, окуп калышканда (кыргыздан чыккандан кийин ошентиши керек эле да), абийирибиз айрандай төгүлмөк

www.bizdin.kg

окшойт. Бирок «Кудай жалгап» аларың кыргызча билишпейт, кыргызыңды да билишпейт. Башкасын кой, 70 жыл бир өлкө болгон Россиянын көбү билбейт кыргызыңды, казак, өзбек коңшулар билсе да билмексен, көрсө да көрмөксөн, бизге өөдөдөн төмөн карашат. Турмуштун, бүгүнкү күндүн чындыгы ушундай. «Айдаганың беш эчки – ышкырың таш жарат», «Жылкыңа ченеп ышкыр, мурдуңа ченеп бышкыр» – деп элибиз илгертеден куу чирендикти, жел өпкөлүктү, көйрөндүктү, ооз көптүрмөлүктү жактырган эмес. Же мен жалган айтып, бардыгын оюмдан чыгарып, калпты-чынды койгулаштырып жатамбы?! Же элибизди басынтып, даңазасын чыгаргым келбей жатабы?! Мындай «бет тырмаар» айыптар коюларын жон терим менен сезип турсам да, опсуз опурулган, ыксыз көбүртүп-жабыртылган, жылаңач жана ээликме ой жоруулар тууралуу пикиримди ачык билдирбей коё албадым. Балким, менин «айыбым» ушунда болушу ыктымал.

www.bizdin.kg

Поэзия

Вся ночь обнимает все море

(Песня)

Вся ночь обнимает всё море,
и ветры волнуют прибой,
в сиренево-темном просторе,
рассыпался дождик шальной.
Но он успокоится вскоре,
и звезды проявят свой лик,
а завтра корабль с напором
по водам помчится на пик.
На пик полуденного солнца
навстречу раздольной мечте
и запах, рыбешки и соли
поможет матросам везде.
Всё море – пьянящая ласка
в распластанных крыльях свобод
и с моря до неба синь-сказка,
а радуга-арка, как вход.
Все сказано стихами о любви.

Все сказано стихами и любви,
все перепето, сыгранно, начато...
один лишь долг – остаться вновь людьми,
пока земля другая не зачата.

Не думай, что тебе не повезло –
одна любовь на всех, одна планета
и если ты рожден – убудет зло,
отменят представленья конца света.

Наргиса КАРАСАРТОВА

Родилась 1978 году в Бишкеке.

Окончила коммерческо-экономический техникум, курсы английского языка и Институт социального развития и предпринимательства. Работала учителем, ведущей программ на ТРК ЭлТР, а с 2010 года собкор «Общеписательской Литературной газеты» г. Москвы.

Соавтор сборников стихотворений «Бриллианты на снегу», «Маленьким мечтателям». Член Национального союза писателей КР, кыргызской ассоциации переводчиков, союза журналистов КР.

www.bizdin.kg

И будет в судьбах – перекрёстный мир –
несыгранный, неспетый, несказанный,
расширится до края краткий миг –
планета улыбнется первозданно.

Вот думаю, что мне так повезло
в студёный день – стремительные строки,
а в комнате прохладно и светло
и за дверьми – не пройденные тропы.

Я у зимы прошу, о, дай мне шанс,
о счастьях рассказать правдивым словом...
блеснет в ответ январский перфоманс
и жизнь продолжит музыку всю снова.

* * *

Нечаянное счастье растворилось,
Сорвавшись с неба снежинкой января.
Не говори, что я тебе не снилась,
Не говори, что встретил меня зря.

На цыпочках я еле-еле, слепо,
Шла за тобой невидимой тропой.
Едва-едва я сдерживала слезы,
В тот майский день,покрытый синевой.

Нечаянное счастье, повторись –
Снежинка шестикрылая моя.
Одна в полете, ты остановись,
И, не спеши ни в землю, ни в моря.

Пусть, вопреки вселенскому закону,
Кристалл застынет посреди ветров.
При этом будет трепетным,покорным,
И в нем узнаю я свою любовь.

www.bizdin.kg

* * *

Никто никак с тобою не сравнится,
Лишь ты один влюблен в мой каждый вздох,
Как ты передо мною расстилал равнины,
Когда казалось, больше нет дорог!

Когда я плакала, ты целовал мне слезы,
А опускала руки, говорил: «Вперед!»
Когда казалось, - все желанья зыбки,
Стихи сплетал ты в мягкий переплет.

Да, ты один прощал мне все ошибки,
И, предначертал путь идти тебе след в след!
Я падала и плакала, и были лишь ушибы,
И мне мешало все: туман, метель и снег.

А ты молчал, сливаясь с тишиною,
Я вспоминала: космос, звон и пыль...
Теперь я здесь, и женщиной земною,
Так трудно мне вместить в себя всю эту быль.

Я переполнена пространством, временами,
И ты один со мной – от пыли и до слов!
Из века в век, ты все меня меняешь,
Но здесь, сейчас, с тобой – дочерняя любовь!

* * *

Я согласна с тобой быть второй,
даже третьей, четвертой и пятой.
Я согласна с тобой быть другой, –
и возвышенной, и распятой.

Я согласна, как гласная «а»,
жить в начале, в конце, в середине.
Ты ошибся, не властная я,
как ждала тебя тысячи лет... и поныне,

Но, не знаю, в чем наша вина,
почему расстаемся в дорогах?

www.bizdin.kg

Ведь пора бы достать свои чувства со дна,
рек земных, позабыв о тревогах.

Может, завтра случиться война –
твое имя окрикну из пепла.
Приласкаю тебя я одна,
и, останусь единственной, первой.

А сегодня я ниже травы,
тише вод зазеркально-холодных.
Под дождем – над простором Невы –
мною выбранный в сумерках отдых.

Только снова, как в старом кино,
обернулась, без зонта, - ты навстречу!
Обозналась... жаль, кто-то иной,
улыбнулся мне в питерский вечер.

---

www.bizdin.kg

Проза

СОБИРАНИЕ ТУРИКОВ

Игорь ИГНАТЕНКО

(Продолжение, нач. пред. номере)

Турик 22

Базовый лагерь. Мироныч выразил мне благодарность от лица шумкарской партии, отметив мужество и самопожертвование, намекая на Алтынай, её помощь не только спиртом, но и работой с непрошенными гостями. Гости больше не появлялись. Алтынай заняла место лесника-Токона по части даров природы: её помидоры, кабачки, капуста, морковь, перец, лук и арбузы были превосходны по качеству, Алтынай пару раз приезжала на своём незаменимом ослике за должком и я с божьей помощью смог ей отдать долг, но по иному, по-божьи: молясь за свою душу, за её равно как и за всех падших, сумев убедить, что дороже мужа, детей, семьи ничего нельзя придумать; но Алтынай и не думала спорить, умело поддакивала, улыбалась в знак согласия и привела свои аргументы, досель мне мало понятные. Якобы, в их роду женщины имели большую власть и это относилось и к выбору мужей для улучшения рода, крови и жизнестойкости. И мужа своего она, конечно, любит и не обидит. И он её любит и сделает всё, что она захочет, только вот я единственный, кто выказал непонятное упорство. Я не смог убедить её в своей правоте, но зато Алтынай так откровенно не атаковывала меня, а я мог спать со спокойной совестью и смотреть в глаза её малорослого мужа.

www.bizdin.kg

Итак, жена Потифара жива, но и благочестивый Иосиф тоже жив!

Иосифы редки в природе, но всё больше соломоны-многожёнцы и давиды-прелюбодеи, печорины -извращенцы. И даже Бог евреев со своими 10 заповедями и пророками не смог уберечь от кривых дорожек ни царей, ни избранный свой народ от заблуждений и преступлений. Послал Сына Своего на помощь падшим, хворым и убогим, холодным и голодным. Накормил, напоил, вылечил, они его оскорбили, оплевали, повесили на крест как преступника, хуже преступника. Он призывал для спасения души возненавидеть грех, но народ возненавидел Сына за всё хорошее... Он плакал, перед тем как войти в Иерусалим к своим евреям, потому что Его любовь никому не нужна была, а нужно более ощутимое и существенное для желудка, для тела, для души тоже. Но больше для тела.

Почему отвергли Спасителя? Потому что им надо было всё и сразу, ну и любовь, конечно, но вполне осязаемую, видимую, а для этого не надо каяться, раскаиваться и ненавидеть грех. За грех они жертвы приносят. Пусть ни такие как Бог требует, где-то кривенько да худенько, зато от души и самое главное – не жалко! Народ ждал от Него конкретных дел: изгнание ненавистных римлян-язычников, установление сильного процветающего царства не хуже, чем при Давиде и Соломоне, вместо этого увидели Его в храме, поучающего любить, прощать, призывы к созидательному труду, к непротивлению злу и о налогах – «Богу-Богово, а кесарю кесарево». Что это за лидер? Всем известно, что ни одно стоящее дело не обходится без крови! Но кровь-то была пролита, только не порочных овнов от ещё более порочных людей, а непорочного Агнца, Сына возлюбленного! Чтобы мы жили, не умирали, не блуждали вокруг трёх сосен.

Однако, жизнь продолжается, будем же жить и любить друг друга, как завещал Спаситель, будем беречь друг друга, аминь.

Сейчас Алексей и Стас отправляются за продуктами в город, пусть возвращаются без ЧП.

Утро, базовый лагерь, возвращение блудных сыновей с некой родственницей, одетой не очень понятно, Алексей смотрел слишком прямо голубыми, слишком честными глазами, объявил слишком серьёзным тоном:

– Это моя родственница, пусть погостит день-два, а то в городе жара несусветная.

Стаса подхватила кипишная жена-татарка. У Стаса ещё не сошёл синяк под глазом – результат воспитательной работы медбрата Алексея из-за жены-татарки.

Мальчиш-плохиш неторопясь, солидно пошёл в свою палатку, вскоре к нему стали заходить гости, зазвенела гитарная струна... Мироныч, посвистывая, довольный зашел в палатку и, видимо, приняв очередные 100, поспешно вышел. Посмотрел вокруг ласковым и мутным глазом, крякнул, поправил выцветшую серую беретку, пошёл по делам...

www.bizdin.kg

Я же вышел прогуляться вверх по течению ручья, по родным и любимым тропинкам, мимо знакомых камней и деревьев, лаская взором травы, слушая пение птиц! Разве могут наскучить эти картины и эти песни? Эти горы и эти реки? Когда спрашиваю Мироныча, он:

– Андреич, когда видишь изо дня в день, из года в год, особенно в дожди и холода на отметках 3-4 тысячи метров над уровнем моря, то эта природа как бы ... – и Мироныч неопределенно машет ладонью в сторону.

Конечно, когда холодно-голодно, это всегда напрягает, но здесь в лагере у всех в палатке печка-буржуйка с запасом дров, чайники, посуда, раскладушки, столы и кошмы на полу.

Здесь истинная благодать, пойду, помолюсь и поблагодарю Господа.

Я вернулся часа через три к обеду, сегодня праздничный обед – зарезали барана. Резал студент-практикант, услужливый Канат, у которого самая лёгкая рука, небольно режет... Я выпил чашку шорпо и сьел чашку лапши, женщины промывали кишки и желудок, крутили косички. После пожаров сегодня лагерь расслабился. Вечером устроили в большой палатке дискотеку 80-ых. Мироныч принимал самое активное участие, «Шизевумэн...» – его любимый гимн вдохновлял и пробуждал в нём танцора диско. Я был рад и взволнован, как полковая лошадь при звуках боевой трубы. Мироныч, ужасно сгорбившись, выделывал неприхотливые па, поднимал ноги в новых кроссовках. Рашид широко улыбался и тоже делал движения. Стас уже пьяный, смотрел недобрым глазом в сторону своей жены-татарки, вынашивая планы мщения. Алексей тоже внёс свою лепту в общее ликование и движение. Повариха думала о своей горькой незамужней судьбе; сейчас находясь в тесном контакте и в изобилии мужского населения, она невольно радовалась. Люба вспоминала Марчеломастрояни, студент Канат жался в самом тёмном углу палатки, уйгур-водитель лагерного джипа подумывал о прелюбодеянии с поварихой, взвешивая все риски из-за блюстителя чести семьи брата поварихи... Я иду спать под открытым небом, открываю прогретый за день спальник, вползаю в него как Шурик в «Кавказской» и делаю облягченный вздох – пахнет травами и шиповником, журчит ручей и звёзды ласково мерцают, все проблемы прошлой и настоящей жизни отступают, меня спокойно и нежно обнимает ночь и сон без тяжёлых сновидений, была бы всю жизнь такая лафа!

Утро. Базовый лагерь. Я с утра играю с Рашидом в шахматы. Мимо проходит Алексей вместе с родственницей, мы с Рашидом кандаимся, Алексей не вынимая трубочки, кивает нам. Заходит в палатку к Миронычу, о чём-то шумят. Выходит Мироныч:

– Я что? Сын миллионера, сын нефтяного магната? У меня здесь нефтебаза? Откуда я бензин рожу? Какой у тебя зуб болит, покажи? Я тебе голыми руками вырву! Здесь у меня что? Автородео, туда-сюда гонять

www.bizdin.kg

машину? Дела? Вот деловые все. Дело не терпит промедления? Промедление смерти подобно? Это что «Письма из далека?» Или «Апрельские тезисы» Владимира Ильича?

Алексей был какой-то побитый и подавленный, таким я ещё не видел Алексея.

Но Мироныч и не такое видел. Окинув ещё раз поникшего Алексея испытующим взглядом:

– Ну, хорошо, уговорил. Вот адрес опытного венеролога, он быстро вылечит. Давай – одна нога здесь – другая там. Заразы мне ещё не хватало.

Машина поехала в город с мальчишем-плохишем и липовой родственницей. Помоги им, Отче.

Снова на выбросе в лёгком составе: Рашид, Стас, один геолог и практикантка-геологиня, по совместительству повариха. С Рашидом мы быстро работаем, мне показал линию отбора проб, интервал отбора, напомнил о дополнительном отборе проб в породах с изменённым цветом, повышенной трещиноватостью, в других разностях пород, всё, что мы изучали в институте 100 лет назад. Молча, но с огоньком работаем геол. молотками, зубилами, кувалдочками, конечно, соблюдая все правила техники безопасности и охраны труда. Рашид не без юмора цитировал крылатые слова Мироныча: соблюдайте правила ТБ и ОТ, берегите руки, иначе чем будете дрочить? Рашид сейчас особенно задумчив и внимателен. Это в его натуре. «Брат у меня трудолюбивый. Когда я приезжаю к нему в гости и сетую: вот, мол, по... ся не с кем... Он тут же даёт мне лопату – на, пое... сь яму 1х1х3 метр. А куда деваться? Сам же напросился!» По вечерам при фонаре штудирует английский. Но сегодня он не с нами, а по своей слабости с поварихой. Утром спрашивает:

– Это грех или не грех – я мимо кончил?

Мне эти вопросы надоели, одно и то же! Бабы, одни бабы на уме.

– Хорошо, если удачно женишься, станешь счастливым, – сказал я Рашиду.

– А если нет?

– А если нет, станешь философом, как я.

Рашид к большому удовольствию поварихи-практикантки продолжает прелюбодействовать. Лицо у неё расцвело от короткого бабьего счастья, влюблена как кошка. Как потом будет выходить замуж? «Да запросто, нагуляется, нае... ся, а потом подцепит хорошего парня, который будет её любить, ревновать, немного поколачивать – как раз то, что ей надо!» – Рашид.

Да-уж! Век живи и век учись.

Базовый лагерь. Сегодня все вернулись с выбросов, вечером праздничный ужин, будем петь, танцевать и веселиться. Я иду вдоль ручья, раз десять ныряю, обсыхаю на солнце, вновь иду вдоль ручья, ищу новую заводь, раздеваюсь, и по-новой, так без конца и края. Дальше долина расширяется, идут фермерские картофельные поля с кучками подсыхающего

www.bizdin.kg

картофеля. Я подхожу, разглядываю картофель. На вид он аппетитный, товарный, но мы по своей технологии варим, жарим, печём, и только после такой экспертизы покупаем.

Здесь много порченной картошки с чёрной серединой – следствие переизбытка селитры в почве. Близится сезон картошки. Будем выбирать. Уже выслали разведчиков. Вывозить будем частями, у нас всего две машины, а любителей-заказчиков – сотня.

Руслан завязал пить и это заметно пошло на пользу – заиграл румянец на обеих щеках. Свежий воздух, экочистая пища, общение с друзьями дополнили оздоровление Руслана-прелюбодея. Пару раз Мироныч брал Руслана в город по особым поручениям, «по приказу самого президента», даже какой-то игрушечный пистолетик прицепил ему на ремень для пущего страха и значения. А что за задания – Руслан толком не смог объяснить, не иначе как: «Да, Андреич, я и сам ничего не понимаю, жизнь такая бестолковая, суетимся без понту, пыль в глаза пускаем, может кто-то испугается, отстанет от нас...» Скоро Руслан уедет, ведь семейный человек, ждут семейные дела. А я вспоминаю своих детей, любимых и родных. Как Иисус хотел бы собрать всех под своё крыло, но получится ли?

– Я буду всегда тебя помнить, папа! – Последние строчки последнего письма старшей дочери, судьбу которой решали бабушка и мать, не забудешь, она будет греть, даже когда вырастит и скорей всего забудет меня, ведь внешностью она в мать, а если и сердцем –туши свет!

Тёща (первая) была очень нужным человеком в нашей семье, потому что любила своих внуков и сердцем и делом; ночами не досыпала, подменяя нас, жалея наши силы. Переживала за наши «молчанки» по недели. Жена искала своего, молча вынашивала коварные планы. Я чувствовал это, знал, что это ненормально, но рубить с плеча не хотел и не мог. Любил жену, любил детей. Однако, поговорка «первый блин комом» не далека от истины. Не ошибаются только те, кто не живёт. Конечно, хочется поменьше крови пролить или побольше соломки подстелить, но куда там. Жив пока и слава Богу. Живём и хлеб жуём.

Перечитываешь свои письма дочерям, вспоминаешь поступки, хочется сквозь землю провалиться. Есть утешение небольшое в том, что кто-то ошибается больше и ничего. Ещё большее утешение в том, что всё это закончится по любому. Прийдёт Спаситель мира и заберёт своих на брачный пир, а потом 1000-летнее царство мира и спокойствия и сатана будет связан. Но часа и дня никто не знает, а это значит, что жить надо полной грудью: работать, зарабатывать, растить детей, посадить дерево, построить или купить дом, общаться с людьми, помогать по возможности всем, себя не забывать, не опускаться. Аминь.

Базовый лагерь. У нас небольшое ЧП – грибной день закончился в больнице. Чабан принёс грибов с кошары и повариха сварила их и

www.bizdin.kg

самая первая схватилась за живот. И вот весь лагерь, как один, дружно поносит и рвёт. Медбрат Алексей даёт всем раствор марганцовки, но это не спасает положение и мы дружно всем лагерем едем в больницу. По дороге всё хуже, обильное слюноотделение, водитель теряет зрение, но успевает доехать до больницы. Медсёстры всем дают по ведру воды для промывки желудка, всё выпить, как говорится, до дна. Такие номера я и в цирке, нигде не видел. Троих из нас как самых тяжёлых поставили на капельницу. Я в числе трудных. Больница оперативно сработала – никто не умер, но за лекарства и уход каждый выложил по 800 сом. Были судороги и сумеречное состояние, однако на третий день нас выписали и в лагере мы отметили выздоровление достойно. Повариху никто не ругал, хотя расставаться с деньгами всем тяжело. Чабана этого в больнице знали. Он тоже травился грибами. В этот раз он решил не рисковать своим здоровьем – дал нам на пробу. Прости его, Господь, ибо не ведает человек, что творит. Однако, настоящий фашист, не поленился, принёс с кошары. Наверно, наблюдал. Вот жизнь, грибами травимся. Я был уверен в безопасности грибов ещё по Чон-Кемину, где перепробывал все дикорастущие грибы, включая и гриб-навозник. Жило такое мнение, что в Киргизии нет ядовитых грибов.

– А ты, Андреич, чуть не траванул отряд своим чесноком. – Напомнил мой грех Мироныч.

Мироныч был в это время в городе, когда Алексей сообщил весть по рации. Мироныч заехал за женой Стаса и попросил её захватить шансовый инструмент.

– Зачем?

– Как зачем? А закапывать мужа будешь голыми руками?

У Мироныча никогда не заканчивалось присутствие духа и чувство юмора.

Когда жена Стаса горько заплакала, он нашёл слова утешения:

– Подожди, может ещё живой.

Ведь он знал, что Стаса и Алексея пронесло в этот раз.

– Ладно, Мироныч, будем дальше жить.

– Конечно, Андреич, будем. – Улыбаясь улыбкой Ильича.

Турик 23

Базовый лагерь, картофельная баталия в разгаре, скупаем картофель мешками, грузим в машины ГАЗ-66 и отправляем в город по адресам заказчиков с нарочными-геологами.

Свою же геол. работу закончили досрочно, оставив время для картофельного бизнеса.

www.bizdin.kg

Здесь делянки по всем саям, где только есть возделываемая земля. Разведчики все геологи, но в основном Рашид и Алексей; они оценивают качество картофеля и стоимость. В Таласской области картофель хорошего качества и дешёвый – 1 сом за кило. Мешок – 40 кг – 40 сом. Они стараются найти наиболее дешёвую и качественную, им это удаётся. Мы затариваем в мешки и грузим в машины. Алексей с трубочкой не расстаётся – имидж товарища Сталина со знаменитой трубкой. Это работает. Рашид пользуется своим татарским обоянием, много улыбается, особенно если женщина-хозяйка; но сегодня Рашид и Алексей сцепились как два бродячих пса. И никто не знает от чего.

– Пошёл ты на..! Это я тебе говорю и повторяю: пошёл ты на..!

Рашид сильнее Алексея как боец (восточные виды единоборств) и физически. И он это знает, но он принял ислам, одним из канонов его является прощение своего врага.

Рашид только широко улыбается, что является его основным оружием и щитом, он знает себе цену, он многого в жизни добъётся. Но и Алексей не робкого десятка и в жизни всегда добивался без помощи родителей или друзей... Что же их подвигло на столкновение в такой острой форме? Конечно, все понимали, что надо что-то предпринять, потушить костёр на корню, иначе бой быков может затянуться и приобрести нежелательный характер... Все бросились разнимать и увещевать, но Алексей не мог остановиться, чувствуя, что Рашид сильнее и если применит свою силу и свои бойцовские навыки, то ему не сдобровать, но это знание сильнее его возмущало на грубость и ярость. Он не хотел бояться силы Рашида, не хотел слыть трусом, он хотел быть мужиком, а потому пёр как бык на красную тряпку и готов был умереть, но не сдаться. Рашид это чувствовал, видел слишком лёгкую победу, если бы поединок состоялся. Но это была бы позорная победа. Он был в форме, хорошо тренированным бойцом, поэтому драться ни под каким соусом нельзя было, но как сохранить хорошую мину при плохой игре? – вот в чём вопрос. Это понимал и Алексей и видел в чём его сила – в слабости и наглости.

Все поступили хорошо и дружно – разняли петушков. Алексей ещё некоторое время выкрикивал оскорбления, но Рашид оказался мудрее и значит сильнее – он не подался на провокацию, поступил как истинный мусульманин – харам; простил своего врага.

Алексей же на самом деле уважал Рашида за его силу воли и целеустремленность (английский язык, профессионализм, физ. подготовка и форма). Так удачно на сей раз закончилась стычка.

Вечер, я и Руслан сидим у костра, смотрим на огонь и, неторопясь, вспоминаем отдельные эпизоды, дни учёбы в институте, затем работу в проектном институте, Кара-Буру, наших проходчиков: Сашу Покочалова, Лёшку Ромасенко и молодых рабочих, буровиков, Пасху, когда Руслан обильно

www.bizdin.kg

напричавшись, пришёл мокрый и злой, еле лыко вязал, требовал его раздеть, обогреть, утешить, в отчаянии, что я был абсолютно глух и нем, сгрёб немецкую овчарку Хильду в охапку, которая жила у нас в вагончике, стал ей жаловаться на жизнь и бездушие людей, наровя поцеловать её, отчего собака визжала и пыталась вырваться из похотливых объятий Руслана...

– Вот ты, Андреич, сочинитель, барон Мюнхаузен, что-ли? Когда я собаку целовал? Ты это в своих снах увидел, борзописец, бумагомарака проклятый. Нет чтобы делом заняться, бабу бы какую-нибудь оприходывать, ты всякие байки придумываешь...

... Вот Руслан выскакивает из вагончика на снег, кидает шапку под ноги и кричит тонким голосом, закатив глаза:

– Братушки, хватит, братушки, навоевались, земля непахана стоит, бабы неё... ны кричат, ждут нас, айда домой, хватит, навоевались, доколе терпеть могём, штыки в землю, домой по хатам... – и закатывается суматошным смехом. Народ дивился. Руслан не давал спуску рабочим. Когда приходило время закрытия нарядов, Руслан по очереди вызывал, показывал наряд по проходке шурфов. Расценки на малоквалифицированный, но очень физический тяжелый труд, были ничтожны малы, поэтому Руслан жалел проходчиков, не заставлял до сантиметра, «по нулям» копать, делал приписки, но находились недовольные – мол, вот те больше получили; Руслан не церемонился:

– Что? Бунтовать? Сгною заживо как собак!

На этом как правило «аполитичные» разговоры заканчивались. Проходчикам нравилась такая форма обращения, народ видел характер и твёрдую руку. Хотя Руслан сокращал иногда дистанцию с рабочими, участвуя в общих пьянках – «они же тоже люди, пойми ты!».

– Андреич, а помнишь ты всех рабочих по очереди боксом положил на землю?

Рядом с нами слышен голос Мироныча и геологини Любы. У них свой разговор. Но Руслан посвящает меня в подробности их взамоотношений.

«Эта дура влюбилась в Марчелло Мастрояни (водителя Марченко), а он в 10-15 км от нашей базы, она уговаривает Мироныча подкинуть её туда. Она замужем, Марчелло тоже, Мироныч – парень холостой, голодный. Как этот треугольник, задачу со многими неизвестными решить?»

Руслан бросает камни в палатку, где возлежат начальник и сотрудница. Мироныч возвысил голос:

– Кто это покушается на мою бесценную жизнь?

Руслан продолжает метать камни, ругается, снова кидает камни. Наконец, Мироныч выходит к нам, садится рядом, начинаем вместе вспоминать годы учёбы, военные сборы, «фортификационные работы» в селе Васильевка, рядом с речкой, арбузы каждый день и уху...

www.bizdin.kg

– Андреич, помнишь как ты заставил одного майора сбежать с платца от позора?

Вспоминай: утренняя поверка, один прогон строем, с отдаванием чести, а когда с песней?

Майор был недоволен:

– Что вы как бараны строя не держите? Идёте как бараны! Курсантами зовётесь...

Тогда ты начал первым блеять как баран, потом другой – третий и вот весь курс настоящее стадо баранов на разные голоса и возраст, настоящее стадо баранов, беспорядочное блеющее! Этого не смог вынести товарищ майор.

На Курдае мы немного понюхали солдатской жизни – походили строем, попели батарейную, постояли на карауле в ночи холодные курдайские, подышали жёлтой сбитой тяжелыми солдатскими кирзачами пылью, побегали по утрам кроссы по 3-5 км. Но Мироныч, не в пример нам, отслужил как положено свои 2 года. Конечно, мы понюхали только, видели только хорошее, без дедовщины, которая по преданию тянется с петровских времён, если не раньше. Хотя, если вдуматься то элементы этой пресловутой «дед-ны» можно встретить и в детском садике. Обязательно встретиться какой-нибудь или какая-нибудь, которые пользуясь физической силой, ростом качают свои «права». Конечно, эти «драки» нужны в какой-то мере, особенно, мальчикам. Ну и сейчас, и в зрелом возрасте дедовщина продолжается, на любой работе, где есть начальники и подчиненные. И здесь тоже надо сопротивляться, соревноваться, но уже в другом ключе – в интеллекте и в вере в себя, в свои силы и возможности, в проверке своего характера на стойкость и вшивость.

Но мы изменились. Хорошо, если не стали мерзавцами. А так ведь легко раствориться в этом мире зла, где чёрное стало белым, а светлое выброшено как ненужный хлам.

Наша дружба остаётся с нами и навеки, аминь. Пора на покой в свою палатку, баиньки, всем спокойной ночи.

Турик 24

Базовый лагерь. Время быстро течёт, прямо бежит, на сердце грусть и беспокойство – скоро предстоит возвращаться на круги своя, в дымный город, со всем его шумом и водоворотом страстей, в свою воронью слободку. Не Бог придумал город, а человек.

Сначала для обороны от внешних врагов, затем для экономического удобства, для оседлого народа, в противовес кочевому. А в самом начале был сад, который должен был возделывать первый человек – Адам,

www.bizdin.kg

а затем и второй – Ева. Небольшое непослушание – и вот мы обречены добывать себе хлеб в поте лица, а то и с кровью. А далее лучше или хуже? Первые дети наших предков Каин и Авель чем прославились? Вроде оба работяги, не хуже, не лучше друг друга. Один на поле пахарь, другой в степи пастух. Чего не поделили? Чем закончилась братская жизнь?

Сначало хуже – Каин показал на что способен простой парень-земледелец – восстал на брата своего незашто-напрашто и убил. Всё бы ничего, может всё травой бы поросло, но кровь Каина течёт в наших жилах. Хорошо что Бог вмешался, а то всегда было только хуже, но Он придумал как лучше. И хотя стоят города, и хотя в них человек чувствует себя неуютно, но одновременно и в городах Он посеял то, что многими ценится, т о, что не даст нам погибнуть. Кровь Христа-Спасителя сильнее крови Каина.

Но для меня ещё удивительно и непостижимо так это то, что несмотря на жестокость и ещё большую дерзость Каина («разве я сторож брату моему?»), Господь не только не покарал злого и лукавого брата, но и дал ему защиту-знамение; мало того – дал благодать Каину – от его рода пошли музыканты, кузнецы и кочевники, Каин стал первым мэром первого города Енох. Может поэтому кочевники все грабители, а шоу-бизнес такой нечистоплотный? А городские агрессивней сельских?

Конечно, если из центра города (хотя бы) убрать частный транспорт, пустить экологически чистый транспорт (трамваи и троллейбусы, велорикши), то было бы значительно приятней и спокойней горожанам. Но какой бы уютный город не был, разве может сравниться с уголками природы? Его лужайками, реками и горами? Где человек свободней чувствует себя, где душа отдыхает? Даже когда непогода, дождь, снег? Но в палатке с печкой, с горячим чаем можно переждать непогоду? Частный дом, дача – никто не будет спорить, что это гораздо лучше.

Свой город изучил вдоль и поперёк не только как горожанин, который может услышать, прочитать и увидеть, но и как активный бродячий точильщик и как массажист, практикующий на дому клиента богатого и бедного. Я ногами с точильным станком за спиной обмерил город с севера на юг, с западной промзоны до восточных микрорайонов и пригородов, прошерстил-расчесал все бараки и хрущёвки, частные дома, госучреждения: проектные институты, школы, детсады, парикмахерские и швейные цеха; последние прятались в любой школе, базаре, детском садике, в каждом подвале, магазине и даже в пожарной части.

С детства я слышал крики: «Точу ножи-ножницы, топоры-топорики!» И тащил все ножи точильщику. Точильщик – мужчина преклонных лет в очках на станке с механическим ременным ножным приводом приводом. Дома у меня стояла немецкая швейная машинка «Зингер» с ножным приводом, брезент прошивала. И я пробовал освоить её, как освоил Лёша

www.bizdin.kg

Бойко, который прославился в классе тем, что всё умел делать: на уроках по трудам он смастерил табуретку, чем привёл в восторг нашего учителя по трудам, потом выточил какой-то болт на уроках по железу, он освоил ремонт магнитофонов, радиоприёмников, сам ушивал себе рубашки и джинсы, сам красил.

Теперь я ходил сначала в одиночку, потом с напарником, который бегал по подъездам, нажимал на кнопку, собирал ножи-ножницы и сносил мне вниз. Я переточил все ножи-ножницы города, не пропустил ни одного подвала, ни одной парикмахерской, ни одной кафешки, я узнал поименно всех своих конкурентов мастеров-точильщиков, я узнал город изнутри, его душу. Особенно, когда работал массажистом. Об этом отдельный разговор.

Опыт работы показал, что самые благодарные и щедрые клиенты – бедные материально люди. Самые стойкие духом – бедные.

Наш город может гордиться не своими достопримечательностями (историческими, экономическими), искусственными озерами, парками, банями, ресторанами, стадионами, школами – всё это есть в любом постсоветском городе и городке. У нас было и я уверен ещё есть немало простых порядочных и щедрых людей – учителей, швей, домохозяек, парикмахерш, кух. работников, которые не только никогда не зажимали копейку, но и норовили накормить, хотя почти все они нуждались в материальной помощи. На них держится мир!

Но мой город начинался прежде всего с моего двора, дворовых друзей, дворовых площадок, деревьев и беседок. Наш двор распологался внутри трёх пятиэтажных «хрущёвок», стоящих буквой «П» на север. У нас было три деревянных беседки, одна площадка 50 на 20 метров, по которой гоняли в футбол с утра до вечера, газоны с цветами и травой по пояс, гаражи металлические, старые карагачи, молодые берёзы, одна плодовая груша, один старый серебристый тополь, частный дом с огородом, где рос лук-пырей, швейная фабрика. Все эти перечисленные обьекты активно использовались для наших игр: казаки-разбойники, прятки, догонялки, футбол, слоник, лянга, мослы. В догонялки мы играли в беседке, вокруг неё, на её крыше. Также и гаражи успешно служили для догонялок. Особое значение играли деревья для игры в казаки-разбойники. Я выбирал деревья, по которым мог уходить от преследования, для чего заранее выбирал маршруты по деревьям, отмечая места спуска – «парашюты», то есть особые ветки, по которым я спрыгивал на землю. В то время мы все были увлечены фильмом про «тарзана», его ловким перемещеньям по деревьям. Мне почти всегда удовалось уходить от погони благодаря моим быстрым ногам. Я очень быстро бегал, меня не могли догнать и взрослые парни, не говоря уже о сверстниках. Двоюродный брат водил меня на стадион к тренеру по лёгкой атлетике, но как-то не

www.bizdin.kg

прижился этот вид спорта. На лужайках мы боролись, изучали приёмы самбо. На одной из лужаек летом месяца 2 валялись, выброшенные кем-то два тома кожно-венерических болезней с цветными и черно-белыми иллюстрациями. Там я прочитал и увидел разные стадии сифилиса и волчанки, проваленные носы, искривленные зубы, сыпь и язвы. Такая пропаганда надолго меня остановила от случайных половых общений. Как-то два патлатых, в клешах пришли к хозяину частного дома, около той лужайки с двумя томами, о чем-то громко говорили, а потом избили быстро и больно.

Состав друзей нашего двора был интернационален: кыргызы, русские, немцы, татары, евреи и корейцы.

Душой компании был Аскар. Худощавый, узкоплечий, волевой, но самое главное, с большим чувством юмора. Его фишкой было постоянное передразнивание всех и вся, но безобидное; больше всего он любил дразнить девчонок: «Витохина-аа», – гнусавя, распевая по слогам фамилию, ничего особенного, но было почему-то смешно. Девчонки бросались на него с кулаками, но Аскар, не смущаясь, отбивался, норовил при этом кого-нибудь обнять или поцеловать. Девчонки возмущались: они визжали, молотили кулаками, но нисколько не обижались. По лицам было видно, что им даже нравилась подобная наглость. Я раза два спарринговал с ним на ринге и у него были жесткие прямые, боковые удары, хотя он в то время уже активно курил (9-ый класс). И умер он от рака лёгких ещё молодым. На похороны пришло много девчонок. Многие плакали. В беседках мы активно играли в шахматы и в карты (дурака), в лото и домино, когда не было девчонок и Аскара. Иногда забегал какой-нибудь полублатной Юса, начинал рассказывать байки про свои похождения, про баб, играть полублатные песни под гитару. Одно время было повальное увлечение гитарами в более старших классах. Мой друг по школе и двору Баев Рафик весьма преуспел в освоении гитары, технике исполнения классических произведений Сеговия, Крамского. Но до этого мы долгое время с Рафиком слонялись по квадратам улиц Вишнёвая-Арбузная-Виноградная-Абрикосовая, говорили о литературных героях классических произведений: Куприна, Толстого, Чехова, Драйзера, но больше всего мы, как и положено подросткам и юношам, обсуждали и делились опытом о девочках, которые были нашими двоюродными, старшими сёстрами, о первых поцелуях и прикосновениях. Рафик от природы был физически сильным и умственно также преуспел – до 5-ого класса был круглым отличником, потом в переходный период он скатился до троек, однако с 8-го он опять пошёл в гору и по окончанию школы имел аттестат без троек, поступил на крутой и трудный физико-математический факультет, успешно закончил его и через 10 лет защитил докторскую и уехал на Запад. Не верится, что в молодые годы мы стояли

www.bizdin.kg

у забора вместе мочились, а потом мерили детородные органы и Рафа поразил меня необычно большим размером – до 20 см. Я искренне завидовал ему и предрекал большой успех у слабого пола. Рафик был более смелым в сексуальном отношении – некоторых дворовых девчонок он ловил и ощупывал их главные прелести, потом мне докладывал: у той-то нет ничего, а у той да-а! На первом курсе у него была первая трагедия в любви – его пассия предпочла ему некрасивого, но богатого. Целый год он переживал. Но в целом никто в наше время не мог похвастаться богатым сексульным опытом, успехом и многие, так называемые, специалисты-сексологи призывали начинать пораньше свой этот опыт, чтобы, якобы, брак с будущей избранницей стал прочным и счастливым. Но я узнал, что это всё туфта. Для счастья не нужен ранний сексульный опыт. Тому яркое свидетельство –«салтанатовский» красавец-ловелас Боря Арбенин с длинными волнистыми золотистыми кудрями как у Есенина, с которым мы всегда видели 2-3 девчонки, который вдруг женился рано на представительнице титульной нации, прожил в браке лет 5 и развёлся. Однако, нажил сына, который подслушал тайный разговор о том, как кинуть с квартирой его отца, а по-кыргызски он понимал. Так красавчик Борька Арбенин не стал бомжем. Он сделал ещё попытку жениться на красавице-однокласснице из параллельного класса, но вновь потерпел неудачу из-за сына, правда не его, а одноклассницы. Поэтому ранний сексуальный опыт, слава бабника, сыграла с Борькой злую шутку. Однако, эти неудачи, многолетний алкоголизм не смогли сломать неудержимое либидо Борьки Арбенина:

«Моя мечта? Быть привратником женского монастыря». Глаза при этом были чистые небесно-голубые с небольшой поволокой. В школе он особенно не выделялся в учёбе или в спорте, но имел волевой целеустремлённый характер. Он не пошёл в какой-нибудь вуз, чтобы впоследствии пристроиться рядом с шишкой-папочкой. Он выбрал свой довольно романтический путь стать лётчиком; он поступил в российское лётное училище, закончил его, стал летать. Побывал и в Афгане. А перед поступлением в училище целый год посещал аэроклуб по линии ДОССАФ и вместе со мной ходил в секцию бокса. После распада Союза я долгое время не видел его, но как-то случайно встретив его, разговорился и многое узнал о красавчике Борьке Арбенине. Он не падал духом, но очень сильно похудел, один передний выбитый зуб при аварии (как он поведал) он залепил жвачкой. Но похоже он связался с мафией, заработав, решил завязать и выйти из дела. Его бандюганы-братаны отпустили его с «миром», организовав аварию, заставив его выплатить и за ремонт машины и отдать общаковские бабки. Борька начинал с нуля, искал работу водителя. Но, видимо его болезнь (алкоголизм) отпугивала его дворовых кентов, занимающих большие посты в городе. Однако, я всё-таки увидел его на «маршрутке» на одной из улиц города, он притормозил и мы

www.bizdin.kg

перекинулись фразами. Таков Борька Арбенин – один из ярких представителей советской молодёжи 70-годов 20 века.

В наших беседках играли в домино наши отцы в белых майках, на скамейках перед подъездами сидели наши бабушки и дедушки. На асфальтовых тротуарах в классики играли наши дворовые девочки. Мы как положено, отдали дань и лянге, и мослам, и слоникам, и стрельбе из рогаток по воробьям, и кострам из листьев и веток, печёной картошке и жаренным воробьям, массовому увлечению выпечкой печенья, булочек, и лазанию по деревьям, с незабываемым запахом коры и листьев, ползанию по траве, войнушкам, футболу, метаниям камней в друг друга на расстояние 30-50 метров, пока кто-нибудь не ловил горяченького по башке и не орал на весь двор. Между собой почти никогда не дрались, но если немного горячились, то сразу мирились. Были небольшие стычки с ребятами с чужих дворов или улиц (ребята с пентагона, с лондона, с салтаната, с почтового ящика, с карпинки, с фэргэ, с парижа, лондона и шанхая). Но многих названных районов мы не знали, а только слышали. Массовых драк тоже не видели, а только слышали. Но я часто видел дворовые поединки наших старших ребят и среди них и своего двоюродного брата, который занимался лёгкой атлетикой, бегом на 100 метров. Мой брат, когда его окружило несколько крепких дворовых парней и влепили пару оплеух, довольно легко ретировался и сделал отличное ускорение, и это правильно, т. к. их было больше, так нечестно. Но его похоже так «прописывали» на своей территории. Потом они выясняли между собой, кто из них сильнее. Один из этих дурней по прозвищу «Вэга» отстреливал нас малолеток из духового самодельного ружья (стеклянная трубка диаметра 5 мм) шариками из пластелина; он жил на первом этаже в угловой квартире с сектором обстрела больше 180 градусов.

Я вёл свои дневники, в которых пытался разобраться в событиях, собирал свои фотографии и первые письма маме и от неё. Многое утерял, сжёг по глупости (мол, кому это всё нужно? Или в чьи руки попадёт?). Почему так происходит? Откуда такой вдруг депрессняк?

Один из героев моего кумира детства Лермонтова рассуждал так:

– Что ж? Умереть так умереть! Потеря для мира небольшая; да и мне порядочно уж скучно. Я – как человек зевающий на бале, который не едет спать потому, что нет его кареты.

Да, я уже знал, что умру, что все умрём, что здесь всё временно и даже бессмысленно. Период жизни у всех небольшой, а если учесть болезни, травмы, несчастные случаи, то смысл жизни ещё более принижается, сама жизнь обесценивается.

Конечно, вот эта установка на временность и краткосрочность нашего бытия с одной стороны крайне опасна – зачем жить, ведь всё равно все умрём? Отсюда и печаль. Но при этом краткость нашего бытия может

www.bizdin.kg

мобилизовать все наши жизненные ресурсы на достижение наших целей. Но вот главный вопрос – в чём, где главная цель? Это, как говорится, вопрос философский, риторический. Каждый сам выбирает себе цель, выбирает философию. Для атеиста, материалиста всё достаточно просто – прожить как можно более комфортно и счастливо, но поскольку места и времени отпущено мало, волей неволей приходится подсуетиться, при этом сделать немало «ошибок». Для атеиста существуют определенные приоритеты – конечно, прежде всего материальные. Для чего такому человеку прошлое или ломать голову о будущем – живи пока есть здоровье, на полную катушку, ломись, не глядя под ноги. Да и что такое счастье, жизнь? Всё настолько неясно и зыбко, что легко потерять всякие ориентиры и смысл.

Другое дело, если верить, что ничего не пропало, всё только начинается! Наша жизнь здесь, сейчас – это только начало великого дальнего бесконечного и самое главное счастливого пути. Нет прошлого и будущего, все сейчас и навсегда, всё существует сейчас и навечно! Но как понять вечность? Мы привыкли видеть начало и конец, прошлое и думать о завтрашнем. Мы не можем вместить этого сейчас. Но, если поверить, что существует Бог-творец, Бог любящий, Бог-Отец, который создал нас для Своего общения ни на час, а навсегда, для счастья, для благодарности, то открывается смысл жизни, появляются из надежды и веры силы.

Но все мы были атеистами в то пионерско-комсомольское время, потому что время было такое безбожное, но Бога не спрячешь, хотя, конечно, понять, вместить сходу невозможно.

Однако, независимо от вероисповедания (вера в партию, в человека или в Бога) у всех накапливается опыт жизни, всех ждут испытания, опасности, под которые соломки не постелишь. Сейчас вижу, что наш Бог не намерен смягчать удары судьбы как верующим, так и неверующим. Чтобы войти в славу Божью, должны обязательно пройти путь страданий и ударов, какие прошёл Иисус. Ох уж эти испытания! Они с детства преследуют каждого. Учимся ходить – падаем. Бегать – тем более. И сколько слёз от сбитых коленок. Дальше – больше. И так до конца земной жизни. Бог не даёт больше испытаний, чем мы можем вынести. Однако, многие ломаются, падают и не встают... Это самое печальное и непонятное. Разные бывают испытания, вот, например: «может быть, завтра я умру... и не останется на земле ни одного существа, которое бы поняло меня совершенно», – лермонт. герой. «Счастье – это, когда тебя понимают», – другой герой. Но я сейчас хорошо знаю, что немало людей для которых счастье – досыта поесть, хотя бы раз в месяц, а ещё больше становится людей к старости для которых счастье – сходить самостоятельно в туалет, а то просто спокойно поспать. Вот тогда-то действительно становится «смешно и досадно» и «скучно и грустно» неважно где ты родился, и где

www.bizdin.kg

сейчас живёшь, верующий или нет. Но эти испытания никому не нужны, без них мечтают о счастье… Но без них – никуда, тем более к Богу!

Турик 25

Лагерь. Группа наших «сотрудников» вышла из палаток пострелять в бутылки. Стас достал своё игрушечное ружьишко 16-го калибра и, заметно пошатываясь, стал палить почем зря; бутылки подлетали и падали, позорно разбиваясь о камни. Мироныч заглянул в ствол и увидел небо с кружок 16-го калибра. Небо было голубое, а ствол закопчённый; и вспомнил пригород с пшеничными полями, где он мелкой дробьё бил жирных перепелов. Это было давно и неправда. Сейчас сила не та, ушла в нерв, но привычка осталась – и Мироныч пальнул в бутылку как в копеечку и по привычке попал. На этом позорная и беспорядочная пальба закончилась. Стайка, пошатываясь, разошлась по палаткам.

Нас осталось мало, но мы в «тельняшках» дожимаем последние деньки для районо-полевого «коэффициента». Конечно, мы никуда не исчезним. Мы будем жить хорошо с коэффициентами или без них. Всегда будем радоваться, несмотря ни на что.

www.bizdin.kg

Адабий илик

АДАМ. МЕЗГИЛ. ТАГДЫР

Кыргыз адабиятында эссе жанрында жазылган чыгармалар өтө сейрек, аз кездешет десек да болот. Эссе – башка элдердин деле адабиятында деле анча көп «дүрүлдөп» өнүгүп кетпеген жанр. Анын көптөгөн себептери бар. Эң биринчи жана менимче, негизги себеби – бул жанрдын татаалдыгы, оңой-олтоң эле шыр жазыла бербестиги. Сөздүн толук маанисиндеги эссе илимийлүүлүк менен адабийлүүлүк, публицистикалуулук менен лирикалуулук сыяктуу көптөгөн жанрдык элементтердин синтезинде жазылып, жеке бир адамдын коомдук, тарыхый, өмүр баяндык окуяларга карата көз карашын, тутунган позициясын, алака-мамилесин чагылдырып, окуялардын ырааттуу өнүгүшүн көздөгөн сюжеттик-композициялык түзүлүшкө эмес, ой чабытка негизделген эркин композицияда баяндалган чыгарма. Эссе ар кыл мүнөздө жазылышы мүмкүн, айталы, өмүр баяндык, публицистикалык, философиялык, тарыхый-биографиялык, тарыхый-документалдык, илимий-популярдык сыяктуу түрлөрү кездешет. Бирок эсседе бир нерсенин болушу анык, анык эле эмес, шарт десек да болот. Ал – эссенин авторунун ар дайым алдыңкы планда болуусу, эсседе эскерүүгө алынган баяндардын баары ошол автордун жандүйнөсү аркылуу өтүшү. Албетте, эссеге коюлуучу бул негизги принципти бардык эле авторлор аткарууга милдеттүү эмес, милдеттүү

Лайли ҮКҮБАЕВА

1948-жылы Кочкор районунун Ак-Жар айылында туулган. Адабиятчы, окумуштуу, педагог. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. «Манас» университетинин түркология бөлүмүнүн башчысы, профессор. 300дөн ашуун илимий, публицистикалык макалалардын автору. КР билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер.

КР Жазуучулар жана Журналисттер союздарынын мүчөсү. Бир катар адабият таануу китептеринин автору.

www.bizdin.kg

болгон күндө да, бул – жеке чыгармачылык чеберчиликке, көптөгөн критерийлерден турган (адабий, маданий, тарыхый, тилдик ж.б.) автордун даярдыгына түздөн-түз байланыштуу процесс. Ошондуктан, адабий практикада эссе жанрында жазылган чыгармалардын багыты, көркөм-эстетикалык деңгээлдери да ар башка. Муну кыргыз адабиятындагы бул мезгилге чейин жарык көргөн ар кыл деңгээлдеги эссе чыгармалар айкын тастыктап турат. Мисалы, Т.Сыдыкбековдун «Жол», К.Жусуповдун «Ата Журт», «Ыр сабындагы өмүр» ж.б. чыгармалары.

Эгемендүүлүк мезгилде жашаганыбыздан бери да адабий процессте эссе жанрында жазылган бир топ чыгармалар жарык көрдү. Алардын айрымдарын эске алсак, Роза Айтматованын «Тарыхтын актай баракта-ры» (Б: 2007) – бул китеп орус тилинде толукталып, кайрадан «Белые страницы истории» (2009) деген ат менен жарык көрдү, О.Ибраимовдун «Испытание историей» (Размышление и эссе о судьбе Кыргызстана, 2008), К.Сыдыкованын «Ата Журтум – ардагым» жыйнагы ж.б. Албетте, адабий процесстеги жаралган, аты аталган жана аталбаган эссе чыгармалар туурасында сөзсүз кеңири иликтөөлөр жүргүзүлүшү келечекте зарыл иштерден. Кыргыз адабият таануу илиминде эссе жанрынын эволюциясын, теориялык маселелерин, азыркы күндөгү абалын илимий негизде жалпылап, концептуалдуу изилдөө иши эбак бышып жетилип, өз илимий чечилишин күтүп турган маселелерден. Бул жагдайды эске алуу – улуттук адабият таануу илимибиздин күн тартибиндеги маселе. Биз бул макалабызда кийинки мезгилдерде жарык көргөн эссе жанрында жазылган чыгармалардын фонунда өзгөчөлөнүп турган (бул биздин жеке көз карашыбыз), кыргыз эссеистикасын жаңы бир көркөм-эстетикалык деңгээлге көтөрүлүшүн шарттаган сынчы-окумуштуу К.Асаналиевдин көзү өткөндөн кийин жарыяланган «Адабий айкаш» аттуу китеби туу-ралуу азыноолак сөз кылмакчыбыз.

Белгилүү сынчы, окумуштуу, чыгаан педагог Кеңешбек Асаналиев өзүнүн «Адабий айкаш» наамындагы эскерме-баянын жазып жаткан маалында шум ажал аны арабыздан алып кетип, эскерме-баяны (автор өзү ушундай жанрдык аныктама берген экен – Л.Y.) агайдын көзү өткөндөн кийин, өзү жазган жерине чейин (дагы канчасын жазмак эле, ким билет?...) жыйнакталып, 2008-жылы китеп болуп жарык көргөн эле. Аталган эскерме-баян адам тагдыры, адабият тагдыры, заман тагдыры тууралуу мыкты стилисттин, мыкты публицисттин, реалист сүрөткердин, бийик интеллекттин өз замандаштарына, кийинки муун-урпактарга калтырган акыркы уникалдуу эмгеги болуп калды. Уникалдуу дегени-биз, буга чейинки кыргыз маданий кыртышында эскерме, мемуар, эссе түрүндөгү жазылган китептерден «Адабий айкаштын» айырмасы – мейли көркөмдүк, мейли композициялык, мейли мазмун-маңыздык жагынан болсун өзгөчөлөнүп, «асаналиевдик» гана стилде жазылгандыгы.

www.bizdin.kg

Китепте так, даана белгилегендей, автордун максаты – өзүнүн башынан өткөргөн өмүр-таржымалын ийне-жибине чейин баяндоо эмес; «... Жеке биографиямды баяндоо менин максатыма жатпайт, жашоо өмүрүмөн кандайдыр бир өрнөк, үлгү издебейм. Маселенин уңгусу, менин жашоо өмүрүм совет доорунун кыргыз жериндеги эң бир кызыктуу учуруна туура келип, ошол мезгилде эң атактуу, эң даңктуу улуу-кичүү адамдар менен замандаш болгонумда. Демек, бул саптар эң оболу менин замандаштарым, менин муундарым жөнүндөгү, арийне, жекече турмушумдун урунттуу учурларына байланыштуу жүргүзүлгөн ой толгоолор, көз караштар, жыйынтыктар» (7-б).

Эскерме-баян эссе формасында жазылышына ылайык, композициялык курулушу эркин, өмүр баяндык же болбосо кепке тарткан окуялардын хронологиясы сакталбастан, алар автордун өмүр-жашоосундагы тигил же бул урунттуу учурларга, маанилүү, масштабдуу окуяларга негизделип курулган. Ал окуялар – автордун коомдук, турмуштук конкреттүү окуялык жагдайларына байланышкан жеке таасирлери. Баяндалган окуялар сөз болуп жаткан тигил же бул маселени толук чечүү талабын көздөбөйт. Алар – эгер минтип айтуу мүмкүн болсо, К.Асаналиевдин турмуштан, мезгилден алган сабактары, чыгарган ой-тыянактары, бекем ишенимдери.

Китептин башынан аягына чейин К.Асаналиев аздектеп алып өткөн бир кызыл сызык сыяктуу өзөк линия бар. Ал – Тагдыр феномени. Турмуш-тиричиликтеги ар кыл окуя, кырдаал (кээде кокусунан болуп өткөндөй болгону менен) Тагдыр болуп, адамдын тагдырын түзүүгө, жаратууга, башка нукка бурууга себепчи болсо, Адам ошол Кудай буюрган тагдырдан (К.Асаналиев сыяктуу – Л.Ү.) өз тагдырын өжөрлүк менен жасоого жетишет, же жетишүүгө ашыгат (аттиң, жашоодо жетишпей бош калган учурлар көп тура, көрсө!) «Адабий айкаштын» биздин оюбузча, негизги философиясы мына ушул. Ушул жөнөкөй көрүнгөнү менен өтө татаал философия адам тагдыры менен, коом тагдырынын айкашында, биримдигинде баяндалат.

К.Асаналиевдин аргентиналык жазуучу Хорхе Луис Борхеске же орустун атактуу философтору Николай Бердяев ж.б. окшоп «китеп кумарына» эрте кездешпегени – ошол мезгилдеги кыргыз коомунун тарыхый-маданий, социалдык-коомдук чоң кенемтеси болгондугун, ошондуктан асаналиевдердин мууну илим-билимге кеч келип, кеч келгенде да ой жүгүртүүнүн эмпирикалык мезгилинде көпкө жашагандарын алардын муунунун эң чоң өксүгү катары эскерет. Автор М.Горькийдин «Эне» романына кокусунан кез келүүсүн (каарман ооруп жатканда эрмектесин деп энесинин сатып бергени) өзүнүн адабиятка жол салган тагдыры катары эсептешинде, албетте, символикалуу көрүнүш бар.

www.bizdin.kg

Советтик кыргыз жаштарынын алгачкыларында китепке астейдил аздек мамиле болгонун анын замандашы, кыргыз элинин сыймыгы, алп жазуучу Ч.Айтматовдон да кездештирген элек. Кудум эле дал ошонун өзүндөй китепке болгон турмуштук сезимдин К.Асаналиевдин тагдырында да болуп өткөнү көп нерседен кабар бергенсийт. «Мен үчүн ал мезгилде кандай гана китеп болбосун, анда эмне гана жазылбасын, анын баары текши, эч катасыз, эч күмөнсүз, эч өзгөрүлбөс чындыктай көрүнчү» – деп эскерет автор (15-б). Муну бир муундун бир мезгилдеги дүйнөтаанымы, кабылдоосу деп түшүнсөк туура болор. Бирок ошол бир муундун өкүлдөрүндө, айталы, бул жерде Ч.Айтматов менен К.Асаналиевде китепке карата көз караш, мамиленин өзгөрүшү эки башка кырдаалда, эки башка шартта жүрөт. Эгерде, Ч.Айтматов көп кийин, өзү жазуучулук жолду тандап алууга даярдык көрүп, китепти көп окуунун аркасында «басмадан басылып чыккан бардык эле китеп чыныгы искусство» боло бербестигин түшүнсө, К.Асаналиев китепке да түзөтүү киргизсе боло тургандыгын (айылдык география мугалиминин Н.Островскийдин «Болот кантип курчуду» романынын аталышын «Болот кантип чыңалды» деп оңдоо киргизиш керек» деген пикиринен кийин) эрте түшүнөт. К.Асаналиевдин бул майдадай көрүнгөн турмуштук деталга көңүл бурушу бекеринен эмес, ал анын аналитикалык көз карашынын кантсе да эртелеп «көз жарганынан» кабар берет.

К.Асаналиевдин мууну – согуштун балдары. Улуу Ата Мекендик согуштун оордугун жон териси менен көтөргөн муун. Согуштун каары адамзатты эсеңгиретип, согуштан аман чыгуудан башка тилек-ойду акылэске салбаганы да чындык. «Адабий айкашты» окуп жатып, К.Асаналиев да Ч.Айтматовдой согуш мезгилинде окуусун таштап, айылдык кеңешке секретарь болуп, «кара кагаз» ташып, элдин оор турмушуна аралашканына күбө болосуң. Ушундай күндөрдө «китеп кумарын» унуткан Кеңешбекке айылда убактылуу бухгалтер болуп иштеп жүргөн жаш жигит Жолдошаалынын «Фойербахты (ал философ Фейербахты ушинтип атайт) окуп, келечекте философ болууга максат коюп жүргөнү жаш Кеңешбекти ойго салат, ойго эле салмак түгүл, «күйүп-өрттөнүшүнө» себеп болот. Бул окуяга автор абдан чоң маани берип, «Мен үчүн менин тагдырымдагы өзүнчө бир козголоң баштаган бурулуш окуя десем түк аша чаппайм» деген (23-б). К.Асаналиев өмүр жашоосундагы бул окуяларды өз өмүрүндөгү кокустук эмес, «Тагдыр» экенине басым жасайт, ошондон тарта К.Асаналиевдин турмушунун максаттуу жашоосу башталганын, ал борбордогу ошол мезгилдеги жападан жалгыз кыргыз мектеп – №5те окуп, 1946-жылы Пединституттун тил жана адабият факультетинин студенти болуп, кийин аспирантурага, болгондо да «Ленинградда «Пушкинский дом» деп аталган дүйнөлүк илимдин куту» болгон жерде окуп, кандидаттык диссертациясын А.Токомбаевдин чыгармачылыгынан эмес

www.bizdin.kg

(өзү ойлоп, болжол чечип жүргөн – Л.Ү.), Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгы боюнча жазып, жактап калышынын бардыгында «Тагдырдын» катышы бар экенин белгилейт.

К.Асаналиев өзүнүн ушул жеке тагдырына байланышкан урунттуу учурларынын «динамикасын» өтө бир эргүү менен, эмоционалдуу, көркөм, таасирдүү баяндайт. Ал окуялар бир жактуу өнүкпөгөндүгүн, ар дайым карама-каршылыктуу жана татаал болгондугун да жашырбайт (аларды айрым учурда деталдарына чейин майдалап чагылдырат – Л.Ү.), өз баштан кечирген окуяларды сүрөттөө аркылуу ошол мезгил, ошол коомго, ал учурдагы (советтик доордогу – Л.Ү.) саясий-идеологиялык абалдарга сүртүмдөр берип, аларга анализ жасап, аягына чейин өзүнүн айныксыз ой корутундусун, өкүмүн (вердикт) чыгарып жүрүп олтуруп, автор бир чындыкка айныксыз келет. Өз мууну жөнүндө: «Айлана-чөйрөдө жүрүп жаткан көп маанилүү процесске турмуштук ар түркүн көрүнүшкө бир гана ишенимдин, бир гана түшүнүктүн, тагыраак айтканда, монистик көз караштын негизинде мамиле жасап калыптандык» (29-б.) – дейт. Анан дагы, «чынында адам катарында өзүнчө ойлонуу жөндөмүнөн, адамдын адамдык эң негизги касиетинен кетип, бөксөрүп бараткандыгыбызды байкаган эмеспиз», – дейт (31-б.).

«Адабий айкаштагы» кеп болгон дээрлик бардык окуялар жогорудагы пикирдин, көз караштын, позициянын негиздүү жана чындыктуу экенин тастыктайт. Совет доорунда чындыгында эле калыптанып, «кытай сепилине» айланган бир беткей ишенимге, идеологияга каршы туруп, ал турсун, бир аз эле башкача нукта өзгөчөлүү ой жүгүртүү, аракет кылып агымга каршы сүзүү – ал личность үчүн кандай болбосун драмалуу, ал тургай, кай бир учурда эң трагедиялуу финалдык чечилишке алып келгендигин К.Асаналиев жеке өзүнүн үй-бүлөлүк маселесинен тартып, адабияттык, коомдук, саясий мааниси бар масштабдуу маселелерге байланышкан кырчылдашкан курч конфликттүү кырдаалдарды сүрөттөө аркылуу өткөн доордун духун, атмосферасын бүгүнкү окурманга, бүгүнкү жаңыланган аң-сезим, акыл-эске, объективдүү позициясынан ашырбай да, кемитпей да, реалдуу берүүгө жетишкендиги, кантсе да бул автордун чыгармачылык чеберчилиги, зиректиги.

Эркин композицияда жазылган бул эссе-баянда автор окуяны баяндоонун ретроспекциялык ыкмасын кеңири колдонгон. К.Асаналиев улуттук адабиятыбыздын тарыхына, анын айрым бир көрүнүктүү өкүлдөрүнө, улуттук рухубуздун туу чокусу болгон «Манас» эпосунун тарыхый тагдырына (1952-жылдагы «Манас» эпосу боюнча конференцияга), замандаш, калемдеш адабиятчы, сынчылардын тагдыры, адам тагдыры, адабият тагдыры чечилип жаткан драмалык курч кырдаалдардагы ээлеген позицияларына, ойногон ролдоруна кайрылып, кайрадан өмүрүнүн эски барактарын ачып, эски архивин аңтарууга бул стилдик ыкма эссеистке

www.bizdin.kg

чоң мүмкүнчүлүк бергенин өзгөчө белгилешибиз керек. Студенттик кезинен адилет, чыныгы педагогдук сапаты менен урматтап, өмүр бою сыйлоосуна татыган чоң илимпоз, түрколог, улуу адам К.К.Юдахиндин «Манас» эпосунун кыскартылып түзүлгөн вариантын чыгаруудагы принципиалдуулугу, адилет-калыстыгы, жогорку квалификациялуу окумуштуу П.Н.Берковдун окумуштуу-насаатчылык устаттыгы, даанышмандыгы, Б.М. Юнусалиев менен М. Ауэзовдун «Манастын» тагдыры чечилип жаткандагы ат көтөргүс аркалаган жүгү, «30-жылдарда калыптанган нукура кыргыз интеллигенциясынын үлгүсү» Узакбай Абдукаимов менен кездешип, андан алган унутулгус өмүр сабактары, замандашы Ч.Айтматов менен чыгармачылык жолдогу алгачкы жолугушуусу, кийинки сапарлаштыгы сыяктуу ж.б. толуп жаткан окуялар «Адабий айкаштын» көркөм тулкусуна эскерүү планында кирген.

1937-жылдарда Сталиндик саясый репрессиянын масштабы Кыргызстанда кандайча өңүттө, түстө жүргөнүн Кеңешбек Асаналиев кыргыз улуттук филология илиминин алгачкы профессионалдары болушкан Т.Саманчин, Т.Байжиев, З.Бектеновдун оор тагдырлары аркылуу гана эмес, өзүнүн алгачкы студенттик ыр жыйнагынын чыгарылышына «атасы «Бондарев көтөрүлүшүнө» катышкан» деген түкшүмөл менен бут тоскон «белгисиз күчтүн» (бул белгисиз адам кийин кандидаттыгын жактоодо да тоскоол кылган экен) негизин конкреттүү фактылардын мисалында жеткиликтүү баяндаган. Автордун терең ишениминде жогорудагыдай улуу илимпоз, ак ниет адамдарды каралаган, окумуштуулук, адамдык позицияларын утурумдук кызыкчылыкка сатышкан саткын-илимпоздор Ж.Самаганов, П.Балтин, Г.Нуров, Д.Бердибековдун «саясый юридикалык жалган вердикттерин» колдоп, аларга шартты, мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берип турган – бул Бийлик институту. Ч.Айтматовдун «Чыңгыс хандын ак булуту» повестиндеги Таңсыкбаевдерге жазуучу айткандай, «заманың өзү таңсык» болуп турган эмеспи... Бийликтин саясий конъюнктурасынын кыныгын алгандар «учурду» өз жеке керт башынын, жеке ийгиликтеринин кепили катары көрүшүп, башкаларга ушул чен-өлчөмдөн, позициядан, көз караштан мамиле жасашкан чыгармачыл эгоисттер катары «Адабий айкашта» ортосаар жазуучу, бир катар сыйлыктарды алууга жетишкен Ш.Бейшеналиев, алгачкы акын, учурунда өзүн адабият корифейи катары сезген А.Токомбаевдин бейнелерине кыйла эле мүнөздүү сүртүмдөрдү берүүгө жетишкен. Адам тагдыры чечилип жатканда (бул жерде сөз конкрет К.Асаналиев жөнүндө – Л.Ү.) калыс, чечкиндүү позицияны ээлеп, айтчу сөздү айтууга кудурети жете бербеген, К.Асаналиевди сыйлап-урматтап жүргөн жана К.Асаналиевдин да өз мезгилинде симпатиясында болгон Т.Сыдыкбековдун да пендечилик жүзү «Адабий айкашта» өтө кылдат ачылып берилген.

www.bizdin.kg

Биз макаланын баш жагында эссе жанрында анын авторунун ар дайым алдыңкы планда болуусу шарт деген пикирди билдирдик. «Адабий айкашта» эскермесинин кайсы бөлүмүн албайлы, анда кеп болгон бардык маселелердин чордонунда автордун өзү – К.Асаналиев турат.

Маселени асаналиевдик түшүнүү, асаналиевдик көз караш, пикир, позиция, көрүнүштү баалоонун асаналиевдик критерийлери ж.б. – «Адабий айкаштагы» өзгөчө көңүл буруп окуй турган, ой жүгүртө турган орчун нерселер. Албетте, эссе жанрынын табиятында автордук субъективдүүлүк дайым боло турганы табигый мыйзамченемдүү көрүнүш экенин көңүлгө тутушубуз керек. Бирок автор өз оюн, көз караш, пикирин канчалык деңгээлде ынанымдуу бере алды – бул дагы өтө маанилүү. «Адабий айкашты» жогорудагы позициянын призмасынан карасак, анда биздин пикирибизче, субъективдүүлүккө караганда, объективдүүлүктүн тараза ташы оорураак, салмактуу экени баамдалат. Эсседе оор басырыктуу, салмактуу ой-жүйөлөр, агынан жарылган чындык, мамлекеттик, улуттук масштабдагы маселелерге чын дилден, таза жүрөктөн күйгөн атуулдук жоопкерчилик, болгон, өткөн эле нерселер боюнча ой калчоо, тыянак чыгаруу эле эмес, айрым бир олуттуу маселелердин келечекте туура жолго коюлушуна, түздөлүшүнө, оңолушуна багыт берген, жол көрсөткөн компотенттүү, адамдын, окумуштуунун нары профессионал ойлору, акылнасааттары орун алган. Азыр эми Кеңешбек агайдын көзү өтүп кеткенин эстесек, алар К.Асаналиевдин кийинки илимпоз, чыгармачыл муундарга, дегеле адамзатка калтырып кеткен керээзи катары да кабыл алынат. Бул ойлордун эң олуттуусу катары мен «Манас» эпосунун академиялык басылышына карата автордун ойлорун, сын-пикирлерин белгилер элем. Чындыгында да, бүгүнкү күндө кыргыз эпикалык поэзиясынын туу чокусу болгон «Манас» эпосунун эң жогорку талаптарга туура келе турган «академиялык» деген басылмага жооп берген варианттарын чыгарып, элдик кенчке айландыруу – кечиктирилгис милдет.

Дагы бир маселе, чыныгы искусство үчүн искусствводогу, анын ичинде көркөм адабияттагы алешемдикке, көз боёмочулукка жол бербөө, бөгөт болуу. Искусствону көрпенделик «соодалашууга» алмаштырып, анын ашмалтайын чыгарбоо. Мындай пикир-тыянактарды К.Асаналиев Молдо Кылыч, К.Тыныстанов, А.Токомбаев, У.Абдукаимов, Ш.Бейшеналиевдердин чыгармачылыктары, «Манас» эпосуна байланыштуу өткөн 1952-жылдагы илимий конференциянын жүрүшү, кыргыз адабий сынынын оң-терс көрүнүштөрү ж.б. толуп жаткан маселелерге байланыштуу чыгарат. Ар кыл маселенин объективдүү жана субъективдүү каралышында мезгилдин, Бийликтин эң чоң маниге ээ экенин, эң зор роль ойной тургандыгын автор ар кыл ишке байланыштуу, ар бир инсанга байланыштуу конкреттүү фактылык материалдарга таянып жазган. Личность канчалык күчтүү болбосун, канчалык өз позициясында бекем

www.bizdin.kg

турбасын, мезгилдин бороону шартка карабастан бир уруп кетиши, белин мертинтип коюшу да мүмкүн экендигин реалдуу абалда сүрөттөп, «Адабий айкашта» башкалардын тагдырынын мисалында эле эмес, К.Асаналиев өз керт башынын мисалында да таасын чагылдырып берген. Бир гана мисалга кайрылайын.

«1960-жылдары Молдо Кылыч менен Касым Тыныстановдун адабий мурасы жөнүндө Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинин жаңы, мурдагыдан да катуу, репрессивдүү токтому кабыл алынган эле» (167-б.) – деп жазат К.Асаналиев. Ага ушул токтомду Академиянын Түркология бөлүмүндө талкууланышында доклад жасоого туура келет. «Ошондо олуя болуп кетсем да, токтомдогу жол-жоболордун, көрсөтмөлөрдүн биринин да чегинен чыгып, өзүмчө ойлоого, өзүмчө иштөөгө эч кандай акым жок, мен муну жакшы билгем» (168-б.) – дейт. Бул кырдаал К.Асаналиев үчүн өтө татаал, курч кырдаал болгон. Курчтугу ушунда: «Токтомдун» «тамгасын» бузбай доклад жасоо менен өзү урматтаган чоң окумуштуулар К.К.Юдахин, Б.М.Юнусалиев ж.б. менен душмандашууга өтмөк, жасабаса, КП БК тарабынан катуу жазаланмак. Бул ошол кезде жомоктогу «Оң жакка барсаң – атың өлөт, сол жакка барсаң – өзүң өлөсүң» дегендей эле кырдаал болгон. К.Асаналиевге шартка ыңгайлашууга туура келген, анткени ал кезде КГБда ал жөнүндө «досье» толтура болуп, «шиши толуп» калганынан кабары бар эле. Бул тууралуу автор кийин эссесинде: «Молдо Кылыч жөнүндө өз оюмду, аздектеген идеямды айталбай» «Токтомдун» тамгасында кор болуп, ошого ыкташып, көрсөтмөлөрүнөн чыга албаганыма өкүндүм. Бирок «ыкташуудан» башка менде айла бар беле» (168-б.) – дейт. Анан дагы досторунун анын ошол кездеги абалына жасаган адамгерчиликсиз мамилелерине эмес: «Мен башкага ызаланып-корунуп жаттым, өз ишенимимди, өз чындыгымды айталбайм, жасалма-жалган сөздөрдүн кесепетинен саясий-конформисттин деңгээлине түшүп калганыма күйүп-бышып жаттым» (169-б.) – деп баяндаган. Албетте, бул пикирди К.Асаналиевдин актануусу же, т.а., акчылануусу катарында кабыл алгандар да жок эместир, аны мен олуялык кылып айта албайм, бирок К.Асаналиев кыргыз адабиятчыларынан, сынчыларынан биринчилерден болуп кийин эгемендүүлүктүн шарапаты менен Молдо Кылычка «күн тийгенде» анын «Казалдар» (1990) жыйнагына «Башат» деген ат менен жазган баш сөзүндө агайдын тээ 60-жылдары Молдо Кылычтын чыгармачылыгы боюнча айта албай калган «өз ишенимин», «өз чындыгын» айтканы окурманды ынандырарына бөркүмдөй ишенем. Чындыгында да Молдо Кылычтын чыгармачылыгынын, чыгармаларынын феноменалдык поэтикалык түсүн Тазабек Саманчинден кийинки окурман журтчулугуна жогорку профессионалдык деңгээлде ачып берген К.Асаналиев болду.

www.bizdin.kg

«Адабий айкаш» туурасындагы азыноолак пикирибизди жыйынтыктап жатып, анын эгемендүүлүктөн берки адабияттагы жашоосу адабий процессибиздеги өзгөчө окуя экенин баса белгилемекчибиз. Автор эссесинде өзү айткандай, бир муундун, замандаштарынын совет доорундагы учурун эле чагылдырбастан, ал аркылуу Адам, Мезгил, Тагдыр маселесин ажырагыс бирдикте карап, ал боюнча турмуштук-философиялык тыянактарды чыгарып, кийинки муундарга эбегейсиз зор нравалык сабактарды калтыргандыгы менен да бул эссе чыгарма өтө баалуу демекчибиз.

www.bizdin.kg

Балдарга базарлык

БААРЫН БИЛГИМ КЕЛЕТ

(Сандан санга)

Лабиринт сыры, Минотавр чыры

Лабиринтти билесиңерби? Байтак заманда, байыркы Грекияда алтымыш бакса чоң коргон курулуптур. Андай бакса коргон Египетте да болгон. Эсиңердеби, пирамидалар, андагы фараондордун сөөгү жаткан жайлар. Арийне Грекиядагы коргон алардан да татаал, катаал сыяктанат: чоң, кичине залдары, ачык, жабык бөлмөлөрү ушунчалык көп экен, аны санайм дегендер санактан бат эле адашып калчу дешет. Анын үстүнө коридор, галереялары да кыйма-чийме, быты-чыты курулуптур. Бир сөз менен айтканда, ал бакса коргонго баш баккандар кайра жол таап сыртка чыга алчу эмес. Аны «лабиринт» деп аташыптыр. Ошентип кийин биздин заманда «лабиринт» деген сөз «татаал», «чатышкан» деген түшүнүктү да билдирип калды.

Аны мындай таштап, лабиринт алгач эмне максат менен курулганынан баштасак, өткөндө токтогон кеп учугун улайбыз. Мурда айтпадык беле, кудайлардын эмири Зевс келишимдүү керемет букачар болуп кубулуп, айдай сулуу Европаны азгырып-жазгырып үстүнө мингизип, өзү туулуп-өскөн Крит аралына ала качып аял кылып алды, андан үч балалуу болду деп.

Балдарынын аты Минос, Радамант, Сарпедонт экен. Үчөөнүн ичинен Минос күчкө толуп, күр болуп чоңоюптур. Ошондуктан дөгүрсүгөн Крит дөөлөтүн ордо калаа Кноссто туруп Минос башкарган дешет. Башкарганда да өлкөнүн байманасын ашынтып, акыл-оюн ташынтып башкарыптыр. Анын үстүнө атасы Зевстин амири жардам берип атты да!

Ошентип, күндөрдүн бир күндөрүндө Минос жаза басып, жаңылып алат, ошону менен өмүр бою арылбас азапка калат. Көк ирим деңиз кудайы Посейдон деңиз кудуретине курмандыкка чал деп, ага алыбеттүү ак бука берет.

www.bizdin.kg

Ак бука Миноско аябай жагып калгандыктан, аны короосуна калтырып, башка буканы соёт. Аны билип калган Посейдондун жаалы келип, каары кайнайт да, Миностун аялы – Пасифия төрөр баланын тулку боюн адам, башын бука кылып жаратып салат. Ошентип адам денелүү, бука баштуу Минотавр жер үстүнө келет. Келгени курусун, бүт дүйнөнү буй кылган каардуу, заардуу чыгат, кишинин этин жемейин кулку толбойт. Адам дейин десе, адам эмес, айбан дейин десе, айбан эмес, тириде жок желмогуз баласынын айынан Миностун эл караган бети жер карайт. Антип аштай төрөлгөн абийирин жаап, киши жегич желмогуздан өз элин оолак кылуу үчүн жанагы алтымыш бакса ак коргонду куруп, ичине Минотаврды камайт. Ага кирген жан кайра жол таап чыгалбайт дебедикпи, Минотавр да чыгалбайт, артынан күн сайын киргизген жандыктарын жеп жашай берет.

Ал мезгилде Грекиянын колтугунда Афины деген мамлекет болгон. Өгүнү кеп кылбадык беле, ал учурда ар бир шаар айланасы менен өзүнчө мамлекет боло турган. Гректер аны «полис» деп койчу. Ошол Афиныда ар жылы аябагандай чоң оюн-зоок өтүп, мелдеште жеңгендер байгеге маручу экен. Ошол мелдештин бирине Миностун уулу Андроген катышып, афиндиктердикин баш көтөртпөй жеңет. Анын ызасына ууккан афин падышасы Эгей мелдеште алгыр куштай ээликкен Андрогендин көзүн тазалоого буйрук берет. Ошентип Андроген афиндиктердин колунан өлөт.

Аны уккан Минос афиндерди алты айланып чабат. Калкына кызыл кыргын, сары сүргүн салат. Эси кеткен Эгей кан ичкич Минотаврга ар жыл сайын жети келишкен сулуу кыз, алыбети ашкан жети боз улан курмандыкка чалып турайын, уулуңдун куну ушу болсун деп Миностун ачуусун араң дегенде басат.

Андай кандуу салыкка афиндиктер эки жыл араң чыдайт. Үчүнчү жылы чоң атасынын колунда чоңойгон Эгейдин уулу Тесей Афиныга келип, каргашалуу кандуу салыктын жайын угуп, төбө чачы тик турат. Ал ары ойлонуп, бери ойлонуп, крит элин да кыйноого салбай, падыша Минос менен да кандыбулоон касташпай, Минотаврдын көзүн тазалоону чечет.

Ал Минотаврга кезектеги жем болууга бараткан уландарга кошулуп, кара парусу керилген кемеге түшүп, Критке бет алат. Кетерде Тесей атасына: «Эгер жеңиш менен кайтсам, кемеге ак парус керип келем, кара парус көрүнсө, өлдү деп бил» – деп эскертет.

Өлүм же өмүрдүн экөөнүн бирөөнө баш байлаган Тесейди Криттен Миностун кызы Ариадна сүйүп калат. Ал атасынан жашырып Тесейдин колуна ач албарс кылыч, анан чоң түймөк жип карматат. Ач албарс кылыч Минотаврга ушунун гана мизи өтөт дегени, чоң түймөк жип бергени бир учун лабиринттин кире беришине байлап, бир учу менен жолду адашпай таап келсин дегени. Тесей ошентет. Жиптин бир учун лабиринттин кире беришине байлайт дагы түрмөктү чубап жүрүп олтурат. Акыры Минотаврды өлтүрүп, Ариаднанын жибин сыдырып, сыртка алты саны аман чыгат.

www.bizdin.kg

Кыргызда «караңыдан көз тапкан, капилеттен сөз тапкан» деген накыл айтылат. Акылман, амалкөй, ак таңдай чечен кишилерди ошентип коёт. Анын сыңары ошондой татаал иштердин тамырын кармап, тагдырын чечер маселени «Ариаднанын жиби» аташат.

Арийне, Ариадна менен Тесейдин ойлогон ою, көксөгөн тилеги ишке ашпайт. Анткени кудайлар туулганда эле Ариаднанын башын Дониске байлап коюптур. Дионисти билсеңер керек, мөмө-чөмө, жүзүмзар жана жүзүмчүлөрдүн кудайы, шарап суудай аккан шаан-шөкөт, майрам, той ошонун амири менен аткарылат. Кудайлар кылса, кубарыңдын акысы барбы, ошентип Ариадна Дионистин аялы болуп калат.

Ал аз келгенсип, Тесейдин тагдыры да тегиз түшпөйт. Эсиңердеби, атасына «Минотаврды жеңсем, кемеме ак парус тагып келем» дебеди беле. Ошентип атасы Эгей асканын үстүнөн деңиз жолун карап, уулун зарыга күтөт. Айдан ай айланып, жылдарды жылоолойт. Бир күнү караса, көгөргөн деңиз үстүнөн кара парус көтөргөн кеме көрүнөт. «Аа, балам көркоо Минотаврга жем болгон экен» – деп, аскадан боюн таштап өлөт. Көрсө, Тесей парусту алмаштырганды унутуп коюптур. Ошентип ал деңиз Эгей деңизи аталып калат. Азыр да Эгей деңизи делинет.

Манаста деле: «Көбү төгүн, көбү чын, Көпчүлүктүн көөнү үчүн» – деп айтылат эмеспи. Байыркы калктар ошентип жомокту чындыктай, чындыкты жомоктой кылып бизге, ушул күнгө жеткирди. Демек, мунун кайсынысы апыртма, кайсынысы акыйкат дээрсиң.

Эсеби маселен, Тесей деген болгон адам, сөөгү Афинынын дал борборуна коюлган дешет. Андыктан Тесейдин Криттен жеңиши менен кайтканына байланыштуу ар жыл сайын Грекиянын борборуна майрам өтөт, Тесейдин урматына улан-кыздар бардык көчөлөрдү гүлчамбарга бөлөйт.

А Минотавр деген жарымы адам, жарымы бука желмогузчу? Ой, ошондой кантип болсун, ал жомок да деш оңой, арийне...

Өткөн кылымдын башында, 1900-жылы англис окумуштуу-археологу Артур Эванс атактуу Кносс шаарынын изин табам деп, Крит аралдарын отуз жыл аңтара казат да, акыл айраң калгандай табылгага туш болот.

Эки жарым гектардан ашуун аянтты ээлеп жаткан курулуш жердин жети катмарынан табылат. Түзүлүшү кудум биз жогоруда кеп кылган алтымыш бакса ак коргондой: эбегейсиз көп залдары, бөлмөлөрү, жашыруун-жабык жолдору, кыйма-чийме далистери бар. «Муну айтылуу Минос курган, кийин «Лабиринт» деген ат менен тарыхта калган ак коргондон башка бирдеме деп айтуу кыйын» деген жыйынтыкка келет окумуштуу.

Ошентип табылганын артынан табылга пайда болот. Мына, дубалга оюп тартылган сүрөт: бука башын жерге салып бууракандап качырып келе жатат, колоң чачы желге жайылган кыз мүйүзүндө эбелектей

www.bizdin.kg

илинип жүрөт. Дагы бир ошондой сүрөт, бирок бу саам мүйүзүндө жапжаш улан, көчүк жагында согончогун саал-паал көтөрүп, колдорун алдыга сунган аял...

Ак коргондун бети буга окшогон сүрөттөргө толо экен. Бул эмне? Ошол учурдагы Криттеги спорт оюндарынын түрүбү? Спорт болсо бууракандап ачуусу келип жер челген буканын курч мүйүздөрүнө адам өмүрүн сайып ойнойбу. Жок, мындай «оюнга» колго түшкөн кулдар гана салынышы мүмкүн маанисинде корутундулайт окумуштуу. Балким «жети башсыз» желмогуз Минотавр, «барса-келбес» Лабиринт уламышынан улам бука менен кармашкан гладиатор оюну чыккандыр?

Даярдаган **Алым ТОКТОМУШЕВ**

www.bizdin.kg

Балдарга базарлык

ТАБЫШМАКТАР

1. Узун, узун, уз келет
Узун бойлуу кыз келет.
Касабасы калкылдап
Бүткөн бою жаркылдап.

(Ачын сүйү)

2. Муун, муун, муунчак
Муун ала түйүнчөк.
Сегиз кыздын энеси
Селкилдеген келинчек.

(Камыш)

3. Узун, узун, умарым
Учундагы жыпарым.
Кара шаар каркыным
Кашындагы жаркыным.

(Жеже, бөө, кыжын)

4. Табышмак, табышмак
Тай көчүккө жабышмак.
Көлөкөсүн көрүшмөк
Көрүп туруп өбүшмөк.

(Кыжыкан)

5. Эмил, эмил, эмилден
Кактаганы темирден.
Шаарда бир иши бар
Жаккан оту көмүрдөн.

(Үстөкана)



Бозум АЛЫШБАЕВ

1932-жылы Ысык-Көлдүн Отуз-Уул айылында туулган. Кесиби боюнча биолог. Биология илимдеринин кандидаты, доцент, профессор. «Кыргыздын этно-экологиясынан жоро», «Элдик уламыштардан эскерме», «Айылдык мектептерде жаратылышты коргоо», «Жашыл өсүмдүк керемет» ж.б. илимий-популярдуу китептердин автору. Бишкек шаарында жашайт.

www.bizdin.kg

Балдар адабияты

КЫЙЫН СУРОО

Нурлан шаарда өскөн, апасын «мама», атасын «папа» дейт. Мамасы кичинекей Нурланга орусча сөздөрдүн кыргызча аталышын билип алышы үчүн дайыма үйрөтөт. Мисалы:

– Молокону кыргызча сүт, нанды хлеб – дейт, уй – корова, баран – кой, билип алдыңбы? – дейт.

Анда Нурлан:

– Билип алдым, – деп компоёт.

– Кана, билип алсаң кайталап айтып берчи? – дейт мамасы. Нурлан жаңылбай айтып берет. Мамасы мактап калат:

– Азаматсың, ушинтип үйрөнө бергин, билбегениңди сурасаң айтып берем.

Нурлан дароо суроо берди:

– Мама, айтып бериңизчи, мама, папа дегендин орусчасын кантип айтат? – Мамасы эмне деп айтарын билбей мукактанып туруп калды. Себеби бул кыйын суроо эле.

Чындыкты айтты

Мамасы Нурланга айтты:

– Нурлан, эсиңде болсун, калп айтпай жүр, калп айтып үйрөнүп калсаң чоңойгондо калпычы болуп каласың, – деди. – Чын сүйлөп үйрөнгүн. Мисалы: барды бар дегин, жокту жок дегин, көргөндү көрдүм дегин, көрбөгөндү көрбөдүм дегин, билдиңби.



Абдылда КАРАСАРТОВ

1937-жылы Кытай Эл Республикасынын Кулжа шаарында туулган. 1958-жылы Шинжаң институтунун тарых-география факультетин бүтүп, Шинжаң пединститутуна чектелген.

«Мончок», «Баканын ыры», «Кереметтүү чабак», «Табышмак», «Светофор», «Ырлар жана табышмактар» ж.б. китептери жарык көргөн. Уйгур жана кыргыз тилдеринде жазат. Айрым чыгармалары башка тилдерге которулуп чыккан. Бишкек шаарында жашайт.

www.bizdin.kg

– Билдим, – деп жооп берди Нурлан.

Эртеси эртең менен коңшусу сүт сурап келди.

– Түндө музоо энесин ээмп алыптыр, уйду сааганым жок, – деди мамасы. Нурлан бул сөздү угуп турган эле анан ал:

– Мама, кечээ сиз калп айтпа, көргөндү көрдүм деп айткын дебедиңиз беле, мен муздаткычта сүт бар экенин көрдүм, – деп айгак боло кетти.

Атам тоого кетти

Рамазандын атасы күнүгө жумуштан келген соң, кечинде жомок айтып берет. Бүгүн да Рамазан атасынын жомок айтып берүүсүн зарыгып күттү. Бирок атасы кечикти. Ошондо апасы:

– Рамазан, уктагын, уктаар маалдан өтүп кетти, – деди.

– Жатпаймын, атамды күтөм, жомок угуп, анан жатамын, – деди.

Атасы болсо кеч келди.

– Рамазан, уктабай эле отурасыңбы? – деп сурады ал.

– Жомок айтып бериңиз, жомок уккум келип жатат, – деди. Атасы:

– Жомогум түгөнүп калды, эртең тетиги тоого чыгам, ал тоодо жомокчу ата бар, ал мага жомок айтып берет, аны мен сага айтып беремин, макулбу, – деди.

Рамазан макул дегенсип башын ийкеди.

– Анда эмесе жат, – деди атасы.

Рамазан жатты.

– Көзүңдү жум. – Көзүн жуумп уктап калды.

Эртең менен атасы жумушка кетти. Энеси уй саап, үй оокаттары менен алектене баштады. Бир маалда Рамазан ойгонуп, эшикке чыкты. Ушул маалда коңшу абышка короого кирип келип, Рамазандан сурай баштады:

– Атаң үйдөбү?

– Тоого кетти.

– Тоого эмнеге кетти?

– Тоодо жомокчу ата бар, атам ошол жомокчу атанын жомогун укканы кетти, – деди. Абышка эмне деп айтарын билбей аң-таң болду да Рамазандын эмне деп жаткандыгын түшүнө албай, мыйыгынан күлүп коюп, басып кетти.

Жаталак менен Шаталак

Илгери, илгери эки бала болуптур. Биринин аты Жаталак, биринин аты Шаталак экен. Алардын аты кандай болсо өздөрү да атына ылайык балдар эле. Жаталактын энеси:

www.bizdin.kg

– Жаталак, күн чыкты, тур, – десе:

– Чарчап жатам, – дечү экен.

Түш маал болгондо энеси дагы:

– Эй, Жаталак, тургун, түш болду, – десе:

– Чарчап жатам, – деп койчу.

Анан кеч болгондо:

– Эй, Жаталак, тур кеч кирди, эми тамак жегин, турбасаң тамак калбай калат – десе:

– Мейли калбаса калбай калсын, чарчап жатамын, – дечү экен.

Шаталак болсо такыр бети-колун жуучу эмес.

Энеси ага:

– Бар, бети-колуңду жууп келгин, жуунбасаң тамак жебейсиң, – десе, Шаталак:

– Мейли, жебей эле койдум, убара болуп жуунуп, тамак жегенден көрө ачка жүргөнүм жакшы, – дечү.

Ошентип, Жаталак менен Шаталак тамак жесе жеп, жебесе бырылдап уктай беришчү экен.

Бир күнү Шаталак Жаталактын үйүнө келсе Жаталак алма бактын түбүндө эки колун жазданып, көктү тиктеп жаткан экен. Шаталак да аны туурап эки колун жазданып, көктү тиктеп жата калат.

Аңгыча анын көзүнө бутактагы чай чыныдай болгон бир алма урунат. Ошондо Жаталак:

– Тигил алма бышса, сабагынан үзүлүп оозума түшсө, аны кармабай эле жеп алсам, – дептир. Анда Жаталак:

– Ушул сөздү чарчабай кантип айтып жатасың, – деген экен.

А мүмкүн азыр Жаталак менен Шаталактай балдар дагы эле бар чыгаар?

Табышмактуу жооп

Төрт-беш жаштагы балдар ойноп жатышкан. Жолдон өтүп бара жаткан бир кишиге алар салам беришти.

– Атсалоом алейкум!

– Алекиматсалам, салам берген жакшы балдар турбайсыңарбы, атыңар ким? – деп сурады.

– Менин атым – Нурлан.

– Менин атым – Сергей.

– Менин атым – Дилшат, – деп үчөө өз аттарын айтып беришти.

– Кана Нурлан, сөздү сенден баштайын: – Кыргызсыңбы?

– Жок, Нурланмын.

– Нурлан экениңди билемин, анда казаксыңбы?

www.bizdin.kg

– Жок, Нурланмын.

– Уйгурсуңбу?

– Жок, Нурланмын, – жаңкы киши бир аз ойлонуп турду да Сергейден сурай баштады.

– Сергей, сен айтчы, оруссуңбу?

– Жок, мен Сергеймин, – жаңкы киши суроосун Дилшатка берди.

– Дилшат сен айтчы, кыргызсыңбы?

– Жок, Дилшатмын. – Балдардын бул жоопторуна таң калган киши дагы суроо узатты:

– Же кыргыз, же орус, же уйгур болбосоңор анда силер кимсиңер?

Бардыгы тең бирдей жооп беришти.

– Биз балдарбыз. – Табышмактуу бул жоопту уккан соң ал киши өз жолун улантты. Жолду ката өз ичинен: «Балдардын ата-энелери эгерде бирөөлөр улутуңарды сураса мен баламын деп айткыла» – деп үйрөтүп коюшканбы деген ойдо кетип баратты.

Биримдик

Бир көчөдө эки улак, бир күчүк жашайт. Эки улак көчөгө ойноп чыкканда, күчүк күчүктүгүн кылып, тиштегиси келет. Бирок улак экөө болгондуктан батынып тийише албайт. Бир күнү эки улак сүзүшө кетип, биринин эти аябай ооруп калат. Ал чыдабай энесине даттанып ыйлады. Энеси:

– Сага эмне болду, эмнеге ыйлап жатасың? – деп сурады.

– Тигил улак мени сүздү, этим ооруп калды.

Энеси:

– Бири-бириң менен сүзүшпөй тынч ойнобойсуңарбы, ал сүзгөндө сен сүзбөй тим эле туруп бердиңби? Сенде да бар, андан көрө ынтымактуу ойногула, ал келгенде мен айтайын, бар, ойной бергин, – деди энеси.

Ал, мен ойнобойм деп баш тартты. Мейлиң деди ага энеси. Сүзөнөк улак көчөдө өзү жалгыз ойной баштады. Анын жалгыздап ойноп калганын сезген күчүк, сүзөнөк улакты кубалап, шыйрагынан тиштеп алды. Ал ыйлап, энесине даттанып барды.

– Көчөдө жалгыз ойноп жүрсөм, күчүк мени кубалап, шыйрагымдан тиштеп алды.

– Өзүң жалгыз белең?

– Ооба.

– Эмне үчүн экөөң чогуу ойногон жоксуңар?

– Ал мага таарынып, мени менен ойнобой койду.

– Демек, ынтымагыңар жок болсо күчүк силерди дайыма тиштей берет, эгер экөөң биримдикте болсоңор ал силерге даап келе албайт.

www.bizdin.kg

Ошондуктан сен тигил улактан кечирим сурап, мындан кийин сүзбөймүн дегин, – деди.

Ошентип, ал кечирим сурап, урушпай, жакшы ойной башташты. Күчүк болсо ал экөөнүн биримдикке келгенин сезип тийбес болуп калды. Көрсө, биримдиктин күчү зор тура.

Кут

Мирландын атасы жыгач уста. Өткөн жылы атасына уя жасатып, огороддун арт жагындагы чоң бакка уяны мык менен кадап койгон. Ал уяга кара чыйырчык уялап, балапан чыгарып, аларды темир канат кылып учурган. Быйыл апрелдин баш жагында Мирлан өзү жасаган уяга жаңылап жумшак жүн салып коюуну ойлоп бакка чыкты. Уядагы чөп-чарларды жерге ыргытып, өзү ала чыккан жүндү төшөдү. Жерге түшүп, өзү ыргыткан чөп-чарды тазалап жатып жылтыраган бир нерсени көрдү. Бул кереметтүү нерсе күнгө чагылышаары менен ого бетер нур чачып жалтырады. Мирлан бул кереметтин эмне экенин биле албай атасына алып келип көрсөттү. Атасы колуна алып, мындай нерсени илгери эч көрбөгөндүгүн жана ал жөн нерсе эмес экендигин сезип:

– Бул кут, – деп жооп берди. Мирландын атасы ушул уяны жасардан мурда карызга батып, көп кыйынчылык тартканын, анан уяны жасагандан кийин карыздарынан кутулуп, күндөн-күнгө турмушу оңоло баштаганын эстеди. Көрсө, бул окуя мындай болгон экен:

Кара чыйырчык суунун жээгинде жем издеп жүрүп нары жактан онтолоп:

– Эй, кара чыйырчык, мага жардам берчи? – деген үндү угат. Үн чыккан жакты караса бир чабак жерде оозун ачып жаткан экен. Көрсө, чоң толкун аны жээкке чыгарып таштаптыр. Кара чыйырчык чабактын куйругунан тиштеп, сууга ыргытат.

Күндөр өтүп, дагы бир жолу көлдүн жээгинде кара чыйырчык оттоп жүргөн эле, нары жактан дагы үн угулат. Үн чыккан тарапты караса баягы эле чабак экен, ал:

– Бери кел, сен мага жакшылык кылып өлүмдөн куткарып калган элең, жакшылыгың үчүн бул белекти алгын, – дейт.

Чыйырчык караса, бир жалтыраган нерсе, ал айтат:

– Мунуңду эмне кылам, же жегенге жарабаса, – дейт.

Чабак:

– Сен билесиңби, бул өтө кымбат баалуу асыл таш, сейрек жолугуучу бул ташка ээ болгон адам, аябагандай байлыкка ээ болот. Сен бул ташты бир кишиге берчү болсоң, укум-тукумуңду жем менен камсыз кылуу

www.bizdin.kg

милдетин мойнуна алат, – деди. Бул сөздү уккан кара чыйырчык аябай сүйүндү. Асыл ташты тиштеп келип уяга салып койду.

Түн ичинде Мирлан тапкан асыл таш жаркырап, үйдүн ичин жарык кылып турду. Мирландын атасы дагы бир канча уя жасап Мирланга:

– Ме, бул уяларды классташтарыңа бергин, алар бактардын бийик жерлерине орнотуп койсун, үйлөрүнө кут кирет, – деди. Ошентип, бул айылда канаттуулар көбөйө баштады.

www.bizdin.kg

Адабият жаңылыктары

Э.Турсунов менен Д.Жалгасынованын жаңы китеби

Узун элдин учуна жакшы белгилүү жазуучу, акын, котормочу Эрнис Турсунов менен атагы атпай журтка аттын кашкасындай таанымал ырчы Дарика Жалгасынова авторлошуп «Триумф жана трагедия» аттуу китеп чыгарышты. Китеп кыргыз искусствосунун таланттуу чыгаандарынын орошон эмгектери менен катар өмүр урунттары, учурунда заман саясатынан улам айтылбай калган жабык жактарын ачык айтат. Алардын журтчулукту кызыктыргандан да чоң зарылдык экени айныксыз.

Китептин бет ачары 13-июнь күнү Бишкектеги Опера жана балет театрынын малахит залында өкмөт мүчөлөрүнүн, искусство жана адабият чөйрөсүнүн көрүнүктүү өкүлдөрүнүн, китепте жазылган инсандардын жакындарынын катышуусунда болуп өттү. Маданият жана туризм министринин орун басары, акын Кожогелди Култегин бул китепти чоң эмгек жана өз убагында жазылган китеп катары жогору бааласа, китептин башкы демөөрчүсү Аскар Салымбеков мындай «энциклопедиялык» деңгээлдеги китепти кантип колдобой коё албаганы, каражат бөлүп калганы туурасында айтып берди.

Китептин авторлору анын жазылышы жана себептери, андагы инсандар, алардын өмүрүндөгү жарык жана көмүскө жактары тууралуу кенен баяндама беришип, демөөрчүгө, китепти жогорку сапатта басып чыгарган «Турар» басмасына жана жакшы пикир айткан катышуучуларга ыраазычылык билдиришти.

Китеп чыгаруу көбөйдү

Китеп палатасынын билдирүүсү боюнча Кыргызстанда 2011-жылы 1 миллион 705 миң нускадагы 1070 китеп жарык көргөн. Кеп, эл аралык

www.bizdin.kg

номуру (ISBN) бар, палатага атайын нускалары тапшырылган китептер тууралууболуп жатат. «Самопалдарынын» албетте эсеби белгисиз.

Салыштырмалуу: 2010-жылы 820 миң нускада 800 китеп, 2009-жылы 99 миң нускадагы 820 китеп жарык көргөн.

Көрүнүп тургандай, 2011-жылы наркы жылга салыштырмалуу китеп чыгаруу 233%ды түзгөн. Мындай кескин өсүүнүн себеби: апрель революциясынан кийинки элдин саясы рухий жана социалдык активдүүлүгүнүн күчөөсү, Кыргызстандын китеп тармагынын өкүлдөрү менен жолугушуудан соң экс-президент Р.Отунбаеванын Өкмөткө берген көрсөтмөлөрү өз таасирин тийгизген, о.э. мектептерге окуу куралдарынын эки эсеге көбөйтүлүшү.

Жазуучулар Бирикмеси түзүлөбү?

Үстүдөгү жылдын август айында Бишкекте өтүүчү түрк тилдүү мамлекеттердин маданият министрлеринин жолугушуусунда КР маданият министри И.Жунусов жазуучулардын жана киночулардын бирикмесин (альянсын) түзүү маселесин көтөрөт. Бул туурасында анын Түрк кызматташтыгы кеңешинин башкы директору Халил Акынджы менен жолугушуусундагы макулдашуусунан кийин белгилүү болгондугун министрликтин басма сөз кызматы билдирди. Х.Акынджы министрдин пикирин угуп Кеңештин негизги багыты да чыгармачылык, маданий кызматташуу, бул багытта бирдиктүү телеканал уюштуруу экендигин жана колдоорун билдирген.

«Зындан» чакырат

Окурман журтчулугуна турмуштук чыгармалары, чыгыштын жаркын таланттарынын котормолору, Тажикстан адабиятынын жана ал мамлекетте жашап жатышкан кыргыз кандаштарыбыз тууралуу мыкты чыгармалары, котормолору жана публицистикасы аркылуу жакшы таанымал Мирзохалим Каримов быйылкы 60 жылдыгына куру келбей «Зындан» аттуу китебин чыгарып, окурмандарына сунуш кылды. Китеп «Махабаттан ок жегендерге» деген кошумча аталышта 17 басма табак (270 бет) көлөмүндө «Турар» басмасынан жарык көрдү. Чыгарманын башталышы менен журналыбыз окурмандарыбызга тааныштырган эле. Эми айрым кошумча, толуктоо, өзгөртүүлөр менен мыкты жасалгаланган китеп болду. Азыркы, адашуусу көп турмуш, акча үстөмдүгү, армандуу махабат, жан-дүйнөсү таза бийкечтин оомал-төкмөл тагдыры сыяктуу

www.bizdin.kg

чалкеш учурдун таасын чагылдырылышы автор тарабынан таасын көрсөтүлөт.

Алгачкы күндөрдөн тартып эле китепке суроо-талаптардын түшө баштаганы анын өз окурмандарын таап, көңүлдөрүнөн терең орун алгандыгы чыгарманын заманбаптыгын ырастай баштады. Китепке кызыккандар журналга кайрылышса, авторун да, китебин да таап берүүгө даяр.

«Азият»

«Арча – 2011» конкурсубуздун поэзия боюнча жеңүүчүсү Сергей Степанов (адабий аты С.Арбенин) конкурсубузга сунуштаган «Азият» китебин жарыкка чыгарды. Бул 19,25 басма табак (614 бет) китебине акындын 2005–2011-жылдары жазган ырлары чогултулган.

«Арчанын» аркасы менен элге таанылып, жаңы китебим чыгып чоң канат-кубат байлап турамын» – дейт автор.

Китеп 500 нуска менен «Турар» басмасынан чыгып, китеп дүкөндөрүнө чыгарылды.

www.bizdin.kg

Сатира жана юмор

ПАРОДИЯЛАР

Таштемир САПАРОВ

Негедир бардыгын жеңсем да,
Эңсөөнү эмнеге жеңбеймин?
Мелтиреп үн-сөзсүз муңайым,
Мен сенсиз какшыган чөлдөймүн.

Бактыма нур чачкан жарыгын,
Башканы мынча не көрбөймүн?
Мейли ким, кандай деп айтса да,
Мен сени эч кимге бербеймин.

«Мен сени эч кимге бербеймин»,
Б.ЧОТУРОВА

Күндө келип турса дагы иштегим,
Жалкоолукту мен эмнеге жеңбеймин?
Ташты талкан кылам десем, жумуш жок,
Мен эмнеге уктап жата бербеймин?
Жумушум жок болсо дагы сүйүктүүм,
Башкаларга сени такыр бербеймин.

Күндө сени көрөм десем, пулум жок,
Кедейликти мен эмнеге жеңбеймин.
Көп ойлонуп, түндө дагы уйку жок,
Кыялданып, бай болууну эңсеймин.
Кедей болсом, бай болсом да баары бир,
Башкаларга сени такыр бербеймин.

Маңдайыма жазганы го дебестен,
Мен эмнеге бул тагдырды жеңбеймин?
Тагдыр мага сени гана жазыптыр,
Сени алып качууну да эңсеймин.

www.bizdin.kg

Атаң көнбөй, мылтык мээлеп турса да,
Башкаларга сени такыр бербеймин.

* * *

Жүрчү жаным, бул жерден кетеличи,
Махабаттын дайрасын кечеличи.
Өткөн-кеткен капалык унутулуп,
Жетпей турган максаттарга жетеличи.

«Бул жерден кетеличи»,
Абдрашит УРБАЕВ

Жакпай калды, бул жерден кетеличи,
Жакшы жайга тезирээк жетеличи.
Жайлоо бекен, көл бекен жетип алып,
Күнгө күйүп, көл суусун кечеличи.

Уялбагын сүйүктүүм, уялбачы,
Башты көтөр сүйүктүүм, башты көтөр.
Көңүл ачып, биз жазсак черибизди,
Аз го деймин жыргаган, бизден өтөр.

Жүрчү жаным, эми эс алалычы,
Кучакташып, бир жыргап алалычы.
Көңүлдөгү кусалык, бүт арманды,
Түк жолобос кылып кууп салалычы.

* * *

Оо, достор, ушул күнү төрөлгөнүм,
Бапестеп ак бешикке бөлөнгөнүм.
Бул күнү ата-энем, туугандарым,
Күбөсү болгон жакшы жөрөлгөнүн.

«Туулган күнүм»,
Айбек КАРЫМОВ

Достор, бүгүн силерге бир суроо бар,
Туулган күнүмдү билер кимиңер бар?
Кырк жыл мурун ушул күнү төрөлгөмүн
Куттуктоочу, белек берер кимиңер бар?

www.bizdin.kg

Ыйлап, түшсө бөбөктөр апасынан,
Түк ыйлабай түшүпмүн таңга жакын.
Таңыркаган кемпирлер мени көрүп,
Болот дептир бул бала ырчы, акын.

Анан апам ак бешикке бөлөгөн,
Киндик кескен кемпирге да төлөгөн.
Өз ордумду турмуштан тапкычакты,
Ата-энем, ага-тууган бүт жөлөгөн.

Жашап жатам эч кимден артта калбай,
Кыйналдым деп, жүгүмдү арта салбай.
Иштегеним: ырдаймын, ыр да жазам,
Көзү ачык кемпирдин айтканындай.

* * *

Окуучу күндөрүмдө,
Уктабай окуучу элем.
Акындык өнөр барын,
Ал кезде билбептирмин.

«Зуура Сооронбаевга»,
Бактыгүл СЕЙТБЕКОВА

Балакай кездеримде,
Аябай көп ойнодум.
Эртели-кеч ойносом да,
Оюнга эч тойбодум.

Секелек кездеримде,
Секирип жүргөнүмдө,
Ыр жазуу эске келбейт,
Каткырып күлгөнүмдө.

Окуучу кездеримде,
Талантым сезгенимде,
Ыр жазып койбойт белем
Оюндан безгенимде.

Студент кездеримде,
Уктабай окуп жүрдүм.

www.bizdin.kg

Акындык өнөр барын,
Бир билип, билбей жүрдүм.

* * *

Жазгым келет жакшы ойлорду, ак тилек
Каным дүргүйт, тоодо жүргөн көчкүдөй.

«Жийдегүл жана сен»,
Кубанычбек АДАМАЛИЕВ

Жазам десем жакшы ойду мен сага,
Денем кызып, дүүлүгөмүн айгырдай.
Жакшы тилек жазгым келсе мен сага,
Жазып коём капаланбай, кайгырбай.

Жакшы сөздү айткым келсе кокустан,
Жаным калбай жүгүрөмүн мен сага.
Жакшы сөздү жазып сага жөнөтсөм,
Жүгүрүп сен келериң чын сен мага.

Жакшы кабар айткым келсе шашамын,
Жаман болсо, айтпай сөзсүз качамын.
Беттен өпсөң жакшы кабар укканда,
Белек алып, бүт акчамды чачамын.

Суук кабар мени дайым чочутат,
Ылдый түшүп келе жаткан көчкүдөй.
Өмүр бою эсте калат ал кабар,
Жеңил-желпи сөз эмес ал, өчкүдөй.

* * *

Жайлоодо өсүп турган мөл булактай
Кудайым узун өмүр берсин дагы.

«Апаке»,
Нургул ЭСЕНКАНОВА

Жайлоодо булак өстүргөн
Нургүл деген бор кыз бар.
Кантип өсөт булак – деп,
Таң калган сага көп кыз бар.

www.bizdin.kg

Ырымдан кынтык табат – деп,
Таарынаарсың сен мага.
Сууда балык өстүрсөң
Таарынбаймын мен сага!

* * *

Аромат жыты аңкып жазда ачылган
Өзүң сулуу, жалбырагың жашылдан

«Сирень гүлү»
Улан КАРЫПБЕК уулу

Которалбай жазыпсың «аромат» – деп,
«Жыпар жыттуу» дегенди айт, азамат – деп!
Сирениңди которалбайм мен дагы
Которгонду айтмакмын, азамат – деп!

Атың чыкпайт «аромат» деп жазгандан
Ыр кудугун күрөк менен казгандан.
Барктуу болот кыргызчалап жазгандар
Майнап чыгат, он ойлонуп жазгандан.

www.bizdin.kg

Адабият жаңылыктары

«Жаңы Ала-Тоо» 3 жашта!

Бул жылдар аралыгында байманалуу кыргыз адабиятына журналыбыз олуттуу салымын кошо алды деп айтууга толук татыктуу. Анткени, журтчулугубуздун адабият жаатындагы көзгө басар жалгыз басылмасы катары 3 жылдагы 36 айда эч үзгүлтүксүз ай сайын чыгып келип, мына эми, төртүнчү жашынын алгачкы 37-санын жарыкка чыгарып олтурат. Бул, кийинки он жылдан ашуун мезгил аралыгындагы абыройлуу адабий «Ала-Тоо» журналы чыкпай калган өлкөбүздөгү экономикалык, саясый жана рухий оор мезгилде кыргыз адабиятынын очогун өчүрбөй калуусу, өнүктүрүүгө өтүүсү адабият жаатындагы чоң окуя эмей эмне?!

Артка кылчая карасак, үч жыл ичинде 400дөн ашуун кыргыз жана чет өлкөлүк авторлордун 500дөн ашуун чыгармалары жарык көрүптүр. Дээрлик көпчүлүгү жаңы жазылгандар. Эгерде «Жаңы Ала-Тоо» чыкпаганда мынча авторлор ушунчалык көп сандагы чыгармаларын кайда жарыялашмак да, окурман журту кайдан, кантип адабий суусунун кандыра алышмак? Не деген көркөм, жаңы, эзели эскирбес мурдагы, эл-жерибиз тууралуутарыхий, илимий чыгармалар, публицистикалар, эскерүүлөр, балдар адабияты, мектеп окуучулары менен ЖОЖдордун студенттерине кошумча адабияттар д.у.с. журналыбызда жарык көрдү.

Журналыбыздын «Арча» адабий сыйлыгы эки жылдан бери өткөрүлүп, 50дөн ашык таланттуу авторлорго жалпы көлөмү 500 миң сомдук сыйлыктар тапшырылды. Мына, журналыбыздын эли-журтуна аткарып жаткан алпейим иши, кыргыз адабиятына кылып жаткан кызматы деп сыймыктанар ишибиз.

Кудай кут кылсын, бар бол, «Жаңы Ала-Тоо», дагы да жаңыра бер! Журналды уюштуруп, кыргыз адабиятын тынбай сүрөөнгө алып келаткан «Турар» басмасына бали!

www.bizdin.kg

Т.Сыдыкбековдун мааракеси

Май айында кыргыз адабиятында опол тоодой орду бар жазуучубуз, коомдук ишмер Түгөлбай Сыдыкбековдун 100 жылдыгын белгилөө боюнча бир катар иш-чаралар болуп өттү.

Кыргыз Республикасынын баатыры, СССР Мамлекеттик сыйлыгынын ээси, Кыргыз Эл жазуучусу Т.Сыдыкбековдун жашаган үйүнө эстелик такта орнотулду. Ал салтанатка вице-премьер-министр Гүлнара Асымбекова баштаган бийликтин, коомчулуктун өкүлдөрү катышты. Ошол эле күнү Ж.Баласагын атындагы КУУда илимий-практикалык конференция», Улуттук китепканада «Кыргыз адабиятынын патриархы, улуу калемгер, XX кылымдын Бакайы» аттуу китеп көргөзмөсү болуп өттү. Эртеси К.Баялинов атындагы балдар китепканасында залкар жазуучубуздун өмүр жолуна, чыгармачылыгына байланыштуу жыйын адабият, маданият өкүлдөрүнүн катышуусунда өткөрүлдү.

К.Байбосуновдун жаңычыл китеби

Илимпоз Карыбек Байбосуновдун «Единое. Сознание. Творчество. Духовные параллели физической эволюции мира» аттуу көлөмдүү, жаңы ой нугундагы китеби жакында «Турар» басмасынан жарык көрдү. 500дөй бетке жакын эмгек 150дөй илимий булактардын, жекече иликтөөлөрдүн негизинде жазылган.

«Китепте ойжүгүртүүнүн катылып жаткан сырлары, адам эволюциясынын жаңы багыт-усулдарын көрүү, дүйнөтааным кубулушу башка ыңгайдан каралат.

Биз кайда бара жатабыз? Алдыда кандай окуялар күтүп жатат? Апокалипсис деген эмне? 2012-жылдан кийин эмне болобуз? Жер саярасынын толкун эрежеси (вибрация) тез жыштыкка өтүп кетсе, бүгүнкү темп менен ойлонуу эмнеге алып барат? Башка галактикага же Галактиканын эле ичиндеги башка саярага көчүп кете алабызбы? Же андай муктаждык болбойбу? Экологиялык бүтүндүктү ой жүгүртүү касиети менен сактап калууга болоор бекен? Акыл-эс менен Жаратмандык Теңиртүпкө кандайча жалганат?

Ушул сыяктуу суроолорго жоопту биз чен-өлчөм касиетиндеги ойлом багытын туура тандоо жолу менен гана ала алабыз. Китебимде ушул багыттагы ой-иликтөөлөрүм камтылды», – дейт автор.

www.bizdin.kg

Айыл жыттанган китеп

Таластын Көк-Сай айылында жарык дүйнөгө келген Айтбай Данияровдун «Көздөн учкан «көк жээк» аттуу жыйнак-китеби (13,625 басма табак) жарыкка чыкты. Андагы проза жана ырларынын дээрлик баары айыл жыттанып, кыргыз баласын кусалантып турат. Бул, азыркы тапта таңсык тема болуп баратканы менен жакшы жышаана. Чыгармалардын баасын сынчылар менен калбаат жазуучулар, анан окурмандар беришер. Китеп болсо аларга сунушталды. Бул, анын «Кыргыз санжырасынан» кийинки экинчи китеби.

«Учкашпа, учкашкан соң түшө качпа» дегендей орто жашка келип, адабият дүйнөсүнө аралашып калган соң калемимди эми таштабай, доор менен доордун кагылышын чагылдырган «бир нерсемди» жазып жатамын, аны да буюрса «Турар» басмасынан чыгарамын – дейт А.Данияров.

«Дружба народов» журналы көчөдө калды...бы?

Бизде эле экен десе Россияда деле адабиятты жерий баштаган экен. Атактуу, кезинде залкар Ч.Айтматовду көтөрүп чыгып, ал өзү кайра аны жетектеп, далай чыгаан калемгерлердин дүйнөлүк адабиятка көтөрүлүүсүнө босого болуп келген «Дружба народов» журналы имаратсыз, көрүнгөн ижарада жүрүптүр. Эми МСПСте (Международное сообщество писательских союзов – мурдагы СССР жазуучулар союзунун мураскору) баш батырып жүргөн жеринен алар да ресторанга берчүбүз деп кубалап жатышкан экен. Журнал колдоо сурап бардык бийлик бутактарына кайрылып, майнап чыкпай айласы куруганда жалпы КМШ коомчулугуна, биздин журналга да кайрылган экен, колдообузду көрсөттүк. Учу-кыйыры жок, кең Россияга бир журналдын башы батпай калат деген эмне?! Адабиятты, акыл-сөздү жерисе жаман болот дечү эле...

www.bizdin.kg

Поэзия

Абдил ШЕРМАТОВ

?????

7-апрель

Жулунган көп «Элдик бийлик жеңди» – деп,
Эл болсо али эс жыялек эңгиреп.
Окко учту канча кыргыз жигити,
Хандан, бектен кайра тартпас эр жүрөк.

Ойлошкон жок мансапты же олжону,
Жек көрүүсүн билдиришти болгону.
Бийликти анан таштандыдай талашты,
Саясаттын сардарлары, бомждору.

Күчөп көчө саясаты өкүмү,
Болуп алды өлгөндөрдүн өкүлү.
Берендер ай! Ушул арсыз күн үчүн,
Жааган окко тостуң беле төшүңү?

Чыр чыгарса албуут топтор жыйылып,
Бүшүркөйсүң жүрөк оозго тыгылып.
Ыймансыздар! Бирин бири укпаган.
Аккан жашты тыя албаймын сыгылып.

* * *

Кооптонуу күчөп жүрөк бүшүркөп,
Сөз азайып мамиледе үтүр көп.
Биз экөөбүз даракка окшоп кетебиз,
Көктөй албай тургансыган бүчүрлөп.

Жат адамдай улам сууп арабыз,
Түнттүк бийлеп түшүнүшпөй барабыз.

www.bizdin.kg

Сепил сымал сестендирет кыялың,
Душманмынбы, сен экинчи карагыс?..

Кокус ооруп калса сенин бир жериң,
Ошол түнү кыйын кирпик ирмерим.
Далбас уруп жанды коёр жер таппай,
Тарып кетет, тарып кетет дүйнө күн.

Жаш улгайган сайын өмүр болот морт,
Демиң тыңшайм улам туруп сороктоп.
Калган күндүн канча бизге кереги,
Анын баарын таарынычка коротсок.

* * *

Көздөрүң ай, шамдай күйгөн балбылдап,
Көргөн сайын көшүлөмүн жан жыргап.
Ак никелүү алтын шакек колуңда,
Өпкө-боорум чаба албадым калбырлап.

Бирок азоо эңсөөлөрдүн кумары,
Улуп-уңшуйт ач карышкыр сыңары.
Жан дүйнөмдө арзуу гимни жаңырып,
Көктөйт көрктүү үмүттөрдүн чынары.

Көмөкөйдөн ширин сөздөр агылып,
Айталбаймын – урматтаган жан улук.
Сага деген сансыз түмөн сезимдер,
Ичте турат дубанадай ак уруп.

Ак ника ыйык, айтышты аны сан кылым,
Бузбаш керек жараткандын жарлыгын.
Бирок такыр алгым келбейт мойнума,
Кең дүйнөнүн шакек сымал тардыгын.

Эне тил

Бешик ыр угуп жок болуп санаа,
«Апа» деп айтар код болуп мага,

www.bizdin.kg

Канча доор өтпү жоголгон жоксуң,
Тарыхым түгөл топтолуп сага.

Текебер жандар токушуп токтом,
Калксынтат бизди эмитен тозгон.
Ордолуу журтту болот дейт тилсиз,
Божомол айтып мезгилден озгон.

Баардык эл, чыны, ааламга конок,
Олуясынат акылы чолок.
Өркүндөп жатса өлкөлүү кыргыз,
Жок болот деген жөн эле жомок.

Башкалар үчүн, балким, биз сырбыз,
Байыркы элбиз майтаргыс, сынгыс.
Тентибей чогул! Кезгиң келди,
Тарыхта айтар сөз камда, кыргыз.

Тост

Алым ТОКТОМУШЕВге

Жаз келди жарк деп өлбөгөн жанга,
Жадырап жаша өмүрүң барда.
Көңүлдөр бүгүн бир көктөп алсын,
Толтура куюп кесеңди карма.

Алалы, көтөр, калтырбай бүтүн,
Күн чубак күткөн бомждор үчүн.
Таштанды жактан көздөрү өтүп,
Каректер муңдуу, көөдөндөр түтүн.

Бийлик да алсыз, эл дагы бейбаш,
Каякта Манас, каякта Бейбарс.
Ичели бүгүн унутта калсын,
Жүдөгөн маанай, кунарсыз пейзаж.

Азайып барат жайдары жүздөр,
Ажайып асман – көк деңиз түспөл,

www.bizdin.kg

Астында анын тытышып, тырчып,
Көксөйбүз мансап, аңдыйбыз үстөл.

Чуулдайт андан бейкапар балдар,
Демдери от, күч, көздөрдө шам бар.
Жаз күнү сымал жылытат жанды,
Эртеңки үмүт, эртеңки таңдар.

Оңдонуп эми кесеңди карма,
Ошолор үчүн алалы анда.
Тирүүбүз бүгүн тирүүлүк үчүн,
Жаз келет акыр өлбөгөн жанга.

Эски жара

Сүйүүмдү камап чыгарбай тышка мерт кылып,
Атыңды такыр унутмай болдум шерт кылып.
А бирок сиңип калыпсың каны-жаныма,
Ойлогон сайын жалбырттайт ичтен өрт чыгып.

Ошондон бери ой басты мени күнү-түн,
Алоолойт өчпөй сен берген сүйүү бир үзүм.
Жол жогун сага жон терим менен сезсем да,
Өзүңдү самап үзүлбөй койду үмүтүм.

Унута албай коңгуроо доош үнду мен,
Уктабайм кээде желпинтип каным дүргүгөн.
Үшкүрүк күчөйт урунган жээкке толкундай,
Бул жакта менин, ал жакта сенин үй-бүлөң...

Таякем Эсенбайга

Мен дидарын көрбөй калдым апамын,
Мээримине бөлөнбөдүм атанын.
Тирүүлүктө боло берет мындайлар,
Бирок, таяке, бир нерсеге капамын.

Жети бөрү жээн боло албай тайраңдар,
Же бир бизде күн болбоду сайрандаар.

www.bizdin.kg

Таякелер чилдей тарап кетиптир,
Менде бүгүн ат көтөргүс арман бар.

Жээниңдин жүлүн өрттөр арманы,
Бирге укпадык булбул үнүн таңдагы.
Маңдай-тескей чеке тердеп чай ичип,
Бир жебедик тептең бөлүп алманы.

Өкүнүчтө өттү жапжаш жылдарым,
Сени эстесем сыздап кетчү бир жаным
Элдер айтса акылыма сыйчу эмес,
Көрсө сени өлтүрүптүр тууганың.

Беш жыл ажал тосуп сени жолуңан,
Аман келип канкор душман огунан.
Үйгө жетпей болгону он беш чакырым,
Өлүптүрсүң ач көз тууган колунан.

Бир боорум деп бир табактан аш ичкен.
Тууганыңа жан дүйнөңү ачып кең
Турсаң түртүп жүргөн поезд алдына,
Ал кара бет ашып түшкөн фашисттен.

Алкын бузуп сенин буюм-тайымың,
Тынды өлтүрүп. Болсочу бир айыбың
Ичи арам бир шумшуктун айынан,
Көрбөй калдың бул дүйнөнүн жарыгын.

Тууган деген аттын ыйык экенин,
Кайдан билсин арсыз, бетсиз безериң
Андай көркоо жарым кесим нан үчүн,
Кайра тартпайт саткандан өз мекенин.

Өткөн өттү. Милдет жашоо уламай,
Бирок кээде күйүп кетем чыдабай
Таякеден, уялаштан, ападан,
Эмне мени кем кылды экен, кудай, ай!

Уксам атың бир айылга көрк экен,
Мырза жигит болуптурсуң көрсө сен.
Атаганат, урпагымда кийинки,
Эр көкүрөк Эсенбайлар болсо экен.

www.bizdin.kg

Курусунчу ушул жашоо иленди,
Өмүр кызык, өзгөрөлү биз энди.
Түгөнбөс бир жомок айтчы угайын,
Жаш баладай жаздык кылып тизеңди.

Бул турмуштун жыргалын да азабын,
Бирге жашап, бирге көргөн адамым.
Кабагыңды ачып бери карачы,
Ичкиликтен чыны абдан тажадым.

Бир тоголок жаш үзүлсө көзүңдөн,
Астын-үстүн болот дүйнөм көз ирмем.
Аяп сени ичтен сыздап отурган,
Жийиркенип кетем өзүм-өзүмдөн.

Билем, жаным, темирдей бек чыдамың,
Оома-төкмө, оргу-баргы кыялым.
Ичип алсам өпкөм көөп казандай,
Бүт ааламды чарк айланып чыгамын.

Мен итчилик кылбайм ичип алганда,
Көтөрбөймүн үйдү чууга, жаңжалга...
Бирок өлүп-тирилемин эртеси,
Көздөрүңдү көрүп толгон арманга.

Сени элдей сүлкүлдөтүп күтө албай,
Же асмандан жерге эртелеп түшө албай.
Дүйнө-мүлккө маарытпадым өзүңдү,
Тээ илгерки жомогумду бүтө албай.

Мен эпчилдик элегинде эленип...
Байый албай калдым элге теңелип.
Карабачы мени жемелегендей,
Калбайт баары курсак менен ченелип.

Курусунчу ушул жашоо иленди,
Өмүр улап жомогуңду угайын,
Жаш баладай жаздык кылып тизеңди.

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Проза

ЖАЛГЫЗ ЭРЭЭН

(Новелла)

Шайымбек АПЫЛОВ

Бу да эскерме эмес белем. Эми элесим кош сызык темир жолдо дүңгүрөгөн сан дөңгөлөк от арабам болуп, дагы эле сапар чегип, зымырай берем. Же ал элесим учкул учактай, дагы эле зуулай берем. Кыялымда кыйыр да кошо зымырайт, оюмда закым да мени коштой мелмилдеп агыла берет...

Дагы эле баягы – күндүзү дүр-дүйнө айланган, түнү от көлү жайнаган калдайган зор калаага кез келе берем. Тили буруу жаатында бу калааны мегаполис-борбор дейт.

Элеттик кырчын өмүрүм ушу чен-ченемсиз зор калаага туш келген белем. Окуш үчүн байыр таап, сүрөтчүлүк көркөм өнөрдүн ургаалдуу жаатына туш болдум да, канча жыл үйрөнчүк болуп, чарпылып жүрөм. Көркөм көрүнүштүн купуя сырын билсем деп, жан-дилим менен каныксам деп, ары-бери урунуп жүргөн чагым эле. Ким мага таяныч болор деп, кудайым дем бере көр деп, кудуретине тооп этип, түнү уйкудан безип жүрдүм...

Кечээ эле тоо койнунан суурулуп, эл толкуп агылган, дуулдаган кымкуут калың жамаатка аралашканымды абайы албай, көзүм ымыр-чымыр болуп, күр дарыяга түшкөн чамындадай калкылдап кете берем. Ошентип, эки-үч

www.bizdin.kg

жыл окуучулук вазыйпам, мени менен кошо чуркап, безилдеп, арып-ачып, жыгылып-туруп, көзүмдөн кайым болгондой чу койгон белем. Дүркүрөгөн көчөдөн көчө кыдырып, «мезгил мерчеми деген ушу тура, көз ачып-жумгуча, кечээки күнүм куйрук карматпай кетти го» дейм. Ой токтотуп, тим отурушка чама-чаркым жетпес дейм. Кыл калем кармап, ар түркүн боёк менен кайсы көрүнүштү кантип сүрөткө тартаарды билип да билбей, жан алакетке түшө берем. Негедир мени бир жакшылык жышаан күтүп тургандай ой-боюм дүрбөгөндөн дүрбөйт. Улам дегдеп, ашыгам да, улам шашылам...

Дагы күн кечтеп, сүрөт окуу жайынан чуркап чыгам. Көчөдөн көчө кууп келе берем. Кээде жөө, кээде автобуска түшөм. Жатаканага жеткиче, зуулдаган калың кыймыл менен кошо жарышам. Калаанын от көлү жыбырап агылат. Жарк-журк эте жарык миң кубулуп чачырайт. Кызыл, көк шоола, көзүмө бачырап учкун тийгендей чарт-чурт жанат. Ак шоола чачыраган бийик-бийик терезелер мени шыкаалай карашат. Куду ак аскадай, асмандаган чокудай көрүнгөн ак сарай имараттар, ак мунара мекемелер узата-узата тизилип, алда кайда каалгып бараткансыйт.

Мына, дагы да түн кирип, калаа калкы жумуштан тараган кез болсо керек. Жамыраган калың жамаатка аралашып, мен эсколатор менен метрого кирип, электропоезд менен зуулап барып, эскалатор менен кайра көчөгө чыгам. Алда кайдан келип-кетип жаткан жүргүнчүлөр менен түртүшө, сыгылыша, кысылыша, жөөлөшө кетип, бара турган багытымды көздөй жөңкүй берем.

Электропоезддер, троллейбустар, автобустар жарыша уу-дуу болуп, бири келип, бири кетип, эл жайпай чыга келсе, бир жааты күргүчтөп туш-тушка чачырайт.

Күндөлүк сан-санатым ушу – жатаканага келерим менен керебетиме бой уруп, чалкамдан түшөм. Ошондо чарчап-чаалыкканымды бир билем. Чырм этип, куш уйку көзүмдү чырмап, бир аз көшүп кетсем керек. Оюма кылт эте калат: бүгүнкү кезметимби же келеси күнүмбү, баары бир, тирүүлүктө пендени тыбыратып койгон тура дечү ата-энем.

Жатаканыбыздын бир бурчунда сүрөткер өнөрканабыз бар: Отура турган үстөл, жата турган эски керебетибиз да бар. Ким кам көргөнүн ким билсин – эски-уску жабуу менен жабылган. Ар бир сүрөткер-окуучу ушу жерден жай табат. Мен да ыңталуу дилгир элем. Ийниме илчү жан баштыгымдан боёк, кыл калемдеримди үстөлгө кынаптап коём. Жамбаштап жатып колумду жаагыма таяп, ойлоно кетсем керек. Кээде ээ-жаа бербей арсар ой-санаага термелем. Кирип-чыгып жаткан сүрөтчүлөргө да көңүл бурбайм. Алар да мен сымал үйрөнчүк талапкерлер.

Караңгылык уюп, канча убакыт өттү, билбей калам. Мончоктун көзүндөй электр жарыгы жылтырайт. Сүрөт тартууга такыр дарман жоктой, шалдырап отура берген окшойм. Бир маалда мен үргүлөп, көзүм

www.bizdin.kg

илинип кеткен белем. Кулагым тунуп, зың-зың этип, мени эликтеп ээрчиткен бир элеске ээрчий кетем.

... Кайра жүрөм деп эки жагымды айлана карайм. Түн каракчысы карайып, асман толо сан жылдыз жымындайт. Аңгыча, түнкү сыдырым жел жортуп, чий арасы шуу-шуу этет.

«Бу эмнеси дейм. Эми эле күркүрөгөн метродогу электропоездден түшпөдүм беле дейм. А эмне үчүн дуулдаган чоң көчөдөгү жайнаган машинелердин дүңү чыкпайт? Күркүрөгөн чөң өзөндүн мага тааныш доошу даана угулгансыйт. Мына, кызыктын кызыгы дейм...

Бир маалда карасам, көк муздун тамчысындай толгон ай маңкайып, ала булутту аралай, ак буласын үзүп-үзүп, асмандай кайып баратат. Ак мөңгү чокулар ай шооласына чагылышып, тоолор тоңшуп, түңкү теребел бир сырдуу шооораттанат.

«Ал мен неге кең өрөөндө түнү кайыгып жүрөм дейм. Ары-бери айланама шоотуп карап, көз үйрө назар салам. Оң жагымданбы же сол жагымданбы, ким билсин, бу неге өр ылдый дуулдай үйөр жүргөнсүйт» дейм?..

Мен кайдан келип, доолдогон капчыгайдын түпөйүл добушуна кабылып, эмнегедир ой-боюм да алда-кайда созулгансыйт дейм? Мен далай аралаган мобу көк жашыл карагайлуу беттерди эми абай алгандай сезем. А мобу калың арча баскан жылга-жыбыттарды канча ирет аралап, көбүргөн, ышкынынан өйдө терип, эликче эрмебедим беле дейм...»

Бир туруп абайласам, ай өйдөлөй кайып, кең өрөөндүн ичи сүттөй агарып көөлгүйт. Анан калса, шоодой-шоодой шоңшойгон одур-будур борчуктар арбайып, оболоп оркоюп,эми кулап кетчүдөй көрүнөт.

Дагы ары-бери чарпылып карасам, өрөөн ичи, не жакынбы, не алыспы, билинбей, мен өзүмчө эле термелип, караан үзүп келаткансыйм. Мен антип-минтип, эс акылымды жыйгычакты, негедир агарып көрүнгөн даңгыр жолдун боюнда жападан жалгыз солдоюп туруп калган экем. Бу эмнеси деп таң калып коём. Аңгыча, тарса-тарс өтүп, өрөөндү өйдөлөй сүңгүп кетет.

Капилеттен кара булут ай көзүмө илине түшөт. Айланам түнөрө калат. Бир оокумда ойдо жок жерден чоочуп кетем. Бир топ жамаат бабырап жаткандай сезилет. А түгүл мага жакындап, кобур-собуру дуу-дуу этип, мага тийип, кайра качкандай болот. Мен кайрадан калаадагы карала калктын каңырыгын эшиткендей эстей кетем. Кайрадан кара булуттан ай жарк эте калат. Мен өр өйдөлөй басам. Ай да кошо чайпала баскандай сезилет. Аңгыча, мени аңкүдүк кылып, дүргөй түндө чочуткан бу эмне десем, бадалдуу мөл булактын буркан-шаркан түшкөн шары тура. Жаркын ай да мөл булактын шарына малынып, таштан ташка серпилип, көбүрүп-жабырып, кулагыма тийет. Ак көбүк чачкан шоокумунан өрөөн жаңырат.

«Табият өз күүсүнөн түк жанбайт белем. А балким, алыстан оошуп, беймаал келген чоочун пенде мен болбоюн? Же булак мени өгөйлөп, же

www.bizdin.kg

мен булакты өгөйлөп жатамбы? Ай жарыгына салып, шоотуп карасам, бабыраган булактын ары жагында боз үйдүн карааны көрүнөт. Бир короо кой маарап, бышкырып, ит үргөндөй эш тутам. Булактын жаңырык доошу ой-боюмду аралап, кулагым каңырыштап, короо кайтарган кызкелиндердин обону угулгансыйт: «Бекбекей-оой, бек катар-ой! Саксакай-оой, сак кайтар-ой!»...

«Калаада окууда жүргөн элем, – деп мен даңдароо окшоп, эки ача ойго тушугам. – Не себептен бу өрөөндө түнү элдиреп жүрөм?.. же мени окуудан кууп жиберди беле дейм. Жүрөгүм апкаарып, көзүм ымыр-чымыр боло түшөт. Жок, жок дейм. Мен окуштагы оор сыноодон аман-эсен өтпөдүм беле деп өзүмдү-өзүм сооротом. Жылдык жыйынтыгым жакшы чыкпадыбы беле дейм. Баягыда, биз сүрөт окуубуздан эки-үчөөнү айдаганда, мен жакамды кармап, тобо деп, кудайдын кудурети колдоду го деп, жараткан мага жар боло көр деп өзүмчө тилек тилебедим беле...»

Сүрөтчүлүк өнөрдүн балакетин ойлоп, дагы да элеске азгырылып, ойго чумуп отурган окшойм. Туура тушумдагы кыйкаңдан топ үйүр жылкы үркүп, булак боюн аралай, жайыкка жабыла дүбүрөп чу коёт. Укуругун карууга илген жылкычы кайда дейм. «Айт! Айт!» деген айбатуу үнү да угулбайт.

Эки жагымдан эш тутар эч нерсе жоктой, элеңдеп туруп калган окшойм. Жайык ылдый жайпай бабыраган мөл булакты бойлой, эмнегедир мен өзүмчө кыйыгып бет алды баратканда, капыстан байыркы бир таш дөбөчөгө урунуп калсам болобу. Бүткөн боюм дүркүрөп, көзүмдөн от чагылып, кызыл нур, көк нур чачырагандай болуп, бир далайга селдейип карап калсам керек. Кайра чыйрала түшөм. Атайы жакындай басам. Таш дөбөдөн ары дагы бир таш дөбөчөлөрдүн төрү карарып көрүнгөнсүйт. Элес этип, тунжурап туруп калган окшойм.

«Сүрөтчүнүн накта табылгасы ушу болор го, – деп кынтык ой көөнүмө кылт эте калды. – Арбактарды элес этсем, таш дөбөгө жан кирип, дүңгүрөп чыгат беле дейм...»

Ошо саам көзүм түшөт. Байкасам, таң куланөөк салган кез экен. Түн түрүлүп, өрөөн ичи кашкая буларык тартып, агара түшүптүр. Кулагым тунуп калган өңдүү. Дүңгүрөгөн өзөндүн доошун эшитпей, мен эми дымыган тунгуюкка туш болгондой, дым-дым боло калам. Ушу тоо этегинде эзелтен бери уюп уктап жаткан байыркы бабалардын унут калган каңырты эми кайра дүңүлдөгөн дүрбөлөңдөй дүң этип, жер алдынан силкинип чыккандай туюлат. Бүткөн боюм солкулдап, арбактардын айбатынан улам өзүмчө тушугуп, же кете албай, же токтоно албай, ээн талаа, эрме чөлдө жападан жалгыз кайыгып жүргөн жарым жан өңдөнөм. Кулагым чуулдап, дүр-дүр эткен ыргакты туюнам.

... Кыйырдан чалгын чалганбыз, оо,
Аркага кайгул салганбыз, оо,

www.bizdin.kg

Касташкан жоону талкалап, оо,
Ошо кылычтап, кырып, сайганбыз, оо...

Безилдеген мөл булактын жаңырыгы комуздун кайрыгындай, дуу эткен ыраатын коштогондой угула берет. Атүгүл карт күүчүнүн каңырыгы түтөп, шейиттердин муңун муңдап чалгандай болот. Бу не деген бийик, асеми асыл касиет?! Өлсөң-тирилсең да бу ыйык ышкыбоз өнөргө эч бир кудуретиң жетпестир дейм. Аны кудай талаа гана даарыганга таандык керети болор. Аны жөн эле тилеп да, сурап да, зордоп-карактап ала албайсың го дейм.

Топ жылдыз мени карап-карап, жымың-жымың этип, саргая баштаган экен. баягы Үркөр же Алтын Казык, же Тоотай мерген асман бети жайнаган сансыз шам чырагы, куду чоң калаанын отундай, таң атарда бүлбүлдөп өчө баштаптыр.

Бир оокумда асман маңдайы жарылып, чексиз аалам кеңдиги эми өрөөн ичине жайылып түшкөндөй сезилет. Бирде өр ылдый урган желаргыны жетелей чуркаган, бирде мөл булактын өңгүл-дөңгүл кобур-собурун жула качкан, бирде өжөр өзөндүн аттай безилдеген баягы караан түндүн элкин шуулдагы эми тынчый калган экен.

Тээ, алда кайда, адам көзү жетпес алыскы обо жайда, аалам түпкүрүнөн жарк эте калган куяштын кызыл өртү, бийик оболуу муз чокуларга күзгүдөй чагылышып, кызгылтым мунарыктай жаркырайт.

Как талаада жалгыз калып, көзүмдөн кара учуп калдыбы дейм. Бир туруп тыңшасам, каңгыр-күңгүр добуш дагы кулагыма угулгансыйт.

... Кара көзүң жаштаба, оо,
Талаага сөөгүм таштаба, оо...
Элге-жерге кайтып бар, оо,
Керээзимди айтып бар, оо...

Бала чакта, очоктогу кууган чегедектин чарт эткен чогу мойнума тийип, калакай дегендей, кыр чокудан жарк эте калган куяштын учкуну көзүмө чагылат. Таш дөбөчөлөр да аалам айлампасына карап: «О, жарыктык! Шейиттердин арбагын түн бою эскерип, ары-бери чарпылып жүргөн мобу жалгыз жарым пендеге жараткан өзү жар болсун» – дегендей кыркаар тартып, дагы да күңгүрөнгөндөй болот.

Эми күн чыгып, таңга маал жымжырт тарткан өрөөндүн тынымын туюп, таш дөбөчөлөр да мени карап калгандай сезилет. Ал эми мен, байыркы кызыл кыргын, кара сүргүндөн аман калган жалгыз эрээн-жоокер сымал, ары-бери таш дөбөчөлөрдү айлана басам.

«Кызыл кыргында, баарыбыз шейит кеткен баатыр элек, эл эскерсин» – деп жарадар жалгыз жоокер, ушу өрөөндүн шагыл-ташын күндөп-түндөп ташый берген экен да, кабыла баштатып, таш дөбөчөлөрдүн сабына сап кошуп, эрээндердин эстелигин курган белем.

Ал эми менин оюм уйгу-туйгу. Канткенде мен, ушу унут болгон байыркы бабалардын омоктуу доошун дүйнө дүрбөткөндөй баян эте алам?

www.bizdin.kg

Фотоаппаратымды мойнума илип, таш дөбөчөлөрдү жандай басып, улам-улам сүрөткө тарта берем. Канткенде мен, эмики замандын унутчаак жүрөк заадасын баса алам дейм?..

Жанатан бери дуу-дуу этип жаткан кулагым, эми жымжырт тарткан өрөөндүн жаркырай түшкөн таңкы тынымын туя салат. Эр арыса да, ой-санаасы арыбайт белем. Ошо кыргындан аман калган жалгыз эрээн жоокердин элесин ээрчип, мен да кара болот кайсарды колума алып тургандай болом да, жалгыз эрээнди эш тутуп, таш дөбөчөлөрдү кыдырам. Бир маалда элес этсем жалгыз эрээн, кыйгактуу сыр найзасына таянып, шейит кеткен баатырларды жоктоп, өзөгү өрттөнүп өксүп, өкүргөнүн укандай өлөм. Көз жашын көлдөтүп жалгыз жоокер тизелеп ашып-ташып, күйүп-түтөп алакан жайып, дуба окуп, жанымда отургандай сезем. Мен дагы жалгыз эрээн баатырга кошулуп, өзүмчө дуба окуп, сыңар тизелеп, арбактарга багыштап, кандай арман айтып, кандайча таазим этүүгө дескүчүм жетпестей сезем.

Бир туруп карасам, обо мелжиген эзелки тоо кырлары менен асмандагы жаркыраган куяш гана таш дөбөчөлөрдүн жанында эрбейип турган жалгыз карааны карап калгансыйт. Ал эми мен дагы эле жалгыз жоокер эрээндин жанында эш тутуп тургансыйм, а түгүл аны ээрчип алгансып, өзүмчө эле оомал-төкмөл болуп, эс эңгиренгидей элестете берем. А жоокер эрээн бирде төрт бүгүлүп, каңырыгы түтөп, өксүп-өксүп жиберет: «О-уу, кыраандарым... О, кыраандарым, оо... Акыретте кездешебиз, оо...»

Ал эми мен аны ээрчип, эрбейген караан болуп, өзүмчө эле ашып-ташып, таш дөбөчөлөрдү кошо айлана берем. Жалгыз жоокер бир таш дөбөчөдөн экинчи дөбөчөгө эңилип, тизе бүгүп, маңдайын ташка жөлөп, тооп кылып, дагы да өксүп-өксүп жиберет: «О, кайрандарым... О, кыраандарым, оо... Акыретке кеткиче, мен эскере берем... Жаткан жериңер жайлуу болсун, оо... Акыретте кездешибиз, оо...»

Жоокер эрээн шарт тура калып, кылычын кынына салып, найзасын каруусуна илип, шайдооттук менен аргымагына шап минип, таш дөбөчөлөрдү утурлай бастырып, ары-бери айланчыктап, токтоло калып, дагы да өксүп-өксүп, ээрге өбөктөй каңырыгы түтөй түшөт: «О, кыраандарым, оо... Акыретте кездешебиз, оо... Акыретте кездешебиз, оо...»

Дагы бир туруп карасам, баатыр жоокер аргымагын шарт теминип, караан үзүп баратып, кайра кайрыла калып, ээрге өбөктөп, дагы да өксүп жиберет: «О, кыраандарым, оо... Шейит кеткен берендерим, оо... О, акыретте кездешебиз, оо... Акыретте кездешебиз, оо...»

Мен да буйдала калам. Ары-бери карагыча, жоокер эрээн кыяматкайым болуп, эл-жерим кайдасың деп, узак жолго узап кеткен белем. Шейиттерди таш корумдап, обочо-обочо эстелик коюп, артуу-артуу бел-белестерди күндөп-түндөп ашып, эл-жерине жетсе керек.

www.bizdin.kg

Кылыч кыйбас, найза өтпөс эрээндер эл четинде, жоо бетинде катташканын кайсашып, калайык калкын кыргындан сактап, бабалардын эрдигин улама улап, кыйыр кыдырып келе берген белем.

Кан жолдо кошулушкан баатырлар, тоорулга чыгып, жоо жолун тосуп кайгуулга калып, кароол карап, кызыл карап, кызыл кыргын, кара сүргүнгө түшүп, шейит кеткендирдин баянын, ошо жалгыз эрээн баяндап, муундан муунга улап келген белем...

Андан бери канча ирет опол тоо урап, канча ирет күн тутулуп, өктөм өмүр өтпөдү? Канча жолу жомокчулардын жомогу, муундан муунга өтүп, баатырлардын энчи эрезеси болбоду? Канча ирет кылымдан кылымга ушу таш дөбөчөлөр элдин эчакы эскермесин эскертип келбеди?..

Жылдан жыл айланып, эл-жеримди сагынып, аябай куса болуп, сүрөтчү окуумдун дагы бир жылын жакшы аяктап, кайра айланып келген белем дейм. Ал эми байыркы таш дөбөчөлөр уктап да, ойгонуп да, ойлонуп да, мен келер замат, илгерки кызыл кыргын, кара сүргүн болуп, кан төгүлгөндө, жоону жоюп кылычташкан жалгыз эрээндей мени эгедер туткан чыгар. Жайкалган жашыл өрөөнүмө келген сайын, ичкери чоң калаанын дүңгүрөгөн капшабын эстен чыгарып, таш дөбөчөлөрдү кыдыра карай берем. Кээде тизе бүгүп, баш ийип, ишаарат кылып, бир ары кетем, да бирде бери кетем. Бирде отура калып, бирде тура калып, фотоаппаратым менен сүрөткө тарта берем. Жаным уйгу-туйгу болуп, жай таппайт. Оштонгон боюмду токтото албай, дүүлүккөн сар-санаамды жыя албай эзелки жалгыз эрээндин караанын дагы көргөндөй ээликтей келем. Ошо жоокердин сөөлөтүн таш дөбөчөлөрдөн такооч тапкандай болуп, шейиттердин бараандуу турпатын бүшүркөп туйгандай болом. Бара-бара окчун отуруп, дептеримдин актай барагына ошо баатырдын бет-бейнесин шоотуп, калемим менен ары-бери чиймелеп, таш дөбөчөлөрдүн кыябына салып, аргымагын жетелеп, капага камыгып келаткан турпатын элестеткендей болом.

Дагы да жер алдынан кубаттуу дүңгүр чалган доош кайрадан кулагыма угулгандай болуп, жүрөгүм ыргак туюп, кыраат айтчудай күңгүрөнө баштайм.

Каса тулпар ат минип, оо,
Кастарын тиккен жоо келсе, оо,
Азууга салып чайнарбыз, оо,
Каса курчтуу зулпукор,
Колдон түшпөй чарт уруп,
Карсылдаша жайларбыз, оо...

Олбурлуу огожо жалгыз эрээндин көзү шам чырактай жанып, таш дөбөчөлөрдүн сабында сүрдөнүп тургандай болот. Кабагы калың, кыл муруту сербейген кыраан шердин сүрүнөн таш жарылып, ай талаага чачылгандыр...

www.bizdin.kg

Шалдайып көпкө отура берем. Боёк эзип, кыл калемим менен кыялымдагы эрээндин келбетин сүрөт кылып тартууга негедир жүрөгүм даабайт. Айлам куруп, бүткөн боюм чымырап, колум калтырайт. Касиеттүү жалгыз эрээндин анты урчудай шектүү шоок сезим ой-боюмду дүргүтөт. Көзүм караңгылап, алачакмак болуп, кыйнала берем.

Кайрадан таңатар да, кайрадан күн батар. Жаздан жаз, жайдан жай, күздөн күз келер да, жылдан жыл алмашып, өмүр өктөмү келе берер да, кете берер. Ал эми мен канткенде, байыркы да кан төгүшүп, жоо менен кырчалышып, эл-жерди сактап калган шейиттердин арбагына тайынып-ташынып, таш дөбөчөлөрдү курган жалгыз эрээндин ыйык кеземетин сүрөттөй алар экем? Көрөсөн көрүнүшүн кыл калемим менен келиштире тартып, эгем талаа кудуретине эгедер боло аламбы, ким билет?

Карай берсе, көз жеткис, санаттай берсе, сөз жеткис деген бабалардын байыркы даңазасын, ургаалдуу эскермесин, кыл калем менен кынаптап тарта алар бекем?

Өңүмдө да, түшүмдө да, аруу тилегимди кудай кут кылсын дейм. Тээ, ичкери чоң калаадан сүрөтчүлүк окуумду улантып, мен дагы бир жылдык сыноочу көпүрөсүнөн аман-эсен аттап өтүп, дагы да эл-жериме келип кетермин. Эми мен кан жолду ара басып, жаштай чагымдын жана бир келген кеземетин кур өткөрүп, ара зат болбоюн деп чыйрала түшөм. Дагы да мени бир жакшылык жышаан күтүп жаткандай, эмнегедир жан-дилим дүрбөп, ашыккандан ашыга берем. Жараткан өзү жар болуп, өмүрүмдөгү өз энчимден кечигип, такыр өкүттө калбайын деп, чарпыгандан чарпыла берем. Белсенип белди бууюн дейм. Ыкчам кыймылдап, алга карай тездей басып, байыркы жалгыз жоокер эрээндин элесин сүрөтчүлүк кудуретим жеткиче, өлсөм-тирилсем да көркөм көрүнүшүн тартайын дейм. Эми кол баштыгымдагы сүрөтчүлүк көр тирчилик буюм-тайымымды ийиниме илип, көздөн учкан кең өрөөндөгү таш дөбөчөлөрдү улам-улам кылчая карай берип, окуума дагы да шашылам. Ак жолум али ачык, али алыс дейм. Ата-бабам дем көр дейм...

1960-2010-ж.ж.

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Балдар адабияты

ШАМБАЛА

Кыш келип, кар жаап, суулар тоңуп, жолдор тайгак болду. Абышка-кемпирдин мешке жагар отуну калбады. Тепейген үйүн жылытмак турсун, тамак да жасап иче албай калышты. Абышка абдан карыган эле да, токойго барып отун алып келүүгө алы жетпеди. Ошондо эмне кылар айласын таппай, оокаттуу кошунасына жалдырап барышты.

Кошунасы абдан бай эле, өзү чоң кызматта иштечү. Үч кабат үйү, жалтыраган кооз машинасы бар. Курсагы салаңдап, күн сайын семирип баратат.

Бай кошунасы абышка менен кемпирге бир көмөч нан, анан бир шам берди да:

– Эми келбегиле. Силер эмес, менин өзүмдүн отунум жок. Силерге башка эч кандай жардам бере албайм, – деп узатты да, эшигин катуу жаап алды.

Ал калп айткан эле. Кампасы толо отун менен ун-талканы, жертөлөсү толо кышка сактаган оокаты бар болчу. Зыкым, ачкөз болгондуктан, бечара абышка-кемпирди аяп койбоду.

– Балабыз болсо отун алып келбейт беле. Акча таап келип, бизди бакпайт беле... – деп, абышка-кемпир армандарын айтып, көз жашын көл кылышты.

Ошентип, абышка-кемпир бай кошунасы берген бир көмөч нанды сууга чылап жеп, эптеп-септеп бир аз күн өткөрүштү. Анан ал нан да түгөндү.

Сулайман РЫСБАЕВ
– 1956-жылы Ош шаарында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Токтогул районундагы Сары-Камыш айылындагы «Бирлик» орто мектебин1973-жылы аяктаган соң, Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетинде окуган.

Педагогика илимдеринин доктору, и.о. профессор (2002), Москвадагы Эл аралык Педагогикалык-социалдык илимдер академиясынын академиги.

1-класстар үчүн «Алиппе», «Адеп», 2–4-класстар үчүн «Кыргыз тили» окуу китептери 1993-жылдан бери республикабыздын мектептеринде туруктуу окулууда.

1997-жылы «Жылмайып турган таш» деген ат менен аңгеме-жомоктордон турган алгачкы жыйнагы жарык көргөн. Андан бери ондогон көркөм жана илимий чыгармалары жарык көрдү. Учурда КР педагогика академиясында эмгектенет.

www.bizdin.kg

Бир күнү таңга маал абышка-кемпир ачка жана үй суук болгондуктан, төшөктөрүнөн турууга да жарабай калышты.

– Ушинтип жатып өлөбүзбү, – деп ыйлады кемпир.

– Кой, байбиче, мени эптеп ордумдан тургуз. Мен токойго барып бир тутам отун алып келейин. Боорукер адамдар жолугуп калса, бир сындырым нан берер. Кечке чейин келбей калсам, анда менин өлүп калганым ошол талаада, – деп араң эле сүйлөдү. Бирок, аны кемпири тургуза албады, өзү да турайын деп, тура албады.

Үйдүн терезесинде баягы бай кошунасы берген шам үлбүлдөп күйүп турат. Ал дагы түгөнөйүн деп калгандыктан, туруп барып өчүрүүгө да алдары келбеди. Анын түгөнгөнү – үйдүн ичине караңгы түн түшкөнү дей бер.

Аңгыча ошол үлбүлдөп жанган шамдан бир кичинекей жалын бөлүнүп чыкты да, кичинекей балага айланды. Ал бала сөөмөйдөй эле болчу. Бала абышканын маңдайына келип туруп калганда:

– Эй... сен кимсиң? – деп, тандана сурады абышка.

– Мен Шамбаламын. –деди баягы сөөмөйдөй болгон бала.

– Шамбала?

– Ооба... Мен – Шамбаламын... – деди дагы да баягы бала.

– Кимдин баласысың? – деди абышка эч нерсени түшүнө албай.

– Силердин балаңармын.

– Биздин сендей балабыз жок эле го..?

– Балаңар жок болсо, мындан ары балаң бар болот.

Табышмактуу бул окуяга түшүнө албай:

– Шамбала, сен кайдан келдиң? – деди кемпир.

– Шамдан келдим. Ошол үчүн менин атым – Шамбала.

Өзү сөөмөйдөй болгон, кийген кийими жок бу баланы сынамакка абышка буларды сурады:

– Эй, Шамбала, деги, сени колуңдан эмне келет?

– Менин колумдан баары келет – деди Шамбала, – үйүңөрдү жылытам, түндө жарык кылам, тамагыңарды бышырам...

– Анда, Шамбала, сен адегенде үйдү жылыт – деди абышка, үшүгөн колдорун укалап.

Шамбала бат эле үйдүн ичин жылытып жиберди. Тепейген кичинекей үйдүн терезелери да тоңуп калган болчу. Алар да эрип, эшик көрүнүп калды. Тоңуп, бүрүшкөн абышка-кемпир эми ысып, көйнөкчөн болуп жыргап эле калышты.

– Эми, бышыра турган тамагыбыз жок. Эмне кылабыз? – деди кемпир үй жылыгандагы кубанычы бат эле жоголуп.

– Анда капаланбагыла. Мен силерге тамак таап келем – деди да, Шамбала эшикти көздөй жөнөдү.

Шамбала адегенде ун алмакка тегирменчинин үйүнө барды. Тегирменчинин да кышкы отуну азайып, үйү муздак болчу. Анын үйүн заматта жылытып берди.

www.bizdin.kg

– Ой, сага чоң ыракмат. Деги сен өзүң ким болосуң? – деди тегирменчи ага ыраазы болуп.

– Мен – Шамбаламын.

– Кимдин баласысың? – деди анын бул сөзүн уккан тегирменчи.

– Тиги жогору жактагы абышка-кемпирдин баласымын. Алардын уну түгөнүптүр. Мен силердин үйүң өрдү жазга чейин жылытып берип турайын. Акысына жазга чейин жетерлик талкан, ун бериңиз – деди чепилдеп.

Тегирменчи Шамбала менен убадалашты да, абышка-кемпирдин үйүнө ун-талкан жеткирип берди.

Шамбала андан ары уй ферманын үйүнө барды. Ферма башчынын үйүндө да отун-көмүрү азайып, кыйналып жаткан болучу. Алардын үйүн да жылытып убадалашты да, жазга жетерлик эт-май алды. Этти да абышка-кемпирдин үйүнө ферма башчысы өзү бат эле жеткирип берди. Шамбала андан ары дүкөнчүнүн үйүнө барды. Дүкөнчү да дүкөнүнө от жага албай, көмүрү жок кыйналып жаткан экен. Шамбала анын да дүкөнүн жылытып берип убадалашып, кант, чай, туз алды. Аларды дүкөнчү абышка-кемпирдин үйүнө жеткирип берип, абышка кемпирдин үйүнө заматта ун менен эт, кант менен чай батпай бапырап, жыргап эле жатып калышты. Шамбала тамакты бат эле бышырып, абышка-кемпир курсактарын тойгузду.

Анан кеч кирди. Ошондо абышка-кемпир Шамбаланы жакшы көрүшүп, коюндарына кучактап жаткылары келишти.

– Шамбалам, кел, биздин коюнубузга жат, – деди кемпир. Анда Шамбала:

– Жок, апа, ата, мен силердин койнуңарга жата албайм. Жатсам төшөгүңөрдү күйүзүп жиберем, – деди да, терезеде күйүп турган шамга кирип кетти.

Ошентип күндөр өтө берди. Шамбала эртең менен баягындай эле шамдан учуп чыгат да, абышка-кемпирдин үйүн жылытып, тамактарын бышырып, чайын кайнатып берет. Баягы убадалашкан тегирменчинин, уй ферманын жана дүкөнчүнүн үйүнө барып, үйлөрүн жылытып келет да, түндө жатарда шамга кирип кетет.

Абышка-кемпир эч нерседен бейкам болуп жыргап жашап жатышты. Күндөрдүн биринде абышка-кемпирдин баягы сараң бай кошунасы «абышка менен кемпир үйүндө жагар отуну жок, жээрге оокаты жок, тоңуп, качан эле өлүп калды го, өлүп калса, тепейген үйүн трактор менен түрттүрүп таштайын да, короомо кошуп алайын» – деп ачкөздөнө басып келди. Келсе абышка-кемпир баягыдай жүдөгөң түрлөрү жок, үйү жыпжылуу, карындары ток, кайгы-капасы жок, кампасы оокатка толо, жыргап жашап жаткан түрлөрүн көрүп таң калат да, алардын кантип мындай жашоого жетишип калганын такып сурайт.

Ошондо жашоосуна ыраазы болгон абышка-кемпир, ичинде эч кандай кири жок, болгон сырын айтып беришет.

www.bizdin.kg

– Кана, көрсөткүлөчү, Шамбалаңарды? – дейт ачкөз бай кошунасы, – менин үйүмө да барып, жылытып берсинчи.

Абышка-кемпирдин уруксаты менен Шамбала кошунасынын үйүнө барат. Ачкөз бай кошунасы үч кабат үйүнө, жер төлөсүн кошо, кампаларын дагы, машина койгон гаражын, уй, кой баккан сарайларынын баарын жылыттырат. Ачкөздөнүп: «Муну абышка-кемпирге кетирбейин, үйүмө камап алайын, муну пайдаланып дагы да байлык табайын» – деп ойлойт. Анан ыгын таап «кармап алайын» деп кубалайт. Шамбала карматпай качат. Ал биринчи кабаттан экинчи кабатка, андан үчүнчү кабатка качат. Шамбала ачкөз байдан качып дубалдагы килемге, терезедеги кооз шторлорго, жерде салынган оймолуу шырдак-ала кийиздерге тийет, жалтыраган шифонер, шкафтарга урунат. Ал тийген, урунган буюмдун баары күйүп өрттөнүп кирет. Андан качып, Шамбала ачкөз байдын кампасына, андан жер төлөсүнө, андан машина койгон гаражына, андан ары уй-кой сарайларына качат. Ал барган бардык жерлер күйүп, өрттөнүп, ачкөз байдын бардык короо-жайы бүтүндөй өрттөнүп кетет да, жалгыз өзү калат. Бардык байлыгынан кол жууп, ачкөз бай тойбостугунун айынан абышка-кемпирден да кедей болуп калат. Ал эми абышка-кемпир болсо, эч кимге залалы жок Шамбала менен жыргап-куунап жашай беришиптир.

ПЕЙИЛДИН БУЗУЛУШУ

Кичинекей кыштакта бир абышка-кемпир жашачу. Абышка дайым отун алып сатып, акча тапчу. Андан башка кылар иши жок эле. Кемпири болсо, абышкасы таап келген биртике акчаны алып барып базарга барчу да, күнүгө жей турган нан, май, кант, чай ала турган. Ошону менен алар күн көрүшчү.

Абышканын күндө алган отуну ошого жетчү. Көп кылып отун алганга кудурети да жетчү эмес.

Токойдо майда отун калбай бараткан. Чоң-чоң карагай-арчаларды кыюуга кайдан күчү жетсин. Өзү да картайып баратса...

Ошентип жүргөн кыштын бир күнүндө анын отун аларга алы келбей калды. Бул кемпири экөөнүн күнүнүн бүткөнү го. Бирок, айласы куруган абышка бар кайратын жыйнап, балтасын алып, жибин курчанып, отунга жөнөй турган болду.

– Балтам мокоп калыптыр, байбиче. Отунга өтө турган эмес...–деди бөйчөйгөн калыбында.

Кемпири балтасын эптеп-септеп курчутумуш болуп берип, белине байлады да, отунга узатты абышкасын.

Абышка токойго келип, майда отун таппады. Таппады да бир арчага келди.

www.bizdin.kg

«Ушуну кыйсам жазга чейин отун болор...» – деп ойлоду да, абышка балтасын бар күчү менен шилтей турган болду. Ошондо баягы арчага адамча тил бүтүп:

– О, ак ниет абышка, сен мени кыйба...–деп мээримдүү сүйлөдү.

Абышка арчага таң кала карап, жерге отурду. Алсыз дем алып, чекесинин терин сүрттү.

«Сени кыйбасам, күндүн суугунда кемпирим экөөбүз кантебиз. Үйдө жээрге бир сындырым наныбыз калбады... Отун сатып жан баккан бир бечарамын да...» – деп ичинде сүйлөп жатты абышка.

Кайрадан арчага тил бүттү:

– Мен сенин абалыңды түшүнөм. Андан көрөкчө, менин бутагымды карачы. Бутагымда кичинекей баштык илинип турат. Колуңа алсаң, ичинде алтын тыйындар бар. Алгын да ыраазы болуп, үйүңө жөнө, ак ниет абышка...

Абышка эленде өйдө турду. Ырас эле, өзүнө карай ийилген бутакта кичинекей бир баштык илинип туруптур. Алып, ичин караса, алтын тыйындар!

Абышка арчага үч ийилип таазим этти да, алтын тыйындарды алып үйүнө кайтты.

Болгон окуяны кемпирине айтты эле, кемпири тыйындарды көрүп сүйүнүп, базарга барып оокат алып келди. Экөө бир канча күнгө жыргап жатып калышты.

Баягы арча берген алтын тыйындардын касиети бар белем, азаймак түгүл, күн сайын кайтадан көбөйүп жатты. Жазга чейин эмес, бир канча жыл бою түгөнө турган эмес. Кыштын аяздуу шамалы шыкаалаган үйүнүн тешиктерин бүтөшүп, жылуу кийимдерди сатып алышты, жазга жетерлик оокатты кенен камдап алышты. Эми буларга мындан башка эч нерсенин кереги жок эле. Ошентсе да, жылуу үйдө бардар оокатка туйгуна түшкөн абышка, бир күнү кемпирине мындай деди:

– Кемпирим, сен бүгүн балтаны баягыдан да мыктылап курчут. Мен баягы арчага барайын да, мындан да көп алтын акчаларынан алып келейин... Тиги тентимиш байдан кембизби. Биз дагы бай болуп, карыганда малай жумшап оокат кылалы да. Кандай дейсиң? Же бул оюм жаманбы?

Кемпири чалынын айтканына сүйүнүп, балтасын мыктылап курчутту да, белине байлап берип, отунга узатты. Бүгүн ал эптеп алып келер бир байлам отун эмес, бир кап алтын акчанын келишин күтүп кала берди.

Абышка токойго келип, баягы арчаны тапты. Жанына келди да, бүгүн мындан көп алтын алууну ниет кылып, колтугун кере көтөрүп, балтаны арчага чаба турган болду.

Ошондо арча баягыдай болуп адамча сүйлөдү.

– Абышка, мени кыйбагын, – деди.

www.bizdin.kg

– Кыйбаганда кантем. Үйдө отунум жок. Бир сындырым нан калбады... Кемпирим экөөбүз эптеп өлбөстүн күнүн көрүп жатабыз... – деди чал өлмөксөн үн чыгарып, бечеранын абалына келип.

– Жалган! – деди арча ачуусу келип. – Баягыда бечера кейпиңде келгениңде сени чындап эле аяган элем. Азыр сен ак нээтиң менен эмес, көп акча алууну эңсеп, ачкөз нааданга айланып, пейилиң бузулуп келдиң. Эми сага эч нерсе бере албайм...

Абышка «Чаппагын!» деген арчанын сөзүнө көнбөй, курч балтасын өйдө көтөрдү... Ошондо арчанын баягы бутагы чалдын мойнуна ороло түштү. Бутак чалдын мойнуна бекем оролуп муунта баштады. Бутак оролгондон ороло берди... Абышка турган ордунда муунуп өлүп баратты. Муунгандан мууна берди, көздөрү чанагынан чыгып кетти... Анан ал ташка айланды. Арчанын бутагы ташты чырмап кала берди...

Арчанын бутагы оролгон ошол таш бүгүн да турат дейт

АЛТЫН БАШ

Илгери-илгери бир абышка-кемпирдин картайганда көргөн жалгыз эркек уулу болуптур. Ошол уулу төрөлөрдө кайдан-жайдан экени белгисиз Албарсты кемпир келет да, толгоо тартып жаткан аялга:

– Сен аман-эсен эркек бала төрөйсүң, – деп кайрылат, – Ал балаң чоңойгондо чени жок тентек чыгып, эл караган бетиңерди жер каратат. Мындай баланын кереги жок десең, азыртан баш тарт, мен аны азыр эле тумуктуруп жок кыламын. «Куу баш өткөнчө туяк болсун десең өз азабың өзүңдө» – дейт.

Абышка-кемпир Албарсты кемпирге жалынып-жалбарып: «Куубаш Курбанаалы» дегенче, тентек болсо мейли, балама тие көрбө» – деп жалынышат. Бала эсен-аман төрөлөт. Маңдайы жарылып сүйүнүшүп, эл чакырып той өткөрүшөт. Картайганда көргөн уулубуз медерибиз болсун деп атын Медер коюшат. Баягы Албарсты кемпирдин сөзү абышка-кемпирди катуу ойго салат. Бирок аны бат эле унутуп ташташат да, баласын аябай эркелетип өстүрүшөт. Ошонун кесепетинен жалгыз уул тентек чыгат, ата сөзүн укпай, энесин сыйлабаган эси жок чоңоёт.

«Элдин уулу ата-энесин кубантып өсөт экен, биздин уулубуз жаш туруп энесинин чачын агартып, атасынын сакалын кубартат белем» – деп кейип, атасы менен энесинин бели бекчейет.

Өзү теңдүү балдарды же кичүүлөрдү уруп-токмоктоп, «кой» деген улууларга тил тийгизип, кары-картаңдарды элдин көзүнчө ыза кылат.

Атасы менен энеси айылдын эң абройлуу адамы болгондуктан гана улуу-кичүү адамдар ал баланы ичинен тилдеп, сыртынан кечирип жүрүшөт экен.

www.bizdin.kg

«Бала кезиңде жиликтин чучугун чагып берип өстүрдүк эле, эми өлөрүмдө менин чучугумду чагат экенсиң» – деп атасы сакалынан жашын куюлтат.

Ошенткен сайын абышка баягы кесепеттүү мастан кемпирдин сөзүн эстей баштайт. «Кандай болсо да, мага туяк болсо болду» – деп буркурап ыйлап суранган өзүнүн сөзүн ойлойт. Кудайга миң жалынып, эмне болсо ошо болсун, «Куу баш» атыкканча артымда калар балам бар, өлсөм топурак салат» – деп өзүн-өзү соороток да, баласынан азап көргөнчө эртерээк өлсөм экен деп тиленет.

Бирок кудай-таала, өзү айткандай эртерээк эле алып кетпейт. «Өзүң сурап алгансың, эми анын азабы менен тозогун көр» – дегендей.

Ошол күндөрү кемпири көз жумат. Абышка омуртка-бели сыздап кемпири менен коштошуп, жерге жашырат. Бир күнү абышка уулун жанына чакырат экен кеңешүүгө:

– Медерим, уулум, – дейт абышка эркелетип. – Мен буга чейин жаман айткан күнүм болсо кечир, энең ыраматылык да сенин жакшы болуп эр жетер күндөрүңдү көрбөй кетти. Эми мен сенин тентектигиңди, акарат айткан сөздөрүңдү кечирейин. Энеңден кийин, мен эми канча жашайм, бир кудай өзү билет. Жалгыз балам сен болгон соң, сени кубат кылып калган күнүмдү көрүп, суумду ичейин... Күнүм бүтүп, суум түгөнгөнчө сени медер тутайын, балам.

– Болуптур, ата. Сиз айткандай болсун, экинчи мындай жоруктарымды таштайын, – дейт сүйүнтүп атасын. Ошентип, уулу Медер атасын калп болсо да сөзү менен ыраазы кылат. Бирок Медердин бул сөзү атасын убактылуу гана алаксытканы болчу. Ал «жаман болор баланын алдынан жаман бала жолугат» – дегендей, бекерчи жана кумарпоз балдар менен бекерчиликке көнүп, кумар ойной баштайт. Ичкилик ичип, куурай ушалап наша тартат. Күндүзү иш кылбай үйүндө жатат, түнкүсүн атасын жалгыз зарлантып күттүрүп, сөзүн укпай, чардап ойнойт.

Медердин бул кылыгы ашынып, бир күнү кумар оюнуна сайып, атасынын жалгыз атын уттуруп жиберет. Ал жөнүндө Медер атасына айтпайт. Жамандык жерде жатчу беле, эртеси эле баягы кумарпоз достору Медердин үйүнө келишет. Жасоолдой болгон жаланданган жоон билек жигиттер абышканын атын жетелеп кетмекчи болушат.

– Ушул атты алгыча, анын ордуна мени өлтүрүп кеткиле,–деп зар какшап буттарына чөгөлөйт.

Бирок жанын эмес, малын алып кетүүгө даяр турган кумарпоздор атынын чылбырына оролгон абышканы жерге сүйрөп таштап, атын минип кете беришет.

Медердин жоругу муну менен эле бүтпөйт. Ал атасынын уткурган атын кайра кайрып алам, же аларды өлтүрүп тынам – деп кумар оюнуна катуу киришет. Кийинки оюнга атасынын үйүн саят. Дагы да Медер

www.bizdin.kg

утулуп калат. Намыстанган Медер эми атасынын бетин кантип карайын, болору болду, – деп кумарпоз өнөгүн койнундагы жашырып алып жүргөн шамшар менен сайып өлтүрөт.

Медердин бул окуясын, желдеттер аны түрмөгө алып кетип жаткан жерден гана билет атасы.

Буркурап ыйлаган атасынын жүзүн кароого Медердин бети чыдабай, жер карайт.

Ошондо абышка жалгыз уулуна соңку керез сөзүн айтат экен:

– Түрмөдөн аман келсең, сөөгүмдү кайда коюшканын тапкын да, мүрзөмө келип куран оку. Кудай менин арман-азиреттигимди укса, ошондо сага акыркы сөзүмдү айттырар.

Ошентип, Медер түрмөгө камалат. Ал кеткен соң, баласынын азабынан атасы көз жумат. Эл анын сөөгүн кемпиринин жанына коюшат.

Арадан жылдар өтүп, Медер түрмөдөн бошонуп келет. Келет да, атасынын мүрзөсүн таап, буркурап ыйлап, куран окуйт. Окуп бүтүп отурса, мүрзөнүн ичинен атасынын үнү угулат. «Балам, түндө коркпой келип мүрзөмдү ач, – дейт атасы, – айтар сөзүмдү ошондо айтам...»

Эч кимге көрүнбөй түн жамынып барып, атасынын мүрзөсүн ачат Медер. Мүрзөсүн ачса, атасы жаткан казанактын ичи шам коюп койгондой жапжарык нурданып турган болот.

Медер коркуп кетип, казанактын оозун жалпак таш менен жаба калат. Ошондо мүрзөнүн ичинен атасынын үнү чыгат.

«Уулум, коркпо. Мен – атаң элемин. Сага жамандык кылмак белем... Коркпой ача бер...»

Кудум тирүүсүндөгүдөй чыккан атасынын бул үнүн угуп, Медер: «Атам өлгөн эмес го...» – деп буркурап ыйлап, казанакты ача салса атасынын суналган сөөгү ак кепинде оролуп жатат. Бир гана нерсе, негедир, атасынын башы нур чыгарып, шоолаланып, алтын түспөл тартып жүзүндө нур ойноп кубулуп турганын көрөт.

– Уулум, мынча болгон соң, коркпостон менин башымды кесип ал. Адам тирүүсүндө билбейт, өлгөн соң гана башынын алтын экенин билет. Эми коркпой башымды кесип алгын. Ал сага укум-тукумуңа чейин жетер байлык болот... – дейт атасы баягы калыбында...

Медер атасынын башын кесүүгө колу барбады. Анын барк-баасын да, анын далай ирет айткан акыл-насыятынын да кунун эми билди. Ал баа менен кун атасынын алтын башы болчу...

Ошондо Медер атасы менен энесинин өмүрүн арманга салып кеткен жоруктарын эстеп, алардын арбактарынан кечирим сурайт. Акылына кирип, адал иштеп, ак жашоо жолуна түшөт.

www.bizdin.kg

Проза

АЛТЫНГҮЛ

(Аңгеме)

Кубанычбек АДАМАЛИЕВ

Алтынгүл өзүнүн жашы кыркты таяганына карабай дагы эле чырайлуу, кыпча белдүү, толукшуган жаш келиндей ийкемдүү көрүнүчү. Көпчүлүк эле аялдардай тагдыр жазган турмуштун ар кандай сыноолорун башынан өткөрүп, көп ирет чүнчүп, өзү сүйгөн жигитке жаш кезинде турмушка чыгып, теңирим бала ыйгарбагандан кийин айласыз ажырашып кетип, бара-бара убакыттын өтүшү менен жашоосу бир нукка кирип, эми ошонусун кудай кут кылсын дей, санаасы дилинен чыга тынч жашай баштаган. Көкүрөктөгү ызасы мезгил менен сууп, жазмыштын өзүн тукумсуз жаратканына баш ийип, эми кайрадан турмуш куруу оюна да келүчү эмес. Иштеген ишинен каниет таап, көп эмес жаамат ичинде абырою артып, урмат-сыйга татыган. Тубаса кемтиги, өзүнөн башка эч ким билбеген тукумсуздугу болбосо, бүткөн бою сопсоо, дегеле сасык тумоодон бөлөк кеселге чалдыгып көрө элек жан.

Убагында окууга өтпөй калып, турмушка чыгып, жогорку окуу жайына ошол жылы кабыл алынган күйөөсү Даниярды жандили менен багып, өзү турмушка чыкканы шаардагы тиричилик комбинатында иштеп

www.bizdin.kg

жүрүп, Вахит аттуу мыкты чачтарачка окуучу болуп кирип, зээндүү болгондуктан ал өнөрдүн сырын бат эле билип, аки-чүкүсүнө чейин үйрөнүп, кийин соң өз беткей иштеп, клиенттер көп кайрылганы арбын каражат таап, эки бөлмөлүү үйгө ээ болуп, жашоо шарты жакшы оңолуп, каалаганын ичип, кымбат баалуу кийимдерди тандап кийинип, бою-башын дыкат карагандыктан дайыма жаштай, кыркка жакындаган аялзаттай көрүнбөй, кыймыл-аракети элпек, көптөр суктана караган чырайлуу келин сындуу болуучу. Ал түгүл өзүнөн бир топ жаш кичүү Назира аттуу экөө бир убакытта кезектешип иштеген келин менен эс алууга чыгышып, кафеден түштөнүп жатышкандарында жайдары сүйлөп калчу.

– Алтынгүл эже, сиз жапжаштай көрүнөсүз жана өтө сулуусуз. Өңүңүздү, боюңузду караңызчы? Ары-бери басканыбызда эркектер сизди эле акыйып карап жатышат. Дегеле мен жакка көз таштаган эркектана жок. Алтынгүл күлө жооп бере турган.

– Сен али жашсың, Назира. Кудай этегиңден жалгап, эс тарта баштаган мончоктой уул, кызың бар. Күйөөң өзүңдү сыйлаган жакшы жигит. Турмушуңар кудайга шүгүр, эми сага бөлөк эркектин көз ташташынын кереги эмне?

– Сизге боор тартканымдан өзүм жөнүндө эмес, сизди аяп кеңеш сунуп жатам. Буюрса, сизде көптөр суктанарлык үй-жай бар. Жакшы адамга жолугуп, турмуш куруп алсаңыз, соолугуңуз мындан да чыңалат беле... Менин оюмча сизге жакшы жар керек.

Ичинен өзүнүн тукумсуз экенин бирге иштегендердин билбегенине тобо кылчу. Ушул Назира сыяктуу турмуш куруу жөнүндө сөздөрдү бөлөк, бирге иштешкен төртөө да кээде айта калар эле.

– Силер кызык экенсиңер, – дечү Алтынгүл ошол замат териге. – Мен эмне, эрге чыгып көрбөгөн карадалы кыз белем. Турмуш куруп көргөм. Сүйгөн жигитиме тийгемин ал түгүл. Жазмыш экен, отубуз күйүшпөй калды. Ошол силер саймердилеген турмуштан тойгонум үчүн эркин жүрбөймүнбү. Ал жөнүндө экинчи сөз кылбай эле койгула, анткени, силер ойлогондой жаш болсом бир жөн. Бүлөлүү турмушка тойгом. Аны өзүңөр көрдүңөр, билесиңер.

– Баары бир сендей жакшы аялзатка эркек керек, – дечү көшөрүп өзүнөн улуурак Зулайка аттуу неберелери бар аял.

– Алла талаам эркек, аял кылып бекер жаратканы жок го. Жанагы дайыма жалгыз өзүңө келип, чачын тегиздетип жүргөн улгайган адам физик, профессор экен. Бой деп уктук, байбичеси оорудан көз жумуп кетиптир. Сага атайы келип көрүү үчүн кезек күтүп, ыгын таап сөз айта албай жүрөт чагымда. Өзү зыңкыйган таза адам экенин байкабай жүрөсүңбү? Ойлон, сөз таштаса чын ниетиң менен сүйлөш. Какпа. Мүмкүн багың ачылып кетер...

www.bizdin.kg

– Жок. Өзүмө-өзүм ант бергем. Эми байпак, кир жууп, бир эркектин көңүнүн жубата каалаган тамак-ашын жасай турган жаштан өтүп кеткем, эжеке. Силер да мени мактаганыңарды койгула. – Калгандарына да ошентип кайрылчу. Чынында өзү деле байкачу, бир улгая баштаган адамдын тез-тез келип чачын тегиздетип, кээде сакал-мурутун алдырып, кыйыта көпкө өзүн сырдуу карап, жылмайып, бирок сөз айтпай ырахматын коштоп айтып кетип жүргөнүн. «Сүйлөбөсө сүйлөбөс, бирок билдирип турат эки көз», дегендей көзүнөн дилдеги оюн сезсе да, катардагы клиент катары кабыл алып, таза иштеп, чачын оюндагыдай тегиздеп берчү. Дегеле Алтынгүл устат болгону бир курдай да буйдалай салып, ары-бери кыла бүтүрө коюп: «Сизден жетимиш сом», – дечү эмес. Шашпай, ырааттуу иштеп, тажрыйбасы көп болгондуктан, сизге мындайы жарашат, – дей кеңешин берип, келгендердин купулуна тойгудай иштей турган. Ошондуктан анын жеке клиенттери көп болуп, жума, ишемби күндөрү бирге иштешкендери үйлөрүнө кеткенде да жалгыз калып, кезектегилери бүтмөйүнчө иш орунун жыйнаштыруучу эмес. Туруп иштегендиктен, андай күндөрү буттары талып, уюп, кээде ооруп калганы болбосо, ден-соолугу бекем эле. Иштен чаалыгып келсе да жылуу сууга жуунуп, кызыл чай демдеп, оокат жеп, көпкө дейре телевизор көрүп, китеп окуп, өзүнө телефон чалгандар менен көр тирликти көпкө сүйлөшүп эс алчу. Эртеси денебою кайра жазылып, көңүлү сергек, ойлору куунак, ишине жасанып, түзөнүп келчү. Өзү иштеген чакан жааматтын баардык жакшылык, жамандыктарына калбай катышып, алыста турушкан туугандарынан кол үзбөй, колунан келген жардамын да берип турчу. Жалгыздыкта, өзгөчө узун кечте жанын кейитип оор санаага салганы уул же кызынын жоктугунда эле. «Элдикиндей төртөө, бешөө болбосо да, жараткан мага бир эле бала берип койсочу? Ушул турмушум менен бапестеп багып, терең билим берип, бутуна тургузуп, үйлөнтүп, жайлантып үзүрүн көрбөйт белем небере жыттап...»

Андай өкүнүүсүнөн, ичинен күйүүсүнөн майнап чыкпасын билип, белин бекем бууй тагдырга моюн сунуп, сыртынан ички арманын билгизбей, оокатын тың өткөрүп армансыздай жүрчү. Кезинде ал да солкулдаган тал чыбыктай сулуу кыз эле. Атасынан эрте ажырап, өзүн жалгыз апасы багып өстүргөнүн эстеп, дене-бою жылып, берекеси энеси жакында эле өз колунан көз жумса да, мээрин, алкоолорун унута албай көз жашын төгө турган. Өзгөчө түнкүсүн, кээде апакесинин жылуу жүзү көз алдына тартыла калганда, капилеттен тамагы буулуп: «Апа, апаке, кечир мени, ишеничиңди актай албай калдым», – дей бугу тарагыча боздоп ыйлап, көптө деми сууп басылчу.

Апасы дамамат айтар эле: «Кагылайын каралдым, кара көзүм, берекем, эми бизге каралашып, насаат айтып, баш-көз болчу киши

www.bizdin.kg

жок. Ыраматылык атаңдын бир туугандары өздөрү менен өздөрү. Көп балалуу баарысы. Берейин дешсе, өздөрүндө тартыш. Ошондуктан сен зээндүү бол, балакетиңди алайыным. Жакшы оку. Азыр замана билимдүүлөрдүкү. Ээнбаштарга жолобо. Кыз бала үйдүн куту болот, кара көзүм. Кудай таалам татынакай өң берди өзүңө. Акылдуу болсоң багың ачылып, небере жыттатайсың кийин. Азырынча көлөкөм, эч нерсени ойлобой окууңду жакшы оку. Кудайга шүгүр, мал, жан бар. Сени бутуңа тургузууга кудуретим жетет».

Ошентип, Алтынгүл онунчу классты ийгиликтүү аяктап, классына математиканы жакшы окуткан мугалим туш келип, зээндүүлөргө кошумча сабак өткөрүп даярдагандыктан, университеттин физика-математика факультетине тапшырган. Ошол жылдары экзамендер тест аркылуу өткөрүлүп, консультацияларга үзбөй катышып, үлгүлөрүн сатып алып, китептен да, алган тесттер боюнча да даярданып, оң баа аларына көзү жеткен. Күтүлбөгөн кырсык ошол сыноо экзамени жүрүп жаткан саатта башталды. Консультацияларга бара калганда көрө калып жүрчү өзү менен кошо тапшырып жаткан Данияр аттуу өзүнөн үч-төрт жаш улуу, райондон келген жигит сааттай болуп катарына олтуруп калыптыр. Колдоруна тесттерди алышары менен тиги жигит Алтынгүлгө кайрылып калган.

– Көбүн билбейт экемин, жардам бер? Буюруп өтүп кетсек, чогуу окусак, менин өзүңө залалым тийбес. Өтө суранам? – Ал актай кагаздарды алдына калтырып, сыноо үчүн тийген тесттерди Алтынгүлдүн алдына койо койгон. Өтүнүчүн кыя албай кунт коюп карап, туура жоопторду белгилей баштаганда, ары-бери басып, абитуриенттерге байкоо жүргүзүп жаткан аял көрүп калган экен, бир эркек мугалим менен басып келип алдындагы тиги баланын белгилеп жаткан тесттерин жулуп ала кыйкырып коё берген.

– И, сен ошончолук эле кыйынсыңбы? Өзүңдүкүн иштей элек жатып, бул баланыкын белгилеп жатканын кара. Тур, чыгып кет, өткөрбөйм дегеле сени. – Ошондо Алтынгүл ыйламсырап, кечирим сурап, тиги кошо келген эркек адам жакшы киши экен, ортого кийлигишип: «Мейличи, Жүзүм Назаровна, алыстан келиптир, тим эле коёлу», – дей арең сыноосун улантууга көндүргөн. Тигил аял бир топко ачууланып: – Баары бир бул кыздыкын өзүм текшерем, – деп, кызыл карандаш менен ар бир барагына белги коюп кеткен.

– Мен койгон белгилерди өчүрө турган болсоң шоруңдун кайнаганы. Кыймылдап, же тиги бала менен сүйлөшө калганыңды көрсөм өзүң эле туруп чыгып кет. Уятсыз. Көнгөнсүң да кыйынсынымыш болуп. Эмитен ушинтсең, кийин каякка барасың. Текшерип көрөйүн анан... – Басып кеткен кызаңдай. Алтынгүл көз кыйыгы менен өңү өчө калтырай коркуп караса, тиги эжейи өзүн тикирейип тиктеп турат.

www.bizdin.kg

Демин ичине ала, ойлору чар жайыт удургуп, тесттерди алаңдай карап, мурун жеңил билген кээ бирөөлөрүн өзү түшүнө албай турганына таң калган. Коркуп олтуруп берилген убакыттын да кантип бүткөнүн байкабай калыптыр.

– Чектелген убакыт бүттү, кымбаттуу абитуриенттер. Тесттериңерди өткөргүлө, жыйнаштыргыла. – Жанагы өзүн жаман көрүп калган эжейи Алтынкүлдүн ишин дароо келип алып кеткен.

Кийин окууга өткөндөрдүн тизмеги тактага илингенде барып караса, өзүнүн аты жок экенин көрүп өксүп ыйлаган. Бак ичинде ыйлап олтурса, жанына баягы Данияр аттуу жигит жадырап басып келген.

– Ыйлаба Алтынкүл. Экзамен деген ошондой. Биринин багы ачылса, экинчиси кулайт. Жашсың, эмдиги жылы сөзсүз өтөсүң. Мен да кулап калып, үч жыл катары көшөрүп жүрүп быйыл өттүм. Ыйлагандан пайда жок.

«Ушунун баарын сен кылдың, тиги эже кармап албаса, жакшы баа алмакмын. Эженин ачуусу келип, атайы кулатты», – деп да айтууга жарабай, шолоктоп ыйлай берген. Убактылуу, даярдануу убагында жашап жаткан жатаканасына барса, өтпөгөндөрдү комендант аял өзү текшерип, бөлмөлөрдөн чыгарып жатыптыр.

– Бөлмөлөр актала элек, бүгүн баштайбыз. Сен өтпөй калыптырсың, деканаттан буйрук келди. Буюм-теримдериңди алып чыгып кет. – Кыз кезинен элпек, уялчаак өскөн Алтынкүл бул сапар да унчукпай, өзү жашап жаткан бөлмөсүнө барып, буюм-теримдерин жыйнаштырып сыртка чыгып кеткен. Барар жери жок, башы маң болуп, денесин ачуу ыза тээп, саябандагы бош орундуктардын бирине жетип олтура кетип, оор ойго бата ичинен өксүп, боздогон.

«Айылга, апама эмне деп барам? Жакшы окуду деген баланчанын кызы өтпөй калыптыр, калганына окуунун эмне кереги бар», – деп табалашаар. Айылга кетейин десе, жүрөк заада кылуучу бөлөк ой жүрөгүн өйүйт. Барары менен жуучулар келип, мүмкүн зөөкүр бирөө ала качып кетери шексиз. Сурап алуучу эч кимиси жок. Барбайын десе, апасы жалгыз, аны кыйбайт. Бир топко ойлонуп олтуруп акыры: «Тагдырыма ушундай жазып койгон экен, же шаарда баш калкалай турган туугандарым болбосо, үйгө эле барайын». Аздан соорону, эми кол чемоданын көтөрүп баса берерде бирөө далысын аяр сылайт.

Чочуп кеткен ал жалт караса, жылмайып маңдайында Данияр турат.

– Чочуба, Алтынкүл. Мен эле... Баятан бери артыңдан акмалап жүрүп, арең жолугушууга дит бактым. Сен мени кечирип кой, кейибе дебедимби, эмдиги жылы сөзсүз өтөсүң. Баса, бул шаарда бара турган туугандарың барбы? Болсо капа болбо, узатып коёюн.

www.bizdin.kg

– Жок. – Алтынкүл кабак чытый алдыга басты. – Узатпай эле кой. Автобекетке барууну билем. – Терс бурулуп баса берген.

– Ой-о-оо! Сен эмне, айылга кетейин деген ниеттесиңби? Барар жериң жокпу?

– Жок дебедимби. – Ачуусу келип, ушул Даниярдын өзүнүн кулап калганына себепкер экенин билгизе, жактырбаганын үнүнөн сездирип узай берген.

– Токточу, бир азга, Алтынкүл? – Данияр жете келип колунан чемоданын алган. – Шашпа, сүйлөшөлү. Айылга барганда эмне кыласың? Же иш жок болсо аякта. Үй күчүк болуп бир жыл олтурмак белең? Ойлон... Барсаң сага эле кыйын болот. Ага-туугандарың куда түшүп, бирөөнө узата беришет.

Алтынкүл апкаарып, өзүн турмушка узатып жаткандай дене-бою дүркүрөп токтой калган.

– Менин оюмча шаарда эле калганың оң. Иш табууга жардамдашам. Өзүм деле аскер мөөнөтүн өтөп келип, эч бир таанышым жок, окууга өтпөй калып, иштеп калгам. Мен азыр шаардын четинде болсо да, алыс туугандарымдын үйүндө батирде турам. Жалгыз жашайм. Оюңа жамандык албасаң күн кечтеп баратат, бүгүн ошоякка барып конуп алып, кетем, деп бекем чечсең, эртең узатып коёюн. Кат жазышып туралы, каршы болбосоң.

Алтынкүл бир топко ой толгоп, бүгүн алыскы айылына жөнөй албасын билип, Даниярдын айтканына арга жок көнгөн.

Ал учурда азыркыдай чымын-куюн каттаган кичи автобустар, менчик машиналар аз. Айылына чейин күнүнө бир эле жолу автобус каттагандыктан, Даниярдын өтүнүчүн ык көргөн. Ал, ошол бойдон айылына да барбай, апасына кат жазып, шаардагы тиричилик комбинатында алгачы кир жуугуч, үч кабат имараттын экинчи кабатын бүтүндөй тазалагыч болуп иштеп калган. Даниярдын өзүнө үйрүлүп түшкөнү, ысык мамилеси бара-бара жагып, жаш денесинде сүйүү сезими алоолоп, арадан көп өтпөй баш кошушуп, той ырымын жакын туугандары менен чогулуп өткөрүшүп, батирде жашап калышкан. Данияр мурун ушул комбинатты башкарган алысырак таякесинин колунда иштеп, окууга өткөнү түнкү күзөтчүлүгүн гана калтырып, дит коюп сабактарына киришип, китепканага барып жакшы окуп, Алтынкүлдү жанындай сүйүп, келери менен тирлигине жардам берип, киного алпарып, кароолго турган күндөрү да дайыма чогуу болушуп, комбинаттын бир бөлмөсүндө түнөшчү. Алтынкүл күндүзү комбинаттын толгон токой кир сүлгүлөрүн, шейшептерин, халаттарын кезектешип иштешкен аялдар менен чоң машиналарга салып жууп, кургагандарын кылдат таптап өткөрүп берип, иш күнү аяктап, иштегендер үйлөрүнө кетишкенде бир кабаттагы далистерди, ади-

www.bizdin.kg

стердин бөлмөлөрүн шыпырып, жууп, тазалап, кетеринде ачкычын кароолчуга тапшыра турган. Данияр кийинки жылы Алтынкүлдүн жетилүү аттестатын өзү каалаган факультетке тапшыртпай: «Алтыным, коё тур, мен жок дегенде үчүнчү курска жетейин, анан тапшыр. Экөөбүз тең окуп калсак турмуштан, каражаттан кыйналабыз. Ата-энем картаң, алыс таяке болсо да башымды батырганына ырахмат, эч нерсе сурай албайм. Ушуга тобо кылалы. Бир-эки жылдан кийин окусаң деле кеч болбос». Алтынкүл ал жылдары ишине көнүгүп, элпектигинен элге жагып, Вахит аттуу таанымал улгайган чачтарач устатка шакирт болуп, атайы курска кирип, аны ийгиликтүү аяктап, эми өз беткей иштеп, алган маянасы көбөйүп, Данияр экөөнүн кийип-ичкендери оңолуп, бара-бара окуу жөнүндө ою дилинен улам алыстап, өздөштүрүп алган кесиби өзүнө жагып, берилип иштеп жүргөн. Шаардан жер алып, эл катары үй салып алалы деген ой экөөнүн дилине бекип калганда, Алтынкүл Данияр-рынын күлк-мүнөзүнүн өзгөрө баштаганын биринчи жолу сезген. Үйгө кеч келип, кээде бүгүн комбинатта кароолдо болом, эртең көрүшөбүз, – деп кетип калып, эртеси сураштырса, анын кароолдо турбаганы аныкталып, экөө ээн калышкандарында мурункусундай мээрин төгүп эркелетип, өөп-жыттабай, терең сүйүүсүн мурункудай жандырбай, кайдыгер боло баштаган.

Экөөнүн баш кошконуна төрт жыл болсо да, Алтынкүл кош бойлуу болуп, перзент төрөбөй, анысынан беймаза болуп санаага бата баштаган. Данияр да ичинен сызып, балалуу болуу жөнүндө сөз козгобой, мамилеси муздагансып, бирок батынып: «Эмне болду?», – деп сурап калганында күлүмсүрөмүш болуп: «Эчтеке болгон жок, баары жакшы», – дей окуп аткан китебине үңүлүп кетчү. Үн-сөз жок эми ээн кечте жаңы алышкан телевизорду күйгүзүп, мелтиреп, далайга карап олтурчу. Кээде гана көрсөтмө магнитофон аркылуу музыка угуп, Алтынкүл чакырганда тамак ичүүгө ички үйгө чыгып келип, дудук болгондой унчукпай, оокаттанары менен ичкери кирип кетчү.

Экөө түнкүсүн катар жатышкандарында да көнүлүн жубатып мурдагысындай эркелетпей, ысык сүйүүсүн шыбырабай, чаалыкканына шылтоолоп тез эле уктап кетип, эртеси дамамат кеч кайтып, көбүндө үйгө түнөбөй да калчу болгон. Алтынкүл Даниярдын өзгөргөн бул кулк-мүнөзүн түшүнө албай окуусуна шылтоолоп, «быйыл бүтүргөнү жатса, кызыл диплом алам, деп кыйналып жүрөт»,– деген ойго келип, сөзгө көп тартчу эмес. Кийимин, оокатын ырастап, өзүнүн санаага батып жүргөнүн билдирбөөгө аракет кылчу.

Даниярдын соо эмесин өзү менен иштеген бир келин айтпаганда кенебей, оокатын жасап, кирин жууп, бапестеп кийинтип жүрө бермек. Бир күнү Назира токтотуп калды.

www.bizdin.kg

– Сенин Даниярың биз турган үйгө көп келип жүрөт, Алтынкүл. Жаңы эле окуусун бүтүп, илимий институтта иштей баштаган кызбы, же келинби, айтор, бой турган кошунабыз менен чогуу жүргөнүн далай ирет байкадым. Ал түгүл үй кийимчен кечкисин, кээде акырчикирди төккөнү сыртка чака көтөрүп чыгып калып жүрөт. Эртең менен да ошол үйдөн тиги келин менен чогуу чыккандарын байкадым. Кой, ай, деп колуңа ал, болбосо тигил башын айлантып алат, карачы өзүң кандай татынакайсың. Ушу сенин көзүңө чөп салган Данияр да кеңкелес аңги экен. Тапканы сенин шыйрагыңа да тең келбейт. Ойлонуп көр?

Алтынкүлдүн ошондо биринчи ирет ачуу чындыктан ичи ачышып, колунан ырааттуу иши түшүп, өң-алааттан кете оор санаага батып, күндү эптеп кечкиртип, тиги келинди ээрчип анын үйүнө чогуу барган. Бешинчи кабаттын балконунан чай ичишип карап олтурушса, бир оокумда өзүнүн Данияры жашы өзүнүкүндөй бир келинди кучактап, каткырып күлүп жайдары келе жатат. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, жер айланкөчөк боло башы айланып, көңүлү караңгылап, жүрөгү дүкүлдөп согуп, ачуу ызасы көз жаш болуп төгүлүп, тиги келиндин чый-пыйы чыгып, араң сооротуп, үйүнө көңүлүн жубатып жалынып-жалбарып узаткан.

Данияр эртеси да китепканада олтурдум, деп үйгө кеч келди. Алтынкүлдүн керсары өңүн, кечээтен бери тамак ичпей, түктөйө түшкөн маанайын байкаганы жок. Бир топтон кийин гана телмирип сыртты тиктеп турганын көрүп кош көңүл: «Сага эмне болду?» – деп сурап, адатынча телезорго үңүлө берди.

– Билем баарын Данияр... Сенин каякка барып жүргөнүңдү өз көзүм менен кечээ көрдүм. – Биринчи жолу Алтынкүл дит багып күйөөсүнө ызалана сүйлөгөн. – Көзүмө чөп салгандай эмне жаман иш жасадым эле? Тапкан-ташыганымдын баарын өзүңө берип жүрөм го. Үй салалы деген оюбуз каякка кетти? – Титиреп ыйлап жиберген.

Данияр таң калгандай Алтынкүлдү бурулуп карап алып, анан эч нерсе болбогондой ордунан тура берип жооп берген.

– Бул сөздү баштаганың ырас болбодубу, өз беткей дегеле унчукчу эмес элең? Сен эми жетилип, бутуңа турган аялзатсың. Ырас, сени дагы эле сүйөм. Бирок... – Унчукпай калды. Бир топтон кийин колдорун ушалай үн катты. – Балалуу боло албайт окшойбуз. Мен бир догдур аял менен сүйлөшүп көрдүм. Төрт-беш жылдан бери боюна бүтпөсө, андай аялда тукумсуздук бар деди. Сен кечирип кой, тартынып айта албай жүргөм. Карыган ата-энем да жанымды койбой жатышат. Адам баласына тукум керек экен. Өзүң көрүптүрсүң. Анын аты Сабира. Капилет таанышпык. Жакында илимин коргойт. Ой-пикирлерибиз бир чыгып калды. Өзү мендей физик-математик.

www.bizdin.kg

Азыр өзүмдөн кош бойлуу. Сага батынып айта албай жүргөм. – Дагы бир топко дымып турду. Анан чечкиндүү унчукту:

– Ажырашып алганыбыз эле оң болгон турат. Бул аргасыздын иши. Капа болбо. Сулуусуң, жалгыз калбайсың. Айтпадымбы, дагы эле сүйөм деп. Кааласаң кээде келип турам.

Алтынкүлдүн денеси муздап, жооп берүүгө да алы келбей, үнү буулуп, буурчактап төгүлгөн көз жашын токтото албай койгон.

– Эртең мен Сабирага биротоло кетем. Баланы жетим кылууга болбойт. Сен кааласаң, таякемдин бул кепесинде тура бер. Мүмкүн апаңды колуңа алып аларсың.

Анын көңүлүнө ушул сөздөр оор тийип, өпкөлөп ыйлап, жооп бере албай делөөрүп турган. Ошол кеч экөө үчүн кара түн болуп, Данияр да улам үшкүрүнө, бир оокумда чыдай албай буюм-теримдерин жыйнап, Сабиранын үйүнө кетип калган.

Алтынкүл ошентип оор күндөрдү башынан азап тартып өткөрүп, бирге иштешкендери чогулушуп акыл айтыша намыстантышып, көңүлүн жубатышып, мезгил менен супсуну биротоло сууп, эми жалгыз медер – иши болуп калган.

* * *

Алтынкүл менен чогуу иштеген кесиптештери эс алууга чыгышкандарында, көбүндө бирөөсүнүн жакшылыгын белгилешип жатышкандарында, жашы боюнча эң кичүүсүнөн тарта, улгайгандарына чейин тиги, же бул мүчөлөрүнүн өнөкөт ооругандарына даттаныша калышчу.

Жамааттагылардын эң уулусу Вахит аке, аялдардан улгайганы Зулайка эжеси, жашырактардан Назира менен Жамал ар бир олтуруштарда дамамат даттаныша: «Бул жерим ооруйт, текшертсем тигил жеримде тигиндей кесел бар экен, ичеги-карынымдан түкүнчө деген дартты табышты, мындай дарыларды жазып беришти» дешсе, көйгөйлөрүн бөлүшө калышканда Алтынкүл дайыма кол шилтей: «Койгулачы ай, ушул ооруганыңар жөнүндө аяк баса калганда эле айтканыңарды. Качан болсо ашказаным, боорум, өтүм, ичим ооруйт, кан басымым көтөрүлүп кетиптир, деп эле даттанып турасыңар.

– Кызыксың, – дечү Зулайка эжеси териге. – Ооруса айтат да, ооруйт деп. Мына мени эле алалычы? Дегеле соо жерим жок. Бүт эле ооруйт. Ичпеген дарым калбады. Табыптан табыпка барып кыйналып жүрөм. Бул даттануубуз айла жоктун иши да.

– Ооруйт деп, көрүнгөн ууну ичип жүрүп, ден соолугуңарды бузуп алгансыңар да. Анда мен эмнеге оорубайм... Сасык тумоолой калганда сүт менен бал ичип эле айыгып алам. Дегеле доктуруңарга көрүнгөн

www.bizdin.kg

көргөн жан эмесмин. Сүйлөбөгүлөчү ушу кеселиңер жөнүндө, – деп кабагын чытып калуучу.

– Кой, антип оозкесир сүйлөбө. Оору деген айтып келбейт, Андан көрө кудайдан алгачы эсенчиликти, ден-соолукту тиле. Ылайым ооруба. Ошол ден-соолугуң мыкты үчүн эрге чык, деп жатпайбызбы. Сен болсо көшөрүп болбойсуң. Минтип ооругандарга сын тагасың.

– Чыкпайм. – Алтынкүл кесе сүйлөөчү. – Кереги жок мага эрдин.

Зулайка эжеси экөө бир курдай ээн калышып, сүйлөшүп олтурушкандарында мындай кеңеш берген.

– Даниярдын өзүндөн эмне себептен кеткенин жакында угуп, эми араң чала моңол түшүндүм. Сен тукумсуз турбайсыңбы? Эми чыдап ук. Менин төрт бала төрөгөнүмдү билесиң. Ошонун баарын жакшы билген бир врач эже бар, ошол киши кабыл алып, аман-эсен көз жардырган. Кеңешип, ошол эжеге алып барып көрсөтөйүн. Өзүңдүн да билишиң керек эмеспи, эмне себептен жараткан бешенеңе бала жазбай койгонун. Мүмкүн сакаючу кемтиктир.

Андан аз өтпөй эжесинин көндүрүүсү боюнча доктур аялга чогуу барышкан. Текшерип, канын, заарасын алып, аппараттан көрүп болуп Алтынкүлдө биринчилик деген тукумсуздук бардыгын аныктаган. Көрсө жатыны, анын түйүлдүктү өткөрүүчү без түтүкчөлөрү тубаса жетилбей, ичи ачылып өспөй, ичкерип, жабылып калганын угуп, Алтынкүл оозун ача маң болгон.

– Тукум кууйт, – деп түшүндүргөн доктур аял. – Аялдарда ушундай, сыртынан билинбеген тубаса кемтиктер арбын болот. Тыштан байкалбаган өзүнүн тукумсуздугуна бул жолу Алтынкүл кейипкепчибей, туура түшүнүп, кайдыгер кабыл алган.

Түнкүсүн, чанда ойлору уйгу-туйгу боло түйшөлө калганда гана жеңил эмес тагдырына кейип, өксүп ыйлап, андан соң үшкүрүнө эркин колго алып дымып калчу.

Ошол тубаса тукумсуз кемтигинен бөлөк оору-сыркоосу жок эле. Койгулачы ооруңарды, мен эмнеге оорубайм, деген куландан соо Алтынкүл бир күнү түштөн кийин ичинин сыздап чыкканын, көңүлүнүн айныганын сезип, айласы кетип эс алчу бөлмөгө барып жата кеткен. «Жана түштөгү кафеден барып ичкен тамактын даамы, жыты бузулгандай сезилди эле, чогуу олтурушкан кесиптештеримди жийиркентпейин деген кыязда унчукпай жеп алдым эле, ошондо го», – деп ойлоду ичинен алгачы. Жүрөгүнүн кагуусу тездеп, эки курдай окшуп куса албай, ал аракетинен киндик тушу, оң капталы сыздап ооруп, кезек күтүп олтурган клиенттерин Назирага табыштап, өзүнүн табы кетип турганын билдирип үйүнө жөнөгөн.

Ысык чай ичип жатса да ал оору сезими басылбай, кечинде этинин ысып чыкканын байкаган. Ал түндү Алтынкүл уйку-соонун орто-

www.bizdin.kg

сунда, оору сезиминен арыла албай өткөрүп, эртеси тамакка табити тартпай, ишине өңү керсары болуп келген.

Бирге иштешкендерине билдирбөөгө аракет кылып, ишин улантууга аракеттенип, ар бир кыймылы ичинин оору сезимин күчөткөнүнөн улам чыдай албай Назирага кайрылган.

– Кечээтен бери эле ичим сыздап ооруп, өзүмдү начар сезип жатам. Каруум кетип, тилим кургап шалдайып калдым. Суусунум канбай жатат, чаңкоом суу жутсам да арылбай койду. Кечээги жеген тамагыбыздын бузулганын силерге айткан эмесмин. Иштей ала турган түрүм жок. Эмне кылсам? Үйгө барып бүгүн да жата турсам, мүмкүн өтүп кетер? Кудай сакта, силерге оозкесир сүйлөп жүрүп, каргышка кабылдымбы же?..

– О-о-ой, Алтынгүл эже, ич оору жаман деп уккам. Кокуй, догдурга тез бар, кааласаң тез жардам чакыралы, же өзүң барып көрүнүп кел?

– Кереги жок. – Кол шилтеген. – Болуптур иштей турайын, анан көрө жатармын. – Унчукпай сыздаган ич оорусуна чыдап, жумушун дыкат улантканн. Түшкү эс алуу мөөнөтүндө, күндөгүдөй кесиптештерине кошулуп оокат ичүүгө кафеге да барганы жок.

– Жаным жер тартып жатат, жата турайын, – деп эс алуу бөлмөсүнө кирип кеткен. Түш оой ичинин ооруганы биртике басылгансып, өзүн алсыз сезсе да, эти ысып, үйүнө келери менен кечетен бери наар ала электигин эстеп, чай коюп, кызыл демдеп, таттуу нандан биртике жеп, тердегиче ичсе да ичинин оору сезими басылган жок. Көңүлү айланып, ууртаган чайын кайра кусуп, онтолой жата кетип, чаалыккан жаны уктап кетиптир. Түн бир оокумда ичинин катуулаган оорусунан ойгонуп кетип, курсагын кармалап көрсө, көөп кеткенсип, баскан сайын оорусу күчөп чыкканын сезди. Оозу кургап, тили оозуна батпай чаңкап чыгыптыр. Ордунан өзүн күчтөп тургузуп, ашканага барып кайнак суу жутары менен окшуп чыкты. Ичи сыздап ооруп олтура кетти.

– Мага эмне болду кудайым? Тигил, бул жерим ооруйт дегендерди мазактап жүрүп, оору эми өз башыма келдиби? – Эмне кыларды билбей ой толгоп олтуруп, айласы жоктон Зулайка эжесине түн оой телефон чалып, кеңеш сурап көрүүнү чечти. Түнкү таттуу уйкусунан ойгонуп телефонду алган Зулайка эжеси Алтынкүлдүн акыбалын угуп чочуп кеткен.

– Тезинен тез жардам чакыр? Мен азыр уулумду ойготуп, машинасын айдатып бара калам. Көп кыймылдаба? Өзүңдү колго ал.

Чакырган тез жардамы далайдан кийин келип, өзүн жаш врач келин көрүп, ар кыл суроолорду берип чүнчүттү. Экөө чыдамсыздана жообун күтүп олтурушкан. Алтынкүл менен Зулайкага бир топтон кийин кеңеш сунган.

www.bizdin.kg

– Өткүр кармаган хирургиялык ооруга окшобойт. Оң бөйрөгү сезгенген экен. Азыр булчуңуна антибиотик саям. Ушул дарыны үч маал жамбашына сайдырып, эртең бейтапканага барып заарасын тапшырып, участогуңардын врачын чакыргыла. Береги эттин ысышын басуучу дарыны азыр бергиле. Анан: силерден баланча сом дегендей, акчасын алып кетип калган.

Зулайка эжеси далбастап, уулу менен түн безип дарыканага барып, врач келин жазып кеткен дарыларды алып келип түнү бою жанында олтурган. Эртеси Алтынкүлдүн акыбалы оорлоп, өңү керсары тарта көздөрү саргайып, эриндери жарылып турса да, аз чыккан заарасын бейтапканага текшерүүгө алпарып, участкалык врачты: «Убакытым жок», – дегенине карабай, жалбарып көндүрүп, Алтынкүлдү көрүүгө алып келген. Бул сапар келген врач акыбалынын оордугунан чочуп, аяр текшерип көрүп, колдоруна кагаз жазып берип шаштырган.

– Бул, өткүр кармаган хирургиялык оору экен. Заарасынын текшерүүсү таза чыкты. Тезинен хирургия бөлүмүнө алпаргыла. Тез жардамды күтпөй эле, сырттан такси алып келип токтоосуз жөнөгүлө. Хирургиялык ооруларды кабыл алуучу бөлүмгө Алтынгүлдү алып келгенде чогуу көрүшкөн эки врач оорусунун башталышынан бери үч күнгө караганын угушуп, ультра үн аппаратына, рентгенге салышып, канын, заарасын текшеришип кошо келген Зулайкага түшүндүрүшкөн.

– Перитонитке айланып, кабылдап өтүшүп баратыптыр, эже. Акыбалы оор. Тезинен кан айлануусун, жүрөктүн ишин жакшыртуучу дарыларды тамырына куюп, операцияга даярдайбыз. Калганын кийин угасыздар.

Врачтар Алтынкүлдү ичкери алып кирип кетишкен. Алтынкүлдүн эсинде калганы – тамырына суюк дармектердин куюлушу, оорукананын кийимин кийгизишип, жапжарык бөлмөгө алып барышкандары, бетине маска жабышып, уктатчу дарыны жыттатыша, өз ара жарылып кеткен өтү тууралуу кобурашкандары, бирөөсүнүн өзүнө үстүнөн үңүлө калып көздөрүн ачып караганы, башын чайкай: «Ичи толтура ириң менен жин экен», – дегени болду. Башы айлана, анан дымып, каяккадыр чумкуп кирип, аздан кийин каалгып уча баштаган акыбалга жеткенинде, өзүнүн акыркы сезгени жарыгы күчтүү, далис сыяктуу узун туңгуюкта ушунчалык тез ылдамдыкта сүңгүп сызып бара жатканы болду. Аздан кийин аң-сезими жанагы ылдамдык түгүл, жанын кейиткен ооруну, жасала баштаган операцияны, сыртта санааркай күтүп турушкан кесиптештеринин келишкендерин да сезгени жок. Өмүр дегениң ушул элеби?..